«ЭЛ АДАБИЯТЫ» сериясы

# КААДА-САЛТТАР
# АК БАТАЛАР

29

КЫРГЫЗ ЭЛ ООЗЕКИ
АДАБИЯТЫНЫН КИТЕПКАНАСЫ

NATIONAL ACADEMY OF SCIENCES
OF KYRGHYZ REPUBLIC

NATIONAL CENTRE OF MANAS STUDIES
AND ARTISTIC CULTURE

THE «MEERIM» INTERNATIONAL
CHARITABLE FOUNDATION FOR
SUPPORT OF CHILDHOOD AND MATERNITY

# CEPEMONY BLESSING

THE 29-TH VOLUME OF
«EL ADABIATY» (PEOPLE'S LITERATURE)
SERIES

РЕДКОЛЛЕГИЯ:

АЙТМАТОВ Ч. Т. — башкы редактор
АКАЕВА М. Д.
АКМАТАЛИЕВ А. А. — башкы редактордун орун басары
БОЛЖУРОВА И. С.
ЖЕЕНБАЕВ Ж. Ж.
ЖАЙНАКОВА А. Ж.
КАКЕЕВ А. Ч.
КАРЫПКУЛОВ А. К.
КЕБЕКОВА Б. К.
КЫРБАШЕВ К. К.
ИШИМКАНОВ К. К.
МУСАЕВ С. М.
ШАРШЕНАЛИЕВ Ө. Д.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

ЭЛ АРАЛЫК «МЭЭРИМ» КАЙРЫМДУУЛУК
ФОНДУСУ

# КААДА-САЛТТАР АК БАТАЛАР

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫНЫН
29-ТОМУ

КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү,
филология илимдеринин доктору, профессор
АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

*Баш сөзүн жазгандар Н. ЫЙСАЕВА,*
*М. ӨМҮРБАЙ* уулу

*Түзгөндөр: А. АКМАТАЛИЕВ, К. КЫРБАШЕВ,*
*М. ӨМҮРБАЙ уулу, Ө. ШАРШЕНАЛИЕВ*

Бишкек — 2003

ББК 82.3 (2Ки)
К — 12

К— 12 **Каада-салттар. Ак баталар** / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Баш сөзүн жазгандар Н. Ыйсаева, М. Өмүрбай уулу; Түзгөндөр: А. Акматалиев, К. Кырбашев, М. Өмүрбай уулу, Ө. Шаршеналиев. Кырг. Улут. И. А. ж. б. — Б.: «Шам», 2003. — 400 б.— («Эл адабияты»).

ISBN 9967-10-123-1

«Бул китеп кыргыз элинин руханий маданиятын, философиялык көз караштарын, улуттук өзгөчөлүктөрүн аныктай турган элдик каада-салттарга жана баталарга арналды.

Элибиздин аң-сезимине, турмушуна белгилүү мыйзам, норма катары сиңип калган улуттук каада-салттарыбыз кыргыз баласын төрөлгөндөн баштап өмүрү өткөнчө коштоп жүрөт. Ал эми ак тилек, таза пейил менен айтылган баталар келечекке жарык нурун чачып, үйбүлөнүн түбөлүктүү болушуна ишеним туудурган.

Сунуш этилген материалдар бүгүнкү күндө актуалдуу проблемалардын бири. Андыктан каада-салттарды жана баталарды жалпы окурмандарга сунуш кылабыз.

*Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын Улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.*

*Рецензенттер:* педагогика илимдеринин доктору *Н. Ишекеев*, филология илимдеринин кандидаты *А. Кадырмамбетова*

К $\frac{4702300500}{\text{М 455 (11)—2003}}$ —2003 ББК 82.3 (2Ки)

© Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору.
© Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондусу
© Кыргызполиграфкомбинаттын «Шам» басмасы, 2003.

ISBN 9967-10-123-1

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КААДА-САЛТТАРЫ

Кыргыз элинин калыптануу процесси өтө татаал жана эки миң жылдан ашуун убакытка созулган. Кыргыз эли этнос болуп калыптангандан бери тарыхтын татаал жолунан басып өтсө да, улут катары өзүнчө өзгөчөлүктөрүн сактап, бүгүнкү күндө өз маданиятына, руханий байлыгына ээ көз карандысыз эгемендүү мамлекетке айланды.

Өзгөчөлүктөр дегенибиз эле ошол улуттун тили, дини, каада-салты эмеспи. Башка элдерден кыргыздар бай маданий мурасы жана өзүнө гана тиешелүү каада-салты менен айырмаланат. Ата-бабаларыбыз илгертен өзүнүн турмуштук түшүнүктөрүн, дүйнөтаанымын билдирген элдик каада-салттарды, үрп-адат, ырым-жырымдарды жаратты. Бирок эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин учурунда айрым саясий көз караштардын таасирине кабылып, бир топ өзгөрүүлөргө, жаңылануучуга дуушар болду.

Көз карандысыз мамлекетте жашап жаткан ар бир кыргыз атуулу өз элинин тарыхын, маданиятын билип, үйрөнүп, улутунун бай маданий мурастарын сыймыктануу менен жаш муундарга калтырып, сактап калуусу зарыл. Бүгүнкү күндө кыргыз элинин коомдук өнүгүшүнүн бардык этаптарын көркөм чагылдырып, улуттун маданиятын анын ичинде каада-салттарды өзүндө сактап келген «Манас» баш болгон элдик оозеки чыгармачылыгыбыз.

Каада-салт, үрп-адат, ырым-жырымдар жөн жерден пайда боло койгон эмес. Кандай гана эл болбосун анын каада-салт, үрп-адаттары коомдук жана үй-

бүлөлүк мамилелердин пайда болуп, өнүгүшүнөн, адам баласы өзүн-өзү таанып, айлана-чөйрөсүн курчап турган сырдуу дүйнөнү аңдап, жашоодогу кайгы жана кубанычты түшүнө баштагандан тартып пайда болот.

Үй-бүлө жөнүндө, андагы мамилелер жөнүндө түшүнүк пайда болгондон кийин, аял-эркектин мамилеси, ата-эне менен баланын мамилеси жөнүндөгү түшүнүктөр урмат-сый, адеп-ахлак, жүрүм-турум нормаларынын келип чыгышына алып келген. Булар, «...илгертеден бери эле турмуш-тиричиликтин мыйзамына айланган жол-жоболор, түшүнүктөр, көз-караштар элдин аң-сезимине бекем орноп келген»[1]. Бирок убакыт өткөн сайын ар бир элдин салты коомдук турмуштун бир көрүнүшү катары, коом менен бирге өсүп-өнүгүп, улуттук аң-сезимдин өнүгүшүнө байланыштуу түп нускасын сактаса да өзгөрүп, жаңыланып келген.

Демек, ар бир улут өзүнүн улуттук мүнөзүнө, дүйнөтаанымына жараша турмуш-тиричилигин жөнгө сала турган каада-салт, ырым-жырымдарына ээ.

Кыргыз элинин өзүнө мүнөздүү салт-санааларын үйрөнүп, билиш үчүн коомдогу үй-бүлөлүк мамилелерге токтолуу зарыл. Себеби ар бир кыргыздын үй-бүлөсүн баштан аяк ар кандай ырым-жырым, үрп-адат коштоп жүрөт. Баланын төрөлүшүнөн тартып, аны тарбиялоо, эрезеге жеткирип, үйлөнтүп-жайлантып, өзүнчө энчи бөлүп берүү, андан ары орун-очок алып, акыры о дүйнөгө сапар алышында түрдүү каада-салттар күнүмдүк турмуштун мыйзамченемдүү көрүнүштөрү катары кабыл алынып калган. Таалим-тарбиялык мааниси зор бул каада-салттар кыргыз элинин маданиятынын бир жагын көрсөтө алат.

Адам баласын коштоп жүргөн ар кандай ырым-жырым, салт-санаалар ар бир үй-бүлөдө өзүнүн талабына ылайык тигил же бул деңгээлде кеңири колдонулат. Кыргыздарда үй-бүлөнүн жаралышы этнос болуп калыптанып, уруулук түзүлүштөн баштап мамлекеттик деңгээлдеги үй-бүлөлүк мамилелердин түзүлүшүнө чейин эле болгондугун тарыхый маалыматтардын негизинде биле алабыз. Демек, кыргыздарда үй-бүлөлөр уруулук түзүлүштө жашап, аймакташ бо-

---

[1] Акматалиев А. Тандалмалар. — Б., 2002, 160-б.

луп тууган-туушкандык мамилелер түзүлгөн мезгилден баштап пайда болгон десек болот.

Кыргыздардагы уруулук түзүлүш үй-бүлө жана нике мамилелерине өзүнүн терең таасирин тийгизген. Илгертеден эркек адамдар малдуу гана бай болбостон, балалуу дагы болуш керек деген түшүнүк болгон. Кыргыз элинде баласыз үй-бүлө, үй-бүлө деп эсептелген эмес. Ошондуктан элибизде «Балалуу үй — базар, баласыз үй — мазар» деп бекеринен айтылбаса керек.

Кыргыздарда телегейи тегиз үлгү боло турган үй-бүлө катары көп балалуулар эсептелген. Өзгөчө эркек балалуу болбой калган адамдар өзүн абдан бактысыз сезип, кыз баласы болсо да «артымда калган туягым жок, менин тукумумду уларым жок» деп зар какшап өткөн. Ушул идеологияны кармап келген айрым түшүнүктөр, балалуу болууга болгон аракеттер ар кандай ырым-жырым, үрп-адат менен коштолгон. Ошондой эле алар элдик оозеки чыгармачылыкта кеңири чагылдырылган. Төрөбөс аялдар үй-бүлөдө укугу жок болуп, абдан чоң кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, айрым учурларда өмүр бою басынып, кээде турмушу трагедиялуу аяктаган. «Бээ туумайынча байтал аты калбайт, катын туумайынча келин аты калбайт», «Туубаган катындан улактуу эчки артык», «Куу баш болчу жигитке туубас катын жолугат» сыяктуу макалдар жөн жеринен чыкпаса керек. Ошентип, үй-бүлө курса да, балалуу болбой, эртең бакытка тунган күндөр болор деген үмүт менен төрөбөгөн аялдар мазарларга барып, ар кандай ырым-жырымдар жасаган, ыйык жерлерге зыярат кылуу менен, жер-сууга да тайынышкан.

Боюнда бар аялдарга өзгөчө камкор мамиле көрүлгөн. Алар оор жумуш жасабаган, карындагы баланын аман-эсен төрөлүшү үчүн ар кандай ырым-жырымдарды колдонушкан. Бүбү-бакшы, эмчи-домчуларга кайрылып, ар кандай жардамдарды алышкан. Төрөгөнгө чейин жана андан кийин да албарсты басууга каршы чоң аракет менен күрөшүп, бала төрөлгөнчө абдан убара болушкан.

Төрөт кырсыксыз өтүшү үчүн бүбү-бакшылардын, молдолордун бирин чакырышкан. Кур дегенде анын камчысы, бычагын алып келип коюшкан. Баланын жарык дүйнөгө келиши үй-бүлөнү зор кубанычка, ба-

кытка бөлөгөн. Баланы эң биринчи колуна алып, киндигин кескен аял «киндик энеси» деп аталган. Ошол эле киндик эне жакшы каалоо-тилек менен:

Бисмилла! Кайгы кууулду,
Бөбөк-бакыт туулду.
Байлык нуру балбылдайт,
Кыз бекен же уулбу?

Кырк жылкысың кыз болсоң,
Урматыбыз уул болсоң.
Киндик энең мына мен
Оозантайын толгонсоң —

деп сары май менен ымыркайды оозанткан. Баланын ата-энесине, тууган-туушкандарына жынысын айтып, сүйүнчүгө козу, улак, акча тыйын алып өз ырымын жасашкан. Жаңы төрөлгөн ымыркайды кырк күн өткөндөн кийин кыркын чыгарып, чачын алдырат.

Бала төрөлгөндөн бир нече күндөн кийин ат коюу салтына өзгөчө маани берилген. Ат коюу — үй бүлөдө маанилүү окуяны билдирип коюлган ат баланын келечегине таасирин тийгизиши керек болгон. Мал союлуп, эл чакырылып, ат коё турган аксакал кишиге өзгөчө сый көрсөтүлүп, колунда болгонун тартуу кылып, ат койдурушкан.

Баланын төрөлүшүндө жана чоңоюшунда өзгөчө мааниге ээ үрп-адаттардын бири — тушоо кесүү.

Бала үчүн аянбаган ата-эне колунда бар нерсени пайдаланып, бар даам-татымын жайып-жазып, ала жипти баланын бутуна байлап, там-туң баскан баланын андан аркы кадамы ишенимдүү болсун деп, келечеги кең болсун деп өз ырымын жасашкан. Баланы күлүк тайга салыштырып, ичтеги таза каалоо-тилектери эл арасында ыр түрүндө да айтылып келген:

Бир күнчүлүк байгеден,
Озот экен тай күлүк.
Кыштагына береке,
Кошот экен тай күлүк.
Тайтай бөбөк, тай күлүк,
Айхай бөбөк, хай күлүк.

Эч ким али көрө элек,
Мөөрөйлөргө жетелик.

Тамтаңдап жүр кишиче,
Тушовдуңду кеселик.
Тай-тай бөбөк, хай күлүк...

Маанисинде кичинекей баланын кийинки жашоосуна жарык нурун чача турган жакшы каалоо тилектери, ата-эненин, жакындардын чоң үмүтү бар.

Баланын төрөлгөнүнөн баштап, там-туң басып чоңойушу, эрезеге жетип, аман-эсен өсүп жетилсе, ата-эненин бактысы эмеспи. Балага ата-энеден ашкан мээрман адамдар жок. Өзгөчө эненин мээримине эч нерсени салыштырууга болбойт да.

Эненин балага болгон мээрими, сүйүүсү бешик ырлары аркылуу зор эмоционалдык күч менен берилген.

Үй үстүндө ырдаган,
Үркөр кызы болбосун.
Тыңшай койчу ыйлабай,
Таң чолпону жолдошуң,
Өбөлөр-лөрө-лаай,
Алле, балам, уктагын,
Өбөлөр-лара-лаай.

Берешендер ой кылдык,
Бешикке бөлөп той кылдык.
Белек-бечкек көп келди,
Берекеге тундурдук,
Өбөлөр-лөрө-лаай,
Алле, балам, уктай гой,
Өбөлөр-лөрө-лаай.

Энелер балдарын сооротконн, эркелеткен кездерде аларга арнап чексиз сүйүүсүн, мээримин, каалоо-тилектерин билдирген «бешик ыр», «бөбөк ырларды» жаратышкан.

Эркек балдарды үч жаштан жети жашка чейин мусулманчылык парз деп сүннөткө отургузушкан. Анда дагы өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша колунда барлар чоң тойго айландырышкан.

Адам баласы жарык дүйнөгө келгенден баштап, өмүр жолунда жашоо шартына, диндик ишенимдерине, территориялык жактан айырмачылыктарына, дүйнөгө болгон көз карашына, ой жүгүртүүсүнө ка-

рабастан, эрезеге жетип үй-бүлө курууга кадам таштайт. Бул жашоонун мыйзамы, тукумунун уланышы. Ошондуктан өмүр жолундагы үйлөнүү, үй-бүлө куруу салтына ар бир улут өзгөчө маани берет.

«Турмуштун башатын жалпы адамзат үчүн мыйзамдуу көрүнүш болгон кыз, жигиттин баш кошуусу түзүп, өз аймагында коомдук-социалдык, турмуштук-этнографиялык мамилелерди камтып, юридикалык гана эмес, магиялык касиетке да ээ»,— деп жазат Б. Кебекова[1].

«Үйлөнүү үлпөтү — бул адам баласынын келечегинин эң негиздүү башаты жана муундарды тарбиялоонун булагы. Үйлөнүү үлпөтү — бул ата-бабадан келе жаткан жакшынакай салттын жыйындысы. Үйлөнүү үлпөтү — бул кары-жашы дебей, замандаштардын бардыгынын жан дүйнөсүнүн майрамы, салтанаты, көңүл куштарлыгы, бейтааныш, тааныш адамдардын бирибирине шоола чачуулары, ак тилектери, каалоолору, ниеттери. Үйлөнүү үлпөтү — бул наристенин жарык дүйнөгө келгенинен бой жеткенге чейинки даярдык, бул эки жаштын оттуу коломтосу, эки тараптын түбөлүк кол кармашуулары»[2] — деп А. Акматалиев болочоктогу үй-бүлөнүн ары кубанычтуу, ары бактылуу келечеги үчүн болгон ишенимдүү, жоопкерчиликтүү алгачкы кадамы катары үйлөнүү үлпөтү адам баласынын өмүр жолундагы зор мааниге ээ этап экендигин белгилейт.

Ошол себептен үйлөнүү үлпөтү ар бир элде өзгөчө мааниге ээ болуп, ата-эненин, жакындардын милдетине айланган көп кырдуу ырым-жырым, үрп-адат менен коштолуп, өзгөчө шаан-шөкөт менен өткөрүлөт. Ар бир элде үйлөнүү үлпөтү өзүнө мүнөздүү элдик каада-салт менен өткөрүлсө да, алардын максаты бир-эки жаштын келечеги үчүн кам көрүү, тукумунун уланышына шарт түзүү.

Кыргыз элинде да үйлөнүү үлпөтү Орто Азиядагы элдер менен жалпылыкта мазмуну бирдей, бирок аталышында айрым өзгөчөлүктөр менен төмөнкү этаптардан турат[1].

1. Кудалашуу (бел куда, бешик куда, кыз тандоо,

---

[1] Кебекова Б. Каада-салт ырлары. — Бишкек, 2001, 11-б.

[2] Акматалиев А. Тандалмалар. — Бишкек, 2002, 243-б.

жуучу жиберүү, кеңешме, сөйкө салуу, калың төлөө, кошумча, кийит кийгизүү ж. б.).

2. Күйөөлөө (жар көрүшүү, токмок салуу ж. б.).

3. Кыз тою (кыз оюн, төшөк талашуу, өпкө чабуу, такыя салуу, кыз кыңшылатуу, көрүшүү ж. б.).

4. Келин тою (бет ачар, нике, отко киргизүү, энчи ж. б.).

Куда-сөөк күтүү, кудалашуу кыргыз элинин турмушунда өзгөчө мааниге ээ болгон. Туугандык байланыштардын ичинен биринчи кезекте аталаш, андан кийин энелеш туугандар негизги орунда турса, дагы бир эң жакын туугандар катары — куда-сөөк эсептелген. Куда-сөөк болгондон кийин жамандык жакшылыкта колдоо көрсөтүп, жоокерчилик заманда бири-бирине жардам берип, тыгыз карым-катышта, байланышта болушкан. Ошондон улам бойго жеткен кыз, эрезеге жеткен уул эки санаалаш адамдын, эки уруунун, эки элдин, ал тургай эки мамлекеттин башын бириктирген ынтымактын данакери болгон.

Кудалашууда ата-эненин ою чечүүчү орунда турган. Кудалашуунун ар кандай формалары кездешсе да (бел куда, бешик куда, кайчы куда), «кудалашуунун эң орчундуусу жана кеңири тараган түрү — балдардын биологиялык, психологиялык жактан калыптануу мезгилине туш келет. Албетте, ата-энелер балдары бой тартканга чейин кыз тараптагыларды иликтеп, көз салышып, байкашып, чарбалык даярдыктарын көрө билишкен»[2].

Бойго жеткен балага «кыз тандоо» көп учурларда «кыз оюндарда», «түнкү оюндарда» болгон. Мына ошол жерлерде көңүлдөрү бири-бирине төп келишип, көпчүлүк жаштар табышкан. Үйлөнүү үлпөтү көп кырдуу ырым-жырым, жөрөлгөлөрдөн туруп, максаты болочоктогу үй-бүлөнүн түбөлүктүү болушуна шарт түзүү болгон.

Шартына жараша көңүлүнө толуп, жактырышкан эки жашты баш коштуруу максатында кыздын жерине жуучу жиберүү — салт. Жуучулардан кийин эки жаштын ата-энеси салтанаттуу түрдө кудалашышкан. Кудалашкандан кийин эки тарап тойго камылга көрүп,

---

[1] Акматалиев А. Тандалмалар. — Бишкек, 2002, 243-б.

[2] Ошондо, 253-б.

той болгончо бир нече жолу жолугуп, той шартын макулдашкан.

Күйөөлөп барганга чейин кыз тарап кыздын себин камдап, күйөө тарап калың жыйнап, кошумча топ-топ, кийиттерин, белек бечкектерин камдашкан.

Үйлөнүү үлпөтүнүн биринчи бөлүгү — күйөөлөө. Күйөөлөп баруу ата-бабабыздын эң эски салттарынын бири. Жигит ата-энеси, жеңелери, жолдошу менен барат[1]. Күйөө кызды алып кетүүгө, кыздын үйүнө түшкөн күндөн баштап кыз узатууга арналган ар кандай оюн-тамаша, ырым-жырымдар башталган. Кыздын жеңелери ар кандай шылтоолорду айтышып, күйөө тараптан ар кандай белек-бечкектерди алышкан. «Жеңкетай» алуу, «эшик ачаар», «көшөгө ачаар», «бет ачаар», «төшөк салаар», «бут тартаар» сыяктуу ар кандай ырым-жырымдарды жасоо менен той салтанаты ого бетер шаңдуу өткөн.

«Куржун сөгүү» ишке ашырылып, андагы ар кандай белек-бечкектер, кийим-кечектер тиешелүү адамдарга тапшырылган. Келген кешикти алдын ала ата-энеге ооз тийгизүү менен алардын ак батасын алышкан. Андан соң жаштардын тели-теңтуштары, айылдаштары жана күйөө жолдоштору, жеңелердин жол баштоосу менен ар кандай оюн-зоокторду баштаган.

Эки жашка арналган улак союлуп, анын өпкөсү «садага» чабылган. «Түндүк көтөрүүгө» ар кандай ырым-жырымдарды жасоо менен кыз-күйөөнүн ак өргөөсү тигилген.

«Үйлөнүү үлпөтүндө күйөө баланын урматына өткөрүлгөн оюн-зооктордун ичинен кыз оюну өзгөчө орунда турат. «Кыз оюну деген — бул жаштыктын толкуп турган деңизи, алыска сапар алуучу кемеси, келечек тагдыры үчүн, бүлбүлдөгөн кыял үмүтү. Кыз оюну деген — бул ар кимдин уялап жүргөн сезимин билдирүүнүн эң оңтойлуу да, жооптуу да жолу. Кыз оюну — кыз жигитке данакер шылтоо»,[1] — дейт А. Акматалиев. Ошондуктан оюнга кыз оюнун көрүүгө ашыккан, дилгирленген айылдагы селкилер, жигиттер чогулушуп, кыз оюну шаңдуу өткөн.

Жаштардын оюн-зоокторү тойго өзгөчө көрк берип, айрым жаш селкилердин, бойго жеткен бозойлордун

---

[1] Акматалиев А. Үйлөнүү үлпөт салты жана ыры. — Бишкек, 2000, 53-б.

сезим отун жандырып, алардын келечегине жарык нурун чачкан.

«Токмок салуу» оюну өзгөчө шаң менен өткөрүлгөн. Суу жоолукту эшип, токмок жасалат. Оюнга келген жаштар бардыгы катыша алат. Оюнду башкарууда кыздын тың жеңесинин, күйөө жолдоштун ролу чоң болгон.

Оюн баштан аяк жаштардын ыр-күлкүсү менен коштолуп, алым сабак айтышып, чымчыкейлерди бири-бирине ыргытып дуулдап турушкан. Жеңе баштап токмокту күйөө жолдошко салат. Күйөө жолдош токмокту колго алып төмөнкүдөй ырлардан ырдайт:

Аркаңда шуру чач мончок,
Ар качан көрсөм көңүл ток.
Айткан менен зарланып,
Айылда сиздей асыл жок.

Шакек салган колуңуз.
Мынакей сиздин жолуңуз.
Айып көрбөй жеңеке,
Жар көрүшүп коюңуз,—

деп, өзү каалаган кыз-келинге токмок салып, оюн андан ары улам ыр менен коштолуп улана берет.

Келин-кыздар биринен сала бири токмок салып, ыр ырдалып, көңүл куунак болуп, бири-бирине алдыртадан ички сезимдерин билдиргенге мүмкүнчүлүк алышкан.

«Жар көрүштүрүү» же болбосо кыз оюнунун негизги максаты — кыз өбүү деп коюшат. Токмок салынган кыз-келин өйдө болуп, бет маңдай турган жигит менен, колун кайчылаштырып беттен өбүшүп жар көрүшөт. Эл арасында жар көрүштүрүүдө, токмок салууда айтылган ырлардын бир топ варианттары сакталган.

Билерик салган колуңуз,
Мынакей сиздин жолуңуз.
Өйдө туруп Күлайым,
Чоп эттирип коюңуз.

Оюн-зоок, той-тамаша аяктагандан кийин кыздын «себин» — кызга берүүчү атайын арнап жасалган оокат, кийим-кечектерин келген элге көрсөтүп, күйөө

тараптагылардан «көрүндүк» алышкан. Кыз узатуу аземи аяктаган кезде кыз ата-энеси, туугандары менен коштошкон. Жеңелери, энеси, эжелери кошок кошуп узатышкан.

Жеңе менен «кыз» бири-бирине ынак болот эмеспи. Андыктан, кызды узатууда жеңенин ролу чоң болгон. Кыз менен жеңенин көрүшкөнүндөгү ырлар да элдик оозеки чыгармачылыкта бир нече вариант менен кездешет.

Кайнатаңдын эшиги,
Чаап койгон тактадай.
Өз атаңдын эшиги,
Сабап койгон пахтадай.

Ак учук бердим, саптап ал,
Кудагый, ак шумкар бердим, таптап ал.
Көк учук бердим, сактап ал,
Кудагый, көк шумкар бердим таптап ал,—

деп кызды кайненеге табыштап, андан кийин кете турган кызды өз акыл-насаатынан кур калтырган эмес.

Байпар бир маасы кийип жүр,
Байбичелик сүрүп жүр.
Кепич бир маасы кийип жүр,
Келинчелик сүрүп жүр.
Сай жагалай от жакса,
Жалп этирбей өчүргүн.
Жаман-жакшы кеп өтсө,
О кыз жан, күлкү менен кечиргин.

Мындай «көрүшүү» ырларында, маанисинде, жаш келиндин келечегине тынчсызданyy, ага акыл-насаатын айтып, барган жеринен бак айтып, ырыска шерик бүлө болсун деген үндөштүк бар. Эненин да, эженин да, жеңенин да тилеги ошол.

Андан ары келин тою күйөөнүн айылында өткөн. Өз шартына жараша никеси кыйылып, энчи бөлүп берип, өзүнчө түтүн булатып, айыл арасы, тууган арасы дагы бир үй-бүлө менен толукталган.

Адам баласы жашап өткөн өмүр жолунда чексиз бакытка батып, кубанычы мелт-калт болуп, телегейи тегиз жакшылыктардын күбөсү болот эмеспи. Бала-

нын төрөлүшү, үй-бүлөнүн жаралышы бул — жашоонун, турмуштун эстафетасы. Ал эми өмүр менен бирге өлүмдүн катарлаш жүрүшү бул — турмуштун — философиясы.

«Дүйнөгө түркүк болчу эч ким жок...» деп айтылгандай, адам баласы түбөлүк жашабайт. Адам баласынын өмүр жолундагы оор жоготуулар, жакын адамдарынан айрылуу жашоонун, турмуштун таттуулугун сездирип, тирүүлүктө өрнөктүү өмүр сүрүүгө үндөгөндөй.

Өмүр суусу түгөнүп, жүрөгү сокпой калган адамды «көз жумду», «дүйнөдөн кайтты», «каза болду» деп өз ырым-жырымы менен узатуу — тирүүлөрдүн ыйык парзы.

Сөөк коюу салты — бардык элдерде кездешип, ар кандай ырым-жырым, адаттар менен ишке ашырылат. Ал эми ошол каада-салттар ар бир элдин диндик ишенимдерине байланыштуу өз алдынчалыкка ээ.

Кыргыз элинде керээз айтуу өзгөчө мааниге ээ. Керээз — өлүм алдында жаткан адамдын жашап өткөн өмүр жолуна сареэсеп салып, мурунку, кийинки жашоосунун маңызы, мааниси жөнүндө тынчсызданып айткан акыркы сөзү. Керээз айтууга ар бир адам акылуу, ал эми аны аткаруу анын артында калган бала-бакырасынын, тууган-туушкандарынын милдети. Айтылган керээз оор жоготууга учурап муңкүрөп отурган адамдардын жашоосуна кандайдыр бир жарык шоола чачып, үмүтүн жандырат.

Коомдун жашоо-шартына байланыштуу керээз кээде жалпы журтка, урууга же болбосо жеке үй-бүлөгө багытталып айтылган. Көпчүлүгү өлгөн адамдын коомдогу ордуна жараша болгон. Айрым айтылган керээздер көркөм поэтикалык формага өтүп, эл арасына таралып кеткен. Керээз айтылгандан кийин өлүм алдында жаткан адам жеңилдене түшөт. Ар бир сөөк ээси өз дараметине жараша кара ашын өткөрүп «үчүлүк», «жетилик» күндөрү куран окуткан. Аруу жууп, ак кепиндеп мусулманчылык парзынан кутулган. Жакын адамынан айрылган туугандар, жакындардын күйүтү күчтүү болуп, каралуу жесир, жетим калган кыз-келиндер жүрөгүндөгү кайгы-муңду, орду толгус жоготууну көөдөнүн тээп чыккан жоктоо, кошоктор менен берген. Маанисинде терең философиялык ойлор камтылган бул поэтикалык саптардын бо-

лушу мыйзамдуу көрүнүш. Көкүрөктөгү күйүттү жөн гана сөздөр менен эмес муңдуу үн кошулган ырлар менен берүү эл арасында кеңири тараган.

Каралуу жесирдин аза күтүүсү бир жылга, кээде андан да ашык мезгилге чейин созулган. Жесирдин карасын алуу төркүнү тарабынан ишке ашырылган. Берилген «аштан» кийин «аза күтүүгө» бир аз чек коюлган.

Каада-салттар алгач бүтүндөй эл тарабынан аткарылып, жалпы журтка тиешелүү болуп, ага коллективдүү түрдө көңүл бөлүнгөн болсо, кийинчерээк ал жеке үй-бүлөнүн айланасында топтоло баштаган. Натыйжада ар бир үй-бүлө өзүнүн бала-бакырасын, үй-бүлө мүчөлөрүн тарбиялоодо каада-салттарды өзүнүн турмушунун, жашоосунун мыйзамы, нормасы катары пайдаланылып, чакан үй-бүлөнүн ынтымагын, биримдигин, адеп-ыйманын сактоого аракет кылган.

Ошондуктан, байыртадан аң-сезимибизге сиңип калган ата-баба салтын жок кылууга мүмкүн эмес. Албетте коомдук аң-сезимдин өнүгүшү менен, цивилизациянын тепкичи менен улам жогорулаган сайын айрым салттык жөрөлгөлөр адамзаттын акылына сыйбай калышы мүмкүн. Бирок аларды такыр эле четке кагып салсак, өз каада-салтын чанган түркөй улутка айланмакпыз.

Бүгүнкү күндө элдик каада-салттарды үйрөнүүдө тарыхый-этнографиялык, археологиялык, ал тургай элдик оозеки чыгармачылыктын, акындар поэзиясынын жана профессионал адабиятыбыздын мааниси чоң. Себеби, уюткулуу элибиздин аң-сезиминин түпкүрүндө орун алган, жашоо турмушубузда белгилүү мыйзам, норма катары кабыл алынган элдик каада-салттардын таалим-тарбиялык, философиялык мааниси терең. Ошондуктан бул түзүлгөн «Эл адабияты» сериясынын дагы бир тому элдик каада-салттарды үйрөнүүгө, билүүгө, өз элибиздин маданиятын, дүйнөтаанымын түшүнүүгө чоң жардам бермекчи.

*Нурзина Ыйсаева*

# КААДА-САЛТТАР

## БОЮНДА БАР ЗАЙЫП*

*(Ырым)*

Боюнда бар зайып күүгүмдө сууга барбаган, мүмкүнчүлүгү болсо түндө эшикке да чыкпаган. Бакшы, бүбүлөргө сыйынуу иштерин колдонгон. Бакшы, бүбүлөргө ичин кармалатып, толго ырымдарды колдонуп, түштөрүн жорутуу менен азаптанып жүргөн. Боюна бала бүткөнүнө 3 ай болгондо кандайдыр бир тамакка куштар болот, аны жесе талгак (жериги) басылган. Кайсы бир зайыптар бөрү, кийиктердин эттерине талгак болушкан, даңктуу баатырларды жолборстун жүрөгүнө талгак болгондуктарын элдеги карылар айтышат. Боюнда бар зайыптар түрдүү жактардан коркунчулуу болуп жүргөн. Ошол себептүү бүбү, бакшыларга көбүрөөк кайрылып, түрдүү ырымдарды колдонушкан.

## ТОЛГОО*

Боюнда бар зайыптын айы, күнү жетип толго кире баштаганда бакалды түндүккө бек тиреп коюлушу төрөчү зайып бакалды бек кучактап кармап, зайыптын арт жагынан отуруп бир карылуу киши кучактап бекем тартат, ал кишинин артынан дагы бир ошол сыяктуу карылуу киши биринин артынан бири отуруп күч менен тартышат. Кайсы бир зайыптардын эси ооса, «албарсты, кара басты» деп зайыпты камчыга алышат. Албарсты дегендин чоңдугу 5—6 жашар кыздай, ыраңы сары, чачы менен эмчеги жерге сүйрөлүп

* Инв. № 117, 1980-ж. Жыйнаган Ы. Абдырахманов.

жүрөт. Бул албарсты ар бир жерде болуп, түн ичинде үйлөргө келип, бошураак, кайратсыз кишилерди басып эсин оодарат жана үйлөрдүн жанына кичинекей от жагып да кетет. Бул албарсты төрөп жаткан зайыптын өпкөсүн сууруп алып кетип, сууга салып жиберсе зайып өлөт. Сууга көтөрүп бара жатканда куучу келип калса албарстыны кууп, «сал эле сал» деп кыйкырып айдап келип өпкөсүн кайта салдырып, зайып кайта тирилет. Бул албарсты эч бир кишилердин көзүнө көрүнбөйт, жалгыз гана куучуга көрүнөт.

Талаада мал багып жүргөн малчылар албарстыны кокусунан кармап алып токмоктогондо, албарсты бардык билген дубасын үйрөтүп, андан кийин бу киши куучу болуп калат, бу куучу жүргөн жерге албарсты бир да жолобой качат. Кайсы жерлерде албарсты бар экендиги куучуларга ачык белгилүү болот. Төрөп жаткан зайыпты кара же албарсты басканда куучуну чакырып барган киши «баатыр» деп барат, өз атын айтып чакырса анда куучунун күчү кетет. Албарстыны киши кармап алганда албарсты эки эмчегин кайра эки ийнине арта салса, кишини албарсты жеңип өлтүрөт. Ийнине арта сала албай калса киши жеңип, анда албарсты кадимки кишиче жалынат экен. Каны бир аз токтоп жаткан кишилер да «мени түндө албарсты басты» деп ишенет. «Албарсты басат» деген ишеним азыр да толук жоюлган жок. Куучулар өздөрү келбестен камчыларын берип жиберсе да албарсты качат. Албарстылар көк улак болуп кубулуп журтта жатканында кармап алып өңөрүп бара жатканда албарсты кишиче сүйлөгөндө чочуп кетип кое берген кишилер да болгон. Бул сыяктуу ишенимдер талаадагы кыргыздарда эң көп болгон.

## БАЛА ТӨРӨЛГӨНДӨ*

Бала төрөлгөндө айылдагы эркек, зайып, бала-чакалар баланын ата-энесинин камдап жүргөн май, куруттарын жентек деп жешет. Келген кишилер «бешик боoңор бек болсун» деп алкыш сөздөрдү айтып келишет. Баланын ата-энеси да «айтканың келсин» деп жооп айтат.

---

Инв. № 117

**Сүйүнчү** — төрөлгөн бала эркек болсо атасы жана ага жакын дос туугандары сүйүнчү беришет. Баланын киндигин кескен зайып балага киндик эне болот. Келгендерге жентек берилет.

**Баланын кыркын чыгаруу** — эркек жана кыз бала төрөлгөнүнө кырк күн толгондо баланын энеси бүтүн айылды кыдырып кырк курак сурайт, жыйнап келген майда чүпүрөктөрдөн курап көйнөк тигип, аш-тамак даярдап айылдагыларды чакырып даам берет. Муну баланын кыркын чыгаруу деп айтылат.

**Баланын чачын алдыруу** — бала төрөлгөндөн бир нече күндөрдөн кийин эркек жана кыз баланын чачтарын алдыруу да, бир жашка толгондо кыз баланын кулагын көзөтүү да жакын досунун өзүнө, зайыбына аш-так, жана буюмдар алып барып чач алынып, кулак көзөтүлөт. Анда да мал энчилеп берүү, кийимдер берүү адаты болот.

**Бешик той** — бала төрөлгөндөн бир нече күндөн кийин баланын атасы мал союп, элди чакырып той берет да, бир аксакал кишиге алдына артыкча табак тартып, колунан келсе чапан кийгизип, ат мингизип, балага ат койдурат.

*Эскертүү:* кыз балага андай ырымдар кылынбайт.

**Жентек** — жаңыдан бала төрөлгөндө ата-эненин куда, достору жентектеп мал, чапан, тамак алып келишет. Айылдагы жакын зайыптар да жентектеп тамак алып келишет. Баланы көрүүгө келгендер көрүмдүк берип көрүшөт.

**Баланы асыроого берүү** — балдары токтобой жүргөн адам жаңы төрөлөрү менен баланы башка бирөөгө тез берип жиберет. Бир топ күн же бир нече ай, же бир нече жылдан кийин мал, бычак, шибеге ж. б. темир-тезектер берип, баланы кайта сатып алат. Мындай ырымдар кылынган балдар көбүнчө токтоп да калат. Элөөсүз калсын деген ырым менен балага эң жөнөкөй аттар да коюлат. Мисалы: Бокчу, Күчүк жана башкалар.

**Баланын тушоосун кыркуу** — бала чала же там-туң басып калган учурда тамак даярдап, зайып менен балдар чогулушуп ичип-жешип, баланын бутун ак, кара (ала жип) жип менен тушоо сыяктуу байлап, балдарды жарыштырат. Чыгып келген балага мөөрөй көп берилип, андан кийинки балдарды да куру койбой беришет. Чыгып келген бала жипти (тушоону) кыркат. Бул тушоо кыркуу деп аталат.

**Сүннөт той** — эркек бала 3—5—7 жашка чыккан-да малдар союлуп, эл чакырылып сүннөт тою берилет. Кудалар, достор кошумчаларын кошушат. Тойго кел-ген зайыптар да мүмкүн болушунча дасторконго та-мак ороп келишет. Кайра дасторкондору куру кетпес-тен тамак оролуп берилет. Тойлордо ар түрдүү оюн-тамашалар болот: ат чабуу, көкбөрү тартуу, эр эңишүү, балбан күрөшүү, бирок эр сайыштырылбайт. Тойдо жээндер чүйгүн табакты жээн аяк деп алып алат. Жээн түрдүү жактан эркелик кылат. Мисалы, аттардан да кармап алган ж. б.

Кыргыздар эркек баланы артыкча жакшы көрүп сүйгөн. Артымда тукум калса деп тырышкан. Кызды тукум дебеген, бирөөнүн бүлөөсү деген.

**Кол адалдатуу* (чочок кестирүү)** — колдон кели-шинче балбан күрөштүрүп, эр эңиштирип атып той берет. Жок дегенде бир союш соет. Билген устат ки-шиге баланын колуна жото жиликти карматып (уста-га коюлган жасалуу табактын жото жилигин), көзүн ак жоолук менен таңып, устатка колдон келишинче кол байларым деп берип ыраазы кылып туруп, анан кестирет.

Ырымы жок. Көк чүпүрөктү күйгүзүп туруп баса берет. Бала өзү турмайынча тургузуу керек эмес. Ай-ыкканда өзү туруп кетет. Аралаш эле тамак бере бе-рет.

Илгери төрөбөгөн аялдар бала отургузгандагы ке-синдисин ырым кылып жеген учурлар болгон экен.

**Баланы атка мингизүү** — эркек бала 4—5 жашка чыкканда баланын ата-энеси айырмачын, тердик, то-кумдарын камдап, баланы кунанга мингизип, кой, тай союп бышырып жана да кадырлуу кийит чапандар-дан алып бир досунун үйүнө алып барат. Бала түшкөн досу балага кадырлуу малдарынан энчилеп берип чы-гарат.

**Мурут серпүү** — эркек бала кара мурут болгондо мал союп, ат коштоп атасынын бир досуна барат. Ал досу да жигиттин мурутун серпип, ат мингизип, тон кийгизип сыйлап чыгарат.

---

Инв. № 306.

## АЙТЫМДАР*

### ООЗАНТУУ АЙТЫМЫ

Бисмилла! Кайгы куулду,
Бөбөк-бакыт туулду.
Байлык нуру балбылдайт,
Кыз бекен же уулбу?

Кырк жылкысың кыз болсоң,
Урматыбыз уул болсоң.
Киндик энең мына мен,
Оозантайын толгонсоң.

Келди бөбөк бакырып,
Калктын баарын чакырып.
Айхай, бөбөк, ыйлаба,
Апакеңди кыйнаба.

Оң чеңгели арбаят,
Оомат учтап келгенби,
Сол чеңгели барбаят,
Соогат уучтап келгенби.

Мээлегенсийт кастарды,
Көзгө атар мергенби?
Душманды сая тургансыйт,
Теңирим чындап бергенби.

Өзүм кесип киндигин,
Түбөлүккө бек түйдүм.

---

Инв. № 770/2/

Ырыскылуу киши бол,
Эсен-аман жүргүнүң.

Орошон болуп оку ай,
Ой, теппегин кокуй ай.
Оозантайын эмесе,
Оң ууртуңа сары май,
Жут жута гой, чочубай!

*1951-жылы Жампа-Шалы кыштагындагы*
*Ашырбү энеден жазылып алынды.*
*Калмурат Рыскуловдун чогулткан*
*материалдарынан.*

## ТУШОО ТОЙ*

*(Тушоо кесүү ырымы)*

Эмчегин берген энебиз,
Өсүп келет денебиз.
Бут калчылдап баса албай,
Каз-каз деген эмнебиз?
Басууга бала талпынып,
Күндөн күнгө артылып.
Бутун шилтеп басууга,
Энесине асылып.
Кагылайын каз туруң,
Дени соо бат туруң.
Шилтеди бутун эки-үч,
Басканда кирет бутка күч.
Балага боору эзилет,
Тушоо тою берилет.

Ала жип бутка байланды,
Ат, кунан алыс айдалды.
Биринчи маара жакындап,
Экинчиси такымдап.
Тең келатат баарысы,
Бут куйрукка шакылдап.
Биринчини карасаң,
Таманы куйрукка тиет жаркылдап.

---

Инв. № 5225 / 587/

Тушоо кесер шамшаарды,
Камдап турган атасы.
Тушоосун кести баланын,
Арты жетип бүтө элек,

Арыштап келет жөтөлөт.
Аталары жүгүрүп,
Балдарын сүрөп көтөрөт,
Байгелерин алышты,
Жай-жайына тарашты.
Тушоо кесер той болду,
Өз алдынча зор болду,
Маалында басып кете албай,
Кээ бир бала кор болду.
Дени таза соо бала,
Маалына жетпей жүгүрөт,
Энеси менен атасы,
Кубанышат сүйүнөт.
Кестирүүгө тушоосун,
Жетине албай күтүнөт.
Шар жүгүрүп баласы,
Шаттанат анын атасы.
Маңдайында баласы,
Маана кылат апасы.

## САЛБИЛЕК АЙТЫМЫ*

Отургузуп алдыма,
Балтырыңдан кармайын.
Салбаңдатып бутуңду,
Салбилек кылайын.
Баба сөзүн арнайын,
Эл ишине жараган,
Элпек болгун ылайым!
Сал-сал билек, салбилек
Санжырага шаң билек.

Тили чыгып чулдурап,
Бешикке жатпас болуптур.
Буту басып жорголоп,

---

Инв. № 770 /2/

Эшикке жатпас болуптур.
Окшоп куду кишиге,
Тешикке жатпас болуптур.
Сал-сал билек, салбилек,
Жанжыргалга лай билек,
Сайрайт куду булбулдай,
Күүсүн тыңшап кан билек.

Сал-сал билек, сал билек,
Сары майга мал билек.
Журтта күчүк калыптыр,
Барып алып кел билек.

Кунан койду сой, билек,
Куйругуна той, билек.
Калкка камкор боло гөр,
Кежирлигиң кой, билек.
Чыңырып катуу ыйлаба,
Чатагыңды кой, билек,
Сар аселге мал, билек,
Сөзү ширин бол, билек.

*1948-жылы Ак-Там кыштагындагы*
*Абды Кудайберди уулунан жазылды.*

## ТУШОО КЕСИШ АЙТЫМЫ

Тай-тай күлүк, тай күлүк,
Кайдан келе жатыры?
Ат жетпеген алыскы,
Жайдан келе жатыры.
Тай-тай бөбөк, тай бөбөк,
Айхай бөбөк, ай күлүк.

Кадам сайын калтаңдап,
Басат экен тай күлүк.
Жаактарын жарбаңдап,
Ачат экен тай күлүк.
Тай-тай бөбөк, тай күлүк,
Айхай бөбөк, хай күлүк.

Бир күнчүлүк байгеден,
Озот экен тайкүлүк.

Кыштагына береке,
Кошот экен тайкулук,
Айхай бөбөк, хай кулук.

Эч ким али көрө элек,
Мөөрөйлөргө жетелик.
Тамтаңдап жүр кишиче,
Тушовуңду кеселик.
Тай-тай бөбөк, тай кулук,
Айхай бөбөк, хай кулук.

*1988-жылы Орозбай Жолдош уулунан жазылды.*

## КЫЗДЫ БЕШИККЕ БӨЛӨГӨНДӨ АЙТЫЛУУЧУ ЫРЫМ ЫР*

Разакан үчүн алган бешик,
Кыз чоңоюп арткыча болсун кешик.
Уктасаң былкылдаган жоргого окшоп,
Ээ, кызым, жылуу жатып дем ал көшүп!
Бир кезде окугандар айта жүрсүн,
Атасы Сооронбектин сөзү дешип.
Табигат өмүрүңдү узун кылсын,
Бактылуу бол, барктуу бол, эркин өсүп!

*1958-жылы жыйналган.*

## КАЗ-КАЗ ТУРГУЗУП ТӨЛГӨ САЛУУ АЙТЫМЫ*

Бахх, бисмилла жытыңдан!
Бешиктен чечип алайын.
Эки бутуң эпейтип,
Төлгө кылып салайын.
Колтуктап казказ тургуздум,
Күл, күлүп кой, таалайым!

Оомат бизде бек болсо,
Оң бутуңду көтөргүн!

---

Инв. № 547
Инв. № 770 /2/

Олорго оосо ак сүйлөп,
Сол бутуңду көтөргүн!
Каз-каз тургун, каралдым,
Бактыбызга жаралдың!

Дайында эки бутуңа,
Дайым ак-тик билдирсин.
Душмандарбы же бизби,
Жеңээр экен кимди ким.
Каз-каз тургун, бөбөгүм,
Калыс тургун өбөгүм!

Быйыл уруш басылса,
Оң бутуңду көтөргүн!
Кастар касты жактырса,
Сол бутуңду көтөргүн!

Казказ тур, жаным, каралдым,
Сөз түшүнүп, так тургун!

Жарбаңдаган каралдым,
Жыргалыма жаралдың.
Оомат бизде турбайбы,
Оң жак бутун көтөрдү,
Өсөсүң жетип баралың.
Оң жак бутун көтөрдү,
Өрттөнгөн согуш басылат.
Атасы келип аскерден,
Баласын алат асырап.
Каз-каз турдуң, каз турдуң,
Кадамдашка баш бурдуң!

## АЗАН ЧАКЫРЫП АТ КОЮУ АЙТЫМЫ

### КАЙЫРМА

Аллов акпар, аллов акпар, аллов акпар,
Баарыңарда хак бар,
Алпейим дайым сактаар,
Теңирим давлет берди,
Ааламга адам келди.
Айыл калаа сүйүнчү-үү!
Арыштар кадам келди.

Кең пейилге давлет берди,
Касиети бассын жерди.
Көлөкөсү тапсын шерди,
Азан айтып атын коем,
Теңир берген затын коем.

*1948-жылы Ак-Там кыштагындагы*
*Молдомусабай Абды уулунан жазып алынган.*
*Калмурат Рыскуловдун чогулткан материалдарынан.*

**КАЙЫРМА**

Теңсингенден теңир берди,
Алакчылабай кеңир берди.
Уул болсо жовдон сактаар,
Эне эмизген сүтүн актаар.
Атаандашпай дайнын табаар.
Атасынын мээнет кайтаар,
Алдына дулдул тартаар.
А кыз болсо кырк жылкы,
Кийиз жасап, үйүн жабаар.-
Энесинин ишин адаар.
Гүлдөй жайнап сайма саяар.
Уул бекен, кыз бекен, ким болду экен?
— Уул экен! Уул экен! Уул экен!
— Уул бекен? Ким дейбиз атын?
Көрүнчү бачым!

**КАЙЫРМА**

Анакей отун келди,
Эмесе атын коем,
Отун алып баксын элди.
Пата тартам, отурчу:
Аты болсун Отунчу.
Айыл калаа сүйүнчү-ү!
Оо, Отунчу! Отунчу! Отунчу!
Аты болду Отунчу,
Калк сабына кошулчу!
Өзү берген Теңир сактаар,
Оомийин аллов акпар!

**КАЙЫРМА**

Аллов акпар, аллов акпар, аллов акпар,
Баарыңарда хак бар.

Алпейими дайым сактаар.
Теңирим давдет берди,
Ааламга адам келди.
Айыл калаа сүйүнчү-ү!
Арыштар кадам келди.

## БЕШИК ЫРЫ

Алдей, алдей ак бөпөм,
Асти катув ыйлаба.
Апкелейин буламык,
Апакеңди кыйнаба.
Өбөлөрө-лөрө-лаай,
Алле балам, уктагын,
Өбөлөрө-лөрө лаай!

Алле-алле тентегим,
Абдан өттү жентегиң.
Анча катув ыйлаба,
Айчырайлуу элпегим.
Өбөлөрө-лөрө-лаай.
Алле балам, уктай гой,
Өбөлөрө-лөрө-лаай.

Үй үстүндө ырдаган,
Үркөр кызы болбосун,
Тыңшап койчу ыйлабай.
Таң чолпону жолдошуң,
Өбөлөрө-лөрө-лаай,
Алле, балам, уктагын,
Өбөлөрө-лөрө-лаай.

Берешендер ой кылдык,
Бешикке бөлөп той кылдык.
Белек-бечкек көп келди,
Берекеге тундурдук.

Өбөлөрө-лөрө-лаай,
Алле, балам, уктай гой,
Өбөлөрө-лөрө-лаай!

## КУТ КУЮУ*

Кыргызда мындан 70 жыл мурда ар үйгө бир кут куйдуруп багын сынап көрүү, аны үйдө сактоо адет өңдүү болгон.

## КУТ КУЙГАНДА АЙТЫЛГАН ЫРЫМ

Бодур, бодур турган кой турбайбы.
Арбайып-сарбайып турган төө турбайбы.
Тумтуйган, тумтуйган жылкы турбайбы.
Бүрчүйгөн-бүрчүйгөн баланын чочогу турбайбы.

*Сулайман (Ырыскул) Талас Нилди Уу төрдө,*
*1923-жыл, август айы.*

## ТӨЛГӨ ЫРЫ

Байгамбардын бал төлгөсү,
Падышамдын дал төлгөсү,
Сен таштык кылба,
Мен жаштык кылбайын.
Ачык айтып, айра сүйлө,
Мен уятка калбайын.
Максатына жетер болсо,
Мээнет-чемен кетер болсо,
Төлгө ташым төп түш,
Оң жагыма көп түш.

## УЧУКТОО ЫРЫ

Учук болсоң учуп чык,
Кагын болсоң качып чык,
Түн учук болсоң түн менен чык,
Таң учук болсоң таң менен чык.
Учкул десең уларга бар,
Уңшуйган мында эминең бар?
Кызыл десең табылгынын учуна бар,
Кыйшайган мында эминең бар?
Сулуу десең кытайдын кызына бар,

---

Инв. № /1857/457

Сумсайган мында эминең бар?
Кайт, учук, кайт!
Көч, учук, көч!

## АЛАС-АЛАС

Арча жалын алас-алас,
Ар балаадан кылгын калас.

Көөнө жыл кетти,
Жаңы жыл келди.
Айдан аман кыл,
Жылдан эсен кыл.

Адамдын жашы,
Аргасын чайчы,

Көңүлдүү болсун,
Көлдөрдөй толсун.

## КҮРДҮ ЫРЫ

Күрдү, күрдү, күрдү чык,
Атаңдын сугу, энеңдин сугу,
Эжеңдин сугу.
Сук, сук, сук болсоң чык,
Аруудан болсоң чык,
Аштан болсоң чык,
Оттон болсоң чык,
Кайыптан болсоң чык.
Суудан болсоң чык,
Тилден болсоң чык,
Көлдөн болсоң чык.
Көзү жамандын көзү менен кет,
Тили жамандын тили менен кет,
Дили жамандын дили менен кет.

Караңгы түн менен кет,
Кара көмүр менен кет.
Эски тегирмен менен кет,
Эшиктен үйгө кирбей кет.

Кайдан бүттү жаман сук,
Күрдүмдүн күчү сууруп чык.

Бузук десең Бурулга бар,
Буюккан бул байкушта эмнең бар?
Бузулган эски тамга бар,
Өңү кара, көзү көк,
Орою суук жанга бар.
Айлыбызга батпаган,
Арамза, чуут байга бар.
Үзүлбөй куюн ойногон,
Суу акпаган жарга бар.
Сары суусу каймактай,
Сасып жаткан сазга бар.

Чык, чык күрдү, чык күрдү,
Сендей тоюнбасты ким көрдү?
Кашык салып жей элек,
Каймагың эле бир челек.
Кол башындай калбаптыр,
Кудай урган куу соргок,
Койбой аны жалмаптыр.
Өлгөн сындуу өлсөчү,
Үзүктөй эле көмөчү.
Өлүп кеткен бул соргок,
Бир тиштем да койбоптур.
Ошол үчүн бул тойбос,
Оорулуудай онтоптур.
Төө телкинин бөйрөгүн,
Туурап жедиң тойбодуң.
Туурдуктай беш нандын,
Бир да бирөөн койбодуң.
Кагын болсоң кагып кет,
Чемен болсоң чыгып кет.
Баш оору болсоң басып кет,
Аш оору болсоң сен чубут,
Таңга жетпей өлүп кет.

## БЕЛГИ ЫРЫ

Мени жамандасаң,
Кара жер тамандап кал.
Кара өгүздү минип,
Кара чаар жылан камчыланып,
Өлүмүңө минип барайын,
Өкүрүп барып калайын.
Айгыр минип азаңа барайын,

Жакшылап калсаң,
Оюн, күлкүңдүн үстүнөн чыгып калайын.
Дагы жамандап калсаң,
Кара эшекти минип,
Кайгырып барып калайын.
Бээ минип бейитиңе барайын,
Топоз минип бейитиңе барайын,
Топоз минип топурагыңа барайын.

## ӨТКҮН АЙТЫМЫ

Өткүн-өткүн өтүп кет,
Өйүз сувун кечип кет.
Өсүп калды буудайым,
Ого барбай безип кет.
Өтүгүңдү чечип кет,
Биздин шакты калкала,
Бакылдыкын талкала.

Кара өткүн өтүп кет,
Кара сувду кечип кет.
Кылкан тартты арпабыз,
Качкын, барбай безип кет.
Кара тоонуң чечип кет,
Долу болсо талкала,
Дыйкан данын калкала!

## КҮН КҮРКҮРӨГӨНДӨ АЙТЫМ

Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Тоголоном көркүңө.
Күркүрөгөн күчүңө,
Жер айрылып чөп чыксын.
Чабалышпай ыкшысын,
Чалгысы тийип балдарга,
Чамынышып иш кылсын,
Таш үстүнө чөп чыксын,
Тамшанып журт кеп кылсын.

Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Тоголоном көркүңө.
Күркүрөгөн күчүңө,
Желин айрылып сүт чыксын.

Булак болуп көп чыксын,
Керилип жүргөн келиндер,
Саай албай ыкшысын,
Бышыралбай баашысын.
Кырмычыгы көп болсун,
Кыздар кырып жеп койсун.

Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Тоголоном көркүңө.
Күркүрөгөн күчүңө,
Арпа, буудай чайпалсын,
Айылым көрсүн пайдасын.
Жүгөрү конок чайласын,
Журтум көрсүн пайдасын.

Тарув-конок чайласын,
Тең көрөлү пайдасын.
Коондор койдой жайнасын,
Балдар көрсүн пайдасын.
Дарбыздар таштай жайнасын,
Тең көрөлү пайдасын.

Күркүрө, күнүм, күркүрө,
Тоголоном көркүңө.
Күркүрөгөн күчүңө,
Жер айрылып чөп чыксын,
Желин айрылып сүт чыксын.

## АЙ ЖАҢЫРГАНДАГЫ АЙТЫМ*

Ай көрдүм, аман көрдүм,
Айдын мунарынан,
Жердин кучагынан,
жегилик дан,
бир кыштык саман көрдүм.
Жесирге жемиш,
жетимге жеңиш,
жөөвгө улов,
жалкоого мээнет,
жалгызга эрмек,

* Кызыл-Суулук кыргыздардын оозеки чыгармачылыгынан.

иштерманга кут,
сараңга жут,
ушакчыга ув,
ак ниетке тув,
баарыга кайыл заман көрдүм.
Айдан аман,
жылдан эсен бололу.
Келерки ушу күнгөчө
өсүп-өнүп тололу.
Бакылга тар,
бапырга бар ай бол,
Оомийин обловакпар!

## ҮРӨН СЕПКЕНДЕГИ АЙТЫМ

Мына septим уучтап:
жылув жерден конуш тап.
Бу — жетим-жесирге,
мунусу карып-мискинге,
бу — ач-арыкка,
мунусу — алсыз карыпка.
Булары — курт-кумурскага,
мунусу — сурамчыга,
а бул тилемчиге.
Булары — саламчыга,
Калгандары:
сизге, бизге, мага.
Бабадыйкан жолдошум,
баардык ишти оңдосун.
Бардык жерде колдосун,
жар болуп жылоосун.
Эми быягын мен билемин:
сугатың өксү болбосун,
өңгөндө арам чөп койбосмун.
Арыгың кенен чабылат,
тилегим жөн,
өн, үрөнүм, өн!
Береке бек байласын,
Бердик Бабадыйканга,
Бириң миңдеп чайласын!

# КЫЗ БЕРГЕН*

*(Кыз көрүү, тандоо)*

Баласы 15—16га чыкканда (андан мурун дале) баланын атасы кыз көрө баштайт жана кыздын ата-энесине да карайт. Башка уруудан ала берет, өз уруусунан канча ата өткөндөн кийин кыз алышарын билбейт, бирок жакын туугандар кыз алышпайт дейт. Ар кайсы кызды, ата-энесин, үй-жайын карап туруп баланын атасы бирөөн жактырат да, теңтуштары аркылуу айттырат (жаш болсо айтпайт). Эгер балага жакпаса өзүнүн оюндагы кызды айтат, атасы макул болсо же атасы каалаганга баласы макул болсо, кээде атанын эле оюу менен, бирине (кызга) кудалашмак болот.

Баланын атасы жакын көргөн 1—2 жакшыны (көбүнчө өз тууган уруусунан) жиберет. Буларды жуучу дейт. Булар тим эле (эчтекесиз эле) сүйлөшүүгө барат. Кыз атасы макул болсо эч калың бычпай эле кабарын айтып келет.

Жуучу түшкөн жер макул болсо баланын ата-энеси куда түшөт.

## КУДА ТҮШҮҮ

Баланын ата-энеси жакын тууган уруктарына, куда-соок, таяке, жээндерине кеңеш салып, куда түшөр күнүн болжошот.

Куда түшкөнгө чейин баланын ата-энесинин жакындары өздөрүнүн кошумчаларын алып келе беришет: мал жетелеп келет, акча кошот, эртең барар күнү союш да союп келишет. Көкбөрүгө улак да камдайт. Тоо баштаган тогузду даяр кылат, кудурети келсе 100 кой, акча да камдашат. Эртең барабыз деген күнү со-

* Инв. № 306

юштарын союп бышырып, боорсок, өрүк, мейиз толгон тамактарды даярдап, бардыгын баланын атасынын үйүнө жыйып, каптарга, куржундарга салып оозун тиктирип коет. Алып баруучу малдарын да чогултуп, короосуна камап коюшат.

Союш: тай, кой, козу.

Эртең менен баягы кошумча кошкон жакын тууган-урук, таяке-жээн, куда-сөөктөрү болуп, жакындары чогулуп жөнөмөк болушат.

Союштун (тойдун) эттерин, боорсокторун башка куржунга тигип, капка салып, кебез байлаган малга жүктөйт. Төө баштаган 9дан төөнүн маңдайына, эгер төө болбосо анын ордуна алып бараткан мыкты аттын (күлүк, жорго же улакчы аттын) көкүлүнө кебез байлайт. Баланын энеси атайылап жасаткан сонун (күмүш) сөйкөнү алып алат, мындан башка эч кандай кийим-кече (кийит) алышпайт.

Улакты айылы жакын болсо үйдөн мууздап, алыс болсо жакындаганда мууздап башын кесип, бутун тизеден кесет да (ичеги кардын албай) өз жигиттерине өңөртүп алып жөнөшөт. Чабендес (улакчы, көкбөрүчү, көпкөрүүчү) жигиттери кошо жөнөйт.

Кыздын ата-энеси жуучуга макул дегенден тартып эле камына баштайт, айрыкча кудалар кайсы күнү келип түшөрүн уккандан кийин (күн мурун кабарлашып макулдашат) союшун, кийитин ж. б. камдап, атайлап үй көтөрөт. Аларга да жакындары мал алабыз деп, ичик, кымкап жана башка кийим-кийиттер кошумча алып келишет. Айылдан камданып, аттан тандап минип алдынан тосуп чыгышат да, айылга жакындаганда көкбөрүнү тартыша баштайт. Улактын башын балдар тартып калышат, тай-тулак, кунан минип алышат.

Кудалар (баланын жагы) болсо баягы жөнөгөн салтанаты менен эле барып түшө беришет. Кыздын жагы (кудалар) аттарын алып, жакшылап күтүп туруп алышып көтөргөн үйгө кийирип, эркек көп болсо аялдарды башка (бошоткон) үйгө кийирип колдон келгенинче аябай сыйлай беришет.

Көпкөрүдөгүлөр (көкбөрүдөгүлөр) болсо бала жак бир жаат, кыз жак бир жаат болуп тартышып, кайсы жагы болбосун кыздын атасыныкына алып барып таштоонун эле аракетинде болот. Анткени эки жактын мөөрөйүн, кадырын көтөрүүчү көкбөрү болуп эсепте-

лет. Башка көпкөрүлөрдөй мооку (кумар) кангыча тарта беришпейт да кайсы колунан келген, алы жетип, аты жараган жактын жигиттери алып келип кыздын атасыныкына таштайт.

Улак таштаганга баланын атасы да, кыздын атасы да соорун (байге) берет.

Көкбөрүгө келгендердин калганы (жакындары) калып, башкалары чайланып алып эле кетип калышат. Кыз жактын жигиттери кетет, өтө жакындары гана кызмат кылууга калат. Куда түшкөндөн кийин эле кыздын ата-энелери аларды чайлантып, дасторкон жайып коюп, айыл-апасындагы жакын байбичелерди кап сөксүн (той сөксүн) деп чакырат. Алар бир нерсе (көбүнчө жоолук, көйнөктүк) алып келип каптын кулагына илип туруп, анан капты сөгөт да ооз тиет. Дагы келгени дагы ошентет (сөгүлүп бүткөн болсо дале салт боюнча сөккөн болот). Анан капты ачып, кап сөккөндөрүнө көтөрүшүнчө (учаларын, мүчөлөрүн) карчыга, жамбаш алып коюп, боорсоктон кошуп, кетерде көтөртөт. Айыл-ападагы элди чакырып, тойду тартат да таратат. Ошол эле кезде кыз атасынын төрүндө, жасалган үйдө, көшөгөдө өзү да жасанып кийинген кыз-келин, теңтуштары менен отурган болот. Кыз-келиндер, жакындары тойдун (кызга тиешелүүсүн) төшүн, керчөөсүн, жүрөк, бөйрөк, шыйрагын жейбиз деп келип жыйналган болот. Аларга жогорку саналгандарды тартат. Алар комуз кагып отурган болот.

Андан кийин кыздын кайын энесине кыздын жеңелери «кыз көрүңүз» — деп келишет. Ал сонун жасаткан күмүш сөйкөнү, үч төрт жүз сом акча алып барат да кызды бетинен өбөт, сөйкөнү салат — «сөйкө салды» — деп атайт, акчаны көрүндүк деп кудагыйына берет, кудагыйы ошондо отурган аял, кыз-келиндерге бөлүп берет.

Кудалар эрте келген болсо козу союп түштөндүрөт. Кечинде союшка тай, кой же козу союп, келген кудаларды аябай сыйлап коноктоп кондурат. Куда, кудагыйлар болуп сүйлөшүп отурушуп жатышат. Эртең менен абдан жакшылап сыйлап чайлайт.

Тамактан кийин көтөргөн үйгө кийит кийгизүүчүлөрдүн баарын чогултуп, кыздын ата-энеси, ага-туугандары менен чогуу кийитти көтөрүп алып барышат. Атасына атасы нооту ичик, кымкап көйнөк дагы ушу

сыяктууларды кийгизет. Кыздын энеси баланын энесине түлку ичик, шайы көйнөк жана бир чачпак салат.

Калган кийимдерди (кымкап, бейкасам, көйнөк, жоолук, кур, 10—15 жакалуу кийим) куданын алдына коет. Куда ошо жерде эле бөлүштүрүп берет, эгер жетпесе чогуу ороп бөктөрүп кетип, барганда дагы кошуп ар кимисинин ылайыгына карай (алыс-жакынына, кошумчасына карай) бөлүштүрүп берет.

Кийитти кийгизгенден кийин баланын ата-энеси туруп, эки колун бооруна алып, үч жолу эңкейип кулдук урат, анда кыздын ата-энеси: «ырыс-кешиктүү болсун, ыймандуу болсун бүлөөң, кудай тилегиңерди берсин» — деп алкышташат. Анан аткарышат. Алар (кудалар) кеткенден кийин кыздын атасы кошумча кошушкан өзүнүн жакындарына келген калыңдан бөлүштүрүп берет. Мал берчүүсүнө мал, кой берчүүсүнө кой, акча кылып ыраазы кылат. Ушинтип тарашып тынчып калышат.

Баланын ата-энеси да үйлөрүнө барып ылайыгына карай тон, көйнөк, жоолук ж. б. кылып кийиттен бөлүштүрүп берип таратат.

## АТ УКМАЙ

Эртесиби, 2—3 күндөбү, көп кечээндетпей чукул эле, баланын атасы ат жетелеп, үч тууганын ээрчитип алып келиндин атын угам деп барат. Аларга козу союп түштөнтөт.

Кыздын ата-энеси күйөөнүн атын угабыз деп келгенде атасына гана кийит кийгизет.

Алыс болсо конуп кетет, жакын болсо келген күнү эле конок болуп кайта кетишет.

## КЫЗ АТАСЫН ЧАКЫРУУ

2—3 айдан кийин кыздын ата-энесин эшик-төрдү көрүп кетсин деп баланын ата-энеси чакырат. Ал тууган-уругунан эки-үч киши ээрчитип алып барат.

Баланын атасы кыз атасын атайы бошоткон үйгө кийрип союш (тай, кой, козу) союп, аябай сыйлайт. Алыс болсо кондурат. Анан аткарарда: «кур кетпециз» — деп ат тартуулайт. Ал атты минбестен жетелетип жиберет, узатат.

## КАРМАП ЖЕЧҮҮ

Бул ырым салты бир эле жолу болот. Баланын атасы көчүп бара жатканда, кыздын айылы жолдо болсо, айылдан бир билерман жеңеси — жашап калган аксакал аял уюштуруп, айылдагы келин-кыздар кармашат: Тай кармаса — кой берет, уй кармаса да кой берет, кой кармаса койдун өзүн берет да, баланын атасы жактан бир-эки жигит көч үстүнөн эле кыздын айылына келип, «кармап жечүү жесеңер кийитиңерди киели деп келдик» — дешет. Кыз тараптагылар ал жигиттерди сыйлап туруп тай болсо — тон, кой болсо — көйнөк, жоолук беришет.

## КҮЙӨӨЛӨӨ (КҮЙӨӨЛӨТҮШ)

Күйөө болчу бала бир жылдан кийин күйөөлөп барат. Күн мурун кыз атасына баланын атасы кабар кылат. Күйөө жеңке тайына 30—40 кез кездеме (кез), малдан кой, бээ, уй, тай жана акча алып жөнөйт. Ырчы, комузчу теңтуштары менен барат. Күйөө кошчусу бирөө гана. Ошентип 3—4 жигит жөнөйт.

Бала күйөөлөп бармак болду деп кабар угуп, (бала атасы жиберген кишиге) макул болуп күнүн болжогондон тартып кыз атасы камынат. Күйөөгө бир сыйра кийим кече: көйнөк, дамбал, кемсел, тебетей (суусардан) ж. б., күйөө жолдошко көйнөк-кече, ырчы, комузчуларга да белектерин камдап, келерге жакын атайы үй көтөртөт. Айылдагы кыз-келиндер да камданышат.

Күйөө келип бир, бир жарым чакырым жерге түшөт. Жолдошторунун бири келип, күйөө келди деп кабар берет.

Айылдагы кыз-келиндер тосуп барышат. Алар жакындаганда күйөө ордунан туруп баш урунат (жүгүнөт). Анда жеңелери: «кудай жалгасын, бай бол» деп алкашат. Күйөөнүн атын балдар минип чаап да кетет, же «күйөөнүн аты менен күл ташыйт» кылып пайдаланышат. Күйөөнүн жолдоштору ат коштоп да келишет. Күйөө күүгүм талашта келет. «Күүгүмдөтүп келгидей күйөө белең» деген элде макал бар. Күйөөнүн канжыгасындагы жанбаштыгын чечип, андагы бөйрөк, шыйрак, керчөө жана ушу сыяктууларын алып чогулуп жешет.

Күйөө, күйөө жолдоштор жана кыз жактан барган кыз-келиндер баары чогуу жөө келишет да баягы атайын көтөргөн үйгө киришет. Анан жакшылап чайланат, кыз-келиндер алып келип чай беришет.

**Шыкалашуу** — бул шыкалашуудагы максат — күйөө, кыздын кимиси мурун көрсө, ошол өктөм болуш керек деген ырым боюнча кылынат. Көбүнчө кыз мурун көрүп коет. Анткени — күйөө кайын ата, кайын агаларынан уялып, түн кирсин деп жатып кийин калып калат.

Жеңелери келип жеңкетай доолай башташат: «Калыңсыз болсо да, каадасыз кыз болбойт» дешет.

Аларга 30—40 кез кездеме, 100дөн сом (илгери бир баш кой, кочкор — 5 сом эле) акчаны жеңеси аркылуу кайын эненин колуна өткөрөт. Ал жакшы санаалуу абысын-ажындарын жыйнап алып, жеңкетайды «кашык салганга кашык сал» деп, мен жеңкетай жеген абысындарыма берем деп, өз билгениндей кылып, кездеме, акча бөлүштүрүп таратат. Конок камын кылып союп (тай, кой) аракеттерин кыла беришет. Күйөө, күйөө жолдош ырчы, комузчулар менен келин-кыздар шыңкылдашып ойноп отура беришет. Анан жеңелери жүз көрүшүүнүн аракетине кирише башташат. Көтөрүлгөн үйгө күйөө кирип отурганда, балдыздардын бардыгы (кыздар), колуктудан чоңу дале балдыз аталат, күйөөдөн жогору отурушат, жакындары жакын отурат. Келин-кесектер (катындар) маңдай жакка жана (оң) төмөн жакка отурушат. Улам жаңы кайын эжелерге, аял (чоң жеңеге) келсе эле күйөө баш урунуп турат. Эгер күйөө манап болсо, анын күйөө жолдошу баш урунат да, күйөө өзү ордунан туруп гана зыңкыйып туруп анан отурушат. Кол таштап бир гана эңкейип баш урат — күйөө же күйөө жолдош.

Күйөө жолдошту абдан тандап, өтө тың жигиттен алат.

Жеңелерден да бирөө өтө тың болуп, башчылык кылат.

Күйөө, күйөө жолдош чөк түшүп отурушат. Бузса жеңелери келип күйөө жолдошту тизеге чапкылап отургузушат.

Жеңкетайды мурун башкы (башчы) жеңеси эле бөлүштүрүүчү, кийин гана энесине жеткирип, энеси бөлүштүрүүчү болду.

Кыз, жигиттер ойноп отурушкандан кийин этке

чейин күйөө жолдош «кызды алып келгиле» — деп жеңелерди шаштырат. Акыры эт бышкыча кызды жасап туруп жеңелери алып келишет, анда баары ордунан турушат. Кыз келатканда «эшик ачар» деп дагы алат, «жүз көрүштүрүүсү» деп дагы алышат да кызды күйөөнүн жогору жагына отургузушат. Күйөө кыз бир-биринин тизесин басып отурууга аракеттенишет, анткени өкүм болгусу келет. Кыз келгенде дагы чай алып келишет. Аны аксакалдата эки-үч жеңесине берип, анан күйөөгө сунат, ал кызга сунат, кыз тың (мыкты) болсо эки, үч ууртап «келиңиз» — деп кайра сунат. «Шилекей алышат».

**Кулак чоюу** — көбүнчө күйөө жолдоштукун чоюшат, күйөөнүн кулагын кээде гана эркелетип чоюмуш болуп коюшат.

Кыз, жигит отурган кезде, ага чейин жана кийин кайын эне, кайын эжелери шыкаалап кетип турушат...

Чай ичилгенден кийин бат эле кызды кайра алып кетишет. «Каным дат», бааша ойноп шап алышат, билектерин кызартышат. Күйөө жолдош кыз-келиндердин шакек, билериктерин утуп алат. Анан бир уйкуда кыз-келиндер да тарап, өтө жакындардан гана үч-төрт келин, кыз менен калат. Бир табактык болуп калышат. Анан эт алып келет, аны кызсыз эле жешет. Анан жатышат. Ал күнү кызды жаткырышпайт. Таң атат. Дагы жыйналып оюн-күлкү кылып «Каным дат» ойноп, ыр, комуз болуп тамаша менен отурушат. Күйөө жолдош тың болсо кечкечейин кызды дагы бир эки жолу алдырып келтирет.

Жеңкетай алгыча жеңе, анан күйөө жолдош өктөм болсо, кеч курун кызды алып келет да кайра алып кетпейт.

Ойноп чымчылашып отурушат. Жеңеси кызды «биз дале ошенткенбиз» деп күйөө бала менен кол кармаштырып, жакын отургузуп көндүрүп үйрөтүп көнүктүрөт, үйүр алып калышат. Жатаар мезгилде жеңе, балдыздар кызды эшикке алып чыгышат, күйөө күйөө жолдошу менен да эшикке чыгат. Келиндер төшөк салат да «төшөк салар» алышат, анан «коюнга саларын» алышат.

Күйөө жолдош да башка үйгө кетет. А да жеңелерден бирөөн таап алган болот. Ырчы, комузчулар да жөн жатышпайт. Күйөөнү жеңеси коштоп келип жаткырат. Кызды алып келет, кыз ыйлайт, бирок бизди

уят кылба, баарыбыз ушинткенбиз деп көндүрүп күйөө баланын койнуна салып берет да жеңеси өзү жанына жатат. Кыз көшөгөдө күйөөнүн ар жагына кереге жакка жаткырылат.

Мында күйөө кызга тийбейт, жөн эле жатат. Эртең менен турушуп ошол (көтөргөн) үйдө эле чогуу отуруп калышат. Чайланат, анан жеңе, балдыздар кошулуп бир сыйра кийит алып келип кийгизет.

1) тебетей (суусар, түлкү, көрпө) тукаба тыштап (кызыл, жашыл); 2) сайма топу; 3) көйнөк дамбал менен; 4) кемсел (баркут) шымы менен; 5) белине саймалуу жоолук, бет аачы; 6) чырмаган ычкыр. Ушуларды кийгизет. Күйөө жолдошко көйнөк, жоолук бет аачы. Ырчы, комузчуга да ошо сыяктуу.

Ошентип, ошо күнү эле күйөө баланы атказышат. Атказганда жеңе, балдыздар аттарды коштотуп алып жөө айылдан алыс узатып чыгып анан күйөөнү атказышат.

Андан кийин келип-кетип күйөөлөп жүрө берет. Кийинки келишинде жеңелерине гана союш (тай, кой, козу) өңөртүп күйөө жолдошу менен гана келе берет. Эртеси, эки күндөн кийин кете берет. Кийит да бербейт. Жеңелери эле ычкыр, бет аачы жана ушу сыяктуу сыйлыктарды беришет. Күйөөлөп жүргөндө колуктусу да топу сайып, ычкыр чырмап, бет аачы сайып ж. б. сыйлыктар берип турат.

Күйөөнүн белеги милдеттүүрөөк түрдө: күмүш жаак комуз (ооз комуз) атыр, самын, билерик, шакек, сөйкө жана ушул сыяктуу нерселерден белек алып келет. Ушул тартип менен эки, үч жыл күйөөлөп жүрүп алышчу.

**Кыз кууду** — айбашы күнү күйөө жолдошу менен бир козу айттык алып жеңелерге келет, конуп эртеси атtанып кетет. Түшкө чейин аш-тойдо, көпкөрү байгеде болуп, анан түш ооганда келин-кесек, кыз-кыркын, жигит-жалаң чогулуп эки жаат болуп: жигитке, кызга ар кимиси өз жагынан аттарды тандап мингизишип (көбүнчө кызга түзүгүрөөк ат мингизишет) кызга ак барпы бейкасам, же башайы чапан, башына кундуз же суусар («суу бөрү» — абысын) тебетей кийгизип, белин жоолук менен курчап, жеңеси атказып, а да атчан бир жигитке коштотот.

Болжоп марасын белгилеп үч мартаба куудурат. Жеткенде токтойт, жетпесе үч жолу кыз куулат.

Жетпесе мөөрөй кыз жактыкы, жетсе камчы менен кыздын оң ийнинен артылта аттын соорусуна чейин сылап кетет — мөөрөй жигит жакка өтөт. Ар айт сайын ушундай оюн болуп турат.

Тамаша үчүн жаш келиндерди дале куудурат.

Эки, уч, төрт жылдарга чейин ушинтип жооп сураш, мал салуу, калың бычуу, күйөөлөш, кыз куудуруш жана ушул сыяктуулар менен өтөт.

**Жооп сураш** — жигит атасы мал жетелеп, туугандары, аксакалдар менен келет да, «малым бүтпөсө да күнүм бүттү, эми эки баланы кол кармаштырып коелу» дешет.

Аларды коноктоп сыйлашат, өз айылындагы туугандары менен дагы аксакалдарын жыйнап мал салышат: 30—40 кара мал, 100 кой жана башкалар. Аксакалдар эптешип «Алтын шилекейиңерди чачкыла, ыгыңарга карагыла» дешет. Бирок ошол бойдон кетишет.

**Чара көтөрүп келүү** — баланын атасы дагы тапкан малын алып, кой союп, чара көтөргөнүм деп келет, эки жак аксакалдар да болот. Анан өткөндөрдү эске алышып, дагы эмне мал берерин жана качан, эче жумадан кийин (өргөө көтөрүп) той союларын такташат. Ошого чейин калың да, камылга да бүтөт.

**Өргөө көтөрүү** — малы бүтүп, баарын камдап алып кудалар болжошкон күнү келишет. Эртең жума деген күнү, же жума, же эки-уч күн куда, кудагый менен күйөө келип жатат, келчүүлөр да кошо келет. Өргөөнү тигет, ичи-тышын аябай жасайт (төтөгө, үзүктүн этеги). Үй жасаганда жүгү менен кошо жасайт. Шайы, башайылап көп колдонулат. Желбоого бусурман кымкап илет. Ошентип өргөө көтөрөт. Өргөө көтөргөндө төө, ат, бээ берип көтөртөт. Жигиттин ата-энесинен ошентип түндүк көтөрөр алат. Муну «өргөө көтөрөр» деп да атайт. Өргөө көтөргөндө кудагый илинген кымкапты кийип кетет.

## КУДАЛАШУУ*

Кыргыз элинде кудалашуу көбүнчө эки киши дос болушуп ысыксырашып жүрүп балдары эң эле жаш кезинде кудалашат.

Кудалашуу: эркек баланын атасы алдуу киши болсо бир тогуз мал менен кыз атасына куда түшөт. Баш

Инв. № 117

аттын башына, көкүлүнө тутам кебез байланат. Бул кишинин (куданын) досу, кудасы бирден бодо кошумча кылышып, куда болушуп бирге барышат. Зайыптар да кудагый болушуп, малдар союп бышырып барышат, кыз атасы да мал союп, аш тамак даярдап, эл чогулуп тоюн жешет. Кыз атасы да тогуз малга тогуз чапан кийит кийгизет. 2—3 тогуз мал менен куда түшүлсө, анда кыз атасы да ошол санда баалуу ичик, дейилде, кымкап тондордон катыштырып кийит кийгизет. Мал кошумча кошкондор да бирден чапан алышат.

«Күйөөнүн аты ким?» — деп кыз атасы жагы сурайт. Күйөөнүн аты айтылып бир атты күйөөнүн атасы бермекчи болот. «Кыздын аты ким?» экен деп уулдун атасы жагы сурап, кыздын аты айтылып, кыз атасы бир чапанды бермекчи болот. Уулдун атасы куда менен көпчүлүктүн алдында ордунан туруп кыз атасына карап, эки колун бооруна алып «кулдугум бар» деп баш иет. Кыз атасы: «кулдугуң кудайга» деп жооп кайтарат. Жалпы көпчүлүк бата кылып куданы аткарат.

Кыргызда кайсы бирлери уулу, кызы бойго жеткенде кудалашат. Мындай учурда көбүнчө күйөө кызды көрүп жактырганда гана, аталары кудалашат.

XIX кылымдын 60—70-жылдарына чейин күйөө кызды ала качуу деген бир да болбогон. Эгер кокустан бир ала качуу боло калса, эки айыл же эл жасоо курашып жылкы алышып, эр өлүшүп чоң калба чыккан.

Кызга куда болууга арачы болуп баруучу киши «жуучу» деп аталат.

Элчиликке өлүм жок,
Жуучулукка кордук жок —
деген ылакап сөз бар.

**Эскертүү:** *Кудалашууда өз теңине карап кудалашкан. Мисалы: бай, жарды ж. б. дегендей. Кызда эрк болбостон атасы билген. Кыз — буйлалаган төө болот деген да, кызды атасы тилеген күйөөгө берген. Кудалашкандан кийин өлүм өлсө, балалуу болушса кошумча, аса-бата, жентектери үзүлбөстөн болуп турат. Күйөөнүн атасы кыз атасына ар жылы кышында согум деп мал берет.*

**Күйөөлөп баруу (жүз көрүшүү)** — күйөө менен кыз чоңойгондо күйөө кызга күйөөлөп бармакчы болуп,

жанына бир күйөө жолдош алып, мал коштоп, койдун этин жана жер жемишти куржунга салып күйөө жолдош байланат. Күйөө кайын атасынын айылына барып кабакка түшүп отурат. Күйөө келиптир деп кабар болгондо айылдан эки бала келип күйөөлөрдүн аттарын минип чаап айылга барганда, айылдагы зайып балдар келишет. Күйөө ордунан туруп баш урунат. Күйөө жөө басып барат. Келин-кыздар күйөөнүн үстүндө оюн-тамаша кылып отурушат. Караңгыда кызды алып келип үйдүн тешигинен күйөөнү шыкаалатып кызга көрсөтөт да кайра алып кетет. Кайын жеңелери күйөөдөн жүз көрүшүү деп бул алат да, кызды күйөөнүн үстүнө киргизип бирге тамак жедирип отуруп, кызды кайра алып кетишет. Кыздын атаэнеси да күйөө баланы шыкаалап көрүшөт. Эртеси күйөө менен күйөө жолдошуна чапан кийгизип аткарат.

**Үй жанына баруу** — күйөө жолдоштору менен малдарын коштоп барып кабакка түшөт. Зайыптар баягыдай күтүп алышат. Күүгүмдө күйөөнү кайын атасынын үйүнө алып барып, тешиктен шыкаалатып кайын ата, кайын эне бардыгы таанытылат. Зайыптар мында да көрүмдүк алат. Күйөөнү мейман үйүнө алып келип, кызды да алып келип, жеңе зайыптар «жеңетайыбызды» бер деп доолап алышат, кыз менен күйөөнү бирге жаткырышат. Бирок кыз күйөөгө көңүл салбайт.

*Эскертүү:* мындан кийин күйөө канча келсе да кызга чындап катыша албайт.

**Такыя саюу** — күйөө мал жетелеп, жолдоштору менен баштагыча барат да, баштагыдай күтүлөт, бирок мында эл көп чогулат. «Такыя» деп типтик кылып, төбөсүн асыл буюмдар менен тыштап, бермет, шурулар бастырган, кыз муну кийип, такыянын үстүнө шөкүлө кийип кыз кашкайып отурат. Зайыптар, кыз, келиндер кыздын жанында толуп «бек отур» дешет. Күйөөнүн жанында азаматтар толуп «түз сая көр!» дешип отурушат. Күйөө колуна бир узун таяк алып шыкаалап туруп такыяны саят. Жаза сайып калса күйөө «комутта калдым, кайта саям» дейт. Бир комут ат берүүгө милдеттенет да жана да саят, эгер сайбайм десе сайбай эле коет.

**Кыз куудуруу** — айтта күйөө малдар жетелеп келип күйөөлөп жатат. Эл эң көп чогулат. Адегенде

«шайтан мойнун сындыруу» делип бир зайыпты күйөө жолдошко куудурат. Андан кийин күйөө жактын кадиктүү бир атын кыз жак жыгып алып кызга мингизип, күйөө кыз жактан бир атты кадыр салып сурап алууга акылуу. Бир киши кызды коштоп чыгат да, күйөөгө куудурат. Жетсе күйөө кызды камчы менен далыга бир сылап өтөт. Жетпей калса дагы кууйм десе, бир ат берүүгө милдеттүү болуп кууйт.

## ТҮНДҮК КӨТӨРҮҮ

**Чал жыгар** — кудалар кыздын атасынын үйүндө жатканда абышкалар келип «чал жыгарымды» бер деп сурашат. Аларга күйөө атасы бир ат берет, бербесе өздөрү жыгып алышат.

**Укурук байтал** — түндүк көтөрүү болуп жатканда «укурук байталды бер» деп жылкычылар келгенде, күйөө атасы жактан аларга да бир жылкы берилет.

**Орок кой** — «орок коюбузду бер» деп дыйкандар келишет. Аларга да күйөө атасы тараптан 2—3 кой берилет.

**Өргөө жабар** — кыздын үйүн тигерде «өргөө жабарыбызды бер» — деп зайыптар келишет, аларга мал берилет.

Бардык ымыр бүткөндөн кийин түндүк көтөрүлөт, башкача айтканда, кыздын үйү тигилет. Бул учурда кыздын атасы өзүнүн бир жакын адамына эрик берилет, ал киши өзү каалаган бир малды же буюмду салып алат. Бакана кебез байлап түндүккө тиреп коюлат. Түндүк көтөрдү алган киши бир кадырлуу тонду желбоого алып келип илип коёт.

Кызды атасынын үйүнө, чыгдандын жогору жагына, жүктүн бурчуна көшөгөгө отургузуп, башына дейилде, кымкаптан жаап, зайыптар үн тартып кошот, ар үн таштаган сайын кыз кыңшып турат. Кошкондо ар түрдүү жактарын, мисалы: куданын жакшы, жаман кылыктарын жана өздөрүнүн кызматтары айтылат жана кызга үгүт-насаат айтылат. Күүгүмдө күйөө менен кызга жана күйөө жолдошко кийим кийгизет да, тигилген үйгө алып кирип, бир малды садага деп союп, башын түндүктөн чыгара ыргытканда, эшиктеги күтүп тургандардан баш колго тийген киши ошо малдын этин бүт алат, жер жемиштер да чачылат.

**Кыз ойнотуу** — кыздын атасы — кыз ойноторду

берсин деп кудага айтат. Куда бир ат, же төө берет. Кыз атасы өзүнүн бир жакын адамынын үйүнө алып барып ойнотот.

**Токмок салуу** — калың чүпүрөктөн бурап, эшип жасалат, ал токмок деп аталат. Оюн баштоочу келин токмокту бир жигитке алып салганча жигит тура калып келин экөө жар көрүшөт, жигит мактоо менен ырдайт. Токмокту келин күйөө жолдошко салып, көрүшүп, ырдагандан кийин күйөө менен кызды тургузуп жар көрүштүрөт. Күйөө үчүн күйөө жолдош ырдайт. Күйөө тарабынан бир жигит, кыз тарабынан бир келин оюнду башкарып, токмок салдырып ырдатып, жар көрүштүрүп кыз оюнду башкарат. Токмокту уурдаткан жигит ырдоого милдеттүү болот. Оюн арасында кыздар жигиттерди токмок менен урат. Оюн таң атканча болот. Оюн бүткөндө кыз ойноткон үйдүн ээси кыз менен күйөөгө жана анын жолдошуна тон кийгизет.

**Кыздын себин жыюу, жаюу** — кыздын атасы кызына бере турган жасалагаларын, мисалы: жууркан, килем, идиш-аяктар ж. б. үйдүн тышына жыят, кийитке берген чапандарды арканга керип илет, калк көрөт.

**Жүк көрүү** — кыз атасы жүктү, үптү санап көрсүн дейт. Күйөө жактан бир киши төө же ат жетелеп келип байлап жүктү санап көрөт да бир кадырлуу буюмду алып кетет.

**Чара көтөрүү** — куда бир малды союп бышырып чарага салып, бир атты жетелеп кыз атасына алып келет. «Каптын түбү, карындын кагынчыгы барбы?» деп сурайт. Кыз атасы даярдап койгон тогуздаган чапанды кийгизет.

**Толгоо табак** — кызды эртең аткара турган күнү кыздын ата-энеси: «толгоо табагыбызды берсин» деп отуруп алат. Куда бир малды союп бышырып, бир атты коштоп барат. Кыз атасы да чапан кийгизип батасын берет.

**Тойдо табак тартуу тартиби** — түндүк көтөрүлгөндө тойго малдар союлуп, эти элге тартылат. Учаны элдин аксакалына тартат.

**Кыз, күйөө жаткызуу** — эртең аттанат деген түнү күйөө менен кызды жаткырат. Көп жууркан төшөктөрдү төшөп жакшылап төшөк салат. Чыныгы күйөө менен кыздын кошулуусу мына ошондо болот. Жат-

кырар алдында күйөөдөн кыздын бир жеңеси «жеңге салар» деп алат. Күйөө жагынан жана кыз жагынан да бир топ зайыптар көшөгөнүн башынан «болбол!» — дешип, күйөөнү шаштырып турушат. Ошо замат эле чырак жарык болуп көрүлөт. Иш ак болсо кайын энелерге сүйүнчү барылат. Иш ордунда болбосо, күйөө кетем деп айта баштайт, арага кишилер түшүп, тартуу тартылып жарашат. Балким кийин жаман көрүү да ошондон болот.

Эртеси кызды аткарат. Кыз атасынан каалаган атты минип кетет. Кызды үйдөн аткарып жөнөтүп бир аз жерге барганда, кызды аттан түшүрүп, бетин жуудуруп кайта аткарылып жөнөтүлөт. Кыздын башына шөкүлө салат. Жасалгаларды төөлөргө жүктөп, каркыраларды сайып, төө жасалгаларын да окшотуп жасап, килем жабылат.

**Төшөк талашуу** — жерди тереӊ казып, төрт арканды катар эшип чубалтып таштап коет. Бүтүн эркек бир тарап, жалаң зайыптар бир тарап болот. Эркектер ат менен келип арканды бошотуп жулуп кетүүгө аракет кылат. Зайыптар суунун боюнда туруп, күл, улпактар менен эркектерге карай чачып, колдоруна тийгендерди сууга салып жыгат, зайыптарды эркектер да сууга салуулар болот. Аркан кээде жери менен омкорулуп кеткен учуру да болот. Эркектер жулуп кетсе кыз атасы бир нече чапан журтка берет. Зайыптар жулдурбай токтотуп калса, күйөө атасы зайыптарга бир тогуз мал берет.

Той берилип, кызды жөнөтүп жатканда күйөө жагындагылардын бирөө кыз атасынан бир баалуу буюмду уурдоого акылуу. Келин кайын атасынын айылына жакындаганда аттан түшүп жөөлөп, алдынан тозуп барган эркек, ургаачылардын бардыгына жүгүнүп бетин басып келет. Келиндин атын бир бала минип чаап айылга келет. Келиндин үйүн тигет. Келинди көргөнү келгендер күйөөсүнө «куш боо бек болсун» деп айтышат.

**Отко киргизүү** — келинди алып келген күнү кечинде күйөөнүн атасы мал союп айылдагыларды чакырат. Аш-тамактарды ичип-жеп болгондон кийин келинди кайын атасынын үйүнө киргизмекчи болгондо, эшиктин алдына туура ак чүпүрөк жайып коюлат, эң алдынан 3—4 зайып жүгүнүп кирет. Келиндин башына шуру шөкүлө, маңдайына бир ка-

дырлуу ак жоолукту илип койгон болот. Келин жүгүнүп кирет, бир адам тура калып жоолукту жулуп алат, отко май салган болот. Отургандар: «алдыңды мал, аркаңды бала бассын» — деп, толгон алкыштарды айтып алкашып турушат. «Келиндин жүзүн жакшылап көрөлү» дешкендер «башыңды өөдө көтөр» деген сөздөрдү айтып чуулап турушат. Келин чарчаганча жүгүнүп көшөгөгө кирет. Кайын ата менен кайын энеси келинге мал энчилеп жана казанаяк, туткуч, ж. б. беришет.

Келин эрте туруп бүтүн айылдын түндүктөрүн үч күнү тартат. Келин жаңы келгенде кайын атанын куда, достору аш-тамак, мал да алып келишип, куттукташат. Аларга куру койбостон буюмдардан берилет. Келин келгенине үч күн болгондон кийин кайын атасынын үйүнө кызмат кыла баштайт. Келинди кайын агалары да чакырып отко киргизишет.

**Күйөө качуу** — күйөө кайын ата, кайын энесине көрүнбөй качат. Башкалардан качпайт.

**Келин качуу жана тергөө тартиби** — келин кайын ата, кайын агалардан качат, терген атынан бир да айтпайт. Алардын караандарын көрбөйт. Аларга алда кайдан жүгүнгөндө алар алкайт. Келин кайын жеңе, кайын эже, кайын сиңди, кайын инилерди аттарынан бир да айтпай тергейт. Мисалы: Чоң акем, Мерген акем, Уста акем, Ортончу акем, Кичи акем, Аалынын атасы, Зайнаптын энеси, Чоң уул, Ортончу уул, Кичи уул, Ортончу бала, Кичине бала ж.б. Отунду деген кайын агасы болсо аны Термечик, кара болсо — ымырт, ж. б.лар менен тергеген.

**Келин көрүү** — Куда, достор мал союп келин көрүүгө келишет, аларга келиндин буюмунан берилет.

**Өкүл ата** — келинди кайын атасынын үйүнө отко киргизип жатканда, күйөөгө да, кызга да өкүл ата дайын кылынат.

Күйөөгө кыз атасы жагынан өкүл ата дайындалат. Күйөө мал берет, өкүл атасы тон кийгизет. Келинге уул атасы жагынан өкүл ата дайындалат, өкүл атага септен берилет, өкүл ата мал энчилеп берет. Келин өкүл атасына төркүлөп да барып мал алат.

**Келиндин тартиби** — жаңы келген келин эң уяттуу болот. Кайын ата, кайын эне жана сакалдуу киши, сакалдуу зайыптарга бутун сунбайт, аркасын салбайт, шак этип сүйлөбөйт, сылык жүрүштөр менен жүрөт,

кайын агалары үйгө келгенде көшөгөнүн ичинде туруп да жүгүнөт.

**Тергөөлөр** — кыргыз аялдары кайын ата, кайын эне жактын тууғандарын жана балдарын, кыздарын тергешет.

Кайын атасын — ата, кайын энесин — эне, кайын агалары бир канча болсо, аларды ар башка: чоң, ортончу, кичүү акем же Аалынын атасы, Зууранын атасы деп, кайын агаларынын аялдарын да чоң, ортончу, кичүү жеңем, же Жанектин энеси, Ажардын энеси деп тергелет.

Кайын аганын эркек, кыз балдары тергелбейт.

Акелерин: бий аке, уста болсо — уста аке, чебер аке, мергенчи болсо — мерген аке, молдо болсо — молдо аке деп тергеген.

Кайын инилерди: чоң уул, ортончу уул, кичине бала деп тергелет да, алардын аялдары тергелбейт. Кайын атасынын бир туугандары жана жакын туугандары бардыгы аялдары, балдарына чейин тергелип, кайын ага, кайын жеңелердин бардыгына жүгүнөт жана качат. Алар алкыш айтат: бай болгула, эркек балалуу болгула, теңир жалгасын ж. б. деп алкайт.

Кайын эненин эркек бир туугандарын — чоң, ортончу, кичи таякем, аялдарын таа жеңем, кыздарын тай эжем деп тергеп, таякелерден да качып, жүгүнөт.

Тергей тургандар аты Бокбай болсо бок деген сөздү тезек деп, кара болсо — ымырт деп, Термечик болсо — майда отун деп, Балта болсо — чоң керки деп, Сүтүкө болсо — саамал деп, Жылкыбай болсо — улуу баатыр деп тергеген. Ошондой заттарды да өз атынан айтпастан тергеген. Келин эч убакта тергөөчүлөрдүн үйлөрүнө жүгүнбөй кирбеген жана үйлөрүнүн төрүнө өтпөгөн.

Тергөөлөр эркектерде бир да болбогон. Күйөөлөр кайын атанын төрүнө чыгып отурбайт. Келиндер эч убакта тергөөчү ата, кайын ага, таякелерге бутун жылаңайлак жана жылаң баш, тамактарын көргөзбөгөн. Кайын ата менен кайын агалар эч бир убакта жаман сөз айтып ачууланбайт. Алар келинди силер ушундай болсоңор экен дегендей үлгү көрсөтүү менен сылык мамиле кылышат.

**Төркүлөө** — кыз келин болуп күйөөсүнө келгенден кийин эки жыл өтмөйүнчө атасыныкына барбайт. Эки жылдан кийин төркүлөп барат. Кыз төркүлөп барганда ата, эне, туугандарына кийимдер, мал союп, тамактар алып, бир ат жетелеп барат. Төркүн да кызды бүт кийгизип, кайын ата, кайын эне, балдарга чейин кийимдер даярдап кыздын энчисине малдар берип, каалаган ат, төөлөрүн берип жана мал союп көп тамактар бышырып куржунга толтуруп ат, төөгө жүктөп берет. Муну келиндин кешиги деп талап жешет. Кыз мындан кийин атасыныкына ар дайым бара берет, бирок эркек балдардай энчи кыздарга берилбейт.

**Ажырашуу** — кыргызда күйөөгө берген кызын эң катуу себепсиз чыгарып алуу деген иштер бир да болбогон. Себепсиз кызын бузуп чыгарып алса, анда «бата бузду, бул батага учурайт» деп эл чур деген. Узак өтпөстөн бата бузган киши чоң зыянга учурап бир башы жок болгон. Бата бузуп, баш ачуудан эң катуу корккон. Аялдын күйөөсү өлүп калып, туугандарынан башка алары болбосо гана аялдын башы ачылган.

## КУДА БОЛУУ*

Илгерки убакытта арадан жети ай өтпөй куда болууну мыйзамчылыкка санабай турган экен. Жана ак сөөк менен кара сөөк куда боло алуучу эмес экен. Алардын бирине бири намыс кылган себеби куда болбой жүрүп кийинки убакытта жигитке же болбосо малга карап куда боло берүүчү экен.

Куда болууда бирөө куда болмокчу болсо, өзүнүн айлы арасындагы элге-журтка кадырман кишини кыз атасына жиберип сөз салат. Куда болордо асты жүз жылкы, арты тогуз кара менен куда болот. Ошол жүз жылкыны айдап баргандар он-он беш же жыйырма киши болот. Кыз атасы үч-төрт эли казы чыга турган бээни союп, жадырап-жайнап күтөт. Кудаларды ошол күнү кондуруп, эгерде айылы алыс болсо үч-төрт күн

---

* Инв. № /1857/457

кондуруп, мурунку союлган бээнин эти түгөнүп кетсе дагы бир бээ союп конок кыла берет. Келген кудалар канча болсо ошончо кийит деген нерсе берет. Алар мына булар: тогуз дейилде (күмүш чапан), тогуз Кокон кымкап (баасы жүз койлук), тогуз булгун ичик (кундуз катарлуу нерсе, өңү кара күрөң тартып кубулуп турат. Жүнү кайсы жакка эңсейткен ошол жакка кадимкидей болуп төгүлүп турат), баасы жүз койлук, тогуз бучкак ичик (түлкүнүн бучкагы) баасы отуз кой чамасында, тогуз нооту чапан, бирөөнүн баасы бир ат, тогуз бейкасам чапан, бирөөнүн баасы беш кой, тогуз бачайы чапан, баасы үч кой. Бир анжыян топу (күйөөгө арнап бергени).

Бир мата же болбосо он кез болотнай, аны жыртып ошол жердеги отурган элге жүз аарчы чамасында айрып берет (аны актык деп атайт).

Кийитти кийгенден кийин тура калып күйөөнүн атасы «келин баланын атын айт» дейт. Анда куда: «жолуна эмне айтасың» дегенде күйөөнүн атасы бир төө же болбосо бир жакшы ат айткан соң кыздын аты баланча деп айтат. Андан кийин кыздын атасы «күйөөнүн аты ким» деп сураганда тигилер «жолуна эмне айтасың» деп сурайт. Анда бир кымкап, болбосо башка бир нерсе болсун деп айткан соң күйөөнүн атын айтып берет. Ошону менен келген кудалар ал жерде мал кеспестен кете берет. Эгерде келип калышса ошол кеп кылган жагы уят болуп калат. Ошону менен кыз, күйөө бойго жеткен соң күйөө баланы күйөөлөтүп жиберет. Күйөөнүн алып барганы: бир айгыр баштаган он байтал жана бир жакшы жорго болсо, чаап жүргөн бир жакшы ат алып барат. Андан башка жеңкетай дегенине бир ат алып барат. Ошол күнү кызды күйөөнүн жанына алып келип, эл жаткыча жанына отургузуп, андан кийин алып кетет. Кыздын жүз көрүшөрүнө бир байтал болсо, марттык кылса бир ат берет. Эртеси коюнга салар дегени болот. Ага бир бээ берет. Ошол түнү кыз, күйөө ынтымак менен түндү өткөрөт. Эки-үч күн түнөп, кетерге жакын кыздын жеңеси бир кой союп, күйөө, кызды чакырып конок кылып отуруп: «күйөө бала, сени таңам» деп айтат. Ошол жерде таңгандыгына бир ат берет. Атты алган соң бир тай союп ат жеткен жердеги кыз-келин жана жигиттердин бардыгын алып келип оюн салат. Оюнду таң

атканча ойнотуп күндүн мурду менен таратат. Кыз атасы күйөөнү бир сыйра кийиндирип жана күйөө жолдош болуп келген жигиттерге да бир кийимден кийгизип жиберет. Ошол сый менен күйөө бала үйүнө кетет. Бир далай убакыттан соң кудагый барат. Чамасы жыйырма жылкы, бир төө алып барат. Кудагый барып эки-үч күн конуп кайтарында үстүнө кымкап, башына элечек ороп тогуз түрлүү кийим берет. Кудагый дагы ошончолук сый менен үйүнө кетет.

Эми кыздын ата-энеси кудага барганда эч нерсе алып барбастан куру эле барат. Кудагый, кудаларды бир нече күнү кондуруп, кайтарында чамасы 200—300 кой, 40—50 жылкы, 2—3 төө, бир жорго, бир күлүк ат, анын бала-бакырасы келген болсо аларга дагы ат миндирип узатат. Андан кийин кызды алар убактысы келген соң, 3—4 киши менен айгыр баштаган тогуз байтал жана бир жорго айдап барып жооп сурайт. Малым бүтпөсө да каадам бүттү, келин болсо бойго жетип калды. Кана эмне аласыз? — деп, сураганда, кыз атасы жүз жылкы, беш жүз кой, тогуз жорго, төө баланча күлүктү, андан кала берсе кыз атасы нече агайын болсо, ошончо ат мингизесиң, жана бир күң, бир кул бересиң. Ушул айтылгандардын чыпчылгасын коротпостон бересиң — дейт. Ошону менен куда үйүнө барып бир бээнин этин бышырып, бир бээнин этин чийкилей, куйкалаган 4—5 ирик, үч соку кант, куржун башы өрүк, мейиз, кап-кап боорсок кылып, тогуз төөнүн жүгүн түшүрөт.

Жыгач ташы барып түшкөндөн кийин жанаат элин, катын-калачтарын чакырат. Катындар жыйналып келип куржундун оозун сөгөрдө, ак сакал байбиче ат байлап ырымын кылып сөгөт. Андан башкалары алы келгенче жол айтып сөгүшөт. Ошол сөккөн катындар өз оюу менен түрлүү даамдардан алат. Кыскасы тогуз төөнүн жүгүн тогуз катын сөгөт. Чара кулак (той качан болот деген сөз) дегенде бир тай союп, этин чоң чарага салып куда кыздын атасына көтөрүп барат. Аны жеп болгон соң, кыз атасы «ишиңди илгери кыл, түндүгүңдү көтөр» — деп уруксат берет. Түндүк көтөрөрдөгү ырым-жырымга бергени төшөк каптарына бир тай, жылкычыга (жылкычы деп жылкы кайтарган кишини айтат, айылдагы уландардын ала турган милдети) бир бээ ушул

ырым-жырымга берилгенден кийин, тоюна эки бээ, он аша кой, он бут чамасында күрүч менен той кылат. Тойду жеп болгон соң, «Төшөк талаш» деген оюн болот. Ал мындай: катындар бир жаат, эркектер бир жаат болуп, катындар эки орундун ортосу бир саржан чамасында кылып казып, эки ортосун көзөйт. Ошол көзөнөктөн алты арканды кошуп эшет. Дагы бир учун жогорку айтылган тешиктин көзөнөгүнөн өтпөй турган чоң ташка байлап, кептелтип коет. Ошол кептелген жаккы ороого топуракты толтуруп, катындар үстүнө олтуруп алат. Жан жагына күлдөн төгүп таштап, аркандын чубалжыган учун эркектердин колуна берип, жанындагы күл менен ура баштайт. Ошол убакытта эркектер жанына күч келип тартып кетсе мөрөй эркектердики болот. Эгер тарта албай калса мөрөй катындардыкы болуп бир төө, болбосо бир бээ алып тынат. Катындар алдырып жиберген болсо, эркектер эч нерсе бербей кетет. Айтмакчы: катындар ор казып жаткан кезде тогуз табакка эт жасап, эң үстүнө акча коюп катындарга алып барып «төшөк талашуу» дегенди коюңуздар деп өтүнүч кылып суранат. Эгер катындар макул алып койсо койду. Койбосо ошол табакты эркектерге алып барып жардам сурашат.

— Катындарга алып барсак болбой «төшөк талашмак» болду. Ошого бир жардамдар болобу — деп, өтүнүч кылган соң эркектер макул алат. Алды менен жөө-жалаңдап тартат. Ага болбой бара жатса ат менен да тартууга болот.

Ошону менен кызды эртеси бир жакшы ат мингизип чыгарат. Анын ээр токумун күмүш менен саймалаган, тегерегине бүтүн кундуз кармаган жүгөн-куюшканга чылк күмүш жапкан үй шайманы бут беш төөгө артуу жууркан-төшөктөн тартып тогуз килем, түлкү ичик, тогуз дейилде, тогуз Кокон кымкап, тогуз ноот кымкап, тогуз бейкасам, тогуз букар бачайы, андан башка жөн чапандан сансыз. Анын үстүнө эркек балалуу күң, кул жумшап берет. Атказууда кыз кыңшылатуу деген болот. Кызга дейилдени чүмкөп коюп, кыздын энеси, эжелери, жеңелери жана башка катындар кызга узатуу кошогун айтышат. Ал мындайча болот:

Ойдо жылан октолот,
Жаныкем —
Сенин олутуң жаман жоктолот.
Кырда жылан октолот,
Жаныкем —
Сенин кылыгың жаман жоктолот.
Ичигиң калды иргеде,
Менин ичегим жаман бирге эле.
Көйнөгүң калды иргеде,
Жаныкем —
Көңүлүм жаман бирге эле.
Жүк үстүндө айнегим,
Сүт үстүндө каймагым,
Таарынбагын тайлагым,
Таарынбагын ардагым —

деген өңдүү кошокторду ар кайсы катындар ар түрдүү айтып кошот. Анын жакын агайын туугандары жана инилери ыйлап-сыктап узатышат. Ошону менен бир жакын жеңеси куданыкына чейин ээрчитип барат. Андан кайтарда «сүт акысы» деп бир төө жана бир ат жетелетип жиберет.

## КЫЗ БЕРҮҮДӨГҮ АДАТТАР ЖӨНҮНДӨ*

Бойго жеткен кыздын кайын энеси биринчи жолу көргөндө: кайнене эшиктен кирип келгенде кыз ордунан тура калат, бирок жүгүнүү иши болбойт, качан келин болмоюнча. Кайнене кыздын бетинен өөп көрүшөт.

Кызды алаарда жыгач жүктөөр тою болот. Кыз атасы «өргөө көтөрөр» деп атайы колунда барлар өргөө деп боз үй жасап элким жерге тигип коюучу. Ал өргөөнү көтөрүп тиккен күнү бир кой союп башын бышырып түндүктөн ыргытат, эшиктеги балдар аңдып туруп талашып ала качышат.

Эт жеген эл «өргөөң куттуу болсун, өрүшүң жайык болсун» деп бата беришет. Кызды узатаарда жалаң гана «өргөөнү» бербестен жууркан-төшөк, алтыкат, шырдак баштап, керек болгон боз үйдүн сарамжалын толук берет.

---

Инв. № 307

Колунда бардар адамдар «жайып» берет. «Жайып» бергендин мааниси — 2—3 аркан керип туруп ошого толтура дүнүйөнү жайып элге көргөзүп, кыздын өзүнө жасалгалуу токулга менен бир ат мингизип берүүчү.

Кыздын жасалгасынын түрү болсо бөйрөмчөсүндө мергендин күпсүрү сыяктуу эки бетин саймалаган баштык байлап коюучу, жибектен боо тагып, анын ичине ийне, шакек салат. Ал кезде чөнтөк жок болучу.

Ал эми кыз оюн башталарда кыз атасынын буйругу менен айлындагы жакын көргөн адамынын үйүнө кыз оюн өтүүнү дайындайт. Ал үйгө күйөө «кыз ойнотору» деп бир нерсе алып барат. Кыз оюн бүткөндө кыз оюн өткөргөн үй кийит берип узатат.

Эгер күйөө кыз ойнотор бербей калса күйөөнүн атасы жагын кыз кыңшылатканда кыздын төркүнү тараптагылар:

Өрдөк моюн кызыл ат,
Өйдө чапсак желген жок.
Өйдөсү жок кайын атаң,
Өргөө жабар берген жок.

Кылыч моюн кызыл ат,
Кырга чапса желген жок.
Кылыгы жок кайтанаң,
Кыз ойнотор берген жок...

деп ырдан кордоп жиберүүчү.

*Каламкаш Суранчиева 66 жашта*
*Өйдөчекти (саяк) уругу, Дөдөмөл колхозу.*

## КЫЗ ОЮН*

Илгери кыздууларга уулу барлар куда болуучу. Кыз үчүн калың мал берүүчү. Күйөө колуктусун күйөөлөп келип, алып кетүүчү. Той-тамаша, кыз оюн болуучу. Күйөө колуктусу менен бир үйдө болуп, анын жанында күйөө тараптан күйөө жолдоштор, кыз тараптан кыздын жакын жеңелери, ошол айылдын кыз-келинде-

---

Инв. № /5230/592/

ри, боз балдар, жигиттер олтурушчу. Кечинде кыз-оюн баштоочу. Кыз оюнду баштоо үчүн 1—2 жигит үйдүн эшигинен 15—20 метр алыс жерден ырдап жай басып, кыз-күйөөнүн үстүнө кирүүчү. Бул шарт аткарылгандан кийин кыз, күйөө баш болуп, кыз-келиндер, боз уландар жалпы эшикке чыгышат да үйдөн 100—150 метр окчун барып, күйөө жигиттер менен бөлүнүп бир тарапта, алардан 15—20 метр аралыкта колукту, кыз-келиндер менен бөлүнүп бир тарапта олтурушчу.

Кыз оюнду баштоо алдында оюн башкарган келиндер токмок деген дагы бир нерсени шарт кылып күйөө тараптагы жигиттерден эки же үч жигитти токмокко жатуу үчүн чакырышат, ал жигиттер кыз-келиндер тарапка келишет.

Оюн башкаруучулар жигиттерди жаткырып, үстүн чапан, тон менен жаап коюшат. Оюн башкаруучу келиндер келген жигиттер экөө болсо, эки келинди же үчөө болсо үч келинди токмок урууга чыгарышат, алар токмок менен ар бир жигитти тарсылдатып үчтөн урушат. Мурунтан жигитке өчү бары токмокко жаткан жигитти катуу уруу учуру да болот.

Токмок — элечектин ээк алгычын же келиндердин башына салынуучу жоолуктарын чыйратып туруп, аны эшип койгон жана анын ура турган учуна тапса таш, кесек топурак, сөөк, таппаса аялдардын артындагы чач учтугун (сөлкөбайларды же сандыктардын, эшиктердин кулпуларынын ачкычтарын) салып туруп түйүп койгон нерсе.

Уруп бүткөндөн кийин «токмокту чечкиле» деп баягы жигиттерди урган келиндер токмокту жигиттерге беришет. Жигиттер токмокту алышып күйөө тарапка барышат да ошол тараптан токмокту колуна алып ыр ырдап, кезегинде токмокту эңкейип жерге бир уруу менен жай басып келиндерге келишет, токмокту оюн башкарган аялга (келинге) беришет. Ал келин токмокту алат да түйүлгөн нерселерди чечет, кийин жигиттерге токмок менен урган келиндерди алып келишет. Токмокко жаткан жигиттер өздөрүн урган келиндерди кээлери бир бетинен, кээлери эки бетинен өөп кайташыт. Ошондон кийин ырдоочуларга жол ачылып оюн башталат. Эми ар бир жигиттер, боз балдар өздөрүнү каалаган кыз-келиндеринин атын

атап ырдап колукту тарапка жай басып бирден барышат. Оюн башчы аялдар ырдап барган жигиттерге өзүнүн атын атап ырдап барган кызын же келинин колунан кармап тургузуп алып келет, жигит аны же бир бетинен, же эки бетинен өөп алып кайра өзүнүн тобуна келет. Айкалышып өбүшүүлөр да болот. Эми башкалары да ушундай жолдор менен ырдап бара беришет. Менин көзүм менен Чүй боорунан көргөн кыз оюндарым ушундай. Элден укканыма караганда илгери, илгери кыз менен жигиттин ортосуна чапанды узунунан салып таштап, кызды жигит эч жерин чапанга тийгизбей туруп өптүрүүчү экен. Эгер жигит бир жерин чапанга тийгизип койсо, анда кызды оюн башчылары жигитке өптүрбөй, кайра ырдатчу (штраф салуучу) экен. Кыз, жигитти айкалыштырып да өбүштүрүүчү экен. Айкалыштыруу — оң кол менен оң кол кармашат, сол кол менен сол кол кармашат, жигит кыздын оң бетин өбө турган болсо, кармашылган сол колдорду төмөн түшүрүп, кармашылган оң колдорду жогору көтөрөт да эңкейип барып кызды өбөт, кармашылган оң колдорду төмөн түшүрүп, кармашылган сол колдорду жогору көтөрүп, жигит эңкейип барып сол бетти өбөт.

Жигиттер 5—6 жолу ырдашып барышкандан кийин күйөөнү 5—6 жигиттер ортого алышып каз-катар турушат да колуктусу тарапка ырдашып, жай басып жөнөшөт, бара жаткан жигиттер кыз-келиндерге жеткенче кез-кезде жүгүнүшүп (салам салышып) барышат. Булар жеткенден кийин оюн башкаруучу келиндер күйөөнү колуктусунун жанына олтургузушат да жигиттерге бирден-бирден кыз-келинди алып келишет, ар бир жигит өзүнө арналып алынып келинген кыз-келинди өбүшөт да артына кайтышат. Мындан кийин да жигиттер ырдап барууну уланта беришет. Ырды көп билгендер көп ырдашат, аз билгендери аз ырдашат, ал эми ыр билбегендерине же үнү жаман болуп уялып, корунуп ырдай албагандарына ыр билгендери алар үчүн ырдап барып кыз, келин өптүрүшөт. Ошол учурда ыр билбеген жигит ыр билген жигитти жандап катар басат. Оюн ушул абал менен узун түндөрү түн ортосуна чейин, кыска түндөрү таң аткыча созулуп барат.

Моңолдор уруусунан Бокчу деген кембагал киши

кызын күйөөгө бермекчи болду. Кыздын күйөөсү менен бирге кудалары келишти, Кыз, келиндер кыз оюн курмакчы болушту. Болжол менен 15—20 чакты гана уландар чогулушту.

Кыз-күйөөнү кыз оюнга чыгаруу үчүн эшиктен үйгө ырдап келүүгө же кедей кызы болгондуктанбы, же ырдоодон уялгандыктанбы, же ыр билбегендиктенби эч кимиси макул болушпады.

Аялдар «Жанжигит сен ырдап кир» дешип калышты. Ошол мезгилде мен 8—9 жаштагы кезим эле, макул болуп, энемден, элден үйрөнгөн төмөндөгү ырларымды ырдап үйгө кирдим.

Алтымыш атан, алты атан,
Айдай келди кайнатаң.
Алты атанга пул жүктөп,
Бергени жатат өз атаң.

Жетимиш атан, жети атан,
Жетелей келди кайнатаң.
Жети атанга пул жүктөп,
Бергени жатат өз атаң.

Суу жээгинде сүтүкөн,
Сүтүкөн кайдан толду экен?
Сүрүп-сүрүп мал берген,
Кайнатаң кандай болду экен?

Аң жээгинде ак тикен,
Ак тикен кайдан толду экен?
Айдап-айдап мал берген,
Алганың кандай болду экен?

Эртең менен турарсың,
Эликтин изин кубарсың.
Эсиңе келбес адамдын,
Эшигин ачып турарсың.

Түндөн-түндөн турарсың,
Түлкүнүн изин кубарсың.
Түшүңө кирбес душмандын,
Түндүгүн тартып турарсың.

Карага салган көрпөчө,
Кадырың артык өзгөчө.
Кызылга салган көрпөчө,
Кылыгың артык өзгөчө.

Калып-калып-калып бар,
Кайналай бүткөн далың бар.
Безеленген бетиң бар,
Беш-бештен өргөн чачың бар.

Беш чачыңда беш тумар,
Бетиңизге биз кумар.
Он чачыңа он тумар,
Ойнуңузга биз кумар.

Самсаалаган саамайың,
Сар жылдыздай маңдайың.
Жазгы чыккан торгойдой,
Кайрылып сүйлөйт таңдайың.

Көлөкөлүү терегим,
Көркөмдүү бойлуу зирегим.
Кадырымды билген кардарым,
Сулуулар ичкен чардарым.
Сүйгөнүмдөн ырдаймын,
Жаман көрбө жайдарым!

Эгиз козу тармалым,
О бото көз, жал жалым.
Бир таман жакын бардарым,
Бир сүйлөшүп калбадым.
Ичимде кетип арманым —

деп күйөө-кыз жана кыз-келиндер олтурган боз үйгө кирдим.

## ТОЙ*

*(Той союу, кыз кыңшылатуу)*

Өргөө көтөргөндө эле бээ, уй, койдон эки-үчтү союп жиберет. Ошондо эле кызды кыңшылатып калат. Кызга бусурман кымкапты (башка) чүмкөп коет, бардык

кыздар ошого чүмкөнүп кошо кыңшылашат. Чуру-чуу, ызы-чуу болуп эле калат.

Анан кийин жеңелери көрүшө башташат. Көрүшкөн кезде кыз жалгыз кыңшылап калат. Бир тууган жеңеси биринчи көрүшүүнү баштайт.

## ЫНАГЫМ

Ынагым, кериге түлкү илгеним,
Ынагым, кейигеним билгеним,
Ынагым, босого түлкү илгеним,
Ынагым, бозоргонум билгеним.

Ынагым, кепич-маазы кийип өт,
Ынагым, келинчилик сүрүп өт,
Ынагым, байпак бир маазы кийип өт,
Ынагым, байбичелик сүрүп өт.

Ынагым, алтындан кылган үбөлүк,
Ынагым, атакең берди түбөлүк,
Ынагым, күмүштөн кылган үбөлүк,
Ынагым, энекең берди түбөлүк.

Ынагым, ак чатырдын танабы,
Ынагым, айылда кыздын манабы,
Ынагым, көк чатырдын танабы,
Ынагым, короодо кыздын манабы.

Ынагым, алтын куйрук ителги,
Ынагым, айды көздөй кагынат,
Ынагым, айда бир атаң сагынат.
Ынагым, күндү бир куйрук ителги,
Ынагым, күндү бир көздөй кагынат,
Ынагым, күндө бир энең сагынат.
Ынагыма күмүштөн сөйкө такканбыз,
Ынагымды күн тийгизбей бакканбыз,
Ынагыма күмүштөн сөйкө тагып ал,
Ынагыма күмүштөн сөйкө такпасаң,

---

Инв. № 306.

Ынагымы күн тийгизбей бакпасаң,
Кудагый, мына көпкө салып малыңды ал.

Ынагыма алтындан сөйкө такканбыз,
Ынагымы ай тийгизбей бакканбыз,
Ынагыма алтындан сөйкө тагып ал,
Ынагымы ай тийгизбей багып ал,
Ынагыма алтындан сөйкө такпасаң,
Ынагымы ай тийгизбей бакпасаң,
Кудагый, мына топко бир салып малыңды ал.

Ынагым, туу куйругу бир тутам,
Ынагым, тулпарды малым дебеңер,
Ынагым, тууганга жолдош болбогон,
Ынагым, кызды балам дебеңер.

Ынагым, аргымак жалы бир тутам,
Ынагым, атты малым дебеңер,
Ынагым, жалгызга жолдош болбогон,
Ынагым, кызды балам дебеңер.

Байыркыдан калыптыр,
Баракан[1] кызын бериптир,
Илгеркиден калыптыр,
Эшимкан[2] кызын бериптир.

Ак кымкаптын гүлүндөй,
Ак тикендин бүрүндөй,
Көк кымкаптын гүлүндөй,
Көк тикендин бүрүндөй.

## ЭНЕСИНИН КӨРҮШКӨНҮ

Айланайын кулунум, саймалуу жоолук колуңда,
Айланайын кулунум, сайман калды ордунда.
Айланайын кулунум, кешенем* булга толобу,

---

[1] Баракан — Тайлакты жекеме-жекеде, Шабданды качырган чоң баатыр.

[2] Эшимкан — илгерки баатыр.

Айланайын кулунум, келиним кыздай болобу,
Айланайын кулунум, булунум булга толобу,
Айланайын кулунум, уулум кыздай болобу.

**Кийит кийгизүү** — күйөөнү аябай мыктап бир сыйра кийинтет.

Күйөөнү тоноп: төшөк кайтарарым, өтүк ултараарым, дүкөн жабаарым деп да алышат.

**Той** — тойдун союшун союп этин бышыра берет. Мал жума күнү союлат.

**Садага кагуу.** Бир жагынан атайы бир улак союп, анын өпкөсүн күйөө менен кызга чабат. Кызды күн батышты (кыбыланы) күйөөнү күн чыгышты көздөй аркаларын тийиштирип отургузушат да эки жактын жеңелери өпкөнү талашат, мурун өзүбүздүкүнө чабабыз деп кыз жак өктөмдүк кылат да (көбүнчө мурун алып өпкөнү мурун кызга, анан күйөөгө чабат) кан болбос үчүн экөөнө бир нерсе чүмкөшөт. Чаап бүтөрү менен өз жеңелери коштоп алып, өргөөнү көздөй сүрөп чуркашат. Акыры кызды мурун жеткиришет да (көбүнчө) киргенде сол, чыкканда оң жагындагы босогодо керегенин саканагын кармайт (мурун келгени) да кирип отурат (эр жагындагы салынган шырдакка отурушат). Колукту жогору жагына отурат. Бул күүгүмдө, күн бата болот.

## КЫЗ ОЙНОТУУ

*(Кыз оюн)*

Күүгүм кирген кезде айылдагы бир мыкты тууганынынкына алып барышат. Жигиттин атасы «кыз ойноторум» деп бир ат же бээ, жок дегенде бир тай берет.

Жалаң кыз-келин, жигиттин баары ошол үйдө жыйналат. Ал атайы көтөргөн үй болот. Баары жасанып келет. Кыз-келиндер үйгө толуп, жигиттерге орун тийбей калат. Анда эшикти түрүп коюп тегерете алакийиз, шырдак салып уй мүйүз тартып жигиттер отурушат.

Бир жакшы ырдаган шылуун жигит ырдап кирет да жеңесине (шылуун келинге) кызды тургуздурат. Ал экөө (курдан, жоолукту эшип токмок кылат) көрүшөт: аркаларын тийгизип туруп экөө тең оң кол-

дорун көтөрүшүп айкалышып өбүшөт да жигит көкүрөктөн ылдый сылап эңкейип кайра сол колдорун көтөрүп дагы айкалышат. Анан башкалары да ырдап келип каалаганына токмок салып (токмокту ургаачынын алдына сылай салып) жанагы тартипте көрүшө беришет.

Айгыр жалдын терме таш,
Ала койсом оттук таш,
Алты жылдан бери кыз өппөдүм,
Жараткандын боору таш,
Арман күн ай!!!

деп жигиттер ырдашат.

Эгер токмокту бош кармап кыз-келиндерге алдырып койсо:

Ай төбөдөн тоголок,
Токмогум колдон жоголду,
Токмогум алган ким болду? —

деп көпкө ырдайт. Ошентип түн ортосуна чейин, уйку келгиче ойношуп тарашат. Кыз оюндан кийин күйөө-кыз, жеңе, жолдоштору менен ошол жерде, бошоткон үйгө эле алып барып коноктошот.

**Жээн табак** — жасалган табактардан жээндер чогулуп бирди кармап жейт. Муну «жээн табак» дейт.

Мында көпкөрү, байге, эңиш, күрөш болбойт. Эртең менен жай туруп чайлангандан кийин кыз ойнотуп кондурган үй ээси кыз-күйөөгө кийит кийгизет, жууркан-төшөк ж. б. берет. Анан үйүнө узатат. Анан кыздар атасынын үйүнө — күйөө кийирчүү үйгө киришет.

**Чач өрүү, жүк көрүү** — бир кой соет, этти салат, жүктү жыят да жүк көргүлө деп кудагыйларга айтылат. Кудагый тарап ат, тай жетелеп келип жүк көрөт.

Кийит, бүткүл жасалга камылгасы менен, ичик, кымкап ж. б. илинет. Сеп — кыздын кара боюндагы гана кийими.

Куда, кудагый киргенде — кудага бир кийит, ал эми кудагый жүктү көргөндөн кийин «көчүккө басарым» дейт да өзү каалаган буюмун: жуурканбы, ичикпи ж.б. кымбат буюмду алып көчүгүнө басып отуруп алат.

Койдун этинен байбичелерге бир табакты жакшы-

лап жасап келип (табакка куйрук салынат) аксакал байбиче куйрук менен сылап кыздын чачын өрөт да ак жоолук салып, чачына чачпак, чолпу, шуру, чач мончокторду тагат.

Чач өрүлгөндөн кийин кыз-келиндер чогулуп кыздын кымкабына чүмкөнүшүп дагы бир жолу кыңшылатып көрүшүшөт. Анан кыз атасыныкына кайра отуруп калат. Баары жайланды.

**Кызды жаткыруу** — кыздын атасы союш (бээ, тай) союп кудаларды аябай коноктойт. Эт жегендер да тарайт, кеч болот.

Көтөргөн өргөөгө тизеден кылып төшөктү салышат. Жеңелер «төшөк салар» алат. Күйөөнүн мандаш урунтуп кийимчен төшөк үстүнө отургузуп күттүрүп коет. Кызды ак кийизге салып жеңелер көтөрүп келишет.

Жеңелер куда, кудагыйларынан жана кыздын атаэнесинен кыздын тазалыгы үчүн «эркек төрөдү» деп келип «актыгына» сүйүнчүсүн алышат.

**Атказуу** — кызды аябай жасап, бүркөнчөктөп элечек салат. Жакшы ат мингизет, аны да аябай жабдыйт. Жакшы төө жетелетип, аны да аябай жасап, өргөөсүн (себин) жүктөп кызына жетелетет.

Кызды атказарда элечек салганда дагы кыңшылатып, дагы көрүштүрүп, анан аткарышат, казанбакты астына кое коюп туруп аткарышат.

Кайын энеси жетелеп жөнөйт. Жөнөй бергенде кыздын энеси «кырей, кырей (кыруу, кыруу) кайрыл — деп, үч чакырып калганда кыз оң жагынан кайрылып үч карайт да узай берет. Короодон чыга бергенде кошо баскан жеңе, кыз-келиндер кызды түшүрүп, бетин жууп кайра аткарышат да узатышат.

Күйөөлөр болсо чогуу аттанып, өздөрүнчө эле кете беришет. Жолдогу айылдын келин, кыз, жигит-жаландары аркан тозушуп, жоолук, билерик, шакектер алып кое беришет.

Кызды жеңеси жеткирүүгө барат. Айылга жакындаганда алдынан кыз-келиндер тосуп чыгып, келинди түшүрүп жандап жөнөшөт. Атын бир илбериңки иштүү бала минип «жаталак меники» дейт, мен «меники дейм» деп чапкылап барат. Турган эл сеники дешип түшүрүп коюшат.

**Чачыла** — боорсок, өрүк, мейиз көтөрүп бир байбиче чыгат. Аны «чачыла» деп келин-кыздар талап жешет.

Келин жүгүнөт (кулдук урат). Келинди алып барып бир жакынынын үйүнө кийирет. Келин кулдук уруп (жүгүнүп) кирет. «Кудай жалгасын», «бай бол» дешип байбичелер ж. б. алкашат. Келин эки колду боорго алып, үч жолу эңкейип жүгүнөт. Илгери утуру бир тизесин бүгүп, бир колун ошо тизеге, бирин маңдайына таяп алып жүгүнчү экен. Келинге той (бээ, тай же кой) соет. Айыл-ападагылардын бардыгын чакырып тойду таратат. Төш жана ушу сыяктуулардан бир табак этти алып коет.

**Отко кийирүү** — келинди кайын атасыныкына алып келет. Келинге бүркөнчүк жабылуу болот. «Бүркөнчүктү алабыз» дешип балдар аңдып турушат да келин үйгө кире бергенде балдар бүркүнчүктү ала качышат.

Келин жүгүнүп кирет, кайын ата, кайын энеси: кудай жалгасын, ырыс-кешиктүү бол, «алдыңды бала бассын, аркаңы мал бассын» деп алкашат. Келин кайнатасынан бетин колу менен далдалап алып көшөгөгө кирип кетет.

**Энчилөө** — баягы тойдо алып коюлган этти келин келгенде чогулуп жешет. Анан кайын энеси: «балам, казандын бир кулагын, туткучтун боосун, эки сузгунун бирин, бир аяк жана ит-аяктын боосун бердим» дейт.

Кайын атасы: «баландай төөнүн туула турган тайлагын, байтал бээнин кулунун, чебичтин тууй турган улагын, токтум тууйт — козусун берейин» — дейт.

*Айткан: Батый Чолпонбаева, 1946-жыл.*
*Жазган: Абдразаков Өмүрзак.*

## ТОКМОК САЛУУ*

*(Күйөө жолдоштун ыры)*

Согончокко тиер-тийбес чачы бар,
Он беш жашка чыгар-чыкпас жашы бар,
Кайрат кылып бел байлап,
Табат элем калың мал.

---

Инв. № 546

Жайылма сенин жериң таш,
Жыйырма эки биздин жаш,
Жыйылып ойноп бир жүрбөй,
Болгон экен бооруң таш.

Ортотокой, Көтмалды,
Ойлосом жерим көп калды,
Айланайын булагым,
Өзүңдөн асыл жер барбы.

Кызыл тоонун боорунан,
Кырып алдым жошону,
Кылыкташтан айырган,
Кудайга койдум ошону.

Кара тоонун боорунан,
Казып алдым жошону,
Кадырлаштан айырган,
Кудайга койдум ошону.

Ак тикен чыгат бүр байлап,
Айылдаш жүрдүк бир жайлап,
Алар элем мал болсо,
Азабыңа бел байлап.

Сууга салдың салынды,
Ичиме салдың жалынды,
Ой бала деп эркелеп,
Кетирдиң жаман алымды.

Карадан кылган күрмөчө,
Каңгырайт үнүң сүйлөсө,
Калган кадыр, чыккан жан,
Кайрылып келбейт үндөсө.

Мен секет деп ырдаймын,
Сейил күтүп жыргаймын,
Секетим менен сүйлөшсөм,
Сел келатса туйбаймын.

Ак жамгыр жаады ным болду,
Айкалып ойноп жатканда,
Токмогум алган ким болду?
Көк жамгыр жааса ным болду,

Көйкөлүп ойноп жатканда,
Менин токмогум алган ким болду?

Токмогум башы тоголок,
Толгонуп ойноп жатканда,
Токмогум кантип жоголот?

Кой ичинде уландар,
Оюнга келген отуз эки уландар,
Токмогумду сен алдың,
Сен албасаң ким алат,
Токмогумдун күйүтү,
Тогуз камчы сүйүнчү.

Жылкы ичинде байталдар,
Оюнга келген катын деген шайтандар,
Токмогумду сен алдың,
Сен албасаң ким алды,
Токмогумдун күйүтү,
Тогуз жоолук сүйүнчү.

Кой ичинде эркечтер,
Оюнга келген отуз эки бийкечтер,
Токмогумду сен алдың,
Сен албасаң ким алды,
Токмогумдун күйүтү,
Тогуз топчу сүйүнчү.

*Кыргыздын оозеки эл чыгармачылыктарынан,*
*1982-жыл.*

## КЫЗ ОЮНУ*

1922-жылы кыздын ойнунда болдум, кыштын күнү декабрь айынын аяк чени. Малдуу-алдуулар согум союп жаткан кез. Ырдыктын Эки-Чатында Ыстам уулу Балтабайдын жыгач үйүндө окуп жатабыз.

Ырдыктын башы экиге бөлүнөт. Күн чыгыш жагын «Омор-Тоо», күн батыш жагын «Көк-Жайык» дейт. Көк-Жайыкта бүгүн кыздын ойну болот дейт деген кабар чар тарапка угулду. Чойбектин кызы Ба-

---

Инв. № (5227) 589

тыйнанын күйөөсү келиптир Ырысбайдын уулу Ырыскулу Жети-Өгүз азыркы «Үлгү» колхозу согумга эки бээ, жеңкетайга 100 кез кездеме, тынуусуна бир тай жетелеп, ал эми эшик ачар, жүз көрүшөр, коюнга салары башка деп айылдагы зайыптар чуулдашып кеп салып жатышат. Ырысбай менен Чойбектин даңкына караганда бу дагы аз дешет. Бүгүн кечинде Керимбайдын уулу Ыйсанын зайбы оюн салууга ар кайсы кокту колот Кайбулак, Ташбулак, Омор Тоо, Үч-Күңгөй, Эки-Чат арасы Сар-Жонго чейин эки ат менен эки жакка, келин, кыз, боз уландарга кабар берип чакырып жүрөт деген кабар чагылгандай угулду. Муну уккан кыз-келиндер боз уландар ар кайсы айылдан, кокту-колоттон иттерди абалатып, чуулдатып жөнөп жатышты. Бутта чокой, куур тон, куур шым менен бассам, турсам куудурап эл артынан мен да бардым. 12 канат боз үйдүн ичи кыз-келин, боз уландарга жык толгон экен. Туурдук менен ууктун ортосунан шыкаалап жаткан улгайып калган байбичелер. Күйөөнүн жогор жагында кыздар, күйөөнүн төмөн жагында күйөө жолдош менен жигиттер. Үйдүн эр жагы боз уланга жык, чыгдан казан-аяк жагы кыз-келиндер биринин артына бир отурушат. Азырынча чүкө оюну, кан жасоол, ачакей-жумакей ойноп жатышкан.

Эмесе, оюн башталды деп, кыздын жеңеси Бүбүш чоң суу жоолукту эшип жиберип күйөө жолдошко токмок салат. Күйөө жолдош туруп, токмокту колго алып ырдайт:

Келиндер токмок уруңар,
Кыздар бир токмок уруңар.
Кызыгышып ойносок,
Кызыктуу оюн мунуңар.
Бетегелүү сайдайым,
Бели кындай айдайым.
Эки энени тел эмген,
Тел карабоз тайдайым.
Аркаңда шуру чач мончок,
Ар качан көрсөм көңүл ток.
Айткан менен зарланып,
Айылда сиздей асыл жок.
Шакек салган колуңуз,
Мунакей сиздин жолуңуз.

Айып көрбөй жеңеке,
Жар көрүшүп коюңуз,—

деп токмок менен келинди сылап коет. Келин туруп жар көрүшөт.

Мындан кийин кыздардын арасынан бири туруп, өзү сүйгөн бир жигитке токмок салат. Жигит токтобой эле тура калып ырдайт:

Самсаалаган саамайың,
Сар жылдыздай маңдайың,
Сагыныша келгенде,
Сар баладан таттуу таңдайың.
Көшөгө тартып уктайсың,
Көңүл ойдон чыкпайсың.
Оймогуң боосун мыктайсың,
Оюнда бозой турган соң,
Ойлонбой кантип уктайсың.
Шакегиң боосун мыктайсың,
Санааңда бозой болгон соң,
Санабай кантип уктайсың.
Көңүлдөш бозой келгенде,
Көмөкөйдөн жыттайсың.
Беш-бештен өргөн берметиң,
Адамдан артык келбетиң,
Беш ай оору болгондо,
Мени бир жаман декдеттиң.
Алтыдан өргөн берметиң,
Адамдан артык келбетиң.
Алты ай оору болгондо,
Мени бир жаман декдеттиң.
Билерик салган колуңуз,
Мынакей сиздин жолуңуз,
Өөдө туруп Күлайым,
Чоп эттирип коюңуз.

Келиндер, кыздар биринен сала бири туруп токмок салышып, жигиттерди ырдата беришет. Аркасы менен жар көрүшөт. Бет маңдай туруп, ортосуна жууркан таштап, этегин жуурканга тийгизбей колду кайчылаштырып беттен өбүшүп жар көрүшөт.

***Жигит:***
Ырда десең ырдайын,
Кызылдын кырын кырдайын.
Кызыл оймок, жез тырмак,

Кыздарды кошуп ырдайын.
Аркар моюн кара көз,
Кичи пейил уяттуу,
Келинди кошуп ырдайын.
Жакшы келин белгиси,
Жарык болот кабагы,
Кайырлуу болот тамагы.
Кичи пейил уяттуу,
Жаш баладай кыялы.
Ал өңдөнгөн келиндер,
Шарияттын чырагы.
Келиндердин жакшысы,
Кездеменин чытындай.
Кылган иши оп майда,
Машийненин ишиндей.

Кемпирлердин жакшысы,
Ийи майда матадай.
Ичи пейли кең болсо,
Майы карыш учадай.

Абышканын жакшысы,
Уулу, кызы көп болсо,
Үйрү өскөн букадай,
Бейишке чыккан сыпаадай.

Баракелде дешип отургандар кыраан каткы күлүп калышат.

**Дагы бир жигит:**
Алдым колго карындаш,
Ак кагазга жаздым кат.
Анык айтып жооп бер,
Сурмалуу көз, кыйгач каш.
Сундум сизге колумду,
Болоор деп ишим орундуу.
Тилекке каршы келбесең,
Чындап жаям торумду.
Аркырап аккан чоң суудан,
Аргымак минсем кечким жок.
Айнектей болгон кара көз,
Асты айлыңдан кетким жок.
Күркүрөп аккан чоң суудан,
Күлүктү минсем кечким жок.

Күзгүдөй болгон кара көз,
Күндөй айлыңан кетким жок.

Ай тийген тескей тептегиз,
Адырга баккан кой семиз.
Ойноор чакта ойноп күл,
Оролуп келбейт он сегиз.
Күн тийген тескей тептегиз,
Күңгөйгө баккан кой семиз.
Күлөөр чакта күлүп ал,
Айланып келбейт он сегиз.

Күн тийген тескей түз болот,
Күмүштөн соккон уз болот.
Күндө чачын таранган,
Күзгүгө бетин каранган,
Күмүш көкүл кыз болот.
Күмүш көкүл кыз менен,
Күйөрман жигит дос болот.

Ай тийген тескей муз болот,
Алтындан шакек уз болот.
Айда чачын таранган,
Айнеке бетин каранган,
Алтын көкүл кыз болот.
Алтын көкүл кыз менен,
Алышман жигит дос болот.

**Дагы бир жигит:**
Көл жакалай соносуң,
Көлгө барып коносуң.
Көгүчкөндөй кулпунуп,
Кимдин жары болосуң?

Сай жакалай соносуң,
Сайга барып коносуң,
Сагызгандай кулпунуп,
Кимдин жары болосуң?

Эки бетиң албырып,
Алманын кызыл гүлүндөй.
Жоолуктан чыккан саамайың,
Тоту куштун жүнүндөй.

Ар ким жүрөт жете албай,
Күкүк менен Сейнептей.
Кошулмак кыйын эки ашык,
Кара жер менен асмандай.
Сүйлөсө сөзгө сылыгың,
Мектепке берген баладай.
Канткенде секет унутам,
Эсимден кетпейт кылыгың.

Көйкөлгөн шибер ыраңды,
Көчүп консо буларды,
Көйнөкчөн басып, үй тиксең,
Ошондо көөнүм кубанды.

Жайкалган шибер ыраңды,
Жайласа элиң буларды.
Жайкала басып, үй тиксең,
Ошондо көөнүм кубанды.

Жайлоонун башы жашылдан,
Ай, жылдызы жашынган.
Айдай болгон муңкөзүм,
Жаралдың кандай асылдан.

Тийсе жерге көйнөгүң,
Дегеле сендей көрбөдүм.
Койнуңда жатып бир түнү,
Колуңда кандай өлбөдүм.

**Дагы бир жигит:**
Кыргыек деген кыйын куш,
Кызыл таш бойлой конгон жок.
Кыш жарашып ойнорго,
Кыштообуз бирге болгон жок.

Жагалмай деген жакшы куш,
Жалпак таш бойлой конгон жок.
Жаз жарашып ойнорго,
Жайлообуз бирге болгон жок.

Ойлонтот сенин заманың,
От болуп күйүп жанамын.
Кайда жүрсөң аман жүр,
Угулса болду кабарың.

Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлуу болсоң озорсуң.
Сабырсыз болсоң осолсуң,
Жашык болсоң курчуң жок,
Барган сайын бошорсуң.
Санаанда болсо жашчылык.
Самаган жерден тозорсуң.

Белестеги беш теке,
Мергендерге жолуксун.
Мелтиреген сулуулар,
Ырыстуу эрге жолуксун.
Адырдагы алты эчки,
Аткычтарга жолуксун.
Жаркыраган ак маңдай.
Ардактуу эрге жолуксун.

Шилби шыйрак, шиш аяк,
Өзүндөй эрге жолуксун.
Жоон өпкө, күрсүлдөк,
Көйрөңдөргө жолуксун.

Ак кочкордой маңкайган,
Күлүк аттай шаңкайган.
Бели ичке, бети айдай,
Бою узун кара көз,
Так өзүмө жолуксун.

Кырды кырдай баскан көп,
Кыргыек сындуу буудан көп.
Кыз досунан ажырап,
Кыйналып жүргөн мындан көп.

Жарды жардай баскан көп,
Жагалмай сындуу буудан көп.
Жар досунан ажырап,
Жалдырап жүргөн андан көп.

Коюмду жайдым коктуга,
Жибек алдым токтуга.
Токтуга алган жибегим,
Кыз досум сени санасам,
Токтобойт менин жүрөгүм.

Эчкимди жайдым шыбакка,
Жибек алдым улакка.
Улакка алган жибегим,
Кыз досум сени санасам,
Уктабайт менин жүрөгүм.

Бетиң кызыл табылгы,
Бейпайга салдың жанымды.
Мелдешкен жерим сен үчүн,
Бет алып бастым айлыңды.

Айыл бир конуп чар жайыт,
Жете албай калдым саргарып.
Айлың конду кептештен,
Ажырап калдым жетпестен.
Аман болсом барамын,
Күдөр үзүп кетпестен.

Ойносо оюн бар экен,
Оюндун түбү зар экен.
Ойноп жүрүп айрылса,
Ооругандан ары экен.

Күлсө бир күлкү бар экен,
Күлкүнүн түбү зар экен.
Күлүшүп жүрүп айрылсаң,
Күйүттүү иштен ары экен.

Суууга салдың залыңды,
Ичиме салдың жалынды.
Ой бала деп эркелеп,
Кетирдиң менин алымды.

Упадай бетиң нурланган,
Уландар көрсө муңданган.
Алганым сендей болбосо,
Упасыз өтсүн шум жалган.

Сарала таш Шамшыдан,
Сарала бүркүт шаңшыган.
Сандыргалап мен барсам,
Конуп кеткин бүгүн деп,
Кое бербей камчыдан,
Чукуранып ойгонуп,

Оң жагына толгонуп,
Таңга маал болду деп,
Чымчыктар талга конду деп,
Сагынганда келди деп,
Санаасында ойлонуп,
Жүрөмүн деп сабылып,
Жүрөгүм далай сагынып,
Кечигесиң келбейсиң,
Кеттиңби маа таарынып?

Атайке менен Чым-Коргон,
Сандалып баспайт сур жоргом.
Ашыктыктын белгиси,
Ар убак эстеп ойлонткон.

Кынама кийип белиңе,
Кызыгам сенин кебиңе.
Мен айранмын өзүңдүн,
Көңүлүңдүн бегине.

Карарып көзүң кылгырып,
Какшык айтып жылдырып.
Качан колго тиесиң,
Кара жанды тындырып.

Ак оромол колго алган,
Ак жибектен нурланган,
Алганым сендей болбосо,
Аңтарылсын шум жалган.

**Дагы бир жигит:**
Ак-Сайдын башы көл болот,
Ак-Сай бир асыл жер болот.
Акылдаш өөдө көчкөндө,
Менин айламды тапчы ким болот?

Көк-Сайдын башы көл болот,
Көк-Сай бир асыл жер болот.
Көңүлдөш өөдө көчкөндө,
Менин көңүлүм тапчу ким болот?

Кош Кара-Көл шарпылдак,
Короондон чыксаң жаркылдап,

Ошол кезде туш келбей,
Кыйчалыштап биздин бак.

Тосор менен Тамгадан,
Токтолбой жүрөк армандан,
Тогуз жарым жыл ойноп,
Өтүп кетсек жалгандан.

Бапа менен Желдеңден,
Байкабай жүрүп сенделем.
Ак-Терек менен Чычкандан,
Акылың артык ар жандан.

Ашыктык түшүп оюма,
Артыңдан жүрүп сандалам.
Даркан менен Саруудан,
Таппадым сендей сулуудан.

**Дагы бир жигит:**
Атырылып ашынган,
Арыктын суусу сен болсоң.
Желпилдеп өсөт элем го,
Жээгинде камыш мен болсом.

Ак зоодо бүркүт мен болсом,
Ак көлдө Чүрөк сен болсоң.
Илип алсам жериңден,
Имерсем кымча белиңден.

Белестен чыксаң жылт этип,
Беш көкүлүң көргөндө,
Жүрөгүм кетет зырп этип.

Ак-Кочкор менен Шалбаңдан,
Акылың артык ар жандан.
Айланды таап сизди албай,
Аңтарылсын шум жалган.

Кең Жети-Өгүз, Ысык-Көл,
Жердеген аны биздин эл.
Алыска көчүп сен кеттиң,
Ардагым секет эсен бол!

Шор-Булак менен Жонбулак,
Кош убак кылам мен ырдап.
Айлымдан издеп таба албай,
Арманда жүрөм мен чунак.

**Дагы бир жигит:**
Ырдыктын суусу Эки-Чат,
Эстесем жүрөк бузулат.
Маңдай жагың Таш-Булак,
Барууга чолом кайсы убак,
Убагында бара албай,
Уят болуп сынды шак.

Ырдык менен Челпектен,
Ырдап бир жүрүп изденем.
Ашыгым сендей таба албай,
Арманда болуп сенделем.
Бөрү Башта Сарт калмак,
Бөксөлөй тартып биз бармак.
Мөлтүрөгөн сулууну,
Ошол жерден биз тапмак.

Кереге-Таш, Сар-Камыш,
Келбетиң көрүп зарлайбыз.
Түшүп калдык артыңдан,
Жете албасак көп намыс.

Адырдан чыксаң кылт этип,
Аркаңда чачың булт этип.
Аркаңда чачың көргөндө,
Жүрөгүм кетет зырп этип.

Көл башында көп бугу,
Көз айнектей көп сулуу.
Көп сулуудан бирди албай,
Көңүл жетсе мал жетпейт,
Көкүрөктүн көп муңу.

Айтайын бир кеп деп келдим,
Ак келин, көтөр башыңды.
Атайы сиз деп келген соң,
Аачыгын көз жашымды.

Сүйлөйүн бир кеп деп келдим,
Сүрөтүм, көтөр башыңды.
Атайы сиз деп келген соң,
Сүртсөңчү көздөн жашымды.

Алмалуу булак алаша,
Алмасы чыгат жанаша.
Алмасы менен бир уруп,
Адамга салдың тамаша.

Жийделүү булак алаша,
Жийдеси чыгат жанаша.
Жийдеси менен бир уруп,
Жигитке салдың тамаша.

Агырым көлдүн жакасы,
Ак боз аттын такасы.
Айтмайынча жазылбайт,
О кургур, Күңүтай кыздын капасы.

Көгүрүм көлдүн жакасы,
Көк боз аттын такасы.
Көрмөйүнчө жазылбайт,
О кургур, Күңүтай кыздын капасы.

Как белесте бүргөн бар,
Кайым айтып жүргөн бар.
Как элес боюн көргөндө,
Далайдын ичи күйгөн бар.

Сырты бийик сыпайы,
Өскөн эле турбайбы.
Сыртты көздөй биздин эл,
Көчкөн эле турбайбы.

Көчкөндө төөң оңдоюн,
Бурулуш тарткан жер келсе.
Имере кармап ак келин,
Ак эмчектен толгоюн.

Алкымың айдын абласы,
Эмчегиң күндүн шооласы.
Сен бетиңен бир өпсөк,
Аманат жандын соодасы.

Бетиң бир аппак банардай,
Эмчегиң бышкан анардай.
Түшүмдө көрүп мен сени,
Сыйпалаймын таба албай,

Топ-топ учкан таранчы,
Тобун жазбай саначы.
Топ келиндин ичинде,
О, кургур, Күңүтай барбы карачы.

Көк-Ойду шамал айдады,
Көңүлдү селки байлады.
Сар-Ойду шамал айдады,
Санааны селки байлады.

Сар-Ойдогу сан айыл,
Биздин айыл болсочу.
Санаадагы секетбай,
Биздин кайын болсочу.

Көк-Ойдогу көп айыл,
Биздин айыл болсочу.
Көңүлдөгү секетбай,
Биздин кайын болсочу.

Жайлоонун башы жашылдан,
Ай жылдызы жашынган.
Айдай сулуу муң көзүм,
Жаралдың кандай асылдан.

Жайлоонун башы жаш шибер,
Жарокер секет кат жибер.
Кат жиберсең барайын,
Кадырыңды алайын.
Кат жиберсең барбасам,
Кардыгың тартып калайын.

Көк оромол колго алган,
Көк жибектей нурланган.
Көргөнүм сиздей болбосо,
Көз ачык өтсүн шум жалган.

Суусун кечтим Нарындын,
Турмушка бүгүн таарындым.

Алганың турса жанында,
Кубаныч болот жаныңдын.

Ак-Суунун башы Балгынды,
Ак-Байтал, Кең-Суу салкынды,
Айтпай кантип кой дейсиң,
Жеңеке! Ичим толгон дартымды!

Көк-Суунун башы Балгынды,
Көк-Байтал Кең-Суу салкынды.
Айтпай кантип кой дейсиң,
Жеңеке!
Көрүнөө турган дартымды!

Сүлөсүн ичик суйсалсаң,
Суйкайып барып суу алсаң.
Жүрөгүм сыздайт көргөндө,
Күлүп коюп муңайсаң.

Жайлоонун башы бүрдөйдү,
Жайма этегиң түрдөйдү.
Жанытып адам кеп айтса,
Куу чечек!
Жабырабай жүр дейди!

Кыштоонун башы бүрдөйдү,
Кыйма этегиң түрдөйдү.
Кыйытып адам кеп айтса,
Куу чечек!
Кыбырабай жүр дейди!

Карарган тоонун кары бар,
Какшаган эрдин зары бар.
Какшаган зарга жеткизген,
Кара аргымак жаныбар.

Бозоргон тоонун кары бар,
Боздогон эрдин зары бар.
Болжошкон жарга жеткизген,
Боз аргымак жаныбар.

Ойлонтот сенин заманың,
От болуп күйүп жанамын.

Кайда жүрсөң аман жүр,
Угулса болду кабарың.

Бетеге жолдун бел арык,
Белеске түшөт мунарык.
Бейлиңизди мен санап,
Бек капа болом мен карып.

Бетиң кызыл жошодой,
Беш мүнөт колум бошобой.
Таарынбачы жеңеке,
Өкмөт иши ошондой.

Куйдум десем түтүн жок,
Жүрөгүмдүн башында
Жүгөрүдөй бүтүн жок.
Сөлдөрүм бар дарман жок,
Бир сүйлөшсөм арман жок!

Алтымыш атан, алты атан,
Айдап келди кайнатаң.
Алты атанга бул жүктөп,
Бергени жатат өз атаң.

Жетимиш атан, жети атан,
Жетелеп келди кайнатаң,
Жети атанга пул жүктөп,
Бергени жатат өз атаң.

## КӨРҮШҮҮ

Суу жээгинде сүтүкөн,
Сүтүкөн кайдан толду экен.
Сүрүп-сүрүп мал берген,
Кайнатаң кандай болду экен?

Аң жээгинде ак тикен,
Ак тикен кайдан толду экен.
Айдап-айдап мал берген,
Алганың кандай болду экен?

Эртең менен турарсың,
Эликтин изин кубарсың.

Эсиңе келбес адамдын,
Эшигин ачып турарсың.

Түндөн-түндөн турарсың,
Түлкүнүн изин кубарсың.
Түшүңө кирбес душмандын,
Түндүгүн[1] ачып турарсың.

Карага салган көрпөчө,
Кадырың артык өзгөчө.
Кызылга салган көрпөчө,
Кылыгың артык өзгөчө.

Калың-калың-калың бар,
Кайкалай бүткөн далың бар.
Безеленген бетиң бар,
Беш-бештен өргөн чачың бар.
Беш чачыңда беш тумар.
Бетиңизге биз кумар.
Он чачыңа он тумар,
Ойнуңузга биз кумар.

Самсаалаган саамайың,
Сар жылдыздай маңдайың.
Жазгы чыккан торгойдой,
Кайрылып сүйлөйт таңдайың.

Көлөкөлүү терегим,
Көркөмдүү бойлуу зирегим.
Кадырды билген кардарым.
Сулуулар ичкен чардарым.
Сүйгөнүмдөн ырдаймын,
Жаман көрбө жайдарым!
Эгиз козу тармалым,
О, бото көз жалжалым.
Бир таман жакын барбадым,
Бир сүйлөшүп калбадым,
Ичимде кетти арманым —

деп күйөө жана кыз-келиндер олтурган боз үйгө кирдим. Боз үйдүн эшиги жогору карай түрүлгөн, эшик ачык болуучу. Оюнга шашылып, тыбырап тургандар

[1] Түндүк жабууну деген мааниде.

«болду, болду, айланайын» дешти да, «кана кыз оюнга чыккыла, жүргүлө оюнга» дешип, жалпысы эшикке чыгышты. Үйдөн обочо чыгышып, уландар бир жакка, кыз-келиндер бир жакка бөлүнүп олтурушту. Токмокту ырдап чечүүгө жаштардан ылайыктуусу жок болгондуктанбы, Каракозу Иметаалы деген чоң жигит экөөбүз токмокко жаттык, бизди тон менен жаап коюшту. Каракозуну бирөө үч жолу урду, анан мени дагы бирөө үч жолу урду, андан мурунураак «Ой Мейиз акырын ур, жаш бала» деген Токтосия жеңемдин сөзүнөн улам, мени моңолдор уруусунан чыккан Кулжан деген байдын баласы Койбайдын келинчеги Мейиз урганын сездим. Каракозу экөөбүз турдук, токмокту бизге беришти, биз аны алып күйөө олтурган топко келдик. Ошондо токмокту чечүү үчүн энемден жана элден үйрөнгөн төмөндөгү ырларды ырдадым.

Каркагай мүйүз кара эркеч,
Мейиз, гайыптын көркү турбайбы.
Каз элечек, бүркөнчөк,
Мейиз, зайыптын көркү турбайбы.

Он кабырга чегеле,
Мейиз, ону менен кыйрады.
Токмокко жаткан боз балдар,
Мейиз, онтоп жатып ыйлады.

Кырк кабырга чегеле,
Мейиз, кыркы менен кыйрады.
Токмокко жаткан боз балдар,
Мейиз, кыңкыстап жатып ыйлады.

Кара кой сойдум жиликте,
Кара тору Мейизжан,
Токмогумду иликте.

Кызыл кой сойдум жиликте,
Кызыл тору Мейизжан,
Токмогуңду иликте.

Кара сууну кече көр,
Кара тору Мейизжан,
Токмогуңду чече көр.

Кызыл сууну кече көр,
Кызыл тору Мейизжан,
Токмогуңду чече көр.

Оймогуң боосу он дала,
Мейиз, оюңда барбы бир бала?
Шакегиң боосу сан дала,
Мейизжан, санааңда барбы бир бала?

Оймогуң боосу бир тутам,
Мейизжан, ойлосом сени кан жутам.
Шакегиң боосу бир тутам,
Мейизжан, санасам сени кан жутам.

Кырды карай ит үрөт,
Мейизжан, кылыгың санап ич күйөт.
Ойду карап ит үрөт,
Мейизжан, ойнуңду санап ич күйөт.

Жылкы ичинде аламын,
Жаңы өспүрүм баламын.
Ырды койдой багамын.
Ыр жагынан жагамын. — деп токтодум.

Менден кийин кыз-келиндердин тобуна жеткенче Каракозу Иметаалы уулу ырдады, токмокту бердик, оюн башчылары экөөбүзгө эки келинди алып келишти, экөөбүз өптүк да, кеттик. Кыз оюн башталды.

*Айтуучу Жанжигит Казакбаев,*
*1971-жыл, 5 февраль.*

## КЫЗ ОЮНДАГЫ ЫР*

Улуу тоонун боорунан,
Улуган улар мен элем.
Үн салган тоту сен элең,
Эки энеге тел элең,
Жигер боорум эзилип,
Шагыңа консом дээр элем.

Багыңдан бир гүл ачылса,
Үзүп алып тагынып,

---

Инв. № /4016/ 501

Көз ганаңдан сулууну,
Көрбөсөм үч күн сагынып.

Отун алып жагасың,
Көңүлүм качан ачасың.
Сен дагы убай, мен убай,
Тартбайлыкчы сүйгөнүм,
Койчу деген кебиңди,
Айтбайлыкчы сүйгөнүм.

Босого бойлуу таштардан,
Бойлоп жүрүп ырдасам.
Боздогон менин ырымды,
Укбайсыңбы сүйгөнүм.
Боз үйүңдөн буралып,
Чыкпайсыңбы сүйгөнүм.

Кереге таштын башынан,
Кекилик болуп сайрасам,
Укбайсыңбы сүйгөнүм.
Кең үйүңдөн буралып,
Чыкбайсыңбы сүйгөнүм.

Ак куштай боюң таптайсың,
Боюңду канча чактайсың.
Боз уландын ичинен,
Сүйгөн жар кимди каалайсың.

Өрдөктөй сенин мойнуңдан,
Ушинтип айтып жүргөнчө,
Өлүгүм чыкса койнуңан.

Суксурдай сенин мойнуңдан,
Суктанып ырдап жүргөнчө,
Сөөгүм чыкса койнуңан.

Өрдөктөй сенин мойнуңа,
Өлгүчө билек артамын.
Так кыямат өткүчө,
Кылбадык беле анттама.
Анттаманга сен турбай,
Ажырап кетсем кантемин.

## ТОКМОК ЧЕЧКЕНДЕГИ ЫР*

Илгери колуктусуна күйөө күйөөлөп барганда, жанына күйөө жолдош ээрчиткен. Ошо кездеги салт боюнча кыздын жеңелери күйөө жолдошту жаткырып алып, чач уштукту жоолукка салып алып байлап туруп сабаган. Күйөө бала кийимин чечип алиги жолдошуна жаба турган. Ыбырай күйөө жолдош болуп барып, таяк жегенде ушул ырын ырдаган экен.

Ичи көрпө, дырап тыш,
Тебетейим кырдаймын.
Жармы келин, жармы кыз,
Жолдошум үчүн ырдаймын.
Чачы сирке, башы таз,
Жаяя кызга көппөймүн.
Бокто моюн кара кыз,
Кара кызды өппөймүн.
Боюна боюм теңешип,
Узунунан алып кел.
Өпсө каны чыккандай,
Кызылынан алып кел.
Жылкы ичинде байталдар,
Оюнга келген отуз эки шайтандар,
Сен алдыңбы токмокту?
Токмогум тойдон жоголду,
Токмогум алган ким болду?
Кара сууну кечкиле,
Катын, кызың чогулуп,
Токмогумду чечкиле!

Салт боюнча той башкарган келин токмокту жасап келип, «токмокту ырдап ал» дейт. Токмокту ырдап жатканы ошол. Токмокту ырдап алып, кайра келип берет, «чечкиле» дегени ошол.

## КЫЗ-КҮЙӨӨ ЖӨНҮНДӨГҮ ЫР

Кыз оюн башталаардан мурун кыз-келиндер бүт бир үйдө болуп, жигиттер сыртта турушат. Кыз менен күйөө бала үйдө болот. Аларды ушул кыз оюн болчу үйгө алып келиш керек. Аларды үйдөн чыга-

---

Инв. № /5315/ 677

рардан мурун кызды ата-энеси: «күйөө жолдоштун ырын угабыз» деген талапты коет. Ошол салт боюнча күйөө жолдош ырдоого тийиш. Ыбырай жаш кезинде күйөө жолдош болуп барганда төмөнкү ырын айткан:

Алтын буйла, дилде зар,
Жыйганыңа барасың.
Ак никени адалдап,
Кыйганыңа барасың.
Кой, карагым, кайрат кыл,
Өз элиңе барасың.
Көк кашка тунук суусу бар,
Өз жериңе барасың.
Торко элечек дүрүйө,
Салганыңа барасың.
Кадыр салып, той сойгон,
Алганыңа барасың.
Каз элечек дүрүйө,
Салганыңа барасың.
Кадыр салып, той сойгон,
Алганыңа барасың.
Кумарыңды таркатчу,
Балбаныңа барасың.

*(Аягын унутуп калган).*

Ушул ырды уккандан кийин кыздын ата-энеси: «Эми уруксат, оюн кура бергиле» деп уруксат бере турган.

## КЫЗ ОЮНДАГЫ ЫР*

Айгыр үйрү жылкы айдап,
Алганы келет күйөөңүз,
Айылга сонун тамаша.
Салганы келет күйөөңүз.
Короосу менен кой айдап,
Конгону келет күйөөңүз,
Антташкан жары Айнанын,
Болгону келет күйөөңүз.
Тогуздап туруп төө бердик,
Желеге толгон бээ бердик,
Айна кызды көрүүгө,

---

Инв. № 687

Ат арытып биз келдик.
Ашуу ашып, таш бастык,
Көрсөк деп муну көп шаштык,
Түз жерде чыдап туралбай,
Жарышка түшүп ат чаптык.
Салты мыкты кудалар,
Салам айттык баарыңа,
Сагынып келген күйөөнү,
Саргартпай тосуп алгыла.
Күйөө берет соолукту,
Колукту берет жоолукту,
Күйөө берет бир тайды,
Арачы кылып Жайсаңды,
Чапан жапкан колукту,
Чар тарапка мактадды.

## КЫЗ КУУМАЙ

Суусамырдын сулуу кызы,
Узап чыкты алдыга,
Көргөн элге канаттуудай,
Көз кумарын талдыра.

Жигит барат шамал жиреп,
Бел бекитип намысы,
Айтып бүткүс уят-уят,
Кызга жетпей калышы.

Ат даңканын алыс серпет,
Жибек жалын сапырып,
Кыз жүрөгүн алып барат,
Аткан октой атылып.

Тал чыбыктай кош өрүм чач,
Туу боосундай делбиреп,
Кыйгач карап артка,
Кыз кыялын билдирет.

## КЫЗГА КӨРҮШҮҮ*

*(Атасынын айтканы)*

Байгамбар сүннөт бермеги,
Карыганда энекеңдин каралашар эрмеги.

---

Инв. № 454

Элиң буйруп сен бардың,
Эрмеги жок мен калдым.
Алтындан шакек колго сал,
Абысын билбей кеп айтса,
Асталап айтып жолго сал.
Күмүштөн шакек колго сал,
Күнү билбей кеп айтса,
Күлө багып жолго сал.
Күйөөнүн көөнүн кирдетпе,
Күнүгө бизди тилдетпе.
Алганың көөнүн кирдетпе,
«Атаңды» — деп, бизди тилдетпе.
Конок келсе жайлагын,
Кололуу самоор кайнаткын.
Конокту жайла ал келсе,
Кербес тартып отурба,
Кечинде маарап мал келсе.
Жайлоонун башы жашыл таш,
Жайма көкүл узун чач,
Далайды көрөр башы жаш.

Кыштоонун башы кызыл таш,
Кыйма көкүл узун чач,
Кыйланы көрөр башы жаш.
Күңгөйдөгү булагым,
Түймөлөшөр ынагым.
Тескейдеги булагым,
Кермелешкен ынагым.

## ЭНЕСИНИН АЙТКАНЫ

Алтындан бакан сайганбыз,
Алтындан тонду жапканбыз.
Күмүштөн бакан сайганбыз.
Күлдүү тонду жапканбыз.
Ай тийген тоонун сеңири,
Алтын тондун өңүрү.
Күн тийген тоонун сеңири,
Күмүш тондун өңүрү.
Кара суунун кемери,
Кайнатаң калктын чебери.
Калың элге жайылган,
Кайнатаңдын өнөрү.

*Айканбүбү Ногой келини, 60 жашта,*
*1923-жыл, 3-июль, Талас, Орто-Кошой Жанызакта.*

## КЫЗГА КӨРҮШҮҮ*

Аркадан келген алты орус,
Алты старчын, бир болуш,
Атакең тапкан жай конуш.
Жай конушка конуп ал,
Жайдары келин болуп ал,
Желкеден келген жети орус,
Жети старчын бир болуш,
Энекең тапкан жай конуш,
Жай конушка конуп ал,
Жайдары келин болуп ал.
Сары атка тумар тагып ал,
Кудагый, салкын жерге багып ал.
Салкын жерге бакпасаң,
Саналуу берген малыңды ал.
Он атка тумар тагып ал,
Көлөкө жерге багып ал.
Көлөкө жерге бакпасаң,
Көпкө түшүп малыңды ал.
Көрүнгөн тоонун чокусу,
Көккө бир жакын көрүнөт.
Жат үйгө кетип барам деп,
Канышым көңүлү жаман бөлүнөт.
Карайган тоонун чокусу,
Асманга жакын көрүнөт.
Жат үйгө кетип барам деп,
Акылы жаман бөлүнөт.
Көлчүктө суунун тунугу,
Кайнатаң журттун улугу.

*Мажар Көзөнтөй кызы*

## КЫЗГА КӨРҮШҮҮ*

Текечердин улагы,
Темгек ташка тараткан,
Теңирим сүйгөн кыз чунак,
Элин башка жараткан.
Кулжачардын улагы,
Курбулуу ташка тараткан,
Кудайым сүйгөн кыз байкуш,
Курдашын башка жараткан.
Көтөрүп урба сандыкты,

---

Инв. № 454

Кайненем суута жумшайт деп,
Кыла көрбө ардыкты.
Көрөрсүң түбү барлыкты.
Сураганга эки бер,
Суусаганга жеке бер,
Көп кылбагын текебер.
Ак учук бердим, саптап ал,
Ак шумкар бердим таптап ал.
Көк учук бердим, саптап ал,
Көк шумкар бердим, таптап ал.
Көк атка тумар тагып ал,
Күйөө бала жездебиз,
Ынагымды көлөкө жерге багып ал.
Көлөкө жерге бакпасаң,
Күйөө бала жездебиз,
Көпкө кирип малыңды ал.
Сары атка тумар тагып ал,
Күйөө бала жездебиз,
Ынагымды салкын жерге багып ал.
Салкын жерге бакпасаң,
Санатылуу малыңды ал.
Алтын така жез мыктуу,
Агаңыздын жоргосу,
Алтын эшик дарбаза,
Алганыңдын ордосу.
Күмүш така жез мыктуу,
Күйөөңүздүн жоргосу,
Күмүш эшик дарбаза,
Ынагым, күйөрүңдүн ордосу.
Ак элечек көрүнсө,
Апам келет дебегин,
Ак сакал киши көрүнсө,
Ынагым, атам келет дебегин.
Тарпылдак өтүк, таш таман,
Так көтөрүп басыңыз,
Так көтөрүп баспасаң,
Ынагым, тарпылдак атка коносуң.
Аңдып баскан күйөө бар,
Ынагым, абысын деген бирөө бар.
Айдап, айдап кийирер,
Азып кетсең жолуңдан,
Алганың мурдун чүйүрөр,
Күнү деген бирөө бар,
Күндөп айдап кийирер.

Азып кетсең жолуңдан,
Алганың мурдун чүйүрөр.
Күндө бир ассаң жолуңдан,
Күйөөң мурдун чүйүрөр.

*1922-жылы, 26-октябрда Нарын*
*болушунда Бубусарадан жазылды.*
*Жазып алган Сапарбай Сооронбай уулу.*

## КЫЗ УЗАТКАНДАГЫ КӨРҮШҮҮ*

Куш салган жериң өлөң саз,
Кушуңдун жеми өрдөк, каз.
Куш салган жериң булаң саз,
Кушуңдун жеми турна, каз.

Көл айлантып куш салган,
Көзөнөк тапан каз алган.
Жар айлантып куш салган,
Жаргак тапан каз алган.

Ак боз ат минген жаанга,
Ак шумкар салган таанга.
Көк боз ат минген жаанга,
Көк шумкар салган таанга.

Кулпу бир кийген боюңуз,
Куттуу бир болсун тоюңуз.
Куп байбиче болуңуз.

Пашайы кийген боюңуз,
Маараке болсун тоюңуз.
Баш байбиче болуңуз.

Айланайын ардагым,
Букарга буудай бышыптыр,
Буудайга турна түшүптүр,
Турна моюн жаным кыз,
Энди тоюң түшүптүр.

Коконго коон бышыптыр,
Коонго турна түшүптүр.
Турна моюн, жаным кыз,
Эми тоюң түшүптүр.

---

Инв. № 318

Калайлуу чөөгүн туткасы,
Кагылайын, жаным кыз.
Келин алып, кыз берген,
Калайыктын нускасы.

Үй тиреген шыргыйдай,
Кагылайын, жаным кыз,
Үч түлөгөн кыргыйдай.

Төр тиреген шыргыйдай,
Адырга чыккан кубайдай,
Айланайын, жаным кыз,
Арка бир чачың кумайдай,
Желеден бөлгөн сувайдай.
Кагылайын, жаным кыз,
Желке чачың кумайдай.

Шаркырап аккан булагым,
Шарактап ойноо ынагым.
Ынагымдан айрылткан,
Күйөө бала чырагым.

*Айткан Кадыча Бекеева.*

### ЖЕҢЕСИНИН КӨРҮШКӨНҮ

Белеске чыккан кайыңдай,
Жаным кыз, бектердин кызы айымдай.
Капталга чыккан кайыңдай,
Жаным кыз, кандардын кызы айымдай.

Гүлдүрөк жүргөн кайнатаң,
Жаным кыз, күңкүгөн байлар өз атаң.
Шалдырак жүргөн кайнатаң,
Жаным кыз, шаңкыган байлар өз атаң.

Алтындан комуз ыргап өт,
Жаным кыз, алганың менен жыргап өт.
Күмүштөн комуз ыргап өт,
Жаным кыз, күйөөң менен жыргап өт.

Кайнатаңын эшиги,
Чаап койгон тактадай.
Өз атаңдын эшиги,
Сабап койгон пахтадай.

Ак учук бердим, саптап ал,
Кудагый, ак шумкар бердим, таптап ал.
Көк учук бердим, саптап ал,
Кудагый, көк шумкар бердим таптап ал.

*Айткан Абдылдаева Марпия.*

## КЫЗ МЕНЕН КӨРҮШҮҮ*

Агасынын үч түлөгөн кыргыйы,
Жеңесинин үй тиреген шырыгы.
Жеңесинин желбов,
Агасынын белбов.
Агасынын жүк үстүндө айнеги,
Жеңесинин сүт үстүндө каймагы.
Агасынын ал мончок,
Жеңесинин жел мончок.

## КЫЗГА АКЫЛ АЙТЫП КӨРҮШҮҮ

Бег эшиги каалга,
Бекинип уктап калба.
Кан эшиги каалга,
Капыстан уктап калба.
Басмайылың быш кылып,
Бардув жерге туш кылып,
Толононун ток бутак,
Тойруп алып отко жак.
Кудагый, биздин кызды жакшы бак.
Карагайдын как бутак,
Кайрып арып отко жак,
Кудагый, биздин кызды жакшы бак.

*Айтуучу Айылчиева Т., 60 жашта Чаткал району,*
*Чандалаш с/с, Калинин колхозунан, 1981-жыл.*

## КЫЗ МЕНЕН ЖЕҢЕСИНИН КӨРҮШКӨНҮ

Кутуну кийген боюңуз,
Пашайы кийген боюңуз,
Марек болсун тоюңуз.

Сагызган сайга конуптур,
Сан жакшылар биригип,
Сени бермек болуптур.

---

Инв. № 225

Көгүчкөн көлгө конуптур,
Көп жакшылар биригип,
Сени бермек болуптур.

Олоңдой кара чачыңа,
Оролсун давлет башыңа.
Чылбырдай кара чачыңа,
Чырмалсын давлет башыңа.

Байпар бир маасы кийип жүр,
Байбичелик сүрүп жүр.
Кепич бир маасы кийип жүр,
Келинчилик сүрүп жүр.

Сай жагалай от жакса,
Жалп этирбей өчүргүн.
Жаман-жакшы кеп өтсө,
О кыз жан, күлкү менен кечиргин.

Карчыга деген жакшы куш,
Канатынан сылап өт.
Кайната деген жакшы мүлк,
Акырын басып сыйлап өт.

Турумтай деген жакшы куш,
Тумшугунан сылап өт.
Кайнене деген жакшы мүлк,
Акырын сүйлөп сыйлап өт.

Куюшканың куймалап,
Курдашың таап бергенбиз.
Темиңиңи термелеп,
Теңдешиң таап бергенбиз.

Темингиң колдун салаасы,
Теңтушуң байдын баласы.
Куюшкан колдун салаасы,
Курдашың байдын баласы.

## ЭЖЕСИНИН КӨРҮШКӨНҮ

Алтындан жүгөн шалдыркан кашка,
Атабыз бирге айлыбыз башка.
Күмүштөн жүгөн шалдыркан кашка,
Энебиз бирге, элибиз башка.

Белдемчи деген берен тон,
Бел колтукка жарашар.
Тубулбай калсын кыз бала,
Бөлөк журтка жараша.

Каргыма деген кара тон,
Кайкы бир белге жарашар,
Тубулбай калсын кыз бала,
Башка журтка жарашат.

## ЭНЕСИНИН КӨРҮШКӨНҮ

Жүк астында шиберим,
Жүккө жапкан килемим.
Жүк үстүндө айнегим,
Сүт үстүндө каймагым.

Оромолув товгум,
Ойноп койсо зоогум.
Каркыралуу товгум,
Карап койсо зовгум.

Төшөгүм салып таптаган,
Ийнеми алып саптаган,
Жума күнү төрөгөм,
Жан балам жубалайга бөлөгөм.
Бейшемби күнү төрөгөм,
Парчаларга бөлөгөм.

Козудай кылып торолтком,
Колуңа чачың оролтком.
Маралдай кылып торолтком,
Башыңа чачың оролтком.

Күндө чачың тарагам,
Күзгүдөн бетиң карагам.
Айда чачың тарагам,
Айнектен бетиң карагам.

Ак жибек учук сүйрөткөм,
Акылың артык үйрөткөм.
Көк жибек учук сүйрөткөм,
Көңүлүң артык үйрөткөм.

*Айткан Айылчиева Т. Чаткалдан, 1981-жыл.*

## КЫЗДЫ СООРОТУУ ЫРЫ

Үпү-үпү дешеди,
Үпү жибек эшеди.
Үпү кыздын күйөвү,
Чий түбүнөн тешеди.

Айланайын, аппагым,
Чаңдув жерге жатпагын.
Кайнененди тартпагын,
Кайнененди сен тартсаң,
Кар болосуң, аппагым.

*Айткан Айылчиева Т.*
*Чаткалдан, 1981-жыл.*

## ЖЕҢЕСИНИН КОШОГУ*
*(Кыз узатуу)*

Аркардан келген алты орус,
Алты старчын бир болуш.
Атакеңдин тапкан жай конуш,
Жай конушка конуп ал,
Жайдары келин болуп ал.
Желкеден келген жети орус,
Жети старчын бир болуш,
Энекең тапкан жай конуш,
Жай конушка конуп ал,
Жайдары келин болуп ал.
Сары атка тумар тагып ал,
Кудагый, салкын жерге багып ал.
Салкын жерге бакпасаң,
Санатылуу малың ал.
Көк атка тумар тагып ал,
Кудагый, көлөкө жерге багып ал.
Көлөкө жерге бакпасаң,
Көпкө түшүп малың ал.
Көгөргөн тоонун чокусу,
Көккө бир жакын көрүнөт,
Жат элге кетип барам деп,
Канышым, көңүлүң жаман бөлүнөт.
Агарган тоонун чокусу,
Асманга жакын көрүнөт,

---

Инв. № 322

Алыска кетип барам деп,
Акылы жаман бөлүнөт.
Чөөттө суунун тунугу,
Кашыкта суунун тунугу,
Кайнатаң журттун улугу.
Кызыл кован чакта бар,
Кыз алышып, кыз бермек,
Казак, кыргыз наркта бар.

*Акбермет Каракол кызынан 1923-жыл,*
*4-июль. Таластан. Жыйнаган К. Мифтаков.*

## КЫЗ БЕРГЕНДЕГИ КОШОКТОР*

Кыздын калың каадасын бүтүрүп, кошокчулар да кошогун аяктаган кезде бир жеңеси жеңкетайга таарынып калып кошкон жери:

Аркадан алты орус,
Алты старчын, бир болуш,
Атакең тапкан кең конуш,
Кең конушка конуп ал,
Калтар ичик жамынып,
Кебелбей келин болуп ал.

Жергейден келген жети орус,
Жети старчын, бир болуш,
Жериңе кеттиң конуп ал,
Жакшы келин болуп ал.

Желе тартып кербедик,
Ышкырып жылкы айдаган,
Жылкылуу байга бербедик,
Жылкысы эмес ташы жок,
Жылуу аяк ашы жок,
Жайдарым кетип баратат,
Жүрөр бекен карды ток?

Көгөн тартып кербедик,
Койлуу байга бербедик,
Кою эмес түгү жок,
Көп санаттын бири жок.

---

Инв. № 687

Анда кыз алган жактан бир келин:

Тегерете карасам,
Тегиричтин боосу жок,
Теги жок жерден кыз алып,
Атаны кокуй дүйнө бок,
Көп санатты кылат деп,
Жүрүүчү элем көңүл ток.

Кыдырата карасам,
Кылдыреги көрүнбөйт,
Калың алып, малын жеп,
Уялбастан өзүм дейт.

Жабык башын бербептир,
Желбоо жибин тербептир,
Куда болбой куурап кал,
Мурдатан неге көрбөптүр.

## КЫЗ УЗАТКАНДАГЫ КОШОК*

*(Жеңелердин кошогу)*

А тоонун башы көбүргөн,
Бу тоонун башы көбүргөн,
Бийкеч жан,
Ата-энеден бөлүнгөн.
Тескейден аккан булак бар,
Бийкеч жан,
Теңтушуң менен ынак бол.
Күңгөйдөн аккан булак бар,
Бийкеч жан,
Күйөөң менен ынак бол!

*Талас, Каракол, Бирман уулунан,*
*1923-жыл, 2-июль.*

## ЖЕҢЕНИН КОШОГУ*

Алтындан така кактырган,
Жоргомун камчысы элең, сулуум.
Алтын эшик коргондун,
Тамчысы элең, сулуум.

Күмүштөн така кактырган,
Жоргомдун камчысы элең, сулуум.

---

Инв. № 318

Күмүш эшик коргондун,
Тамчысы элең, сулуум.

Алтындан соккон такта бол,
Ай көрүнгүс пахта бол.
Күмүштөн соккон такта бол,
Күн көрүнгүс пахта бол.

*Айткан Айшакан Момотова.*

## ЭНЕСИНИН КОШКОНУ*

Босогого түлкү илгемин,
Бозоргонум билгемин.
Керегеге түлкү илгемин,
Кейигеним билгеним.
Сүт үстүндө каймагым,
Жүк үстүндө айнегим.
Кудагый, күмүштөн сөйкө тагып ал,
Күн тийгизбей багып ал.
Алтындан сөйкө тагып ал,
Ай тийгизбей багып ал.
Ак талдан болсун өргөөңүз,
Акылман болсун күйөөңүз.
Башавиктин заманы ай,
Кудамдын жогу жаман ай.
Желбир, желбир от күйсө,
Этегиң менен өчүргүн.
Жаман-жакшы кеп уксаң,
Көңүлүң менен кечиргин.
Алтындан бакан сайганбыз,
Алтындан тонду жапканбыз.
Күмүштөн бакан сайганбыз,
Күлдүү тонду жапканбыз.
Ай тийген тоонун сеңири,
Алтындуу тондун өңүрү.
Күн тийген тоонун сеңири,
Күмүштүү тондун өңүрү.
Кара суунун кемери,
Кайнатаң калктын чебери.
Калың элге жайылган,
Кайнатаңдын өнөрү.

*Айганбүбү Ногой кызы (60 жашта)*
*1923-ж. 3-июль. Талас, Орто-Кошой*
*Жанузактан жазылып алынган.*

---

Инв. № 322

* * *

Бедерлүү кумган туткасы,
Бекке кызын бермекке,
Бек атаңдын нускасы.
Калайлуу кумган туткасы,
Канга бир кызын бермекке,
Кан атаңдын нускасы.
Чырагым үй тиреген шыргыйдай,
Чырагым үндөккө келген кыргыйдай.
Көл тиреген шыргыйдай,
Үндөккө келген кыргыйдай.
Жакшы болсо алганың,
Алтындан чачпак тагат го,
Алганың жакшы кез болсо,
Ай тийгизбей багат го.
Айда акылды айтат го,
Күйөөң жакшы жолукса,
Күмүштөн чачпак тагат го,
Күн тийгизбей багат го.
Күйөөң жакшы да болсо,
Күндө акылды айтат го.
Алганың жаман да болсо,
Алтындуу чачпак чаң болор,
Айда акылың маң болор.
Күмүштөн чачпак чаң болор,
Күйөөң жаман да болсо,
Күндө акылың маң болор.
Чырагым ак эрмендин куундай,
Ак сайдын тунук суундай.
Көк эрмендин куундай,
Көк сайдын тунук суундай.
Кепич бир маазы кийип өт,
Жаман болсо мейли го,
Келинчилик сүрүп өт.
Байпак бир маазы кийип өт,
Байбичелик сүрүп өт.

*Акшербет бек кызынан, 1923-жыл, 3-июнда,*
*Орто-Кошой Жанузактан.*

## КЫЗЫН УЗАТЫП ЖАТКАН ЭНЕСИНИН КОШТОШУУСУ*

Жүк бурчунда айнегим,
Сүт үстүндө каймагым,

---

* Инв. № 307

Жылкы ичинде чубагым,
Чубарга таккан тумарым,
Үй тиреген шыргыйдай,
Үч түлөгөн кыргыйдай
Сураган келсе эки бер,
Суусаган келсе жеке бер,
Асты эле кылба текебер.
Көрүнгөн буюм сурайт деп,
Көтөрүп чаппа сандыкты,
Көп кылбагын тардыкты,
Ошондо көп тартасың зарлыкты.
Бейлай ботом, сейлай ботом,
Ургаачынын бейли жетер башына ботом,
Келеңгир чачпак кең ташта, балам,
Кеч жорго минип көч башта, балам!
Субагай чачпак суй ташта, балам,
Сур жорго минип көч башта, балам!
Саралма тоонун ташы бол, балам,
Сан келиндин башы бол, балам!
Оролмо тоонун ташы бол, балам,
Он келиндин башы бол, балам!
Башайынын түрү бол, балам,
Байбиченин бири бол, балам!
Кыштоонун башы кызыл таш,
Кыйма көкүл узун чач,
Кыйланы көтөр башың жаш.
Жайлоонун башы жашыл таш,
Жайма көкүл узун чач,
Далайды көтөр башың жаш!

## ЖЕҢЕСИНИН КОШТОШКОНУ

Кыз бийкеч, кой ичинде серке элең,
Ардактап баккан эрке элең,
Эркеңди жолго таштагын,
Бөлөк кыял баштагын.
Бетеге жерге конбогун,
Бейсалт элче болбогун,
Тулаңдуу жерге конбогун,
Жоруксуз элче болбогун.
Түндүк бою от жакса,
Түтүн кылбай өчүрчү,
Жаман-жакшы кеп уксаң,
Күлкүң менен кечирчи.

Боз торгой элең агаңа,
Боорукер элең жеңеңе,
Кас торгой элең агаңа,
Кайрыкер элең жеңеңе!
Кас торгой кетти жерине,
Кайрыкер кетти элине.
Туурда туруп жем жеген,
Турумтай сындуу куш кайда?
Тушта туруп сүр берген,
Ынагым сендей кыз кайда?
Капшытта туруп жем жеген,
Карчыга сындуу куш кайда?
Капшытта туруп сүр берген,
Ынагым сендей кыз кайда?
Ак куржундун кулпу элең,
Ашкере жыйган мүлк элең.
Көк куржундун кулпу элең,
Көрүнөө жыйган мүлк элең.
Кайын энең деген бирөө бар,
Кабактап жүргөн күйөө бар.
Абысын деген бирөө бар,
Амалдап айтат сөзүңдү,
Азапка салат өзүңдү.
Можудан казан астырат,
Момунсунган абысын,
Акылыңдан шаштырат.
Кайната деген бирөө бар,
Карыганча сыйлап өт,
Сыйлаганың билбесе,
Кудайыңа ыйлап өт!
Кыяны кыялай баскан көч элек,
Кыз экөөбүз өч элек,
Өч да болсок ыйлайлык,
Кайын ага көөнүн сыйлайлык —
деп коштошкон.

## КЫЗ УЗАТАРДАГЫ КОШОК*

*(Жеңесинин коштошкону)*

А тоонун башы көбүргөн,
Бу тоонун башы көбүргөн,
Бийкеч жан, ата-энеден бөлүнгөн.
Тескейден аккан булак бар,

Инв. № 219

Бийкеч жан, теңтушуң менен ынак бол.
Күңгөйдөн аккан булак бар,
Бийкеч жан, күйөөң менен ынак бол.

Ак калпакчан көрүнсө,
Акем келет дебей жүр.
Акең келсе басып чык,
Акырын эшик ачып чык.
Ак элечек көрүнсө,
Апам келет дебей жүр.
Апаң келсе басып чык,
Акырын эшик ачып чык.

## ЭНЕСИНИН КОШОГУ

Босогого түлкү илгеним,
Бозоргонум билгеним.
Керегеге түлкү илгеним,
Кейигеним билгеним.
Сүт үстүндө каймагым,
Жүк үстүндө айнегим.
Кудагый, күмүштөн сөйкө тагып ал,
Күн тийгизбей багып ал,
Алтындан сөйкө тагып ал,
Ай тийгизбей багып ал.
Ак талдан болсун өргөөңүз,
Акылман болсун көйөөңүз.
Желбир-желбир от күйөт,
Этегиң менен өчүргүн.
Жаман, жакшы кеп уксаң,
Көңүлүң менен кечиргин.
Алтындан бакан сайганбыз,
Алтындан тонду жапканбыз.
Күмүштөн бакан сайганбыз,
Гүлдүү тонду жапканбыз.
Ай тийген тоонун сеңири,
Алтындуу тондун өңүрү.
Күн тийген тоонун сеңири,
Күмүштүү тондун өңүрү.
Кара суунун кемери,
Кайнатаң калктын чебери.
Калың элге жайылган,
Кайнатаңдын өнөрү.

*Айткан Татыбеков 1941-жыл, 5-апрель.*

## КЫЗДЫН ЖЕҢЕСИНИН КАЙНАТАСЫН КОРДОП КОШКОН КОШОГУ*

Торпок бир сойду тоюңа,
Дованы калды элине.
Торуңкайын катып алды койнуна.

Улак бир сойду тоюңа,
Убал болду элиңе.
Биздин келген кудабыз,
Белеске атын байласын,
Берген малын санасын,
Анан бир зэрда өткөрсүн.

Биздин бир келген кудабыз,
Капталга атын байласын.
Кармаган малын санасын.
Анан бир гэбин (зэрда) өткөрсүн.

Жаным секет кыз бала,
Кайнатаңы мен айтсаң,
Торуңкайын катып алды койнуна.
Улак сойду тоюңа,
Жаным секет кыз бала,
Убалы болду элиңе.

*Айткан Ажар Тойчубекова.*

## ЖЕҢЕНИН КОШОГУ

Шаркырап аккан булагым,
Шарактан ойнор ынагым.
Күркүрөп аккан булагым,
Күрөшүп ойнор ынагым.

Боз кайыш сиздин жылооңуз,
Боз бала сиздин күйөөңүз.
Боз кайыш жүрүп ий болор,
Боз бала жүрүп бий болор.

Кырды кырдай жүгүргөн,
Кызыл кийик лэлэси.
Кыңга салган булаттай,
Кыз бирөөнүн бүлөсү.

---

Инв. № 318

Жарда жарда жүгүргөн,
Жашыл кийик лэлэси.
Жанга салган болоттой,
Кыз бирөөнүн бүлөсү.

*Айткан Абдукадырова Үрү.*

## КӨҢҮЛ ЖУБАТУУ*

*(Жеңелери көрүшкөндө)*

А тоонун башы көбүргөн,
Бу тоонун башы көбүргөн,
Бийкеч жан, ата-энеден бөлүнгөн.
Тескейден аккан булак бар,
Бийкеч жан,
Теңтушуң менен ынак бол.
Күңгөйдөн аккан булак бар,
Бийкеч жан,
Күйөөң менен ынак бол.

*Каракол, Бирман уулунан, Талас,*
*1923-жыл 2-июль.*

* * *

Ак калпакчан көрүнсө,
Акем келет дебей жүр.
Акең келсе басып чык,
Акырын эшик ачып чык.
Ак элечек көрүнсө,
Апам келет дебей жүр.
Апаң келсе басып чык,
Акырын эшик ачып чык.

*Малабек Агыбай уулунан,*
*1923-жыл, 2-июль.*

## КЫЗГА КӨРҮШҮҮ КОШОГУ*

Бедерлүү кумган туткасы,
Бекке бир кызын бергени,
Бек атаңдын нускасы.
Калайлуу кумган туткасы,
Канга бир кызын бермекке,
Кан атаңдын нускасы.
Чырагым үй тиреген шыргыйдай,
Чырагым үндөөгө келген кыргыйдай.

---

Инв. № 322
Инв. № 454

Көк тиреген шыргыйдай,
Үндөккө келген кыргыйдай.
Алганың жакшы бир болсо,
Алтындан чачпак тагат го,
Алганың жакшы кез болсо,
Ай тийгизбей багат го.
Айда акылды айтат го,
Күйөөң жакшы бир болсо,
Күмүштөн чачпак тагат го,
Күн тийгизбей багат го.
Күйөөң жакшы бир болсо,
Күндө акылды айтат го.
Алганың жаман бир болсо,
Алтындуу чачпак чаң болор,
Айда акылың маң болор.
Күмүштөн чачпак чаң болор,
Күйөөң жаман бир болсо,
Күндө акылың маң болор.

## ЭНЕНИН КОШОГУ*

Эртең менен эл көчөт,
Эшик боону ким чечет.
Саар менен эл көчөт,
Сандык боону ким чечет?

Бетиңе бермет бастырдым,
Бек уулуга тапшырдым.
Камчыңа калай бастырдым,
Кан уулуна тапшырдым.

Сүт үстүндө каймагым,
Жүк үстүндө айнегим.
Көкүлгө тумар таккамын,
Көлөкө жерге баккамын.

Көкүлгө тумар тагып ал,
Көлөкө жерге багып ал.
Саамайга тумар такканым,
Салкын жерге бакканым.
Саамайга тумар тагып ал,
Салкын жерге багып ал.

*Айткан Абдукадырова Үрү.*

---

Инв. № 318

## КЫЗДЫН КАЙНАТАСЫНЫН САРАҢДЫГЫНА КАРАТА АЙТЫМ*

Кайнатаң бербей койду кара атты,
Кайнатаң берсе кара атты,
Өз атаң жыртпайт беле манатты,
Кылбайт беле санатты.

Өркөчү бийик нарды,
Өргө тартсам желген жок.
Өлөрман экен кайнатаң,
Өргөө жабар берген жок.

Кызыл өркөч нарды,
Өргө тартсам желген жок.
Кызык экен кайнатаң,
Кыз ойнотор берген жок.

*Айтуучу Айылчиева Т.*
*Чаткалдан, 1981-жыл.*

---

* Инв. № 225

## ЫРЫМ ТИЛЕК ЫРЛАРЫ*

Сөз касиеттери кандайдыр бир сырткы касиеттүү күчтөргө таасир этип, натыйжа берет деген чын бүтүүчүлүк менен түрдүү ырымдарды, каалоо-тилектерди сөз күчүнө салып уйкашуу айткан көркөм сөз тизмектери «Ырым-тилек» ырлары деп аталат. Кыргыздардын «ырым-тилек» ырларынын чыгыш себебин тээ алгачкы мифтик түшүнүгү, дүйнөнү таанудагы наристе элестетүүсү жана сөз касиетине чын бүтүрүүчүлүктөн болгон деп айтууга болот.

«Ырым-тилек» ырлары кыргыз адабиятынын баштапкы түрүнө кирет. Кыргыздар ырым иштегенде, аны курулай эле иштебей, сөз касиети менен сыйкырдуу күчтөргө айтып, жалбарып, тилек иштеген. Ал сөздөр жөнөкөй аткарылбай көркөм адабиятка көтөрүлүп ыр түрүндө болгон. Ошону менен «ырым-тилек» ырлары жаралган.

Шарттуу түрдө «ырым-тилек» ырлары деп айтып отурган бул түргө ырым иштегенде айтыла турган ырлар, тилек тилегенде (мисалы, жаан тилөө) айтыла турган ырлар, ак баталар, каргыштар жана анттар кирет. Бул ырлардын бардыгы кыргыздардын сөз касиетинин кандайдыр бир натыйжа чыгат деген ишениминен улам жаралып жаткан адабият болгондуктан, буларды бир топко ыйгарып атын «Ырым-тилек ырлары» деп атап отурабыз.

Төмөндө ырлардын ар бири менен айрым-айрым таанышып көрөлү:

---

* Кызыл-Суулук кыргыздардын оозеки чыгармачылыгынан.

## ТӨЛГӨ ЫРЫ

Төлгө салуу кыргыздарда эски ырымдардан болуп келген. Ал төлгөнү чечмелөө жөн эле сөздөрдөн болбой, ыр менен болгон. Төлгөнүн оң түшүшүн тилеген сөздөр да ыр менен айтылган. Ошондуктан, кыргыз адабиятында төлгө ырлары жаралган.

Төлгө ыры төлгөчүлөрдүн чыгармачылык жөндөмүнө жараша түрдүүчө айтылат. Биз төмөндө кыска бир түрүн үлгү катары көрсөтөбүз.

Байгамбардын бал төлгө,
Таштанбектин таш төлгө,
Азиреттин алп төлгө,
Жолдо жолоочуну,
Баскан-турганды көрбөй түш,
Калп айтпа, жакшы түш,
Бешенеси беш түш,
Оң колума ооп түш,
Он эки таш атып түш.

**Жаңы кийим кийгендеги ырым** — жаңы кийим кийгизгенде баланын өмүрү кийиминен узак болуусун тилеген ырым колдонулуп, ошого жараша ырым ыры айтылган. Ал ырым ырынын кыска түрү төмөнкүдөй айтылган.

Итке жабуу, битке жабуу,
Кийимиң күзгө жетсин,
Өмүрүң жүзгө жетсин!

**Сагызган сайрагандагы ырым ыры** — кыргыздардын түшүнүгүндө сагызган кабарчы катары каралат. Ал сайраганда кандайдыр бир кабарды айтып турат экен. Ал кабарды уккан адам оң жорушу, сагызгандын ак сайрап (жакшылыктуу кабар айтып) турушун тилеген. Ал тилеги ырым ыр түрүндө айтылып келген. Мисалга кыска бир нускасын көрүп багалы.

Ак сайра, сагызганым ак сайра,
Ак сайрасаң,
Өзүңдөй өпкө берем,
Башыңдай май берем.
Ак сайрабасаң,

8—2185

Өзүңө ок берем,
Оозуңа бок беремин.
Ак сайрасаң,
Оозуңа майлуу бок,
Кара сайрасаң,
Бооруңа темир ок!

**Уктаардагы ырым ыры** — кыргыздардын мифтик түшүнүгү боюнча жараткан инсанатты уктатканда анын жаны денеден чыгып алыстарда жүрөт. Ал түш катары уктап жаткан адамга көрүнөт деп түшүнүлгөн. Уйкудан адам кобунун (ойгонуунун) тилектерин тилеген ырымдар жана ырлар пайда болгон. «Уктаардагы ырым ыры» мындайча түрдө айтылган:

Жаттым жараткан,
Коборгойсуң эсен-аман,
Бейиштин түбүндө бир түп дарак,
Жалбырагы гүлдүү барак,
Аны жети жолу окуп жаттым,
Менден тозок оту ыраак.
Жаттым аманат,
Коборомун саламат!

**Улуу суу кечкендеги ырым ыры** — суудан кечерде суу ээсине жалбарып, ага атап ырым кылып койсо, суудан аман-эсен өтөт деген ишеним болгон. Суу ээсине жалбарынган ырым көркөм адабиятка көтөрүлүп ыр түрүндө айтылган. Анын кыска түрү мындай айтылат:

Агыны катуу дайрадан,
Жараткан өзүң колдоорсуң,
Суу кечкенде жетелеп,
Илияс пирим жолдошум.
Шашылбай солгун кечиргин,
Шайтанга наалат, жоголсун,
Жаа, пирлерим шар суудан,
Чымын жанды колдогун!

**Жаан тилөө ырым ыры** — жаан тилөө кыргыздардын мифтик түшүнүгү боюнча чыккан ырымдык көркөм адабияты болуп, жаратылыштагы кубулуштардын ээсине, атап айтканда «Көк теңирге» жалынып ырым жасап, ыр айткан.

Кыргыздар жаан жааса жакшылыктын жышааны деп эсептейт. Жаан жаратылышты жаңыртат, жаңы өмүр берет. «Жаан менен жер көгөрөт» — деген таанымда болгон. Ошого, жаандын жаап турушун тилеген, күсөгөн, жаанды күткөн ырым ырлары көптөн жаралган. Алардын ичинен төмөнкүлөрү менен таанышып көрөлү.

**«Жайы таш» ырым ыры** — «жайы таш» кыргыздардын эң эрте, мифтик наристе элестетүүсүндө пайда болгон түшүнүгү болуп, жаан жаабай кургакчылык болгондо «жаан жаадыруу» ырымы катары колдонулган.

«Жайы ташты» кыргыздар уйдун, койдун жумурунан таап, аны жаан жаадыруучу касиеттүү сөздөр менен дубалап алган. Жайы ташты сууга салып «Көк теңирден» жаан тилеп жалбарган. Ал жалбарганы сөздөрдү кастеттүүлөгөн. Сөз тизмектерин тетири жайгаштырган. Ырым ыры болгон. Ал «Жайы таш ырым ыры» төмөнкүдөй айтылган:

Кара каным, Султаны аккуу,
Кадуу менен туман абыраган ашкан.
Каранаттык боз булутту,
Теңирим сенден тиледим,
Аппак булут, бери кел, тез кел!
Булутум жетип кел!
Аа, аа, аракетин арайын,
Сиздин макинин быйнабайын,
Каннын журтуш.
Нийсаран, мисаран, тарамун,
Тарнашып, жалылен, шаман мосом,
Якут, алдо акбар!

(«Кыргыз оозеки чыгармалар тарыхы очерки» аттуу китептен алынды.)

**Жаан тилөө ырымы** — ар кайсы мезгил оошкондо биринчи жаанды кыргыздар тозушуп, жаан жааганда төмөнкү тилек ырын айтышып алкаган.

Күн жаа, күн жаа,
Күндөн күндөн көп жаа,
Карагай башын кайра жаа,
Арча шагын айра жаа,
Чекенде башын черте жаа,
Чийдин башын ийип жаа,

Төө куйрукка уюп жаа,
Жер жаанга сыйып жаа,
Төгүп, төгүп куюп жаа,
Ашкана толгон ак болсун,
Малга жыргал бак болсун!
Береке нуру чачылсын,
Бейли элдин ачылсын!
Малдын, жандын ырысы,
Жаан жаап турушу,
Көксөп жүргөн элдердин,
Жамгыр болот ырысы!

**Дамбыр таш ырым ыры** — «Дамбыр таш ырым ыры» көктөмдө биринчи жолу күн күркүрөгөндө айтыла турган ырым ыры болуп эсептелет. Кыргыздардын мифтик түшүнүгүндө күндүн күркүрөшү асмандагы перилердин аракетинен болот имиш. Алгач күн күркүрөгөндө кубанычтуу тосуп алып, андан жаанчачын тилөө ырымы ошол түшүнүктөн улам калыптанган түрү бар. Көктөмдө күн алгач күркүрөгөндө челекти көтөрүп даңгыратып урганча үй тегеретип «дамбыр таш» ырын айтып ырым жасашкан. Ал «дамбыр таш» ырынын кыскача түрү төмөнкүдөй айтылат.

Дамбыр, дамбыр, дамбыр таш,
Дамбыр аткан кызыл таш.
Жамгыр жаады күркүрөп,
Челек тулга калдыр таш,
Күн күркүрөп көп жаа,
Жер жарылып чөп чык,
Желин айрылып сүт чык.
Чебичегим челеңдеп,
Челек, челек сүт бер,
Тоо жарылып от чук,
Токтучагым тороңдоп,
Торочо[1], торочо сүт бер.
Байчечекей баш баксын,
Арык-торук, кой, козу,
Көккө тоюп жан баксын.
Жыл жадырап эртелеп,
Келишинен кайтпасын!

---

[1] Набак.

## ЫРЫМ-ЖЫРЫМ, КААДА-САЛТТАР

Кыргыз улуту өз тарыхында окшобогон бир нече динге ишенип келген. Азыр ислам динине ишенет. Элибизде ошол диндердин түрдүүчө таасирлери азырга чейин сакталып келүүдө, ал тургай кээ бирлери замандардын өтүшү боюнча улуттук каада-салтка айланып кеткен. Төмөндө ошол ырым-жырымдардын бир нечесин алымдын жетишинче тааныштырам.

**Бөрүгө катыштуу ырымдар** — эрте замандарда кыргыздар бөрүнү тотем кылып келгендиктен, азырга чейин ымыркай балдарды бөрүнүн баш терисинен айландыра кесилип алынган теринин оозунан өткөрөт. Бешигинин башына бөрүнүн чүкөсүн асып коет, кээ бир кишилер бөрүнүн чүкөсүн колтугуна кадап алышат.

**Отко катыштуу ырымдар** — отту ыйыктап, аны улуу нерсе деп карагандыктан, отту тегеренбейт, отко түкүрбөйт, күлгө сийбейт, коломтону аттабайт. Арчанын бүчүрү менен бешикти аластайт. Нооруз майрамында бардык киши аласталат. Күн баткан соң от бербейт. От бербеген бул ишти азыркы жаштар билбей калды. Ошого муну жана ак чыгарбастыкты айта кетейин.

Илгери азыркыдай ширеңке болбогондуктан, кыргыздар шилбинин кабыгынан куу жасап, оттук таш аркылуу от жагып келишкен. Алар жатаарда жана күндүз оттун чогун күл менен калың көөмп коюшат. Мындай кылганда чок өчпөй узак сакталат, кайсы кезде от жагууга туура келсе, ошол тиги чок аркылуу от тамызып алышат. Мына ушундай сарамжал кылалбаган кээ бир үйлөр башка үйлөрдөн чок алып чыгып, от жагат. Мына ушундай абал күн баткандан кийинки мезгилге туура келип калса, кээ бир кишилер от бербей коет. Ал эми күн баткандан кийин ак чыгарбайт дегенибиз, кээ бир сарамжалы жок үйлөр айранын такыр ичип алып, уюткусу калбай калат. Мына ушул абалда да күн баткан соң башка кээ бир үйлөр уюткулук айран бербей коет.

**Конок күтүү** — кыргыз эли байыртан бери эле меймандос, кең дасторкондуу эл болуп, мейли балайы конок болсун, мейли кудайы конок болсун келген конокко бар малын союп, алынын жетишинче сыйлап, ат ылоосуна жем-чөптү берип жакшы узатат. Алдын калыңдап, жылуу жаап, жакшы жаткырат. Жолоочу-

лап келе жаткан бейтааныш киши болсо да жакшы сыйлап кондурат. Эгер өзүндө малы же эт-ашы болбосо, элден карыз алып болсо да мал союп кондурат. Конокту кондурбай кууш, кондурса да жайсыз кондуруш сыяктуу жоруктар катуу айыпталып, башкалар жагынан сынга алынып, айыңдалат, атүгүл айып төлөтөт. Келген конок бара турган жерин билбесе, киши кошуп, белгилүү жерге чейин жеткирилип коюлат. Кыскасы коноктон эч нерсесин аябайт. Ошондуктан элибизде:

«Коноктуу үйдө кут бар,
Колоңсолуу кишиде жыт бар».
«Үйгө киргенче конок уялат,
Үйгө кирген соң үй ээси уялат».

деген сыяктуу макал-лакаптар бар. Илгери Какшаал өрөөнүнүн көкүрөк жагында жашаган Токсоба деген кишинин үйүнө жазгы үзүмчүлүк маалында бир нече конок келиптир. Мал арык болуп, союуга жарабагандыктан, Токсоба келген коноктorго өзүнүн түлөккө (түлөө) байлап жаткан атын союп берген экен. Мындай мисалдар четтен чыгат.

Конокко кондурган киши келген коноктордун ат уулоосунан тартып ээр-токумуна чейинки мүлктөрүнүн амандыгына кепилдик кылат. Жоголсо, житсе төлөп берет. Башкалардан угушумча: Улуу-Чат, Кызыл-Ойдон Төрөбек деген киши Жоюлган-Сууга барып консо камчысы жоголуп кетиптир. Үй ээси андан: «деги камчыңыз бар беле?» деп сураганда, Төрөбек «камчымды Баяман уста өргөн эле, Майтарам уста үч жеринен мыктаган эле, ал камчыны колума алганда бүткүл элим бир тарапка ыктаган эле» деп жооп берген экен. Ошону менен үй ээси камчы жоголгон иш үчүн тогуздап айып төлөгөн экен.

**Бычак өбөлгөсү** — үйгө конгон коноктун бычагы жок болсо, үй ээси бычак берет. Башка чогулуштарда деле кай бир кишинин бычагы жок болсо, үй ээси же башкалар бычагын берип турат, ал киши бычакты иштетип болгон соң бычакты ээсине берээрде бычактын учуна бир кесим эт сайып берет, мына бу «бычактын өбөлгөсү» болот. Бул абал өзүнөн кичүүлөрдүн бычагын иштеткен улууларда болот. Эгер өзүнөн кичүүлөрдүн бычагы жок болуп, эт туураганда карап оту-

руп калса, улуулар эт тууратыш үчүн бычагын берип турат. Мындай абалда кичүүлөр өзүнөн улууларга «өбөлгө» бербестен, иштеткен бычакты жакшы сүртүп, тазалап туруп, маки болсо жаап, бычак болсо сабын ээси жакка, учун өзү жакка каратып туруп эки колдоп туруп берет. Ушул жерде айта кетээрибиз, ар кандай жагдайда бирөөлөр жана бирөөлөргө бычак же ачылуу турган макини сунганда учун өзү жакка каратып, сабын сунат. Мындай кылбаса, урматсыздык болот. Эгер учуна эт илинген болсо, бычакты тик (учун жогору, сабын төмөн) кармап анан берет.

## МҮЧӨЛӨРДҮН ИРЕТ ТАРТИБИ

Кыргызда этти конокко туш келди тарта бербейт. Бардык мүчөлөрдүн (жиликтер) аксакал, кара сакалы болот. Бул жагында бардык кыргыздарда негизинен окшош экен, бирок баш менен куйрукта окшобостук бар. Биздин Какшаалда куйрук баардык мүчөлөрдөн улуу болот. Көптөгөн жерлерде баш улуу экен. Менимче, баш бардык мүчөгө кол башчылык кыла турган болгондуктан, анын улуу болушу шексиз жана бир жагынан алганда ар кандай малга бата кылганда башы элди карап турат. Ал эми койго карата айтканда, башы катуу, майсыз, куйругу майлуу, жумшак болот. Кыргызда «мансап улуу эмес, жаш улуу» деген макал бар. Ошондуктан ар кандай соорунда аксакал, улуу кишилер урматталат. Ушуга карай улуу кишилердин жешине оңтойлуулап, куйрук биринчи орунга өтүп калса керек. Төмөндө мүчөлөрдүн ирет тартибин ушул негизинде иш алып бара турган жерлердики боюнча тиздим.

**Койдун мүчөлөрү** — куйрук, жамбаш, карчыга, баш, кашка жилик, жото жилик (кээ жерлерде чүкөлүү жилик делет), далы, кар жилик.

**Эчкинин мүчөлөрү** — эчкиде куйрук май болбогондуктан, аксакалы жамбаштан башталат. Калгандары койдуку менен окшош.

**Бодо малдын мүчөлөрү** — уча (жылкыга карата), карчыга, жамбаш болуп калган мүчөлөрү койдуку менен окшош болот. Бирок бодо малдын жиликтери ортосунан эки бөлүнгөндүктөн, эки башынын улуу, кичилиги айрылат. Мында жамбаштын калак башы, кашка жиликтин кашка башы, жото жиликтин жоон

башы, кар жиликтин укуруk баштары берки баштарынан улуу болот. Бодо малдын ар кайсы (кээ жерлерде «сээр» деп атайт) жылкынын чучугу, карынкартасы, үй-топоздун сары жүрмөсү ак сакал табактарга салынат. Мейли, кайсы эле малдыкы болбосун, күң жилик, далынын кечири, моюн конокко тартылбайт. Моюн эт эки жагы эки башка чыгарылып, конокко тартыла берет. Бул жерде конокко тартылбайт дегенибиз тек гана моюндун сөөгү.

Кыргызда конокко союла турган малдардын да өз алдынча ирети бар. Эң даңазалана турганы — тай союп конок кылуу, козу семиргенде козу союулар өзгөчө оозго алынат. Андан калганы кой союу, табылбаганда эчки союу. Бу жерде айта кетерибиз, конокко союла турган мал бар туруп, арык, карган мал союлуп калса, айып иш деп каралат. Төө канча көп болсо да конокко союлбайт. Ошондуктан «төө көп болуп конокко сойбойт» деген сөз бар. Эрте замандарда сүт бото тайлак же кысыр эмди тайлактарды конокко сойгондук жөнүндө уламыштар айтылып жүрөт. Көз менен көргөн киши жок.

Эр, аялдар аралаш отурганда куйрукту аялдар алат. Өңчөй аялдар отурганда табакка баш тартылбайт.

**Устукан берүү** — үй ээси конокту сыйлап, конокту кондурганга окшош эле конок да үй ээсин урматтап, ар кимиси өзүнө тиешелүү мүчөнү алып, жолу менен ирettүү жеп, салт боюнча устукан берет. Андай кылбай, колуна тийген мүчөнү карга, кузгунча а жер, бу жерден тытмалап ит мүлжүгөндөй кылса, же устукан бербесе, ал да өз ылайыгында айыпталат. Атүгүл ошол алган мүчөсүнүн сөөгү чөнтөгүнө же баштыгына салып коюлат, же канжыгасына бекем байлап коюлат.

Мейли конок конгондо болсун, мейли аш-тойдо болсун учанын устуканы сөзсүз түрдө үй ээсине берилет. Калган мүчөнүн устукандары отурган соорундун ыңгайына карай берилет. Бирок ошондо да негизинен ошол үйдүн кишилерине берилиши керек. Адам көп болгон чоң чогулуштарда башкаларга берилет.

**Үй тойлотуу** — кыргыздарда жаңыдан үй-жайлуу болгондордун жаңы үйүн тиккенде да өз алдынча арналуу каада-салты болот. Ошол каада-салтты айтуудан мурда кыргыздын негизги турмуш буюму болгон боз үйдү айта кетели. Бул боз үй, ак үй да деп айты-

лып, мунун негизги материалы жүн менен жыгач болот. Боз үйдүн денеси кереге уук, түндүк жана босогодон курулуп, булардын бардыгы жыгачтан жасалат. Ал чоң-кичинелигине карай «жүз баштуу», «сексен баштуу», «жетимиш баштуу», «алтымыш баштуу» дегенге окшоштор менен аталат. Бул жердеги «баш» дегенибиз керегенин башына каратылып айтылат. Сапатына карай «торкөз», «аракөз», «желкөз» деп айырмаланат. Бул жердеги «торкөз», «аракөз», «желкөз» дегенибиз керегенин көзүн чоң, кичинелигине карата айтылат. «Торкөздө» муштум баткыс «торкөз» демейдеги «торкөз» деп айрылат. Боз үйдүн жабдыктары кереге чалгыч, ууктун боосу, чырмоок чий, жабык баш, үзүк, туурдук, терме-сызма боолор, түндүк жабуу, түндүк жабуунун боолору, босого чалгыч, эшик, чий, эшик түш, желбоо, төтөгө, кырчоо сыяктуулар.

Үйдүн ичи «төр», «улага», «эр жак», «эпчи жак» деп төрт бөлүккө бөлүнөт. «Төргө» ошол үйдүн аксакалдары (конок келгенде коноктор) отурат, жатат. «Эпчи» жакка казан-аяк коюлат, «эр жакка» келин уул жатат, «улагага» ээр токум коюлат.

Жаңыдан үй тиккен киши канча жетик болсо да бир туурдугун же бир канат чийин көөнөдөн септеп коет. Алгач ошол үйгө киргенде жакын кишилерин чакырып, бир мал соет. Башын түндүктөн чыгара ыргытат (бу албетте чийки кезде). Жакын кишилери да мамилесине карай ар түрдүү үй сарамжалдарын алып келишет. Бул «үй тойлотуу» деп аталат.

**Салбуурунчулук** — мылтык атып, жаа тартыш, ит агытып, куш (бүркүт) салыш, желе коюп, тор жайыш, капкан, тузак коюулардын бардыгы жалпы жонунан «салбуурунчулук» деп аталат. Бирок азыр бул тек гана мылтыкчан аңга чыгуу менен бүркүт салууга эле каратылып калды. Кандай эле болбосун кыргыздар жогорку аргалар менен аңчылык кылуу байыртан бери уланып келе жатат. Бул өнөрлөрдүн да өз ылайыгында каада-салты болот. Маселен: мергенди ээрчип чыккан киши карасанчы деп аталат. Мерген бир кийик атса өзү териси менен төрт сан этин алып, карасанчыга беш сан этин берет. (Кайыптын эти тогуз сан эсептелет). Карасанчы бир эмес, бир нече киши болсо да, ушу тиги беш сан этти тең бөлүп алышат.

Бүркүтчүнүн да жолдошу болот. Аны какмачы деп коет. Анткени ал далдада жаткан андарды үркүтүп,

ачык жерге чыгарып, бүркүттүн алышына оңтойлуу жагдай жаратып берет. Бүркүтчү алдырган аңын бүркүт менен ээси бир үлүш, какмачы бир үлүш кылып бөлүшөт. Кыргыздар бүркүтчүнү «үч ач» деп коет. Анткени, анын өзү, минген аты, салган бүркүтүн айтмакчы.

Мерген, бүркүтчү, капканчылар аңдан кайтып келе жатканда учураган киши аларга «шыралга» деп салам берет. Алар «болсун» деп алик алып, тапкан олжосунан ылайыгынча берип кетет. Ушул кесиптегилер бирге чыккандарга өз жолу менен олжосунан бербесе, же жолдо учурап «шыралга» айткандарга ырым кылбаса, оор алынып, айыңдалат. Ошол үчүн кыргызда:

«Кийик атып эт бербесе, тоодогусу жакшы,
Бээ байлап кымыз бербесе, жоодогусу жакшы»

деген сөз бар.

**Чылбыр боо** — өз ара ат соодасы кылышканда, бүтүшкөн баасынын сыртында жана «чылбыр боо» деп бир нерсе алат. Бул «чылбыр боо» деп аталат. Мындай иш төөгө да айтылат, бирок аны «буйла боо» деп атайт. Алган малы топ бузган жорго, же байгеден калбай жүргөн күлүк болсо, же даңкы чыккан атан төө, буура болсо, мунун «чылбыр (буйла) боосу» жогору болот. Демейдеги ат, төө соодасы болгондо да «чылбыр (буйла) боосу» бир козудан кем болбойт.

**Тумшук майлаар** — жаңыдан ат, төө, бүркүт, мылтык сыяктууларды сатып алган киши бир малын союп, айыл-ападагы аксакалдарды чакырат. Алар дагы эт жеп болгон соң «алган малыңан нарп тийсин» деген мазмундагы жакшы тилектерин айтып бата беришет. Муну «тумшук майлаар» деп аталат.

**Туур жабар** — жаңыдан алган бүркүт же кушка карата айтканда, алган киши саткан кишиге келишкен баадан сырт, бир чапан же чапандын кунун берет, бул «туур жабар» делет.

**Мылтык жабар** — мылтык алган киши да саткан кишиге бир нерсе берет. Бул «мылтык жабар» болот.

**Куттуктоо** — көп жерге колдонулат. Мамилеси жакшы кишилер жогоруда айтылгандай жаңыдан үй тиксе, там салса, келин алса, бирер маңыздуу буюм сатып алса, бирер кырсыкка жолугуп, андан сак кутулса, оор кесел болуп сакайса... куттуктады деп, мамилесине карата бир нерсе тартуулайт. Жадаганда

майда балдар жаңы кийим кийсе да, кийимди куттуктадым деп чөнтөгүнө бир нерсе салып барат.

**Өрүлүктөө** — айылга жаңыдан бир киши көчүп келсе, калгандары мамилесине карай алды кой союп, арты бир тамак-ашын дайындап жасап алып келишет. Бул «өрүлүктөө» деп аталат. Көчүп жатканда бирөө келсе, же көч үстүндө бирөө жолукса, ошол кишиси көчүп бара жаткандарга: «көч көркү болсун» дейт. Ал жаңы журтка барганда жолуккандар: «конуш байсалдуу болсун» дейт. Көч жолдо бирер айылдын жанынан өтсө, айылдагылар алардын алдынан айран, каймак, кымыз, нан сыяктууларын алып чыгып, узатып коет.

**Тартуу** — көбүнесе өнөрмөндөр жана колу уз аялдар белгилүү бир кишиге же анын бала-чака, кызкыркын, келин-кесектерине камчы, маки, күмүш топчу, кадак, иймек, комуз, жүз жоолук, мээлей ж. б. сыяктууларды тартууладым деп соога кылат. Ал сооганы кабылдаган киши ошол соогадан бир нече эсе ашырып, ал кишиге бир нерсе берет. Тартуу алып, аны өз жолунда узатуу — узата албастык ал кишинин адамкерчилигине, марттыгына, билермандыгына байланыштуу иш. Ошондуктан кыргыздарда «темене тартып, төө алуу» деген сөз бар.

*Айткан Мамбетказы Эминалы.*

## АТА-ЭНЕ БАЛДАРДЫ ӨСТҮРҮҮ ЖАНА ҮЙЛӨНДҮРҮП ЭНЧИЛЕР БЕРҮҮ САЛТЫ*

Ата, эне ар баланы багып өстүрүп, зайып алып берип, үйлүү кылып, энчи мал бөлүп берүүгө милдеттүү болот. Ар бала атасынан энчи алып, өзүнчө оокатын кылып караандаш жүрө берет. Ата менен энени эң кенже баласы багып калат. Ата, эненин артык малдары, үйү-жайы да кенже баланын колунда калып, ал үй чоң үй деп аталат. Берки бөлүнүп кеткен балдары чоң үйдөн дайым үмүт этүүлөр болот. Бул бөлүнүп кеткен балдардын ата, энесине карашканы да, карашпаганы да болот. Жарды болсо да кенже бала ата, энени багууга милдеттүү болуп багып калат. Эгер кенже балада мал, оокат көп болуп, бөлүнүп кеткен бала начарлап, оокатсыз болуп калса, кенже баладан экинчи ирет энчи алган убактар да болот.

Ата, энени улук тутуу, батасын алуу деген иш кыргызда эң ыйык иш. Ата, энени ыраазы кылбай, каргыш алууну эң безер санап келген. Атанын каргышы балага ок деп ишенишет.

Туугандар да бири-бирлери менен эң татуу, ынтымактуу туруулары тийиш. Туугандарына жамандык кылып жүргөндөрдү да кыргыздар эң жаман көрүп «тууганга кара санаган туура жарыбайт» деген макалды айтышат.

**Тууган эрегиши** — кыргызда тууган эрегиши деген нерсе эң коркунучтуу иштердин бири болуп эсептелет. Эки эле бир туугандын балдары ыкташып татуу тура алышпастан мансап талашып душмандашат

---

Инв. № 117

жана бири-бирине колдон келген жамандыктарын аябай жүрүшкөндөрү анык. Артыкча калк бийлеген мыктылардын балдары тууган эрегиштерин эң катуу жүргүзүшүп, бири-бирлерин өлтүрүшкөнү да болот. Өлтүрүп тууларды кангандыктан «тууган» деп айтылган деген карыялардын байыртадан бери айтып келген сөздөрү бар. Ошондой болсо да тууганды чет душмандан катуу корголгон.

**Жесир алуу** — кандай киши болбосун өлүп, зайыбы жесир калганда аны өз бир тууганы гана алат, өзү менен туушкандар болбосо, аталаш туугандары алат, башка кишилерге эч качан берилбейт.

**Көп катын алуу** — кыргызда көп катын алуу адаты жана жаш кыздарды сакалдуулар алуу, жаш балага чоң кыздарды алып берүүлөр байыртадан бери эле эң күчтүү орун алып, кээ бир чоңдор, байлар жетилеп аял алган. Мындай көп аял алгандыктын себеби — тукум-ужумум өссүн деген «чоң айгырдын үйүрү болоюн, беш камчы кимде болсо, береке ошондо» деген байыркылардан калган керээз сөздөрдү колдонгон.

Бул көп зайыптын бир экөөн эле жакшы карап жүргөн болсо да, калгандарынын кайсы бирлеринин үйлөрү, малдары бар болуп, өзүнчө оокаттарын кылышып жүрүшсө да, кайсы бирлери үйсүз, малсыз болуп, берки жакшы зайыптын отун, суусун алып, казан-ашын кармап күң катарында калган. «Камчы кайраттуу болсо катын уяттуу болот» — деген.

Эри жакшы көргөн зайып көрөр көз, «алынды катын» деп айтылып, жаман көрүлгөн катын салбар, «салынды катын» деп айтылган. Салбар катындын балдары да көрө көз катындын балдарына тең болбостон төмөн турган. Салбар катындын балдарын эл мазактап: «баланча кишиден туулган» деп аныктап айткандар эң көп болгон. «Арамдан бүткөн» — деп беттерине салып айтуулар да болгон.

Кайсы бир убактарда салбар катындын балдары да мыкты чыгып эл бийлеген учурлары да болгон. «Атанын сүйбөс уулу түп тутат» деген сөздөр ушулардан алынып айтылган. Катын эң кор саналып, уруу-согуулар көп болгон, катынды акылсыз делген, түрдүү жактан укуксуз болгон.

**Конок кондуруу** — кыргызда конок кондуруу эң

ыйык милдеттердин бири болуп эсептелген. «Кел дебеген үйдөн кетмендеген көр жакшы» деген макал ушундан калган болуш керек. Кандай чоочун, кандай бир аты угулбаган элден конок келип консо, аны сыйлап колунда барын конокко берип, атын да тойдуруп баккан. Короосунда кою болсо кой союп бербей жаткырбаган.

Конок кууш өлүм катарында эсептелип, конок кууган кишини ошол элдин бийи чакыртып алып бир тогуз мал айып салган. Конок кууган кишинин 2—3 малы болсо, бир малын айыпка сойдуруп, конокко бир чапанын алып кийгизген. Конок куу деген кыргызда болбогонго эсеп болгон. Эшикке түшкөн кишинин атын алып, эшик ачып киргизген. Аткарууда эшик ачып чыгарып, атына колтуктап мингизип аткарган.

Конок конгон үйдүн короосунан бөрү коюн жеп кетсе, конок уят болгон, киши өлсө конок өзү эле аттанып кете берген.

## АКСАКАЛДАРДЫ УЛУКТОО

Кыргызда аксакалдарды сыйлоо, аларды улук тутуу адаты эң эле күчтүү орун алган. Аксакалдар отурган үйгө жаштар уруксатсыз бир да кире алышпаган. Аксакалдын алдында бир ооз сөздү да бийлик кылып айта алышкан эмес. Карынын каргышы тийсе шексиз өлөт деген ишенич болгон. Карыдан бата алса өмүрү узарып, багы ачылат деген ишенимди бек туткан.

«Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көбөйөт» деген макал сөздөр байыртан калган сөздөр болгон. Карылардан бата алуу адаты эң күчтүү орун алган. «Сен сыйласаң карыңды, кудай сыйлайт баарыңды» деген макал сөздөр бар.

«Карысы бар жерде — касиет бар» деген да сөздөр бар.

Кыргызда чечилбей турган чоң кеңешти карылар чечип, карыларга ар дайым кайрылып чечтирип келген.

Ашка-тойго уруу-уруу кылып түшүрүлгөн. Миса-

лы, бир чоң уруунун ичинде бир канча майда уруулар болуп, алардын эң аксакалы, тойго мурун түшүрүлгөн. Жоого да ошону мурун салышкан.

## ДОС, ТАМЫР АДАТЫ

Кыргызда достошуу, тамырлашуу адаты эң кеңири орун алган. Эки киши достошкондо бирөө экинчисин үйүнө чакырып барып коюн союп, ат мингизип анттшашат. Аксак сары атты ортого коюшат (эки достун ортодогу антынын аты аксак сары ат болот). Сары түс кыргыз заңытында эң жаман белги болуп, анттан тайган дос сарыга кабылат деп ишенет. Дос болушкан эки адам, «дос деген кудаанын аты» деп достошот. Достор өлгөндөрүнө аса, туулган балдарына жентектешип турушат, жакшылык, жамандыктарына кошумчалашып карашып турушат. Зайыптарын аяш деп, балдары аяш ата, аяш эне деп айтышат. «Достун түбү доо, миң достон бир сөөк артык» деп эки дос акыры кудалашып да кетишет.

«Досанданы ант урат, куданданы бата урат» деп айтылган каккан казыктай эң таасирлүү сөздөр бар.

## ЖЫЙЫН

Эки-үч гана майда уруулардын аксакалдары жана ал жыйынга жумушу бар дагы көп кишилер барган. Бир уруу менен экинчи уруу  доо-акы, кун, айып алмак болушса, бир жерге чогулушуп келишип, жүйөөлөшүп, сүйлөшүп, күбө-тааныктарды сүйлөтүп сындаган. Эл бийлеген бийлер жана чечендер көпчүлүктүн алдына бетме-бет, туюк түрдө сүйлөшкөн, андай туюк сөздөрдү өздөрү гана билишкен. Экиден-үчтөн болуп, бужуңдөп сүйлөшпөгөн, доо-чыр ошондой түр менен бүтүлгөн. Күбө-таанык болбосо, бир кишинин касамын салып, берсе кутулуп, берилбесе жыгылып доону беришкен. Ар бир атанын тукуму жана урук, уруулардын башынан бери заңыт кылып колдонуп келген өздөрүнүн айрыкча салттары болгон. Ошол ата салтына да нык байланган. Кайсы бир ата мал бергиле, жан бербегиле деген. Кайсы

бир ата кызыңардын баштарын ачпагыла, жаманга берсеңер да ошонун колунда болуп, анын тукуму оңолуп, бизге теңелсин деген. Бул сөздү Бугунун Бирназар бийи айткан экен. Чыныбайдын атасы Тилекмат ууру кылбагыла, баш ачпагыла, бара жебегиле деген.

## ТОП

Көп чоң уруулар баш кошуп доо алышканды топ деп айтылган. Топто да чоң бийлер кыргыздын каада-салттары менен иш бүтүргөн. Күйөөгө бергенден кийин ал келин кандай болбосун бир бузук иш кылса, кыргыз салтында анын айыбын атасы тарткан. Мисалы: кызы башка бирөөгө жол кошуп, ашкере болунса, атасын чакыртып, айтылган кандай айыбы болсо да атасы айыпкер болгон.

Кыргыздар диндин көргөзгөн шариятынын шарттарына байланбастан ата-бабаларынан бери колдонуп келинген заңыт, салт, каада, нуска, жорук-жосун, заңыттарды колдонгон. Советке чейин ал салттардын аз ганасы жоюла баштаган, негиздүүлөрү баштагы эле күчүндө болгон. Мисалы: энчинин эң көбүн эр балдар алуу, жесирди башкага бербөө, кызды сакалдуу кишилерге берүү, көп катын алуу жана дагы ушундай толгон салттар.

**Уруулардын турушу** — кыргызда ар бир уруулар бир ыңгай конуштарда турушкан. Ар бир атанын балдары да өздөрүнчө бир айыл болушуп, көчкөндө да топтошуп өздөрүнчө көчүшкөн. Араларынан кандай себептер менен бирөө башка жерге, башка уруунун ичине барып турган болсо, аны кандай болбосун көчүрүп алууга аракет кылып көчүрүп алышкан. Башка уруунун ичинде жүргөндөр ошол урууга букара болуп, аларга тең болуп иш кыла албаган.

**Уруу намысы** — кыргызда уруу намысы эң бир нык коюлган. Мисалы: уруудан бир кишинин сөздөн сынышы, кор болушу, абийир табышы, намыс алышы, намыс кетиши урууга тиешелүү болгон.

Бир уруудан бир кишинин акысы башка урууга кетсе, же башка уруу уруп койсо, же өлтүрсө андай иштерди бүтүн уруу башына туруп доолашкан. Бир киши ууру кылса, эр өлтүрсө айып менен кунду бүтүн уруу төлөп куткарган.

**Бегилик** (тартуу) — кол өнөрчүлөр, усталар, өрмөчүлөр, чеберлер, мергендер жана ушу сыяктуу адамдар чоң бийлерге, байларга, мырзаларга сыйлык, тартуу кылып иштеп чыгарган буюмдарын алып барган. Алар көп ашыгы менен берип ыраазы кылган. Аларды мактаган ырчы, комузчулар болгон. Буларга да жакшылап берип ыраазы кылышкан. Мындай берүүлөрдү «бегилик» деп айтылган.

**Аңчылык** — мылтык атуу, бүркүт, куш салуу, капкан салуулар кыргыздардын эң жакшы көргөн кесиптеринин бири болгон. Бул кесиптерден чоң пайда көрчү, ошолор менен күн көрүп турмуштарын өткөргөндөр көп болгон.

Мергендер, бүркүтчүлөр адеп атканын, бүркүттүн алганын жолдошуна байлап берген. Бүркүттөр күз, кыш гана салынган, анткени түлкүнүн жүнү кышында сеңселип толгондо салынган. Кийик атса этин жолдоштору орток бөлүп алышкан. Кийик аткандарга жолдон учурагандар жана айылдагылар шыралга деп сураган.

Кийиктин кайберен деген колдоочу пири болот деп ишенген. Мергендин аткан кийиктери бир миңге толгондо бирөө оңко турат деген ишеним болгон.

**Тобокел** — кыргыздар ар бир иштерди тобоколго салып иштей баштаган. «Кеңешип кескен кол оорубайт» деп тобокелчил болгон. «Тобокелде кайгы жок» деп айтышкан.

**Таптык** — кыргыздарда тапка бөлүнүш жактары да эң күчтүү болгон. Мисалы: бий, баатыр, бай, букара, кул. Бийлер, байлар, баатырларга букаралар эч бир убактарда тең болуп, кыз алышып тең сөөк боло албаган.

Кулдар болсо: чабуулдан, кыздын калыңынан, аттын байгелеринен жашап келишкен.

Жарты кылым өткөндө кулдардын арасынан тың, мыкты чыккандары бий тукумдарына теңелишип кетишкен. XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып букаралар да бийлерден кыз алып, кыз берише баштап теңеле баштаган.

**Өмүр** — илгерки заманда кыргыздар көп жашаган. Анда-санда гана кишилер өлгөн. Ооруларды аралап барып сурабастан дөңдөн атчан туруп сурашкан. Бир киши чечек оору менен ооруса бүтүн айыл көчө качып, ооруган кишини үйгө жалгыз ташта-

ган. «Балакеттен машайык качып кутулуптур» деп айтылган.

**Ырайым, кечирим** — кыргыздар колго түшкөн душмандарына да ырайым кылып, боорлору ачыган. Кандай жаман душмандары да моюн сунуп жыгылып кечирим сураса алардын кылмыштары кечирилип кетирилген. «Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч, сунган моюнду суурган кылыч кеспейт, атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер» деген сөздөр буга далил боло алат.

# ОТУРУП-ТУРУУДАГЫ ЖАНА ТАМАК ИЧҮҮДӨГҮ АДАТТАР*

Кыргыздар бир күндө алда нече жолу ичип-жеген.

Үйгө киреРде эшик ачылып, эң мурун аксакалдар жаштарына карап кирген, отурууда да төргө аксакалдар отурган, жаштар төмөн отурган.

Кыргыздар конокко кой соердо жетелеп кыбыланы каратып, конокторго бата кылдырып, мууздайт. Мал сое албаган жигит эт туурай албаган, бычаксыз, камчысыз жигиттерди жаман көрүшкөн.

Этти казанга салып, абдан бышырып чыгарганда үй ээсине куйруктан кесилип ооз тийгизилет. Шыйрак, бөйрөктөрдү эшиктен кирген балдар алат. Этти табактарга бөлүп салып, аксакалдап тартылат. Куйрук, куймулчак, жамбаш аксакал табактарга салынып, эң аксакалга тартылат. Бир жамбаш менен баш экинчи аксакалга тартылат. Жото жилик үчүнчү аксакалга, далы, кары жилик андан кийин тартылат. Өпкө, боор, жумур, ичеги, карындар, моюн, күңжилик конокко тартылбайт. Боор тез бышат, аны бышары менен кесип туздап конокторго кыдырата сунат.

Конокко эт тартарда бир киши колуна чылапчын, кумганын алып коноктордун колдоруна суу куюп, суу жоолук берет. Колдорун жууп болгондо «бай бол, тилегиңе жет» деп ж. б. алкыштар айтат. Дасторкондор салынып, этти тартат. Коноктор колдорун салып, устукандарды аксакалдашып алышат. Коноктор устуканды бир аз мүлжүп эле төмөндө табак тартылбай отурган, от жаккан кызматчылар же келин, кыз, балдарга берет. Баштын кулактары да балдарга берилет.

---

Инв. № 117

Эт тууралып, чык куюп аралаштырып даяр болгондо аксакал баштап алат, төмөн отургандарга коноктор берип ашатат. Табакка түп калтырып, аны келин, кыздар жейт, кол аарчылып сорпо ичилет. Эң төмөн жактагы бир киши, же үй ээси, же анын балдарынан бирөө ордунан тура калып оомийин айтып эки колун жайып бата кылып, андан кийин колго суу куюлат.

Эшикке чыгарда төмөн отурган жаштар жол бошотуп мурун чыгып, артында аксакалдар чыгат.

Кыргыздар кандай киши болбосун үйгө кирген кишиге даам бербей чыгарбайт. Жайдын күндөрүндө эшикке атчан келгендерге үйдөн алып чыгып суусун берет.

Аш-тойлордо жылкынын учасын ар бир уруктан келген аксакал, көп жашаган абышкалардын эң аксакалына тартылган, мейли кандай болбосун, анысына каралбаган. Айылдагы үйлөргө да мүчө жиберилген.

## КЫМЫЗ ИЧҮҮДӨГҮ АДАТТАР

Бээ байланып кымыз ачытылган үйлөргө эртең менен айылдагы эркек, аял, балдар бардыгы кирип олтурган. Үй ээси аял туруп кымызды бышып, аяктарын жууп, кымызды куюп, бир киши отургандарга бир баштан суна баштап, бир эле жолу эмес, бир нече аяк сунуп ичирет. Кирген кишилер кымызга тойбой чыгуу болбойт. Эгер кирген кишилерге кымыз аз болуп тойбой калса, анда чоң намыс болот, ал үй берекесиз болуп эсептелет. Кирген кишилер кымызга тоюп бүткөндөн кийин бата кылып тарашат.

Кыргыздар бир күндө эң болбогондо 6 —7 ирет тамак иче берет.

## КӨЧ

Кыргыздар тез-тез орун которуп көчүп турууну сүйгөн. Көчкөндө көбүнчө жүктөрүн төөлөргө жүктөгөн. Жүк жүктөлгөн төөлөргө жүктүн үстүнөн калы килемдерди жаап, уук учтук, төө моюн, төөнүн буйлаларына шурудан тизип, жүктүн үстүнө каркылар салынып, төө жетелеген кыз, келиндердин ат-тондору, ээр токумдары да абдан жасалгаланган болот. Төөлөрдүн моюндарына жеке сан (чоң коңгуроо) кыздардын аттарынын моюндарына коңгуроолор тагылган.

## ҮП

Кыргызда чоң бийлер, байлардын жыйган көп асыл буюмдары «үп» деп айтылган. Үптөрдү ороп койгон ороочтор «бокчо» деп айтылган. Бир жүз койго же кырк байталга сатып алынган алтын күрөөкө тондор, килемдер, дейилде, кымкап, шөкүлөлөр, жамбы, дилделер, бермет-шурулар, башайы-шайы, торгун, тубар, дүрдүн, буулум тондор болгон.

## САЛЫК

Кыргыздар жогорку айтылтан асыл буюмдарын жайлоого көчкөндө үңкүр даярдап салыктарга салып көчүп кете беришкен. Аны (үңкүрдү) салык салуу деп аташкан.

# ДИНИЙ ҮРП-АДАТТАР

**Бакшы*** — кыргызда бакшылар деген бир кыйла адамдар болуп, алар эл аралап жүрүп, оору-сыркоолорду эмдеп-домдоп көрүп жүргөн адамдар бакшы деп аталган. Бакшылардын адамдарга көрүнбөй өздөрүнө көрүнүп, бакшылардын кызматын орундаткан чымындары болот. Чымыны көп бакшылар күчтүү бакшылар болот. Бакшылардын эң күчтүүлөрүн кара жиндүү бакшылар деп айтылган. Байлатып койгон жинди ооруларды Кара жиндүү бакшыларга көргөзүшкөн. Бакшылар айкырып-кыйкырып, колдоруна бычак, шамшарлар алып ооруну койгулап, жаргылчак таштарды алып көтөрүп өз төшүн өзү уруп, жазы темирлерди отко салып кыпкызыл кылып туруп шыркыратып тили менен жалап, ар түрдүү укмуштуу сөздөрдү айтып бакырып жана олуя-мазарларды айтып чакырат, аны менен катар ар түрдүү коркунучтуу сөздөрдү айтып көрүм көргөндө, карап турган кишилердин эстери ооп, көңүлдөрү айнып, үйдүн ичи көл болуп, үстүндө өрдөктөр сүзүп жүрөт. Көпчүлүк оорулар сопсоо болуп айыгып да кетишет.

Кайсы бир бакшылар чымындарын башка бакшыларга алдырып жиберип, жөнөкөй эле киши болуп калышат. Эч бир иши жок, бекер болуп калган кишилерди «чымынын кактырган бакшыдай болуптур» деген ылакап сөздөр бар.

Бакшыларга да оорулар сыйынган, мал ж. б. беришкен. Бакшылар ооруларды түндө (түн ичинде) көргөн.

**Бүбү** — Зайыптан чыккан бакшы Бүбү деп айтылат. Бүбү да нак эле бакшынын жолдорун жолдогон.

**Тамырчы** — кыргызда ооруларды билегинен тамы-

---

Инв. № 117

рын кармап дарылаган адамдар болгон. Аларды тамырчылар деп айтышкан. Алар ооруну көргөн учурда билегинен тамырын кармап көргөн да «ооруң ысыктан болгон ысык оору экен, суу ич, же болбосо суук оору экен, күчтүү тамак ич» деп дарылаган тамырчылар болгон. Кыргыздар оорудан көбүнчө суу ичип айыккан. Суу ичкен оорулуу кишилерди тамырчылар тупадан туура тамакка киргизбестен, адегенде күчү жок көк сорпо, ак жарманы 2 — 3 күнү ичирип туруп, андан кийин тамакка салган.

Кабыргасынан түкүргөн, алдынан сезгенгендерге карандай эле суу ичирилген. Бир айлап суу ичкен оорулар болгон, алардын жиликтери тамам үзүлгөндө мал болгон.

Канчылар да түрдүү ооруларды кан алып айыктырган. Кыргыздарда мындай ооруларды айыктырган кылдат тамырчы-табыптар көп болуп, ооруларды айыктырып, тартууларына малдар алышкан.

**Дарымчы** — оозду кара жама жеген, шишик, жылан менен бөй, кара курт чаккандарды дарымчылар түкүрүп айыктырган. Дарымчы чыныга сууну куюп алып ууртап, ар түрдүү дуба сөздөрдү айтып түкүргөн. Жылан, бөй чаккандарга ар түрдүү жылан жана курттардын аттарын айтып түкүргөн. Мындай сөздөрдү айткан:

> «Алабата бүрү менен,
> Ажыдаардын түгү менен.
> Арал, арал, аралга көч,
> Арал отун оттогон маралга көч» ж. б.лар.

Дарымчылар жылан чаккан киши жана малды дарымдаганда бир бычакты сабынан жерге сайып коюп дарымдаганда жети суудагы жыландар келип бирден бычактан оролуп өткөндө, эң акырында чаккан жылан оролгондо өлөт. Киши менен мал айыгат.

Дарымчылар дайыма жыландар менен арбашканда, жылан аяк өөдө тик туруп оозун кыбыратат. Киши да дубасын айтып турат. Экөөнүн тең ичтери көөп чыгат, аттарын тапса, ошо замат эле жыгылат да, ичи жарылып өлөт. Жылан менен кара кой жана торгой да арбашып, көбүнчө торгой жеңилет да жыланга сордурат. Кара кой дайыма жеңип, башын үзүп сугунат экен.

**Албын** — ашуунун белдери, сырт жерлерде аба

жетпей кишинин деми кысылып кыйналат. Кыргыздар муну «түтөк» деп айтышат. Түтөк деген Албын аттуу шайтандардын бир түркүнү болуп, алар кыздар болот имиш. Ага уяттуу булганч сөздөрдөн айтылып турулса уялып кача баштап, түтөккөн киши эс алат экен. Сырт жерлерине мал багып баргандардын жандарына талкан, өрүк, мейиздерди ала жүрүп, түтөккөндө татып-жыттаса болот деп колдонгон.

**Жайчы** — кыргыз ишенигинде киши күндү жаадыра алат деген ишеничтер болгон. Күн жаадырчууларды жайчылар деп аташкан. Жайчылар эт, майларды аябай жеп анан күн жайлаган. Жайчыларда кара таштар болуп, ал таштарды кара сууга салып жай сөздөрүн айтканда, чайыттай ачык турган күн бүркөлүп жаай баштайт.

Жай таштар кызыл чаар таштар болуп, үйдүн ичинен чыгат экен. Кээ бир чоң адамдар жайчыларга сураныл өздөрүнө каршы уруунун жерине жут түшүртүп, малы баштарын кырдырган учурлар болгон. Эгин, чөптөргө да жайлатып күн жаадырган. Аттын жалына күн тийгизип, соорусуна күн жаадырган жайчылар да болгон. Калмактан чыккан жайчылар кара сууну айран сыяктуу уютат экен.

Жайчылар тирүү кезинде жай ташын жерге көмбөсө, ооругандан баштап тынымсыз күн жаап, көргө койгондо да жаап, качан ичи көөп жарылганда гана күн ачылат экен. Жайчы өлгөндө ичине бычак жүргүзсө, анда күн жаабайт экен. Кай бир учурда кишилер жайчыларды кармап алып өрттөп да жиберген учурлар болгон экен. Жайчылар мындай деп айтат: «Таз каранын таңдайынан катты, Жагалмайдын жанынан катты» ж. б.ларды айтат.

**Кут** — бүбү, бакшыларга ырымдатып коргошундан куйдуруп, төргө жабыкка илип коюп, аны «кут» деп эң касиеттүү санаган. Бир ишке ишендирмекчи болунса «Куттуу үйдө турам го» деп таасирлүү, ишениктүү кылып айткан. Оокаттуу, жакшы жашап турган бай адамдарды кутмандуу бай деп айтылган. Кут өзүнчө коломтого түшүп калат деген ишеним күчтүү болгон.

**Арбакка сыйынуу** — кыргыздар бир чоң тилек тилегенде же бир жакшы ишти жасоодо шашып калса ж. б. учурларда дайыма арбакка сыйынып «арбак колдо» деп баштапшат.

**Жер-суу таюу** — кыргыздар жаз, күз ушул эки

убакытта түтүнгө бирден кой, же улактарын бир таза бош жерге чогулуп алып союшуп, жер, сууга жалынып тайып, эттерин жеп бата кылып тарашат. Күн, ай тутулуп, жер титирегенде, оору-сыркоо көбөйгөндө да чогулуп жер-суу таюу, жерге, сууга жалынып жакшылык тилөө адаттары эң күчтүү орун алган.

**Жылдар** — жыл он экиге бөлүнүп алар: Чычкан, Уй, Жолборс, Коен, Балык (Улуу), Жылан, Жылкы, Кой, Маймыл (Мечин), Тоок, Ит, Доңуз.

Адам ар бир 12 жыл толгон сайын мүчөйт, мүчөл жылы адамга катар жыл болот. Бул жылда адам катуу ооруйт, же өлөт. Ошондуктан ал жыл башталарда адамдар кийимдеринен берип, садага чаап, кол кайыр берилген.

**Нооруздама (Жаңы жыл)** — жалган курандын он биринчи күнү (март). Арпа, буудайдан көжө бышырып, эт салып, кыдырып ичип-жеп жүрүшөт. Күн батаарда малдарын короого чогултуп, арчадан көп чогултуп жалындатып күйдүрөт. Эң алды менен кишилерди бирден өткөрүп арча менен чаап аластап, андан кийин малдарды аластайт. Аластоо убагында мындай сөздөр айтылат:

«Алас, алас,
Ар балаадан калас,
Жаңы жыл келди,
Эски жыл кетти,
Малдан аман,
Жандан эсен бололу» ж. б.

дагы ушундай жалбаруу сөздөрдү көп айтып турулат.
Эң акырында капырга каршы деп чыгышты карай мылтык атылат. Кишилер ушул күнү жашка толот.

Ай, күн тутулганда бир чоң жакшы адам өлгөндө тутулат деген ишеним болгон.

**Дамбыр таш** — жазында күн алгач күркүрөгөндө көнөккө ташты салып алып калдыратып зайыптар үйлөрдү айланат.

«Жер жарылып көк чык,
Желин айрылып сүт чык!»

деп айтып турушат. Бул ырым «Дамбыр таш» деп айтылат.

Күн күркүрөп, чагылган жаркылдаганды кыргыз-

дар чагылган менен периште шайтандарды атат деп ишенишкен.

**Моюнга камчы салуу** — бир киши экинчи бир жакынына жазык иш кылган болсо, жарашканда ордунан тура калып, моюнуна камчысын салып кечирим сурайт. Мындай болгондо таарынчы кечирилет.

**Моюнуна буурчак салуу, жалынуу, тегеренүү** — бир адам ооруп алеттен өтө албай жатканда кудайга жалынып эң катуу тилек тилеген эне-атасы же бир тууганы «мени ал» деп тегеренет. Же бирөө ооруп өлөр алга келип жатканда анын жакын туугандары моюндарына кой байлоочу буурчакты салынышат да кудайга жалынып тиленишет.

**Түлөө** — бир кубанычтуу күндөрдө же оору убагында мал союлуп элге тамак берилет. Муну түлөө деп айтылат.

**Ак сары башыл** — бир ишке тилек кылынганда, же оорулар болуп жатканда назыр айтылат. Мисалы: жылкыдан ай туяк, уйдан ача туяк, койдон ак сары башыл айтылат. Тилеги орундалганда, жолдукка айтылгандар берилип жана союлуп элге берилет.

**Чечкор** — дыйкандар эгинди кызылдап коюп чечтеп, башына күрөктү сайып коюп, күүгүм талаш бир кой же эчкини кызылга жаба мууздап, этин салып жешет. Кызылга бир да жан жолотпой, ээн коюлат. Эгиндин колдоочу пири Баба дыйкан деген куш эгинди көп тезектеп төгүп берет деп ишенишет. Эгинди этти жеп бүтүп, жатаарда сузулат.

**Бабедин** — кандай болбосун бир шашкаланда аты куласа жана ошондой майдараак коркунуч иштер болгондо тогуз токоч бабедин деп айтылат. Тилек орундалганда айтылган бабедин өткөрүлөт. Бабедин илгери болуп өткөн касиеттүү бир даам экен.

**Садага чабуу** — ооруган, жоодон кутулуп келген жана дагы ушу сыяктууларга улактан садага чабуу, кара торпок кескилөө, кийимдерин талатуу ырымдары болгон.

**Төлгө тартуу** — төлгөгө ишенүү да кыргыздарда эң нык орун алып келген. 41 ташты ийне менен тигилбеген кийиздин бетине төрт чарчылап топ-топ кылып тартылат да, болгон же болор иштерди төлгөчү сүйлөйт. Ачык айтып ак сүйлө деп ж. б. дагы көп ишенич сөздөрдү айтып тартышат.

**Түш жоруу** — түштө көргөн окуяларга да кыргыз-

дар абдан ишенет. Кай бир кишилердин көргөн түштөрү келип да калат. Ар бир кишилердин өздөрүнүн кармап калган белгилери болот. Мисалы: түшүндө эгин көрсө пайда табылат. Чоң дарыя сууларды көрсө — өмүрү узун болот. Көргөн суулар өмүрүндө иче турган суулары болот. Кой көрсө бир балаага дуушар болот, түштөгү кой душман болот. Өлүк келип тамак ичсе зыян чыгылат. Өлүктүн колунан тамак ичүү — жаман. Кандай болбосун түштөгү сары нерсе кайгы болот. Жорго минсе да зыян болот. Түшүндө ыйласа өңүндө кубанат. Эркектер эшек көрсө, зайыптар пахта, камыр көрсө эң чоң жакшылыкка дуушар болот. «Эр карып эшек, катын карып пахта түшөбөйт» деп айтылат. Дагы «эркек — эшек, катын — камыр түшөбөйт» деп да коет. Түшүндө төө кубаласа да катаал болот. Үйдө кызыл эт чийки көрүнсө зыян болот. Кыздар көрүнсө — ал кишини шайтандар азгырып жүргөнү болот. Жылуу сууга куюнса дөөлөткө жетишет. Ат көрсө чоң даражага жетишет. Өз үйүнөн кишилерге тамак берсе зыянга учурайт. Түштөгү ак нерселер жакшылык болот. Калың мүрзөлөрдө жүрүш дагы жакшылык болот.

Жаман түштөр көргөн киши эрте туруп, көргөн түшүн сууга айтып түкүрөт. Түштүн моюну кылдай, башы казандай, жаман болсо да жакшылыкка жооруса жакшы болот деп айтылат.

Кай бир кишилердин көздөрү, эттери тартуулары да пайда, зыяндар болорду белгилеп билет.

**Бал китеп ачуу** — уйгур, өзбек молдолору бал китеп ачышкан. Алар кыргыз араларына келип, бал китеп ачып, болор иштерди айтып, элди ишендиришкен.

**Баш тегеретүү** — уйгур, өзбек молдолор кыргыздарга аралап келишип, эри аялын же аялы эрин сүйбөсө дем салып, ырымдар жасап аларды бири-бирин жакшы көрүштүрүп койгон учурлар болгон. Бул адат «баш тегеретүү, же жылуулук» деп айтылган.

**Көзү ачыктык** — адамдар арасынан кээ бир адамдар көзү ачык болушат, башкача айтканда, оору кайдан тийгендигин, кандай кылса айыгарын, кандай душманы же кандай зыян күтүп турганы, же кандай жакшылык болорун, келечегин көрүп тургандай айтат. Мындай кишилерди көзү ачык дешет. Көзү ачыктар ооруну дарылабайт, жөн гана болгон, боло тургандарды айтып берет.

Кыргыздар ар бир оорунун өзүнчө ээлери бар деп нык ишенишет.

**Кыдыр** — адамды кыдыр колдойт (даарыйт). Кыдыр адамдын жашоосунда 3 жолу учурайт: 1 — кара мурут убагында, 2 — кара сакал убагында, 3 — көгала сакал убагында жолугуп колдоп кетет. Үчтүн биринде кыдыр жукпаган адам ал түбөлүк жарыбай калат.

Кыдыр ар түрдүүчө кийинген жөнөкөй адамдар болуп жолуга берет.

Кыдырга жолуккан адам эгерде кол алышып калса, бармагында сөөк болбойт деген ишеним сөз бар.

**Кырк чилтен** — тынымсыз эң эле тез жүрүп, сүйгөн адамдарга эң кыйынчылык убагында жардам бере турган кырк жандар.

**Бак** — адамга таалай бере турган жан. Бул бак адамды карап эле койсо болгону, кыдыр токтоосуз даарыйт. Бак караган адам аябай бактылуу болот, бардык жагынан жетиштүү, бакубат жашап өтөт.

**Шаймерден** — жигиттердин колдоочусу.

**Мазарларга сыйынуу** — ар бир жердин өзүнчө колдоочу пири бар деген. Ал жердеги мазарларга курмандыктар чалынган. Оорулар жана төрөбөгөн зайыптар мазарларга барып мал союп түнөп, маласи (чүпүрөк, кебез) байлаган. Мазардан кереметтүү сырлар көрүнөрүнө абдан ишенишкен.

**Ыйык көтөрүү** — бала элирип ыйлаганда бир кой же эчкини ыйык көтөрөт, ал малды балага шилекей алыштырылат. Эгер бул ыйык көтөрүлгөн малды башкага керек кылмакчы болунса, анда ошол башка малга дагы шилекей алыштырылып коюлат, акыры ыйык көтөрүлгөн мал союлуп, түлөө кылынып элге берилет.

**Мант байлоо** — колго, бутка же башка бир жерге көз жара түшсө жибектен колго бутка, моюнга байлайт. Муну «мант байлоо» дейт. Бул мант өзү түшөт.

**Кабыргадан түкүрүү (ооруу)** — кабыргадан түкүргөндү (ооруганды) Көк аттуулар (жан алгычтар) атып кетти деп ишенилген да, суу ичирген. Чагылгандын огун таап алганда кабыргадан түкүргөн (ооруган) кишилерге эзип ичиришкен.

**Бертик** — кишинин колу же буту сынып, же бертинсе, зайыбы же энеси айыл кыдырып, үйгө кирбестен тешиктен сузгу, чөмүчүн сунуп сурайт. Ун, талкан салып берилет. Ал берилген тамакты бертинген киши жеш керек. Ошондо бертингени айыгып кетет.

**Баш таңуу** — атасы, энеси айылга кеткен эркек, кыз балдар жана келиндер айылдагыларына эт салып, же тамак берүүгө милдеттүү болот. Муну баш таңуу деп айтылат.

**Жыйыш** — айылдагы кыз, келиндер чогулуп үйлөрүнөн тамак алып келишип чогуу жешет. Муну жыйыш деп айтылат.

**Жип салуу** — чогулуп өрмөк же таар согуп, же чогулуп башка бир иштерди иштеп жатышкан учурда зайыптар, кыздардын атынан бир оокаттуу үйгө ошол иштелип жаткан иштердин өөндөрүнөн, жиптеринен берип жиберишет. Үй ээси тамак даярдап жеткирет. Бул адаттарды эркектер да колдонушат.

**Мал жашырып берүү** — кыздар атасынан, башка айылдын зайыптарына кой, чапан жашырып берет.

**Ажыраш аяк** — бир киши бир айылдан экинчи айылга же бир уруудан экинчи урууга көчүп кетмекчи болгондо айылдагы же уруудагы калып жаткан куда, досторуна ж. б.ларга ажыраш аяк берип чакырышат. Мында мал союп, ат мингизишип, тон кийгизишип ж. б. салттарды жасашат. Бул ажыраш аяк деп айтылат.

**Баш куттуктоо** — бир киши катуу ооруп айыкса, же бир чоң мансапка жетишсе, анын куда, достору мал союп чакырып ат мингизет, же тон кийгизет. Муну баш куттуктоо деп айтат.

**Өбүлгө** — аш, тойлордо ким болсо да, ырчылар мактап ырдаса ат, тон сыйга берилет. Ал берүү «өбүлгө» деп айтылат.

## КУН

Эркек киши өлтүрүлсө 300 кара мал, зайыптыкы 150 кара мал болуп, муну да бийлер тарабынан ойлонгон заңыт болгон. Өлтүрүлгөн өлүк даңктуу киши болсо, өлтүргөн жак ак боз атка кыз мингизип, ак төөгө тул артып тартууга келген. Өлүк ээсине кунун бүтүрүп бергенден кийин бийлер бийликтерин (акысын) алып жана уруунун аксакалдарына да кундан мал чыгарып берген. Кай бир убактарда кун берүүчү менен кун алуучуну кудалаштырып бүтүргөн. Кун бүткөндө бир сары итти алып келип кылыч менен белин кыя чаап жана бир жылкынын куйругун бий кырккан. Муну кун куйрук кести болуп, кун бүттү деп айтылган.

**Доонун бел болуусу** — кандай болбосун бир доо көп жылга созулуп алынбай кетсе, ал доо бел болуп, доо жоюлат. Муну «доонун бел болуусу» дешет.

**Чыбык кыркуу** — зайыптардын баштары бийлердин алдында ачылган. Бийлер текшерип зайыптардын башын ачканда, башкача айтканда, ажыраштырганда, бий бир жаш чыбыктын эки башынан карматып туруп кырккан. Бул ажыраштыруу иши ушунтип чыбыгы кыркылып бүтүлгөн.

# ЖАРАМАЗАН*

Ээй, жарамазан айтып, айтып ким тойгон бар,
Байыркынын нускасын ким койгон бар.
Жарамазан айткандын жайдасы бар,
Жанына бир азыраак пайдасы бар.
Жарамазан айткандын кобобу бар,
Жанына бир азыраак сообу бар.

Ассалоом алейкум жарамазан,
Алакиме салам энди келем куран.
Азирет расулга жүз миң салам,
Ассалоом алейкум ата Жаныш,
Амандык эсендигиң сураганым.
Ассалоом алейкум акелерим,
Сиздерге Иман берсин Жапар керим.
Ассалоом алейкум, сиз байларга,
Ким жетип, ким жетпеди бул айларга.
Кирипсиз ак чарбактай сарайларга.
Чарчаган ооз биздики,
Чакырган арбак сиздики.
Кыйналган ооз биздики,
Кыйкырган арбак сиздики.
Арыгын айтып алдына,
Акындарың наалыган,
Сизди илгертен кызыр даарыган.
Көп ырын айтып алдына,
Көргөндөрүң наалыган,
Сизди көптөн кызыр даарыган.

---

Инв. № /5225/ 587

Байызың алтын тон болгон,
Мактап айткан ырчыңа,
Паанаңыз тийген оңолгон.

Кийгениң алтын тон болгон,
Илгертен ишиң оң болгон.
Ырдап аткан ырчыңа,
Ырысың тийип оң болгон.
Мейлиң берсең жалгасаң,
Мен ыраазы албасам.
Сен бир алтын каухар таш.

Алты аркан салса бойлогус,
Кудук мында турбайбы.
Алты атасы бек өткөн,
Улук мында турбайбы.

Жети аркан салса бойлогус,
Кудук мында турбайбы.
Жети атасы бек өткөн,
Улук мында турбайбы.

Жарамазан айта келдик эшигиңе,
Ак кочкордой уул берсин бешигиңе.
Ак уулуң жакшы чыгып бешигинен,
Көптөгөн эл кетпесин эшигинен.

Жан жараткан жан алла,
Жаак тилим кыймылда.
Өөдөтөн карма билегим,
Өрөпкүбө жүрөгүм.

Кардыкбачы кабагым,
Кабыл келчи тилегим.
Таап айтчы таңдайым,
Тап жарылчы маңдайым.

Короону көздөй басышты,
Кой беришет кандайын.
Шыңгыраган үн чыгат,
Сандык ачып жатабы?
Санабай туруп тутамдап,
Акча берген жатабы?

Тобун бузбай кучактап,
Кездеме берген жатабы?

Бычак учу жылтырайт,
Май томуруп жатабы?
Чакылдаган үн чыгат,
Кант сокусун чагабы.

Бука берсең байлап бер,
Мурунтугун шайлап бер.
Чылбырымды үзбөсүн,
Кардымды жара сүзбөсүн.

Улак берсең албаймын,
Убалына калбаймын.
Козу берсең аламын,
Койго кошуп саламын.
Жылкы берсең аламын,
Жымпыйып туруп каламын.
Жылажындуу кушум бар,
Эртеси минип саламын.

Тебирчилеп токтобой,
Атымдын бели талып баратат.
Какшап ырдап какылдап,
Үнүм бүтүп баратат.
Көп эле ырым бар эле,
Бу да бүтүп баратат.
Ырчылардын баарысы,
Көп алууну жаратат.
Көп берсе да, аз берсе,
Бат берүүнү жаратат.
Жосуну жок кээ бирөө,
Көпкө көзүн каратат.

Жарамазанды айтып бүтүп, жолдугун алгандан кийин ыраазы болуп бата берет.

## БАТА ЫРЫ*

Бергениң алдым колума,
Эми тартам жолума.
Ак жоолугу түшпөсүн,
Аялыңдын башынан.

Абыдан ынак болгула,
Кошулдуңар жащыңан.
Бактылуу болсун балдарың,
Таалайлуу болсун чалдарың.
Белгилүү болсун алганың,
Билимдүү болсун балдарың.
Өмүрлүү болсун балдарың,
Өрнөктүү болсун чалдарың.
Алгандан акын артылбайт,
Алмайынча акындын,
Кызыл тили тартынбайт.
Дүйнө чиркин курусун,
Бир-бирине жакындайт.

Бергенден бегзат кем болбойт,
Бергени аага кен болбойт.
Алыш-бериш кылбаган,
Андай такыр эл болбойт.
Жылына бир айтылат,
Жарамазан ырыбыз.
Ата-баба ырдаган,
Адат болгон сырыбыз.

## БАДИК*

Көч, көч, көч бадик,
көчүрөйүн,
Бадик болгон атыңды өчүрөйүн.
Арал, арал, аралга көч,
Арал отун оттогон маралга көч,
Бийик, бийик, бийикке көч,
Бийик отун оттогон кийикке көч.
Эчки баласы улакка көч,
Таштан ташка секирген чунакка көч.
Кой баласы коңурга көч,
Көрсө да, жатса да былк этпес ооруга көч.
Уй баласы торпокко көч,
Короодон чыкпас коркокко көч.

Ал ооруну айыктырарда көп кишилер бадигин айтып турушат, анан бир киши жоолукка боорсокту (алар

---

Инв. № 307

бадиктин ырдаш кыймылына айтканда боорсоктор чачылып кетет) жоолукка чачып турат.

Бадик жин сыяктуу же ошого жакын оору, эч кандай жан-жаныбарларга окшошпойт.

## КАРГЫШ ЫРЫ

Жашыңда жайрап кал,
Гүлгүнүңдө күбүлүп кал.
Сууга ыргыткан таштай бол,
Караңгыда тараган чачтай бол,
О, өлүгүңдү көрөйүн!
Ак сайдын башын суу жесин,
Ак күйрөк башын төө жесин.
Аркада калып кеп айткан,
Жата калып уу жесин.
Көк сайдын башын суу жесин,
Көк үйрөк башын төө жесин,
Көт жакта калып кеп айткан,
Жата калып уу жесин.

## ҮЛҮШ*

Кыргыздардын малдары семирип, айран, кымыз көп болгондо ар бир байлар мал союп, кымыз жыйып, айыл-айыл болуп чакырышып түшүрүлөт. Муну «үлүш» деп айтылат.

Үлүш эки түрлүү болот. 1) эки жайлоодогулар бирин бири чакырышат. 2) өздөрүнчө. Бир жайлоодогу киши экинчи жайлоодогуну чакырып мейман кылганды «үлүш» дейт. Үлүш дайыма жайында болот. Аксакалдар бир жерге чогулуп кой союп, кымыз ичишет. Үлүштү мурун бере тургандар өздөрүнчө кеңешип, малдуулар союшту жана кымызды даярдашат. Бир боз үйгө жалаң кымызды толтурушат. Экинчи боз үйдү жалаң этке толтурушат. Эт, кымыз мүмкүнчүлүк болушунча көп жыйналат. Муну ошол айылдын аксакалы башкарат. Идиш-аяктар ошол айылдан жыйнап алынат. Үлүшкө бардык атка мине билгендер келишет, аялдар келишпейт.

Келе жаткандар эгерде ырчысы болсо ырдатып

---

Инв. № 307

келет. Үлүш бере турган жактан 10 — 15 күн мурун күлүгү балдарга, ырчыларга, балбандарга жана айыл аксакалдарына кабар беришет. Бардык эт табакка тартылат. Үлүш берген жактын аял, эркеги дебей бардыгы катышууга тийиш. Кышында үлүш болбойт. Бардык эл сыртка кырка тартып олтуруп чай ичкенден кийин үч-төрт кишиге бирден табак тартылат. Балдар болсо эт ташып, чай ташып, суу куюп жумуш кылышат. Балдар үлүштөн арткан эттерди баштыкка салып кетишет. Эгерде эт алып кете албай калса, үлүштү жамандап кетет.

Эттен кийин оюндар башталат. Оюндар: күрөш, ит тартыш, эңиш болот. Андан кийин кунан чабыш, ат чабыштар болот. Эки жактан бата тиленип, улак тартылат. Бардык байгени бир калыс киши берип турат. Үлүшкө келген элдин саны көп болсо, айылдагы үйлөргө бөлүп кетет. Миң кишиге чейин катышкан үлүш — чоң үлүш деп аталат.

Үлүш убактысында айылдагы ар бир кишилерден салык катары мал же башка жагынан салык салынат. Үлүш кезектешип боло берет.

*Эмилбек Мамбеталиев,*
*52 жаш, Тогуз-Торо.*

## АЛКООЛОР*
*(Алкыш)*

Илгерки кыргыз элинде бир адам иш иштеп жаткан кишинин же кишилердин үстүнөн чыкса, же бир киши экинчи бир кишиге адамкерчилик кылса, же көңүл айтууда ал адам тигилерге тилегин көрсөтүп, каалаган сөзүн айтып алкоочу.

**Мал чарбачылыгында:**

Багар көбөйсүн!
Саан көбөйсүн!
Кыркаар көбөйсүн!
Согум чүйгүн (семиз) болсун!

**Дыйканчылыкта:**

Кырманга береке!
Дыйканга береке!

---

Инв. № /524/ 603

Кырман толсун!
Дыйкан бабам колдосун!
Эгин мол болсун!

**Адамкерчилик кылганга:**

Ыракмат!
Көп жаша!
Тилегиң берсин!
Тилегиң кабыл болсун!
Өмүрүң узун болсун!
Жамандык көрбөгүн!
Эч нерседен кем болбо!
Дениң сак болсун!
Кудай тилегиң берсин!
Чоң киши бол!
Бала-чакаңдын убайын көр!
Бай бол!

**Келин алганда:**

Келин кут болсун!
Коңшуң кут болсун!

**Келиндин күйөөсүнө:**

Куш бооң бек болсун!

**Келин жүгүнгөндө:**

Кудай жалгасын!
Ырыс кешиктүү бол!
Этегиңден жалгасын!
Алганың менен тең кары!
Ак жолтой, ак жүздүү бол!
Бай бол!
Көшөгөң көгөрсүн!

**Кыз узаткан үйгө:**

Барган жеринде бактысы ачылсын!

**Балалуу болгондо:**

Бешик бооң бек болсун!

**Жакын адамдары өлгөн кишиге:**

Арты кайырлуу болсун!
Өмүрүн балдарына берсин!

Арты майлуу, сүттүү болсун!
Жаткан жери жайлуу болсун!
Топурагы торко болсун!

**Аш бергенге:**

Арты той болсун!

**Той бергенге:**

Тоюң куттуу болсун!
Тоюңа той улансын!

**Иштеп жаткан кишиге:**

Ишиң илгери болсун!

**Көчүп конгонго:**

Конуш жайлуу болсун!
Көч байсалдуу болсун!
Конушуң акжолтой болсун!

**Орозо туткан кишиге:**

Орозоң кабыл болсун!

**Айт күндөрү айттаган кишиге:**

Айтың маарек болсун!

*Жыйнаган Ж. Казакбаев,*
*27-октябрь, 1971-жыл.*

## АЛАС*

Үйдүн ичин адырашман күйгүзүп туруп аластайт. Форточкалары жок, эшиги ачылбаган үйлөрдө кандайдыр бир сыр, жаман жыт сезилип турат. Динчилер бул үйдүн ээси бар, шейит адам өлсө керек деп, ар кандай бурмалап, сезими жок адамдардын башын айландырган. Адырашман түтөтсө үйдүн жыты оңолуп, бүлөөлөрү көңүлү куштар болуп калат. Ошондо үйдүн ээси бир-эки ооз сөз айтып күбүрөп калат.

Алас, алас,
Ар балаадан калас,

---

Инв. № 546

Алас арчам,
Аты жок баспаң,
Алты койдун ичинен,
Алып келдим сансаң,
Айылдын башчысы,
Ала белдик жайсаң.
Мына саймам,
Ана саймам,
Ойлобо бу кайдан,
Улар кууган тайган.
Малга дуба кылдырып,
Алакан жайган,
Үйдөн кетсин,
Жин, шайтан.
Балакет, балакет,
Узун чачтан,
Бою бастан,
Түшкө кирген сарттан,
Малына зекет бербеген,
Бай өңдүү марттан,
Алас, алас,
Ар балаадан калас.

*Жума, Моке Алтыбаевдер,*
*1982-ж. Ак-Суу району.*

## ДАМБЫР ТАШ*

Жазында жааган биринчи жамгыр өзгөчө мааниге ээ. Мында сүйүнбөгөн адам аз болот. Жаш балдар жамгырга башын тосуп, көнөккө, чакага таш салып алып, боз үйдү үч айланып чуркап шалдыратып, «дамбыр таш» деп кыйкырат.

Жер айрылып чөп чык,
Желин айрылып сүт чык,
Желеге кулун байланып,
Сабадан жыт чык.
Сабоолоп, чокмор алып келбей,
Элим, журтум тынч чык,
Жер айрылып чөп чык,
Желин айрылып сүт чык,

---

Инв. № 546

Баласыздар көз жарып,
Ыңаалаган үн чык!

Жамгыр көнөктөп жааганча балдар шалдыратып, чоңдор үйүнө киришет. Түндүк тартылат. Эшик түрүлөт. Чака, көнөктөр босогого илинип коюлат, жыл сайын ушундай ырым кылуу мурдатан бери келе жаткан жөрөлгө. Жаз айында түндөсү сүт бербейт, жылдыз көрүп коет, ак тартылат деп ырым кылат.

## БЕРТИК СУРОО*

Бертик сураш мурдатан келген экен. Колун же бутун мертинтип алгандардын ооруган жери бат басылып калсын деп, ырымдап өзү көрүнбөй туруп, эшикти кылтыйта ачып үйгө сузгусун сунат. Бертик сураганды дароо биле коюп ун, талкан, сүзмө, май, туз, эт, үйдө эмнени берүүгө мүмкүн болсо, ошону салып берет. Бертикти баш-аягы жети үйдөн сурайт. Таап келген тамагын өлчөп буту-колу мертинген адамга жылуу бирдеме (тамак) жасайт. Тердеп аны ичет. Жүндү туз менен кайнатып бутуна же колуна шор ботко жасайт. Бат эле ооруганы айыгып, таканчыктап басып калат. Маселе башынан ишенгендикте, тамакта дарылык касиет бар деп, ага абдан берилип ишенип жети күн ичет. Анан итаякты сындырып көмкөрүп таштайт.

## УЧУК, УЧУК, УЧУК

Кыргыздын кемпир-абышкалары ооруган кишини отко чымчуурду салып кызаргандан кийин бир аяк суу менн күн батып бараткaнда учуктайт. Анда мындай дейт:

Учук, учук, туф, туф,
Түндө дүбүрөгөнгө бар,
Күндүз күбүрөгөнгө бар,
Эртеңки учук болсоң кечкиге жетпе,

---

* Инв. № 546

Кечки учук болсоң эртеңкиге жетпе,
Аккан суу, соккон жел менен кет.

Ооруган кишини учуктап бүткөндөн кийин аяктагы сууга түкүртүп, аякты коломтонун жанына көмкөрүп таштайт. Учуктап бүткөндөн кийин жаткырып жылуу жаап, аягына кишен, же чидер таштап мындай дейт:

Кара далы кызга бар,
Калың, калың музга бар,
Кайыр бербеген узга бар,
Ачуу десең Кочкордун тузуна бар,
Сулуу десең кытайдын кызына бар,
Кыйырга бар,
Кыйырда оттогон сыйырга бар.

Алайдагы тагайга бар,
Сокудагы жамайга бар,
Сандыктагы дакиге бар.
Эт жебеген бакиге бар.
Зөөкүрлөнүп сүйлөгөн,
Балбан Чакиге бар,
Мында эмнең бар,
Чык, чык, жолуңа түш,
Аксагым, жатып көрчү түш,
Аяк-башыңды жаздайын,
Ана-мынаны айтып шашпайын,
Чык балакет, эмнең бар.

Нанды жетиге бөлүп, ооруган кишинин ар кайсы жерине тийгизип суктап коет. Ооруган адам жылуулангандыктан айыгып абдан жакшы болуп калат.

*Жума, Мокс Алтыбаевдер, 1982-ж.*
*Ак-Суу району.*

## ШЫРАЛГА*

«Шыралга» — мерген атканын артынып келатканда жолунан чыгып «шыралга» — дешет. Мергенчи «болсун» деп жооп берет, өз ыктыяры менен чыгарып эт берет.

---

Инв. № 306

Үйгө келгенде чийки этти тулгага же башка көөлүү темирге тийгизбөөгө аракеттенет. Шорпону үйлөп ичирбейт, анткени шамал болуп кийикке жыт жетип, кийикти айдап кетет деп билишет. Кийикти аткан учурда огу тийбей калса жанагылардан (тулга, көөлүү темир, үйлөп ичкен шорпо) көрөт да ырым кылып мылтыкты эшиктин астына таштап, кырсыгып калды деп бала-чакага, чоң-кичинеге, аял-эр дебестен кишилерди аттатат. Эгер шек санаган киши болсо ошонун кесепети деп, аны кур дүрмөт менен атат.

Өпкө, жүрөк, кекиртек — үчөө чийкисинде кесилбейт, чала бышканда же бышкандан кийин кесет, анткени бул ырымды кылбаса мылтык кырсыгат дешет.

Карынына май куя турган болсо үйлөбөй башка жол менен чөп тыгып кургатат.

Ак кийик деп: аркар, кулжа, эликтердин баш, шыйрактарын сокур болуп каласың деп куйкалатпайт.

Мерген үйгө киргенде мылтыктын кундак жагын алга карай алып кирип, оозун эшикке карата илет. Анткени, сук кирип кетпесин, ок-мок жаңылып кетпесин деген ырымы болот.

Мерген аткан кийигин союп, артынып жөнөгөндө кокус бирөө алдынан чыгып калса мергенди токтотот. Жолуккан жерден ыргыткан камчысы кийикти сойгон жерге жетсе кийикке тең орток болуп калат. Эгер ыргытылган камчы кийик союлган жерге жетпей калса шыралгачы болуп калат.

*Айтуучу Борбу Турмамбетов,*
*Тогуз-Торо району, Дөдөмөл айылы.*

## ИНГЕНДИН ЗАРЫ

Бутум сынып кайрылып,
Бир жакка шыйрак майрылып.
Тайлакты баса жыгылып,
Ангелге башым тыгылып.
От жок жерде кыйналып,
Көрүп жатам кыйындык.

Билбей калдым не болду,
Өлтүрүп алдым ботойду.
Жардын башын кыдыртып,
Ээрчитпедим ботойду.

Талдын башын сыдыртып,
Жедирбедим ботойду.

Эмчегимди тырсыйтып,
Эмизбедим ботойду.
Эки өркөчүн баладай,
Тиктебедим ботойду.
Жүндөрүн жазда тонотуп,
Ысытпадым тоңгондо.

*Жыйнаган Норуз Үсөналы.*

## МЕРГЕНЧИНИН ЗАРЫ*

Аркарды атып тийгиздим ботом,
Аркар тон кайдан кийгиздим ботом.
Эликти атып тийгиздим ботом,
Элик тон кайдан кийгиздим ботом.
Өткөнгө ой жүгүртсөң алыстагы,
Күн экен каргашалуу тарыхтагы.
Береги ак селделүү ала тоону,
Муң менен жомоктошкон кең кучагы.
Кыргызы сайма көкүл, кенен чалбар,
Куюндай көчүп, конуп жүргөн чагы.
Турмуштун теңсиз бүткөн запкысынан,
Айрылган жалгызынан мерген зары.
Өмүр бою улуу тоону мекендеген,
Болуптур Акмат деген ашкан мерген.
Бараңы жондон түшпөй тоону кезип,
Күн өткөргөн кийик улоо кесип менен.

*Тургунбаев Ж. Өзгөн району, Фрунзе колхозу.*
*Жыйнаган Тайгуренов А. 1947-жыл.*

## АБЫШКАНЫН ЗАРЫ*

Мен мурун кырга чыккан тал элем,
Кыр мурут кызыл чийкил бала элем,
Кыздарга жакчуу жан элем.
Эми кырга чыкпас тал болдум,
Кыздарга жакпас жан болдум,
Кызыл көз жаман чал болдум.

---

Инв. № 236
Инв. № 322

Мен мурун кериге чыккан тал элем,
Кер мурут жакшы бала элем,
Келинге жакчу жан элем.
Эми кериге чыкпас тал болдум,
Келинге жакпас жан болдум,
Кемшейген жаман чал болдум.

Мен мурун капталга чыккан тал элем,
Кайкайган жакшы бала элем,
Катынга жакчу жан элем.
Мен эми капталга чыкпас тал болдум,
Катынга жакпас жан болдум.
Кампайган жаман чал болдум.

Кызылдан кылган тердикти,
Кымызды чайкап көп берген,
Дагы эле кызыл көз кылат эрдикти.
Карадан кылган тердикти,
Дагы эле картаңдар кылат эрдикти.

*Ысак Жанузак уулунан 1923-жыл*
*7-июлда, Таластан.*
*Жазып алган К. Мифтаков.*

## МЕРГЕНЧИЛИК*

*(Кийген кийими жана ырымдары)*

**Ырымдары** — текенин этин темирге тийгизбейт. Үйгө киргенде мылтыктын оозу үйдү карабайт. Теке атып алганда мылтыкка каны сүйкөлөт. Жаткан мылтыкты аттап кетпейт.

**Мергенчинин кийимдери** — кийиктин терисинен чен тон, сары боекко салынган күрмө, теке шым, теке чокой, башка малакай, колго текенин терисинен мээлей киет. Кыштын күнү болсо жапкак киет. Айбалка алып жүрөт, узундугу бир жарым метр. Бул зоокалардан жол жасоо үчүн керек. Мергенчиликке дайыма таң заары менен барууга тийиш, себеби текелердин отко чыгып оттоп жаткан кези болот.

Мергенчиликке ээрчип барган кишилер — салбырынчылар жана карасанчылар делет. Алар мергенчилердин олжосунан тең бөлүп алышат. Эгерде салбы-

---

Инв. № 307

рынчы менен карасанчылар көп болуп калса, анда мергенчи аткан кийиктин башын, терисин, өзгөчө ооз омурткасын алууга тийиш. Башка олжолор карасанчылар менен салбырынчыларга кетет.

Мергенчилер менен бир киши кетип баратып, жумушу чыгып кайта үйүнө кайтса, ал мергенчинин аткандарына энчилеш болот.

*Аккөз Моңошек, 36 жаш,*
*Тогуз-Торо.*

Эгерде ат минип жол жүрүп олжолуу болсо — канжыгалуу ат дейт. Эгерде олжосуз болуп калса — канжыгасыз деп коет.

Чаап жүргөн күлүктү аялдарга мингизбейт, өлүк жүктөбөйт, жүк артпайт жана киши учкаштырбайт.

Койдун түйнөгү болгондо, аны кадимкидей эле жаткызып алып, калп союмуш болот дагы, «чык түйнөк» — деп ургулап бошотуп жиберет.

Мергенчи миң теке атса, миңинчиси оңко турат.

Мылтыкты бисмилла — деп октойт жана аткан текесинин биринчисин дагы бата кылып туруп мууздайт. Ошол эле жерге мылтыгын камдайт.

Толорсукту жана кекиртекти туурасынан кеспейт. Этти тулгага кайырбайт. Эгер тулгага кайырса мылтык тийбей калат дейт. Мылтыктын оозу төргө карабоого тийиш.

Эгерде мал кутурса аны мылтык менен атып таштайт.

Козуга эн салганда, кулагын тешип шоона байлап коет.

Төө тууганда киндиги түшсүн деп жети күнгө чейин эч кимге от бербейт. Оозандырып эмизмейинче эч кимди тайлак менен төөнүн ортосунан өткөрбөйт.

Төө тайлагын жерисе, эки кыз баланы эки төөгө мингизип, эки жакты каратып «төө жериди» деп айттырат.

Жылкы жаталак болсо, жаталак меники деп кыйкырып эки жакка чапкылайт.

Бээнин желини чочуса, ноктосун колуна алып, сабааны камчыланып бээге чейин чапкылап келсе айыгат.

Эгер уйдун желини чочуса, талаадан бир көк таш таап келип, уйдун желинине үч жолу тийгизет.

Мал сойгондо көк боорунун тегереги жашылданып кетсе, көз тийген экен дейт.

Койдун туут убактысында, козуну жаңы туулган кезинде мурдун шыпырып оозандырып коет, аз гана эмизет. Эгер көп эмсе чычкактайт. Жерге сүт төгүлсө, ал сүткө колду тийгизип туруп ийнине сүйкөп коет.

Малдын туут убактысында жаңы туулган козу, улактар киндиги катмайынча мал сойбойт.

Күн батмайынча эч кимге уютку бербейт. Эгер шашылыш болуп калса, анда бир чымчып туруп сүткө салып, андан кийин берет. Кымызды биринчи жолу ичкенде көп киши тегиз ичип, сабанын жанына буудай чачат. Буудайдай кызарсын деген мааниде. Элдин бардыгы тегиз көтөргөндө, «желээң узарып, желиниң көбөйсүн» деген бата берет.

Согушта кыйынчылык убактысында, төрт пайгамбар төр жагынан тигип келип сүт куйганда кымыз болгон — көрсө ал сабаа экен. Ошон үчүн сабаа төрт бурчтуу болуп калыптыр.

Күлүк чапканда, кыбыланы каратып туруп, көкүлүн, куйругун шүүйт дагы, кошуп жиберет.

Айгыр койгондо маңдайына кебез байлап коет.

Чыккан күлүккө тумар тагат.

Көп малдан бирөөн «мал башы» — деп жакшы багат.

Ат бычканда, колу жеңил болсун деп жоолук байлап коет. Козу биттегенде, анын жумурткасын бир аяк айранга салып кийин бышырып жеп алуучу.

Көгөөндүн башына таш коюлат.

Жорго кулундарга коңгуроо тагып коет. Тайгак болот деп, туур менен таманын тырмайт. Бышылдак болот деп колун байлап, мурдуна салат.

Тайлактын мурдун тешип, эки карала жип менен эки кулагына байлап коет. Тайлак бычканда, бычкан кишинин колуна дагы жоолук байлап, жети күндөн кийин бир улак союп, түлөө берет.

Төө ургаачы тууса дагы эркек тууду дейт, ал энесинин жүгү жеңилденип калсын дегени.

Эгерде мал өлүмдүү болуп, зыянга көп учурай бере турган болсо, мазарга алып барып түлөө кылып, мал союп, малды ошол жерге түнөтөт.

Желин чочуганда эки эмчектин ортосундагы кара тамырды жарып, уюган эски канды алып таштайт. Кайта эмчекти жууп, карышкырдын чүкөсүн тийгизип ырымдар коет. Жууганда туз менен жууйт.

**Унутчаак** — түлкүнүн мурдун тагынып жүрүш керек.

**Оозул** — көбүнчө балдардын тиш этине чыгат. Саргайып канайт. Муну дарымчылар дарымдайт:

Лай-лай кут калем,
Мухамбети банткелем,
Куртту курутка байладым,
Ыбыр-ыбыр ат байладым,
Буту-колун тыбыратпай байладым.
Картты катыра байладым,
Куртту кутура байладым,

**Мергенчиликке берилген ырым бата** — эгерде мергенчиликке шыктанган бала болуп, биринчи жолу кийик атса, кийиктин үстүнө бир козу союп, мергенчилерди чакырып алардан бата алган. Мергенчилер «өңүтүмдү бердим» — деп балага бармагын тиштеткен, ок-дары ж. б. керектүүлөрдү берген.

## ЧАНЧАК

Адамдын денесинин бир жерие жел туруп калганда эмчи мылтык менен үч жерге тийгизип эмдейт.

Сен качан чанчак болчу элең, мен качан эмчи элем — деп жерге тийгизип, үч жолу кишиге тийгизет. Ал мылтык аюу аткан мылтык болууга тийиш.

## КЫЛОО

Музоону ууз менен кылоолойт.

«Илгери барсаң ууру алат,
Кийин калсаң карышкыр жейт,
Орто жерден чыкпагын,
Кылоо, кылоо —

дейт дагы музоонун үстүнө уздан бир тамызып коет.

«Чөөнүн баскан изин карышкыр кечип өтпөйт» — деген макал боюнча, чөөнүн терисин баканга сайып туруп короонун жээгине илип койсо, карышкыр тийбейт дешет.

Кар жиликти көзөнөк чөп өткөрүп туруп, керегенин башына илип коет (малды аман сакташ үчүн). Койдуку, эчкиники жана башкалары да ушундай.

Жылкынын башын кызыл жошо менен боеп туруп жакшы чыккан эгиндердин жээгине илип коет (көз тийбес үчүн). Андан башка дагы жаңы салынган үйлөргө, мазарларга күлүк аттардын башын илип коючу. Жапай айбандардан болсо кочкордун мүйүздөрүн илип койгон.

Жакшы жол болуп, жылдыз жолдосо, адамдын тескери жагында болот. Айдын мезгили боюнча жылып турат.

Кут — түндүк жак.

Күн жүрүш — түштүк.

Кыбыла — батыш.

Күн чыгыш — чыгыш.

Кылыч жаа — жез кемпирдин желеси.

Күн, ай тутулганда — өлдү деп кудайга сыйынышат.

Күн күркүрөгөндө — жер жарылып көк чыкты дейт.

Желин айрылып сүт чыкты — деп, бала-чакалар үйдөгү идиш-аякты калдыратып, үйдү тегеренип жүгүрүшөт.

Узундукту — кулач менен, кадам жана аркан менен ченейт.

Чакырым деп үндүн угулган жерин айтат.

Оордукту — киши көтөрүп билет.

Көптүктү — чарага, капка ченеп билет.

**Кыргый.** Тогуздун айында куш, жетинин айында (Анжыянды карай учат), торгой жүрө берет. Чабалекей жазында келет, Ала карга кышында келет.

Бештин айында — бел ашпа, безилдеген суук дешет.

Үчтүн айы үйрүлгөн суук, үйдөн чыкпа дейт.

Бирдин айы дагы суук ай, чилденин толук кези.

Чабалекейдин уясын бузбайт, өлтүрбөйт. Катылбоо керек, үйүн бузсаң — үйүң бузулат.

Торгойдукун дагы бузбайт, Сасык үкүнүкүн дагы бузбайт, буларды ыйык куштар деп аташат.

*Үкүев Садыбай — 70 жаш,*
*Тогуз-Торо Каба.*

## ДАЛЫЧЫ

Бала жерге түшөрү менен далы менен оозандырат, дагы ар бир жети күндө бир көргөзүп коюп жүрө берет. 15 жашка чыккандан кийин далы балага берилет. Бала ошол убактан тартып элден мурун ошол далы менен, андан кийин башка далылар менен дале болочоктогу нерсени айкын-ачык айта берет. Эгер айткан далычы киши өзү уурулук кылса, калп айтса, анда далы сүйлөбөй калат. Далычыны «көзү ачык киши» деп коет. Далычы ал түгүл коендун далысын да билет. Аркардын далысын дагы билет. Көбүнчө аркардын далысы дурус болот дейт.

## ТҮШ ЖОРУУ

Түшүндө кырманда иштеп, эшек минип жүрсө бактылуу болот дейт. Бок жыйнап жүрсө байыйт дейт. Жыланды оюнда көрсөң жанч, түшүндө көрсөң — кенч. Түшүндө бирөө менен кармашып жеңсе, душманын жеңген болот. Жеңилсе жеңилип калат. Орус көрсө — олжо болот. Сары көрсө, сары ат минсе — саналуу болот. Уй көрсө, ит капса — оорунун кырсыгы. Карышкыр көрсө, ар кандай жерге барса — жакшы болот. Кызыл көрсө — тил болот (сөз болот). Суу көрсө — өмүрү узун болот. Баткактуу, ылайлуу суу көрсө — дагы бир жаман илдетке жолугат. Ак кийип жүрсө — көңүлү ачылат (бакыт). Ак, сүт айран көрсө — кар жаайт. Жылаңбаш жүрүп, кабагы ачык болсо — бактылуу болот. Боз атка минип жүрсө — жакшы болот. Куш, кыргый, лаачын кармаса — эркек балалуу болот. Өсүмдүктөр кирсе — олжо болот. Мышык, ит — жаман.

Жаман түштөр көргөндө — садага берет. 5 — 7 же 11 тыйын берет. Же болбосо кетип баратып жолдун үч кошконуна таштайт.

Түшүндө мурду канаса — олжолуу болот. «Түштүн башы казандай, мойну кылдай, аны жакшы кишиге жорутуш керек. Түштү жоругандан эмес, айткандан дейт. М.: Түшүндө бир киши тамеки тартып жатса, чапанына чок түшүп кетет, аны жолдошу — өзүңдөн ыраак төркүнгө дегендей катын-балаңа көрүнөрү ошол — деп жоруйт. Айткандай эле үйүнө келсе эки кызы эки күндө өлөт.

**Баабедин** — коркколдо, сүйүнгөндө оозунан баа-

бедин деп чыгып кетсе, жети нан жасап берет, же аксарбашыл соет, же болбосо акча берет.

Чоң коркунучтуу (өлүм ж. б.) кырсыктан кутулганда, күтүлбөгөн кубанычтуу жакшылык болгондо адамдын оозунан «баабедин» деп же «аксарбашыл» деген сөздөр чыгып кетсе, 7 же 9 нан жасап элдерге берет, аксарбашылга кой же эчки союлат, же жетим-жесирге акча берет.

**Садага чабуу ырымы*** — алыс сапардан келген же бейтап болгон адамга ырым катары садага чабылат. Садага күн батаар алдында же эртең менен эрте аткарылат. Садаганы ким болсо дагы чаба берет. Салт боюнча садагага улак, эчки жарайт. Мууздап туруп боорун жарып өпкөсүн сууруп алат. Ошол өпкөнү садага чабыла турган кишинин башынан үч айлантат да кишинин денесинин ар кайсы мүчөлөрүнө (көбүнчө баш жагына) тийгизип туруп, «балакет-салакеттин баары ушуну менен чыгып кет» деп өпкөнү алыс ыргытып жиберет. Аны ит, куш жеп кетет.

Садагадан кийин бир аяк сууну ошол бейтап кишинин башынан үч айландырып туруп эшикке чачып жиберет. Ушуну менен садага ырымы бүтөт.

## МАЙДА-ЧҮЙДӨ ЗАҢЫТТАР*

**Үлүш** — кыргыздардын малдары семирип, айран, кымыз көп болгондо ар бир байлар мал союп, кымыз жыйып, айыл, айыл болуп чакырышып түшүрүлөт. Муну «үлүш» деп айтылат.

**Өрүлүк** — жайлоого көчүп чыкканда, жайлоодон жакага келип конгондо мурун көчүп келип конгон киши кийин көчүп келген кишиге кой союп, этин бышырып алып келүүгө милдеттүү. Башка жерден жаңы көчүп келип тууганга кошулган кишиге да туугандары өрүлүк кылып ат мингизип, эгин берип, жакшы конуш берүүгө милдеттүү болгон. «Тууган арбагын издеп көчүп келди» деп бий да көтөргөн.

Көчүп келген киши да эл чакырып, мал союп даам берген. Аны «өтмөк» деп айтылган.

**Белдемчи** — эки бала төрөмөйүнчө келиндер белдемчи байланбаган.

---

Инв. № 312

**Инв. № 117**

**Күн оңдулоо** — кыргыздар күндү абдан ылгап: жуманы оор, шаршембини жеңил, шейшемби — жалгыз, бейшемби — өлүктөрдүн күнү деген, отко май салып, майга нан бышырып жеп, өлүккө жыт салат.

Жума күнү жолго чыгып, мал биттеп, кишиге мал бербеген. Шейшембиде жалгыздар тилектер тилеген. Шаршембиде мал биттеп, кишиге мал берген. Ишембиде иш баштаган, «иштин башы ишемби» деген.

**Эшик ачпоо** — кыргыздар конокко түндө эшик ачып чыгарбаган, от да чыгарбаган.

**Мал бергенде** — кыргыздар бирөөгө мал бергенде желени, көгөөндү үйдүн үстүнө салып койгон. Мал сатканда же бергенде малдын мойнундагы жипти чечип калган.

**Оорунун алын сураганда** — эртең менен оорунун алы суралат. Түштөн кийин суралбайт.

**Көз тийүү** — кишиге, малга көз тийүүдөн эң катуу сак болунуп, көк мончок (көз мончок) тагылган.

**Күнү катын** — күнү катындар жапа анын балдары эң душман болушкан. «Күүнүн кулу жоо» деген сөздөр бар.

**Бармак тиштөө** — адеп эле эң биринчи жолу кийик аткан жигит кой союп, этин элге берип, бир кишиге бармагын тиштетет. Бул кийикчи болуунун бир ырымы.

**Кепсен** — сузулган эгинден сурап келгендерге «кепсен» деп берилет.

**Ат суутуу** — кыргыздар жол жүрүп кыйналып келген аттарын таң ашырат. Андай кылбай тез отко койсо, же суу ичирсе жоор чыгып начарлайт. Эң катуу кыйналса таң ашырат. Муну «суутуу» же «таң ашыруу» деп айтылат.

**Учуктоо** — оору кишилерге күүгүмдө бир темирди отко салып кызартып алып, аякка суу куюп, темирди ооруган кишинин бетине жакын кармап туруп ар түрдүү ырым сөздөрдү айтып суудан ууртап алып бүркөт. «Учук болсоң учуп чык» деп ырым сөздөрдү айтат. Оору кишини сууга түкүртөт.

**Суу чачуу** — бир киши ыраакы жерге барып келсе, же аттан жыгылса, же балбан жыгып, эр сайса идишке суу куюп ал сууну ошол кишинин башына үч айландырып түкүртүп туруп сууну чачып салат.

**Көчөт көчүрүү** — бакшы, бүбүлөр куубаш, сары чүпүрөккө ырымдап талаага, жолго таштап, балакет-

ти оодарып көчүрөт. Муну «көчөт көчүрүү» деп айтылат. Көчөттү ким таап алса оору, балакет ошо тапкан кишиге көчүп кетет.

**Ок аттап түшүрүү** — уруштарда ок жаңылып, тулку бойдун бир жерине ок токтоп калса, ал окту өз күйөөсүнөн башка эч бирөөгө көңүл бурбаган таза зайып аттап түшүрөт. Үч ирет аттайт, ошол үч атоонун биринде ок чөп этип түшүп калат.

## МАЛДАРДЫН ПИРИ*

*(Ээси)*

Малдардын да колдоочу пири, ээси болот. Мал сурагандар ошол ээлерине жалбарат. Койдуку — Чолпон ата, эчкиники — Чычаң ата, уйдуку — Заңги баба, жылкыныкы — Камбар ата, төөнүкү — Ойсул ата.

**Баатырлар менен күлүк аттардын милдеттери** — баатырлар эл четинде жоолордун беттеринде болушуп, элди кайтарган. Баатырлар жарак-жабдык жана шайдоот жигиттери менен дайыма элди күзөтүп жүргөн.

Күлүк аттарга өз ээси ээ болбостон бир уруу эл ээ болгон. Күлүк аттардын ээлери аттарды өзү байлап, куда, досторуна эч убакта беришип, алышпаган. Күлүк аттардын кундары да эрдин куну менен тең болгон.

**Эр сайыш (уруш)** — бир уруу экинчи бир урууну баса келип чыкканда, эки уруунун эр бүлөлөрү беттешип келгенде адегенде эки жактан эки баатыр жекеге чыгышып сайышкан, кээде бирин бири өлтүрүшкөн. Кээде аттан сайып түшүрүлүп аман да калышкан. Урушта эки уруунун туусун эки баатыр кармап туруп, алардын аттары кишендеп коюлган, себеби туу качканда жеңилип качканга эсеп болот деген.

Жеңген жак жеңилген жактан түшүрүлгөн ат, тондорду олжо кылып, үй мүлктөрдү тамам олжолоп жана балдарын, кыздарын да олжолоп алып кетет. Байлап алып кеткен кишилерди кийин ээлери издеп барып тогуздап мал берип кайтарып алышкан. Муну «жылоо» деп айтылган.

Урушта өлгөндөргө кун болбогон.

---

Инв. № 117

## КЫРГЫЗДАРДА КИШИГЕ КОЮЛГАН ЫРЫМ АТТАР

Кыргыздар көбүнчө ырымдап, баласы токтобогон, же баласыз жүргөн кишилер балалуу боло калышса мындай аттар коюлган: Бокмурун, Боксары, Бокбай, Бок көтөн, Бокчу, Итбай, Итике, Күчүк, Козубек, Текебай, Буурабай, Жылкыбай, Кочкорбай, Кийизбай, Коен, Кулжабай, Бөрү, Жолборс, Жайлообай, Кыштообай, Арпачы, Буудайчы, Күрүчбек, Тайлак, Маралбай, Бугубай, Бектур, Назар, Тыныбек, Акылбек, Боромбай, Көлбай, Багыш, Ормон, Жантай, Дыйкамбай, Сагымбай ж. б.

Кыздарга: Ардак, Болпош, Апал, Үпөл, Айкан, Сейилкан, Толгонай, Чолпонай, Бермет, Күмүш, Алтын, Наал, Баалы, Телегей, Кусубалды, Машакан, Бурмакан, Тынымкан, Айдай, Дилде ж. б.

XIX кылымдын 60-жылдарынан баштап арабча аттар кире баштайт. Мисалы: Омор, Осмон, Аалы, Сыдык, Ыбрайым, Исмайыл, Исак, Жунус, Абдылда, Абдырайым, Абдрахман, Талып, Нуриддин, Акун, Султан, Акмат, Курман ж. б.

Кыздарга: Зуура, Батма, Ажар, Жамал, Бүбүкан, Нурбүбү, Күлбарам, Айша, Саадат, Зайнап, Ракыя, Күлсүн, Зайра ж. б.

# ӨЛҮКТӨГҮ ҮРП-АДАТТАР*

Керээз — адам өлөөрдөн мурун калгандарына аз да болсо бир аз сөздөр айтат. Муну керээз деп айтылат. Эл бийлеген бийлер, баатырлар калкка үгүт насааттар айтып кетүүгө милдеттүү болгон. Калгандар да айтылган керээз сөздү унутпай ыйык тутууга милдеттүү болгон.

**Өлүк өлгөндө** — эркек кишилерди үйдүн оң капшыт (ээр) жагына, зайыпты сол капшыт (эпчи) жагына коюшат. Өлүктүн үстүнө бир кадырлуу, кымбат баалуу тон жабылат. Ал тон дайыма өлүккө жабылып, түбөлүккө жүрө берет. Мындай тондор эч качан куда-сөөк, досторго берилбейт. Өлүктүн тушуна боз үйдүн сыртына чий же килем тартып, эшик түрүлүп коюлат. Өлүк өлөрү менен бүт айылдагы кишилер жапырт өкүрүп түшөт да, басылгандан кийин өлүк жаткан үйгө бардык баалуу буюмдарды көрүнөөгө чыгарып жыят. Үйдү тазалап, казан-аяктарды башка үйгө алып чыгат. Өлгөндүн үй-бүлөлөрүнө жакшы кийимдер кийгизилет. Көшөгө тартып, зайыптар, өлгөндүн кыз-келиндери, зайыбы ж. б. көшөгөгө тескери карап отурушат. Өлгөндүн зайыбы элечегин бузуп, ээгин ачып, башына кара жоолук салынат. Өлүккө келген эркектер жапырт өкүрүп, зайыптар үн тартып кошуп келишет. Өлгөндүн өз зайыбы, кыздары беттерин тытат. Эркек балдары, жакын туугандары колдоруна таяк алышып эшик алдында, өлүктүн тушунда өкүрүп турушат. Ар бир киши өкүрүп келген сайын зайыптар үн тартып кошуп, таякчандар өкүрүп турушат. Өкүрүп келгендерге бир киши колуна кумган, чылапчын алып беттерин жуудуруп турушат. Эшикке көп кийиздер салынып, келгендер отурат. Бир канча үйлөр тигилип, коноктор киргизилет. Өлгөндүн зайыбы белине каткан кайышты чырмап байлайт. Муну «тасма» дешет.

---

Инв. № 117

**Кара аш** — өлүк өлгөндө кара аш конок ашы деп малдар союлуп, көп аш-тамактар даярдалат. Өкүрүп келгендерге үзбөстөн чай ичирилип турулат. Көп кишилер өлүк өлгөн жерге конуп, аларга эт тартылат. Эрте таң атарда өлүктүн ага-туугандары бүт бир өкүрөт. Муну таңкы өкүрүк деп коюшат. Кара аштан өлгөндүн үй-бүлөлөрү бир да жебеген.

**Мүчө берүү, жуудуруу** — өлүктү бир канча кишилерге сөөгүн карматып жуудурат. 4 — 5 — 6 — 7 — 8 — 9 кишиге чейин. Сөөк кармагандарга өлүктүн кийимдерин жана башка чапандар да берилет, муну «өлүк тон» деп айтылат.

Ар бир урууга «мүчө» деп мал, чапан, акча ж. б. берилет. Бул «мүчө» деп айтылат.

**Кошумча** — өлгөндүн куда, достору, туугандары кошумча кошушат.

**Кара ашына ат чабуу (көр байге)** — өлүктү койгон күнү ат чабылат. Тогуз атка байге сайылат. Берилген байге «көр байге» деп айтылат.

Өлгөндүн зайыптары, кыздары ар күнү эрте, түш, кечинде үн тартып кошуп ыйлайт.

**Суу ууртатуу** — өлүк өлгөн үйгө тууганы, дос, сөөктөрү ж. б. мал союп келип тамак ичирет, муну «суунy ууртатуу» деп айтылат.

**Ыскат, буракат** — өлгөндүн атына ээр токумун токуп, жайнамаз жана кумган, идиштерден да бардыгынан бирден молдого токуп берилет. Дооран деп да бир топ мал, булду бечараларга берилет. Өлүк өлгөн күндө үч күн өткөндөн кийин «үчүлүгү», жети күн өткөндөн кийин «жетилиги», кырк күн өткөндөн кийин «кыркы» делип, малдар союлуп элге берилип турулат. Молдолорго куран окутулуп турулат.

**Аса күтүү** — өлгөндүн бир тууганы, баласы чачын, тырмактарын алдырбай, кирлерин жуудурбай, күлбөй, чакырбаган айылдарга барбайт. Зайыбы эшикке чүмкөнүп чыгып, чоочун кишинин карабай, тескери карап отурат. Зайыбы арык болуп, бетин тырманып күйбөсө анда чоң сөзгө калат. Зайыбы арыктоо үчүн кыл аркандын үстүнө жатат.

**Бейит башына баруу** — өлгөндүн зайып, балдары малды бейитке алып барып союп барган элге берип, куран окутат.

**Тул салуу** — өлүктү коюп, майда-чүйдө кызмат зыйнаттары бүткөрүлгөндөн кийин өлгөндүн үйүн аб-

дан жасап, асыл буюмдардын бардыгын көрүнөө жыйып, бир туу жасап түндүктөн чыгарылып коюлат. Муну «тул салуу» деп айтылат. Тул салуулар эң чоң бий, чоң байларда гана болот.

Өлүктүн үй-бүлөсү (үйү) көчкөндө ар бир айылга жакындаганда бүтүн зайып, кыздар үн тартып кошот, айылдар суусун алып чыгып баарына жуткурат. Өлгөндүн зайыбы кара нерседен кап сыяктуу кылып башына салынган, муну «кара салынуу» деген. Бул адат XIX кыдымдын 60-жылдары ченде жоюлган. «Башы каралуу, бети жаралуу» делген.

## АШ ЖАНА АШТЫН БЕРҮҮДӨГҮ САЛТТАРЫ

Өлүк өлгөндөн бир жылга жакындаганда аш берүүгө даярдык көрүлүп, элге кабар берип ашка чакырылат. Эң чоң аштарга Анжыян, Чүй, Ысык-Көл, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал элдери жана кытай кыргыздары жана Казакстанда жашаган кыргыз, казактардан да чакырылган. Аш бере турган уруу чоң даярдык көрүп, соют, аш, тамактарды мол даярдайт. Аштагы ар түрдүү ырым, салт оюндарына берилүүчү байгелер да дайындалат. Эң көп кемегелерди казып даярдап, үйлөрдү тигип, ашка келген коноктордү күтөт.

Ашка чакырылган эл келгенде тигилген үйлөргө түшүп, конок алынат. Ашка келгендер да кошумчаларын алып келишет. Ашка келгендер күлүк аттарын таптап, байлап семирткен аттарын, баатыр, балбандарын камдап келишет.

Аш берген киши ашка келген коноктордү күтүүгө бүтүндөй милдеттүү болот. Ашта балбан күрөш, жамбы атуу, эр сайыш, ат чабуу, төө чечиш ж. б. салт байгелер жасалат.

Жарчы (ырчылар) аштын тартибин айтып жарыялап турушат.

Жакшы кошокчулар атайын дайындалып келип мактоо кошокторду айтышат.

**Кемеге** — кемегенин башына эң көп малдар союлуп, кемегеге деп ат чабылат. Тогуз атка байге сайылат. Кемегеге союлган көп малдардын эттерин бышырып, ашка келген элди жапырт түшүрүп табак тартып куран окутулат. Кай бир чоң аштардын эттерин туурап да тартышат. Койдун белинен эки бөлүп туюк бышырып эки эле табакка салынып тартылууну «кабылы» деп айтылат.

*Эскертүү: XIX кылымдын 60-жылдарынан баштап кемегеге эт салып эт тартуу адаты калып, эл конокко бөлүп алуу адаты туйй баштаган. Ашка келген элди аш ээсинин туугандары конокко бөлүп алып, ар бири өзүнчө кой союп, ж. б. коноктошкон.*

**Балбан күрөш салты** — эки урууга балбан күрөш берилет. Бир топ мал байгеге сайылат. Балбандар күрөшүп жыгышат. Жыккан балбандын эли балбан көтөр кылып балбанды көтөрүп кетишет. Баш аттөо айып болот.

**Ырчы (жарчы)** — ашта, тойдо ырчылар боло турган тамашаны жана аштын жүрүшүн жарыялап ырдап турушат. Ашта жарчы болгон ырчыга жабуулаган бир жакшы атты биротоло мингизип, үстүнө баалуу бир тонду кийгизет. Башка ырчылар да тулга ырдап өбүлгөлөрүн алышат. Ырчылар ашка келген бий, байларды мактап ырдайт. Алар да ырчыларга жакшылап беришет. Эки ырчы айтышкандары да болот.

**Кошок** — ашта өлгөндүн зайыбы, кыз, келиндери кошуп отурушат. Өлгөндү кошуу чоң мактоолуу иш жана намыс болот. Чоң ырчыларды багып жатып зайып, кыз, келиндерге кошок үйрөттүрөт.

**Таз чабышуу** — эки уруудан эки таз чыгып сүзүшүүгө жар салынат. Эки таз чыгып сүзүшүп жеңгени байгени алат. Эки таз өпкө менен да чабышат.

**Төө чечиш** — жерди ортчо казып, түбүнө казык кагып, бир жакшы төөгө килем, кымкап жаап, шурудан буйла тагып байлап коюлат. Ким болсо да, бир зайып жыпжылаңач ортого басып келет. Зайыптын аркасына жибектен чачпак салынат. Зайып көпчүлүктүн ортосуна басып келип, санын шапалактап чаап сөздөр айтат: «Манас, Коңурбайларды тапкан мен өзүм» деп жана өз бетиндеги бийлер, баатырлардын аттарын атап, «бардыгын мен тапкамын» деп айтып, абдан эңкейип туруп төөнү чечип алып, кымкапты кийип алып басып кетет.

**Эр сайыш** — эки даңктуу урууга сайыш берилет. Эки уруу дярдап келген эки баатырын ат, кийимдерин, соот, чопкуттарын шайдоот кылышат. Катырып даяр кылган жыгач найзалар да даяр болунат. Баатырларга бетке, моюнга сайышууга уруксат кылынбайт. Чоң баатырларга, такоол, жолдош кылып экиден төрт баатыр чыгарылат. Баатырларды уруунун аксакалдары коштоп чыгып беттештирет. Баатырлар ыраактан качырышат. Бир канча найзалар кыйрап сы-

нат, акыры бирөө сайып аттан түшүрөт. Сайган баатырды коштоп «ураан чакырып» алып келинет. Кай убактарда сайылган баатыр өлүп да калат. Өлгөн баатырга кун болбойт. Баатырлардын байгелери төө баштаган бир тогуз жылкы болот.

**Жамбы атыш** — жамбы 5 кадак күмүш болот.

Эң бийик кылынып шыргый орнотулуп, башына чоң кулактуу жамбыны бекитип байлап коюлат. Каалаган кишилердин бардыгы мылтыктарын октошуп, ыраактан чаап келип жамбыны атып өтүшүп турушат. Жамбыны ким атып түшүрсө ошол алат. Жамбы атып түшүрүлбөй калса ээсине калат.

**Ат чабуу** — чоң аштарга тогуздан киши кул, күң, миңден жылкы, миңден кой, жүздөн жамбы ат байгеге коюлат.

Аттардын куйруктары, көкүлдөрү түйүлүп, ат чапкан балдардын баштары кызыл жоолуктар менен буулуп, кызылдан кийгизип, аттарды ортого салып арыбери чубатылат. Сынчылар аттарды сынап: «балан ат чыгат» деп айтат. Аттарды колуна туу алган бир канча кишилер айдап кетишет. Коно айдаган убактар да болот. Балдардын башындагы жоолук, кийимдерин аш берген кийгизет. Эң четке кеткен сүрөөчүлөр «учтан сүрөөчүлөр» деп айтылат. Сүрөөчүлөр ар жерден күтүп турушат. Бабедин, аксарыбашылдарды чуркурап айтып турушат. Ата-бабанын арбагына сыйынып, төлгөлөр тартылат.

Ат айдагандар аттарды белгиленген жерге барганда токтотуп туруп: «Омийин, жолуңар болсун!» деп айтып коё берилет. Сүрөөнчүлөр өз ураандарын чакырып сүрөшөт, аттын барып токтоочу жерине туу сайып коюлат, аны «Сөөрө» деп айтылат. Аттарды уруу, уруу болуп, баталашып сүрөшөт. Сөөрөдө аттарды тактап санап өткөргөн кишини «даекчи» деп айтылат. Даекчи чыккан жана андан кийинки аттардан тиешелүү даекти алат. Байге коого киргизилет. Чыккан атка коо бузган күлүк деп наам берилет.

Кай бир убактарда аттар ачык чыкпастан талаш кирип чоң чатактар болгон. Жолдон ат кошуу да чатактары болгон. Кайсы бир аштарда аттар да, балдар да өлгөн убактар болот. Аттын байгелерин урууну аксакалдары бөлөт. Соогатчылар соогаттап алышат, ырчылар ырдап, мактап алышат.

Кайсы бир убактарда кедейдин аты чыгып байыган учурлар да болгон.

Ат чабылгандан кийин аш тарайт. Өлгөндүн балдары, туугандары, куда, достору, бир уруу бүт бойдон тулга өкүрүп дүңгүрөп түшүп, тууну жыгып, жыгачын отко жагат. Тулду жагып, катындын карасын алат. Аса күткөндөрдүн да чачтары, тырмактары алынып, кирлери жуулуп коюлат. Мындан кийин куда, достор өлгөндүн зайып, балдарын чакырып, баштарына ак жоолуктар салып, кийимдер кийгизип, аттар мингизет. Өлгөндүн үй-бүлөлөрү кадимкидей эл аралап оокаттарына киришет.

**Эрге тийүү** — өлгөндүн тул зайыптары аш берилгенден бир жыл өткөндөн кийин эрге тийүүгө акылуу. Өлгөндүн белгилүү бир туушканы же ага, ининин балдары алат, башкага берилбейт. Жакындан алары болбогондо зайып төркүнүнө берилет. Төркүнү эрге берет.

Зайыпка да аш берилет. Чоң бий, байлардын зайыптарына чоң аштар берилет, бирок эркектердикиндей даңктуу боло албайт. Зайыптарга жыртыштар, ийне, жиптери берилет.

Карыган абышкаларга да өлүм үстүндө жыртыш берилет.

**Уруу намысы** — кыргызда уруу намысы эң бир нык коюлган. Мисалы: уруудан бир кишинин сөздөн сынышы, кор болушу, абийир табышы, намыс алышы, намыс кетиши урууга тиешелүү болгон.

Бир уруудан бир кишинин акысы башка урууга кетсе, же башка уруу уруп койсо, же өлтүрсө андай иштерди бүтүн уруу башына туруп доолашкан. Бир киши ууру кылса, эр өлтүрсө айып менен кунду бүтүн уруу төлөп куткарган.

## САЛТ

### ӨЛГӨНДӨН КАЛГАН МУРАС ЖӨНҮНДӨ

Бирөө өлсө, ал кишиден калган мал, мүлк анын эркек балдарына таандык болуп калуучу. Жесир аял өлгөн кишинин туугандарына тиешелүү болуп, анын жакыныраак дегендердин бирөөнө алып берүүчү.

Балдар жаш болсо, энесин алган тууганын «өгөй ата» кылып карманып, ошол кишинин жакындарынын карамагына өтүүчү. Эгерде жесир аял өлгөн кишинин жакын туугандарынын бирөөнө тийбей, баш-

ка бирөөгө кетсе, ал убакта ал аял эринен калган мал-мүлктү жана балдарын ала кетүүгө укугу жок болучу. «Керегенин көзүнөн өтүп» кара башы гана кетүүчү. Жетим балдар, үй, мал-мүлкү менен жакын туугандарынын бирөөндө калуучу. Эс тартып мал-мүлккө ээлик болгуча ошолордун көзөмөлүндө жүрүүчү. Эгерде өлгөн кишинин баласы жок болсо анын мал-мүлкү жакын туугандарына өтүүчү. Өлгөндөн калган малды жакындыктарына жараша, улуусу улуудай, кичүүсү кичүүдөй кылып ылайыктап бөлүп алышчу.

## ЖЕСИР ДОО, ЖЕТИМ АКЫ

Жесир аял башка бирөөгө барып тийип алса, өлгөн кишинин жакындары кетип калган аялдын төркүндөрүнөн жетим акы доолачу. Анткени аялдын төркүнү, аял экинчи бирөөнө тийгенде да андан калың алуучу. Эгер тиги кетип калган аялдын төркүнү өз ниети менен доодон кутулбаса, а өлгөн кишинин туугандары:

— Өлгөндөн өлүү, тирүүдөн тирүү ажырадык, эч болбогондо жетим акыбызды бер,— дешип бийге чейин даттанып жүрүп, жетим акы албай тынуучу эмес. Эгерде жесир аял өлгөн кишинин туугандарынын бирөөнө барбай, алысыраак туугандарынын бирөөнө тийип кетсе, анда деле аялдын өз эле башы кетүүчү. Жесирди алган алыс тууганы тиги өлгөн кишинин жакын туугандарына доолуу болуп, тартуу тартып, жесир доосун берүүгө милдеттүү болуучу. Жесир тууралуу өз ара мамилелер башка жолдор менен бүтүүчү. Учурга туура келип, жесир келген айылдан эри өлгөн аял чыгып калса жесирин алдырып жиберген айылдагылардын бирөө тигилердин жесирин алууга акылуу болучу.

**Аш берүү** — шарт боюнча өлгөнүнө алты ай болгондон кийин чоң ашын берүүгө руксат. Андан башка майда аштар да болот. Кишинин өлгөнүнө үч күн болгондон кийин үчүлүгүн, жети күндөн кийин жетилигин, 40 күндөн кийин кыркын берет. Кыркын бергенде молдолорду жыйып куран түшүрүүчү. Молдолорго куран түшүрүү акыларын тапшырып, андан тышкары ат да токуп берүүчү. Өлгөн кишинин жакшы аты болсо, ошол атка өлгөн кишинин ээр токумун токуп, жайнамазын бөктөрүп, чынысын кабына салып, канжыгасына байлап, канжыгасын ээрдин ка-

шына кыстарып куран түшүргөн молдолордун бирөөнө, албетте, чоңураак, атактуураак молдосуна берүүчү. Жогоруда айтылгандай алты айдан кийин чоң ашын — акыркы ашын берет. Аш берилээрде өлгөн кишинин бүтүн кудак-сөөгүнө, дос-тамырларына кабар берилет. Куда-сөөгүнүн, дос-тамырларынын кай бирөө кабар албай калса катуу таарынуучу, айрымдары ашына чакыртпады дешип наздашып, ажырашып, кол үзүшүп да кетүүчү.

## МИЛДЕТТЕНҮҮ, КОНОК ЖАНА КОШУМЧА

Өлүк ашы байга байдай, жардыга жардыдай берилүүчү. Эгерде өлгөн адам атактуу бай киши болсо, өлүк салттарына чыккан чыгымдын баары ошол өлүк өлгөн айылдагылардын милдети деп эсептелүүчү. Өлгөндөгү конок ашы: өлгөн кишиге өкүрүп келген кишилерге союлган мал, берилген чай жана башка каражаттарды өлүк өлгөн айыл бай жана жарды дебестен түтүнгө бөлүп алуучу. Эгерде өлгөн киши жарды жана катардагы кишинин бири болсо, өлүк салттарын өтөөдөгү бүтүн каражаттар өлгөн кишинин өзүнөн чыгуучу. Куда-сөөк, дос-тамырлары, жакын тууғандары азын оолак кошумча кошуучу. Ашын бере турган киши атактуу бай болсо, ага бериле турган аш да ошондой даңазалуу болуп өткөрүлүүчү. Ашка 5 — 6 ай мурда камынышчу. Ашты башкаруучу кишилер айылдын баш кишилерин чакырып аш берүү кеңешин кылуучу. Андан соң аш бериш үчүн түтүнгө байжарды дебестен ашка кете турган чыгымдар: байгеге сайыла турган мал, акча, өлүү дүнүйө жана башкалар белгиленип, тийиштүү кишилерге бөлүнүүчү. Ар ким өзүнө милдеттүү конокторду күтүү үчүн конокко союла турган мал, чай-чамегин белендечү. Милдеттүү коноктун салты төмөнкүдөй болучу.

Кайсы айыл милдеттүү конок алып аш берсе, келген коноктор ошол айылдын түтүнүнө бөлүнөт.

Милдеттүү коноктор кандай тамак жейбиз десе, үй ээси ошону орундоого милдеттүү.

Эгерде милдеттүү коноктор кыйкым таап конгон үйүндөгүлөрдү уруп, сабап койсо да үй ээси макул боло берүүгө тийиш, кол кайтарууга, каяша айтууга укук берилбеген.

Милдеттүү конок алып аш берген айыл өзүнөн

чыккан чыгымы үчүн эч кимден эчтеме ала албайт. Кай бир учурда милдеттүү конокко келгендер шылтоо таап, бирдеме өндүрүп алып кетүүгө да аракеттенишкен. Арык тукуму элинин бир Быйтыман деген болуш болуп жүргөн кишиси өлүп аш бергенде келген шапак эли «бизди конокко эрте бөлүп албайт» деп таарынган бойдон аш берген айылдын жылкысын тийип кеткен.

Милдеттүү конок күткөн үйдө чоң аштарда ар кандай тентектик, бейбаштыктар көп болучу. Конгон үйүндөгү кишинин тамагынан кыйкым таап, үй ээсин кызыл-ала кылып сабагандар да көп болгон.

## ӨЛҮК ӨЛГӨНДӨГҮ ДИНДИК АДАТТАР ЖАНА ЭЛДИК САЛТТАР

Киши жаны кыйналып, үзүлүп бара жатканда ыйман айттырат. Ыйманды молдо айтат. Өлгөн кишинин эти сууганча тийбейт. Эти суугандан кийин жерге алып коет да, катындары кошок кошуп, эркектери өкүрүп сала берет. Өкүрүк угулгандан кийин айланадагы айылдын аялдары кошок кошуп, эркектери өкүрүп келе баштайт. Өлүктү көмүү жана келген элди коноктоо өлүк өлгөн айылдын жалпы милдети деп эсептелет. Өлгөн кишинин малынан мал союлат. Чай, нанды алы келгенинче аянбастан келген элге берет.

Өлүм бардын малын чачат,
Жоктун абийирин ачат,—

дешүүчү.

Өлгөн киши малдуу, бардар болсо — малын чачып, өлүк өлгөндөгү элдик салттардын, диндик адаттардын баары иштелүүчү. Эгерде өлгөн киши жарды болсо — элдик салттар, диндик адаттар толук орундалбай, же өлүк өлгөн үй өтө кыйналуучу.

**Сөөк жуудуруу** — сөөк жуудуруш үчүн өлгөн кишинин куда-сөөктөрүнөн, кызынын, уулунун кайындарынан, дос-тамырлары, алысыраак туугандарынан кылып 9 же 11 кишиге чейин киргизет. Эң аксакалы башын жууйт, андан кийинкилери өз ирети менен улам төмөн жактарын жууйт. Сөөк жуугандар өлгөн кишинин кийимин бөлүп алышат. Ошондуктан, буюмтайым алсамбы деп ниеттенип жүргөн, бирок сөөк

жууга кирбей калган куда-сөөк, дос-тамырлары, алысыраак туугандары «сөөгүн жуудурбады» дешип таарынган учурлары да болот. Эгерде өлгөн киши аял болсо анын сөөгүн кудагый, илик-жиликтеринин аялдары жууйт, сөөк жууга киргендер да сакалдуулашып өлгөн аялдын кийимин бөлүп алышат.

**Мүчө берүү** — киши өлүптүр деген кабар угулса, уккан жердеги кишилердин баары эле келүүчү. Келгендер өлгөн жерден олжо-мүчө алуучу. Кишиси өлгөн айыл келген элди урук-урукка, айыл-айылга бөлүп мүчө берүүчү. Тийген мүчөнү эл өз ара олжолоп бөлүп кетүүчү. Өлгөн киши бардар болсо, мүчөнү көбүрөөк, жарды болсо өз алына жараша берүүчү.

**Жыртыш берүү** — эркек өлсө барган аялдарга эчтеме берилүүчү эмес. Эгерде өлгөн киши аял болсо, анын эри бардар болсо, эркектерге мүчө, аялдарга жыртыш берүүчү. Жыртышка жыртып бөлүп алгандай кездеме, учук жибек жип сапталган ийне, шакек коюлуучу. Аялдар жыртышка тийген олжону талап бөлүп алышчу.

**Дооран** — дооран берүү элдик салт эмес, диндик адат. Доорандын максаты өлгөн кишини «күнөөсүнөн куткаруу». Доорандын акысын молдолор алуучу. Дооран эткөрүүнүн тартиби: өлүктү кепиндеп алып жөнөөгө даярдагандан кийин чогулган молдолор өлүк жаткан үйгө барышчу. Алар өлүктү коюп кырка тартып отурушат. Бирөөнө дооран өткөрүү табышталат. Адатта мурдатан колунда бары бардай, жогу жоктой кылып мал, дан багыштап коет. Дооран башталарда атайы доорангa багышталган малдын чылбырынын учу дооран өткөрүүгө дайындалган молдонун колунда болот. Ал молдо өлгөн киши «балакатка» киргенден берки жашынын эсебин тактай. Маселен, өлгөн киши 60 жашка чыккан болсо, 12 жашын алып таштап, калган 48 жашына дооран өткөрөт. Дооран өткөргөн молдо ушу кишинин 48 жыл ичинде кылган күнөөлөрүн көтөрүп алдыңбы? — деп отурган молдолорго, улам кыдыртып доорангa байланган малдын чылбырынын учун сунат. Дооран алууга отурган молдолор — «Өлгөн кишинин мүчөсүн көтөрүп алдык» — дешип доорангa байланган малды, койгон эгин, акчаны бөлүп алышат.

**Бет тытуу, кара кийүү, аза күтүү, тасма курчануу** — каза болгон киши эркек болсо, анын аялы жана жа-

кын аялдар беттерин тытышат. Өлгөн кишинин аялы чачын жазып, башына кара салуучу. Ашын бергиче дайыма тескери карап, аза күтүп отурат. Күнүнө үч маал кошок кошот. Кээ бирөө эринин аркасынан өлүш үчүн белине ичке тилинген кайыштан жасалган тасма байлануучу. Адатта аял эч кимге билгизбей чылгый кайыштан тилинген тасманы жалаң этине курчанып алып күнүгө жылдырып бекитип кое берет.

Тасма бара-бара белин кыйып ошондон зыян тарткандар да болуптур.

Чың-чың жаман, чың жаман,
Чыңырып чыккан үн жаман.
Табактай бетке так жаман,
Тасмадай белге кур жаман —

деп, далай аялдар эри өлгөндө бетин тытып, эрине күйбөй койду деп эл жаманатты кылбасын деп белине тасма байлап, күнүнө үч маал кошок кошуп, какшанып ыйлап кыйналган экен, өлгөндөрү да болуптур.

*Талып молдо*
*(Талып Байболот уулу).*

## ӨЛҮК ӨЛГӨНДӨГҮ ДИНДИК АДАТТАР ЖАНА ЭЛДИК САЛТТАР*

Адамдын денеси муздап, сезүү тамырлары кыйсылдабай, тамактан калып кыркыроо киргенде эски адат боюнча бир молдолугу бар адам даарат алып ыйман айтып турат. Ошол убакта кебез менен оозуна суу тамызып турат, тартип боюнча аялы тамызып туруш керек.

Өлгүчө өзүнчө тамда жаткан жеринде эле жатыш керек. Адам коркута баштаганда эле үй тигилип даярдалып коюлат. Өлгөнгө чейин ал үйгө кийрилбейт. Өлгөндөн кийин ошол өлгөн жерде «арам суугa» («майрам суугa») алынат. Эки-үч киши жуугит. Жуугандар жакындардан болот. Кары адам болсо кары кишилер, жаш болсо жаш адамдар жуугит. Аял кишини аялдар, эркекти эркектер жуугит. Анан өлүк ороочу атайын жасалган ак кийизге жылаңач ороп коет. Ал кийиз бир атанын балдарына бирөө болот да, дайыма этият-

---

Инв. № 306

тык менен таза сакталат. Ошого ороп алып барып баягы тигилген үйгө кийрилет. Ал үйдүн эр киргенде сол жагына коюп «cooп болот» деп бедеден төшөп, анын үстүнө башка кийиз салынып туруп ошонун үстүнө орогон кийиз менен жаткырылат, бетине ак жоолук жабылып, эки көшөгө тартылат, анткени баш-аягы көрүнүп калса күнөө болот дешет.

Үйдүн ичине шырдактар салынып, туш кийиз, килемдер тартылып коолдолот. Шырдактар салынган себеби келген аялдар отурат. Булардын бардыгы бүткөндөн кийин эркектер өкүрүп, аялдар (өзүнүн жакындары) ыйлашат. Анткени айыл-апага өлгөндүгүн ошентип билдиришет.

Анан сөөк-тамырларга, жакындарына киши жиберилет. Ал киши «кабарчы» деп аталат.

Мүрзө казууга үчтөн алтыга чейин киши жиберилет. Кандай киши болсо да боло берет. Аларга тартип боюнча акы төлөнөт.

Аялы, кыз-келиндери дайыма ошол үйдө отурат. Анткени эл өкүрүп келгенде ыйлап отурушат.

Уулдары менен инилери өлүк жакка салынган шырдакка колуна таяк алып күтүп отурушат да, эл келгенде өкүрүп турушат.

Өлүк турган жак сыртына чырмаган кызыл чий каланат, ал өлүктүн белгиси болот. Өкүрүп тургандар таякты бооруна таяп, жерди карап, эшикти беттенип турушат. Өкүрүп келгендер өкүрүп тургандарга улана сыңар тизелеп отурушуп, өкүрүп бүткөндөн кийин өлүк ээси атайы коюп койгон киши суу алып келип, ыйлагандардын жүзүнө суу куюп берет да, тамак берүүчү экинчи үйгө ээрчитип келип чай берет.

Аялдарга аял киши суу куят.

Өлгөн киши жаш болсо, тамак (чай) берилбейт.

Алыстан чакырылган сөөк-тамырларды «конок алып» кондуруп калат. Сөөк жерге (мүрзөгө) коюлмайынча макүрү деп куран окулбайт. Конокторго мал союлса деле куран окулбайт. Муну «коногу» деп атайт.

Нээти жакшы, ак ниеттүү киши эле деген сыяктуу гана сөздөр айтылып, калганы башка жалпы сөздөр эле болот. Салт боюнча карыянын өлүгү той катары болуп анча кайгы болбойт.

Тамак-ашты жеп бүткөндөн кийин кепин бычып тигүү болот. Кепинге тайпы (дакеден), марли сыяктуу материалдан 13 метр кетет. Кепинди молдо бы-

чат. Эр кишиге үч катар, аял кишиге беш катар кепин бычылат. 1) эң ичкиси моюндан тизеге чейин, 2) төбөдөн буттун учуна чейин, 3) баш-аягына бир тутамдан эки тутам (бууш үчүн) артык кылып жасалат. Кездеменин эни 7 же 8 карыш болуш керек. Бул эр кишиге бычылган кепин. Айпооч (алдын жапчуу белдемчи) аялдарда гана болот. Кумтулашы тескерисинче болуш керек.

Келген эркек, ургаачылардын бардыгына жыртыш берилет. Анан өлүк жаткан боз үйгө молдо жана анын жолдоштору: молдо, сопулар жана мискин жакырлары болуп төрт киши болот. Булар үйгө кирип өлүктүн жанына отуруп, молдосу аят окуп доорaнды шарыят боюнча кабыл алдырып, анан эшикке чыгып, доорaнга коюлган акча ж. б. бөлдүрүп алышат.

Анан намаз окуп жүргөн, даарат алган кишилер жаназага турушуп, молдо окуп, алар кулак кагып турушат.

«Ассалоту жаназа!» дегени жаназага келгиле дегени болот. Жаназа окулгандан кийин үч баканга (табытка) салып өлүктү баш жагы менен эшикке чыгарат да шарият боюнча жаназа окулат. Төрт киши көтөрүп жөнөйт. Аялдар ыйлап калат, эркектер (жакындары) өкүрүшөт.

Мүрзөгө койгондо өлүктү аяк жагы менен көргө кийиришет. Ага чейин баш-аягындагы жана белиндеги буунчактарын чечип кырынан жаткырышат, бир жагына топурак жөлөп коет. Анан эл бир уучтан топурак алып «Кулхуалла ахатты» үч сыйра айтып дем салып «сүф» деп туруп, топуракты бирөөнүн этегине жыйнап туруп аны тегерете себет. Анткени ажыдаар жана ошо сыяктуулардан коргоп калат деп билишет. Казанактын оозуна кыш тизип, топурак менен көмө баштайт.

Чала көмгөндө бир куран, бүт көмгөндө бир куран окуп туруп «Жакшы киши эле ээ!» деп молдо айтканда, калгандары да ошол сөздөрдү кайталашат. Анан кырк кадам басып туруп дагы бир куран окушуп, андан кийин жалпы дагы бир куран окуп бата кылып, анан үйдү көздөй жөнөшөт.

Жарым чакырым калганда сөөкчүлөр өкүрөт да, аялдар ыйлайт. Молдо эркектер үчүн эшикте, анан аялдар үчүн үйдө эки жолу куран окулат. Ошону менен бүтөт.

## АРБАК*

Дене эмес, жанды арбак дейт. Түшкө кирсе үйдө же үйдүн жанында көзгө көрүнбөй арбак чыртылдайт. Анда мал союп, же бир тамак жасап, ошол арбакка атап куран окуйт. Арбак түшкө киргенден кийин тез эле жакшылык болсо — «арбак колдоду» дейт. Ал эми жамандык болсо — «каарына алды» дешет. Экөөндө тең куран окутат. Арбак колдоп жүрүш үчүн өзү таза, ак, намаз окуп, ыкылас менен жүрүш керек да, жума сайын колдон келсе, мал союп, келбесе бир тамак кылып арбакка атап куран окуп (окутуп) жүрүш керек.

Жогоркудай кылбай койсо, жардам кылбай, колдобой калат. Кыргыз арбак балан жерде турат деп белгилебейт, бирок бейитке барып куран окуп, арбакка сыйынат.

Адам, мал көп ооруп өлүмдүү болсо, бир атанын балдары мал союп бейитке барып, бирден үч күнгө чейин конот да, куран окуп, шам жагып, топурагынан чылап ичип, ооруга эзип сыйпайт. Ооруган малды короосу менен айдап барып түнөтүп, айлантып (тегеретип алып) келишет. Муну арбакка сыйындык дешет.

Балбанга түшкөндө, жоого беттешкени бараткан-да, калган эл «оомийин алла акбар, ата-бабаңдын арбагы колдосун» деп бата беришет. Жакшылык же жамандык үчүн — экөөндө тең «ата-бабаңын арбагы урсун» — деп арбакка ант берип бата кылышат. Убададан тайса ант урду деп айтышат, арбак урду дешет.

Өлүк жаткан үйдө жарык болот, бирок от жагып, тамак бышырбайт, анткени — сасыбай музтак турсун деген мааниде болот.

Качан коюлушу кабар кылынган эл келгенде же алардан кабар келгенден кийин гана өлүк коюлат.

Өлүктү эшикке жууган кишилер алып чыгат, анан жакын өзүнүн кишилери көтөрөт.

Мүрзөгө жыйналган эркектин бардыгы барат, аял барбайт. Мүрзөгө жакындары кийирет.

Тартип боюнча өлүккө эч нерсе кошо көмбөйт, Казганда чыгып жаткан буюмдар калмактардыкы.

Кадырлуу киши өлсө, чоң казанак кылып ага жакындарынан бир нерсесин кое берет.

Чоң кадырлуу киши өлсө алардын кепининин сыр-

---

Инв. № 306

тынан булгаары менен ороп көмөт. Ал ноо болуп катып калат экен. Аны чирибес үчүн жасаган болот. Тайлак баатыр ушундай коюлган. Бул шарыяттан тышкары иш.

Чоң кадырлуу кишилерге күмбөз салып, анын ичине боек менен периште, пайгамбар жана өзүнүн кесибине ылайык сүрөттөр тартып, бысмылдадан баштап сөз менен түшүнүе жазуу жазат. Бул да шарыяттан тышкаркы иш болуп эсептелет.

Бир уруу — бир кыштак, бир кыштакка — бир мүрзө болуп, бир уруктун кишилери бир ыңгай коюлат. Мүрзөдө жана ага карап даарат уштпайт.

А дүйнөгө баргандагы турмуш бүт эле шарыяттагыдай болот.

*Ибрагимов Турсунбек 38 жаш*
*Тянь-Шань обл. «Жаңы-Талап» колхозу.*
*1946-ж.*

## АНТТАН КОРКУУ* (ЖАН БЕРҮҮДӨН)

Кыргыздар анттан (жан берүүдөн) эң жаман корккон. Ак ишке бирөө жан берсе ал тез аранын ичинде эле бир чоң зыянга учурап, бала-чакасынан майып болуп, кайсы бир учурда өзү да өлүп калган учурлар болгон. Чындык ишке да жан бербестен мал эле берип кутулууга аракет кылган. Бир урууга бир кишинин касамы суралса, ал кишинин өзүнө билдирбестен бир дөңгө алып барып түшүрүп, доо алуучулар жагына көргөзгөн. Касам бергени ошол болот экен, жан берүүгө алып баргандыгын билгенде чочуп кетип, үйүнө ооруп түшүп өлгөн учурлар болгон. «Жан бергендин жанына турба» деген сөз таасирлүү түрдө айтылган. Жан берилсе доо атказ болгон.

Ата-бабанын арбагы урсун, арбакка койдум деп карганган. Арбакка урунду деген, арбактан катуу корккон.

## КӨҢҮЛ АЙТУУ*

Тезек төрөнүн баласы өлгөндө Сүйүнбай акын жаш экен. Ошонун көңүл айтканы.

---

Инв. № 117
Инв. № 534

— Каза шумкар каз алса,
Канабын канга тийгизбейт.
Кан башына иш түшсө,
Кайгысын журтка билгизбейт.
Көпүрөө ооп көлгө кетти,
Улар учуп чөлгө кетти.
Сенин уулуң солго эмес оңго кетти,
Баарыбыз бара турган жолго кетти.

## УГУЗУУ*

### Эселбай, Эселбай

Бирөөнүн жалгыз бир тууганы Эселбай эжесине жетпей, агын суудан өтпөй калып, сууга кирсе өтүгүнө суу толуп, сууну кечип өтө албай ошондон өлөт. Эжесине инисинин өлгөнүн бир комузчу комуздун күүсү менен угузат.

Эсел-Эселбай,
Эки өтүгүн чече албай,
Агын суудан өт албай,
Агып өлгөн Эселбай.
Эселбай өлдү мен уктум,
Сүйлөбөстөн тумчуктум.
Тили жок жоо деґенге,
Эми ишенип унчуктум.

Эсел-Эселбай,
Эжесине жеталбай,
Эки өтүгүн чече албай,
Агын суудан кечалбай,
Агып өлгөн Эселбай.

Эсел-Эсел-Эселбай,
Жан берген суунун ичинде,
Жаныңа болбой мен шыпаа,
Угузду сени күүгүмдө.

Айланайын Эселим,
Айланбастан айрылдым,
Баласыз деп атантып,
Ата-энеңди кор кылдың!

---

Инв. 546, 1982-ж.

## КӨҢҮЛ АЙТУУ*

Алтынды тапкан сүйүнөт,
Тааныган алат деген.
Ак куу учуп көлгө кетти,
Шумкарың учуп,
Колуңдан качты.
Көрүнбөстөй жерге кетти.
Кудай үчүн Ыбырайым байгамбар,
Ысмайылды курбан этти.
Өлбөсө Адам ата кайда кетти?
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок,
Туягы бүтүн тулпарыңдан айрылдың.
Канаты бүтүн шумкарыңдан айрылдың.
Калганыңды кудай оңдосун. Кантебиз эми.

*Сүйүнбек Ыйса уулунан,*
*1943-жыл 8-июль.*

## ЖОКТОО*

Күлүктү чапсак бир сыноо,
Акелер сизден бир суроо.
Алтындын кени кайда экен?
Баатырым акем кайда экен?

Аргымак чапсак бир сыноо,
Отургандар бир суроо.
Алтындын кени кайда экен?
Жалгызым акем кайда экен?

Кара чепкен дубайна,
Кайрыларга тууган жок,
Кашкарда болду убайна.

Кызыл чепкен дубайна,
Кылчаярга тууган жок,
Кытайда болду убайна.

Кызыл макмал эн деген,
Кыраан баатыр мен деген.
Кара макмал эн деген,

---

Инв. № 1857/457
Инв. № 318

Кашкайган баатыр мен деген,
Менден баатыр ким деген.

Кара жорго минсеңчи,
Кашкайган баатыр болгуча,
Калкыңа келип жүрсөңчү.

Эки жорго минсеңчи,
Элиңден баатыр болгуча,
Элиңе келип жүрсөңчү.

Улуу тоонун боорунан,
Удар учуп үн салат.
Карыганда энеңиз,
Жалгызым деп муңаят.

Карарган зоонун боорунан,
Карчыга учуп үн салат.
Карыганда энеңиз,
Баатырым деп муңаят.

Улуу тоонун боорунан,
Улар учуп конбой кал.
Кагылсам тагам баатырым,
Уядан жалгыз болбой кал.

Карарган зоонун боорунан,
Карчыга учуп конбой кал,
Канатсыз жалгыз болбой кал.

Кагылсам, тагам баатырым,
Кызыл оттой жангандыр.
Ким деле болду душманы,
Ичинде кетти бушманы.

Аскерлер келип кармады,
Эки колун байлады.
Карыган энем калды деп,
Ошондо көзү жайнады.

Атка салган көнчүктөй,
Тагам, Манастын улуу Төштүктөй.

Оогандын жолу он терек,
Ону бирдей майдан миш.
Оо дүйнө кеткен тагамды,
Эми көрмөк кайда миш!

Мениндик жолу беш терек,
Бешөө бирдей майдан миш.
Бейишке кеткен тагамды,
Эми көрмөк кайда миш!

Кытайдан келген овайым (попона),
Кылчайып атка чабайын.
Баатырым тагам өтүптүр,
Кайгырып кайдан табайын.

Кашкардан келген овайым,
Кайрылып атка чабайын.
Жалгызым тагам өтүптүр,
Кайгырып кайдан табайын.

*Айткан Абдыкадырова Үрү.*

## ЭЖЕКЕМ МЕНЕН ЖЕЗДЕКЕМ*

Өлөңдүн сазы эжекем,
Өрдөктүн казы жездекем.
Туландын сазы эжекем,
Турпанын казы жездекем.
Өлөңдүн сазын өрт алды,
Өрдөктүн казын куш алды.
Туландын сазын өрт алды,
Турпанын казын куш алды.
Оролмо тоодо он теке,
Оролто аткан жездекем.
Он текенин терисин,
Оймолоп тиккен эжекем.
Кыраанда турпан кырк теке,
Кыйрата аткан жездекем.
Кырк текенин терисин,
Кыймалап бычкан эжекем.
Шыралга деген адамга,
Шыйрагын кесип бергеним.

---

Инв. № 318

Рас экен өлгөнүң,
Канаке сенин келгениң.

*Айткан Перимбердиев Боромбай.*

## ЖОКТОО*

*(Бектемир деген бүркүтчүнүн бүркүтү өлгөндөгү жоктогону)*

Күмпөй болгон күнү жаап,
Бүркүтүм өлгөн түнү жаап,
Чыгарга адам зар болуп,
Үзөңгүдөн кар болуп.
Же жолго чыгып чаба албай,
Чоң молдону таба албай,
Аруу жууп кепиндеп,
Айтпагыла секин деп,
Алып койдум жайына,
Бапан (кишинин аты) түштү пайыма.
Абдымомун, Сыдыкты,
Тажияга чакырбай,
Таң атканча бакырбай,
Бир арманым мында бар — дейт.

Бүркүтүң эмне болду деп эл сураса:

Алкымынан жуткузуп,
Ала албай койдум түтүктү.
Ачыгынан айтканда,
Анын ажалына бүтүптү.

Көмөкөйдөн жуткузуп,
Көрө албадым түтүктү.
Көрүнөөсүн айтканда,
Анын ажалына бүтүптү.

Эл бүркүттүн атын сураса, Бектемир «Молор» эле деп жооп берет да:

Капталдан түлкү көрүнсө,
Качууга койбой шыпырган.
Кыйырдан түлкү көрүнсө,

---

Инв. № 236

Кыраңга жетпей шыпырган.
Молорум, ушинтип көөнүм толтурган.

Алты күндүн ичинде,
Алты калтар, он түлкү,
Алганын айтып жоктоюн.
Жыл айланбай Молордун,
Жылас болуп кокустан,
Өлгөнүн айтып жоктоюн.
Текөөрлөрүн арбайтып,
Качырганын калтырбай,
Алганын айтып жоктоюн.

Алты түлкү саттырсам,
Күрөң кашка бээ болду.
Күзгө жетпей Молорум,
Күйгүзүп өлүп жок болду.

Тогуз калтар саттырсам,
Тору жорго бээ болду.
Тополоңдуу Молорум,
Чилдеде өлүп кээ болду —

деп, андан ары кимден алганын айта баштады:

Күн асмандын боору экен,
Күндө жаркын жүргөнүм.
Күлүп шаңшып жүргөнүм,
Күйөөрүм агам доору экен.

Ай асмандын боору экен,
Айда жаркын жүргөнүм,
Асылды кийип жаркылдап,
Айдыңым агам доору экен.

Кол темир эле билегим,
Калтылдак болду жүрөгүм.
Сом темир эле билегим,
Солкулдак болду жүрөгүм.

Бурурма батпас билегим,
Муңга толду жүрөгүм.

Дарайы болбос билегим,
Дартка толду жүрөгүм.

Каттаганда кан жолум,
Кармаганда оң колум.
Оң колум сынса жеңим бар,
Эми сиздей кимим бар.

Көрүңдүн оозун ким ойду,
Көтөрүп жерге ким койду.
Жайыңдын оозун ким ойду,
Жайлап жерге ким койду.

Түнөрүңкү көрүнгөн,
Турган жериң караңгы.
Эркелетип өппөдүң,
Эрмегиң жалгыз баланды.

Карайып чыккан өрттөйүм,
Кара кулак лөктөйүм.
Кызарып чыккан өрттөйүм,
Кызыл кулак лөктөйүм.

Башыма сайган тарагым,
Ар убак чачым тарадым.
Келеби деген ой менен,
Кеткен жолуң карадым.

Буруксуп турган көп гүлдү,
Буралып басып жулбасмын.
Кетсе да муң ичимден,
Мурункудай болбосмун.

Арылат десе арманым,
Үсту-үстүнө ашынат.
Арманым кетип алыстап,
Качан көңүл ачылат.

Көмүркөй толгон көп алтын,
Көл жакалай чачайын.
Көкүрөк толгон көп дарттын,
Кайсы бирин айтайын.

Сандык толгон сары алтын,
Сай жакалай чачайын.
Санаам толгон көп дарттын,
Кайсы бирин айтайын.

*Ата Мекендик согушта өлгөн агасын*
*жоктоп кошкон Исакова Сабиркандан жазылды.*
*Ош шаары.*
*Жыйнаган Тайгурөңов А. 1947-жыл.*

## БИР КЕМПИРДИН АБЫШКАСЫН ЖОКТОГОН КОШОГУ*

Ийри-Сууну бойлогон,
Ителги салып ойногон.
Кара-Сууну бойлогон,
Карчыга салып ойногон.

Карала каймал жетелеп,
Как талаадан өтпөй кал.
Каралдыңды калтырып,
Какшатып таштап кетпей кал.

Бозала каймал жетелеп,
Боз талаадан өтпөй кал.
Араң көргөн балаңды,
Бозортуп таштап кетпей кал.

Карадан кылган желдигиң,
Аман болсун эмдигиң.
Карадан кылган желдигиң,
Кубат болсун эмдигиң.
Курандын сөзүн байкаңыз,
Кутмандуу болсун аркаңыз.

Төө баласы басаган,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Шум кара жер ашаган.
Нар баласы басаган,
Ай ааламдын баарысын,
Бул кара жер ашаган.

---

Инв. № 546

Ашаган менен тоёбу,
Өлүм азайтканын коёбу.

Өлүм деген өрт экен,
Өзөккө түшкөн дарт экен.
Өлбөймүн деген жалганда,
Күнөкөрлүү мас экен.

Жабыгынан ай өткөн,
Жалпы атасы бай өткөн.
Түндүгүнөн ай өткөн,
Түпкү атасы бай өткөн.

*Ак-Суу районунан.*
*Кыргыз оозеки эл чыгармачылыгынан.*

## ЖОКТОО ЫРЫ*

Сандыкта пулуң мен элем,
Сайраган булбул сен элең,
Сандыкта пулуң куурады,
Сайраган булбул сулады.

Кайкы кулак кара атың,
Айды көздөй кагынат,
Атакем качан келет деп,
Балдарың сени сагынат.

Камыш кулак кара атың,
Күндү көздөй кагынат,
Күндө атам келет деп,
Балдарың сени сагынат.

Кашкардан алган карала ат,
Калмакка барып пул болсун,
Кас санаган Германдын,
Катыны мендей тул болсун.

Эңкейиште эки тал,
Эстесем кыяк болот го,
Артында калган балдарың,
Сактасам туяк болот го.

---

Инв. № 514

## КАЙДАСЫҢ АТА*

*(Жоктоо)*

Буруксуп турган кең жайлоо,
Бугунун малы жайласын,
Мусапыр болдум мен мында,
Булбулум атам, кайдасың?

Толукшуп турган кең жайлоо,
Тоолуктун малы жайласын,
Томсоруп турам мен мында,
Торгоюм атам кайдасың?

Керилип турган кең жайлоо,
Кеңештин малы жайласын,
Кейиште турам мен мында,
Карчыгам атам кайдасың?

Ак-Суунун башы шыргалаң,
Мен атамды эстесем,
Арык койдой ыргалам.
Көк-Суунун башы шыргалаң,
Мен атамды ойлосом,
Көтөрүм койдой ыргалам.

*Б. Садыков, Ачы району.*

## ЭЛДИК КАЗЫНАДАН*

Кыргыз элинин кылымдар бою түзгөн, жараткан оозеки поэтикалык мурастарын жыйноо дале болсо улантылып жатат. Төмөндө окурмандарга сунуш кылынып отурган саптар ошол океандай казынанын бир кичинекей тамчысы. Бул ыр соңку учурларда Совет районундагы Ленин колхозунда жашаган Назаров Мурзамат карыядан жазылып алынган.

## БАЛАСЫ ӨЛГӨНДӨГҮ ЖОКТОО

Кайырмалуу терeңде,
Карыганда мен атаң,
Кайгыңды тартып жүрөмбү.

---

Инв. № 514
Инв. № 729

Бурулмалуу терeңде,
Буркураган мен атаң,
Мунуңду тартып жүрөмбү.
Карарган дарак мен элем,
Каралдым уулум сен элең.
Каралдым уулум сулады,
Карыганда мен атаң,
Кайгыңды тартып куурады.
Бозоргон дарак мен элем,
Боларман уулум сен элең.
Бозоргон дарак куурады,
Болоорман уулум сулады.
Буркураган мен атаң,
Күйүтүң тартып куурады.
Кайгымды муңга толтурам,
Кайратымдын жогунан.
Каралдым уулдан ажырап,
Карыганда мен атаң,
Кайгыңды тартып олтурам.
Ойду эле муңга толтурам,
Кулунум сенден ажырап,
Куруп калган мен атаң,
Күйүтүң тартып олтурам.
Карай тоо башы сейдана,
Карыган кургур атаңа,
Кайрылып кайра келбестен,
Кайрылбай кеттиң бейгана.
Кызыл тоо башы сейдана,
Мен куруган атаңа,
Кылчайып кайра келбестен,
Кылчайбай кеттиң бейгана.
Алтынды жезге бурармын,
Айланайын кулунум,
Арманың айтып куурармын.
Күмүштү жезге бурармын,
Кагылайын кулунум,
Күйүтүң айтып куурармын.
Теректин түбү бошосо,
Темирден кырчоо болууга,
Теңирден ажал келген соң,
Мен атаң алып калалбай,
Алып бир калар күн болсо,
Болбойт бир белек садага.
Чыт чынарың бошосо,

Чылбырдын кырчоо болууга,
Чындап бир ажал келген соң,
Жан апаң алып калалбай,
Алып бир калар күн болсо,
Болбойт бир белек садага.
Ойноп бир баскан жерлериң,
Көзгө эле көркөм көрүнөт.
Жалгыз уул деп сыздасам,
Оюм бир үчкө бөлүнөт.
Буркураган мен атаң,
Көнөктөй жашым төгүлөт.
Көйкөлө баскан жерлериң,
Көзгө эле сонун көрүнөт.
Карыганда мен атаң,
Карай бир жашым төгүлөт.
Ойдон бир жылан октолот,
Орду бир мага жоктолот.
Жалгызым деп сыздасам,
Жүрөгүм күйүп чок болот.
Буркураган мен атаң,
Бул абалым не болот?
Кырда эле жылан октолот,
Кылыгы мага жоктолот.
Жалгызым деп сыздасам,
Ичим бир күйүп чок болот.
Карыганда мен атаң,
Энди абалым не болот?
Текечер сындуу бир атты,
Теңирим берди Зыйнатты,
Теңтушуң балдар ичинде,
Жалгыз бир уулум суратты.
Кулжачар сындуу тор атты,
Кудайым берген Зыйнатты,
Курдашың балдар ичинде,
Бир гана уулум суратты.
Жалгызым алган жалаңкыч,
Жетти бир бекен максатка,
Ойлономун боло албайм.
Ойлоп-ойлоп олтурсам,
Кулунум деп сыздасам,
Отурсам жерден кобо албайм,
Кайрат кылам болор албайм.
Санап-санап отурсам,
Жалгызым деп сыздасам.

Зал болуп жерден кобо албайм,
Эсил бир жалгыз макулум,
Эс үйрөтөр акылым,
Акылым кетти эсимден,
Кебим бир кетти оозумдан,
Жалгызым кетти колумдан.
Жаңы арыктуу кыядан,
Жалгыз уул элең уядан.
Жаңы арык кыя бузулду,
Жалгыз уул жерге коюлду.
Жалгыз уулдан ажырап,
Карыганда мен атаң,
Кара эле көзүм оюлду.
Будуруктуу кыядан,
Бир уул элең уядан,
Будурук кыя бузулду,
Бир уулум жерге коюлду.
Бир уулумдан ажырап,
Бугуруган мен атаң,
Бир гана көзүм оюлду.
Эмилдүү булак эки ай суу,
Эрибей жатып муздады.
Эс үйрөтөр акылым,
Эси кеткен мен атаң,
Кулунум деп сыздады.
Кайыңдуу булак кашка суу,
Кашкайып жатып муздады.
Кеп үйрөтөөр акылым,
Карыганда мен атаң,
Каралдым деп сыздады.
Изине илбирс жатаарбы,
Илбирсти кудай атаарбы,
Каралдым уулдан ажырап,
Карыган шордуу мен атаң,
Ырысым мындай катаарбы.
Жолуна жолборс жатаарбы,
Жолборсту кудай атаарбы,
Кулунумдан ажырап,
Куруп калган мен атаң,
Шорум бир мындай катаарбы.
Карарып жаткан чок беле.
Кан эгем берген дарт беле,
Кагылайын каралдым,
Мени эле коюп сени алды,

Мен курган атаң не калдым?
Айланайын кулунум,
Ажалым жетип мен барсам,
Колтуктап сүйөп колумдан,
Тосуп бир алчы жолумдан,
Күйгөн менен айла жок,
Куран менен аяттан башка пайда жок!

*Ош областынын Совет районунун*
*Ленин колхозунда жашоочу*
*Назаров Мурзамат карыядан 1967-жылы,*
*80 жашында жазып алынган.*
*1984-жыл, 16-январь.*

## ЖОКТОО*

Мама Сает Аалы фронтко кетип дарексиз жок болгондо, аялы Султанова Сырганын жоктогону.

Алтын саат колго алып,
Бурай келчи алтыным!
Айчылык калган уулуңду,
Сурай келчи алтыным!

Күмүш саат колго алып,
Бурай келчи алтыным!
Күнчүлүк калган уулуңду,
Сурай келчи алтыным!

Ак кагазга жаздырган,
Сөзүм жетпей алтыным!
Көк кагазга жаздырган,
Катым жетпей алтыным!

Алма аралаш бак экен,
Алтын суута так экен.
Аскерлик милдет бүткөрүп,
Алышып ойнор чак экен.

Алтыным жүргөн жерлери,
Гүл аралаш бак экен.
Аскерлик милдет бүткөрүп,
Күлүшүп жүрөр чак экен.

---

Инв. № 168

Көгөрүп аккан көк көлгө,
Көп айланат бөктөргө.
Көрүнөө кетип алтыным,
Көп эле мени ойлобо.

Агарып аккан ак көлгө,
Аз айланат бөктөргө.
Акылдаш зейрек алтыным,
Арман бир мени ойлобо.

Почта бир жолуң көп карап,
Кат салган күнүң болгондур.
Уруштун камын сен ойлоп,
Ач калган күнүң болгондур.

Алты атар мылтык колго алып,
Алты бир белес кыр ашып,
Качырган күнүң болгондур.
Асмандагы жылдыздай,
Атышкан октор чачылган,
Германия шашылган.

Беш атар мылтык асынып,
Беш катар белес кыр ашып,
Германия качкандыр,
Куралдарын таштaшып,
Алтыным сенден жашынып.

Карарган дарак башына,
Торгой конуп сайрасын.
Кайра бир үйгө келбеген,
Кабылан алтын кайдасың?

Буралып чыккан даракка,
Булбул конуп сайрасын.
Бурулуп үйгө келбеген,
Муңдуу бир алтын кайдасың?

Тескейде булак тоңбосун,
Тербелтип элди жөнөткөн,
Германия оңбосун!
Күңгөйдө булак тоңбосун,
Күлдү бир элди жөнөткөн,
Герман эли оңбосун!

Күлүктү минсе бели бош,
Күнчүлүк кетсең кайыр кош,
Аргымак минсең бели бош,
Айчылык кетсең кайыр кош!

*Султанова Сырга, Чоң-Алай, Жекенде с/с.,*
*Кызыл Майрамдан.*

***Эскертүү:** Султанова Сырганын акындыгы эч кимден калышпайт. Жоктоосунун үчтөн бири гана жазылды.*

*К. Мифтаков.*

## ЭСЕПЧИЛИК*

Куран айдын 20сында шамал болуп ачылса, анда жылдагы күн дагы, эгин дагы жакшы болот. Эгерде Теке айынын 20сында болсо, анда жыл жаман болот. Ай кай бирде которулуп жаңырат. Ал эми күн менен түндүн теңелиши болсо 22-сентябрда тең болот. 22-апрелде да теңелет.

Тогоол — Ай менен Үркөр абдан жакындашып калса, тогоолдун башталганы. Теке айында Үркөр чыгат. Тогоолдун башталышы. Бир жылда ай менен Үркөр жети жолу жакындашат. Тогоолдон кийин коюп болуп жанаша жүрүп калат. Чын куран — беш тогоол дейт. Жалган куран — жети тогоол, Бирдин айы — тогуз тогоол, Үчтүн айы — он биринен тогоол. Тогуздун айы — он жетисинен тогоол. Аяк оона — 19нан, Баш оона — 21нен. Теке, — 23нөн, Бугу — 3нөн, ал эми Кулжа айында тогоол жок, чыкпайт. Тогоол болгондо күн жаайт же суук болот.

Үркөр чыккандан кийин суугуна тартат.
Үркөрдөн кийин үч аркар чыгат.
Аяк оонада — сумбала чыгат.
Сумбала чыгып суз болот,
Булактын башы муз болот.
Алтын казык Жетигендин жогор жагында.
Сары жылдыз — таңга маал чыгат.
Чолпон жылдыз маңдайга келип калса, адамга каршы болуп калат.

---

Инв. № 307

# АҚ БАТАЛАР

## СӨЗ КУБАТЫ — АК БАТА*

Бир тилдин баяндоо кубаты анын сөздүк корундагы сөздөрдү санынын көп болуусу менен гана ченелбей, ал сөздөр маанини адам дилине жеткирүүсү, мээге кыт кылып куюусу аркылуу өлчөгөнү жөн. Кыргыз тилинде дилине чейин барып сая турган баян кубатынын бирөө — ак баталар. Ак баталар кыргыз тили менен жаратканга, ээге, теңирге өзүнүн ички баянын тике айтып, нурдан жасалган аркан менен карапайым адамдардын дилин жаратканга күрмөп байлап салганга чейин барып жеткен. Бул кыргыз тилинин кубаты, деминин көтөрүлгөн эң бийик жери дээр элек. Ак баталар адамдын жүрөгүнө (дилине) төтө тийип, денени көшүлтүп салышы, тетири батанын (каргыштын) жүрөк зыркыратып, сөөктөн өтүшү — мына булар сөздүн кубаттуулугун көрсөтүп турганы эле.

Кыргыздардын ак баталары «жылуу сөздөр» деп аталат да, бул «жылуу сөздөрдү» айтканда, адамдын дили жумшарып эле калбай, арийне жылан мөйүп ак сөзгө таазим этип, «жылан ийинден чыгат» деген бек ишенимге чейин барып жеткен. Кыргыз философиясында (ойчулдугунда) сөздүн кубатына ишенүү, сөздү курал-жарак катары пайдаланууга болот деген түшүнүк эртеде эле калыптанган. Кээ бир жаман жорукту мылтыкты көзүнө теңесе да таштабай тургандар «батамды берейин» деген сөздү укканда нээтинен кайтып, дилин тазартып алганга курал кылган. Кылычтын мизинен коркпогон жанкечтилер «тетир батадан» (каргыштан) коркуп, өзүн инсандык кынапка салган.

---

* Араб арибинен азыркы кыргыз арибине түшүргөн Кеңеш Кырбашев.

Кезмети келгенде — дили азар жеп, үмүтү жалбырактай соолуп, «куубаш, куу этек» атанып, инсандык намысы зилдеп турган кезде, бүткүл тамыр, жүүндөргө барып тие турган, аны ийите турган ак бата сөздөрдү «батадан бүткөн баланы» табууга жетишкени, адилагдар, ак эмгектүүлөргө, кадыресе, ата-эне перзенттеринин убайын, күнү-күчүн көргөндө берген ыраазылык ак баталардын кубаты какжыраган жерге жаан жааганда өлүм өнгөнгө окшош береке берип, жарып-жалчып, «жаан менен жер көгөрөт, бата менен эр көгөрөт» деген макал аркылуу батанын күчүн корутундулоого алып барган. Мына ушул мааниден караганда, ак баталар кыргыз ой жүгүртүмүндө дил азыгы, жаздын деми болот деген нариcте түшүнүктүн болгонун көргөзүп тургансыйт.

Кыргызда ак батага болгон ишеним, андагы сөз кубатына чын бүтүү кылымдардан бери урабай, күкүмдөлбөй, кесек боюнча келе берген. Жоо майданында жекеме-жеке сайышка чыккан баатырлар алтын-күмүш сыйлыкты эмес, ак батаны алып чыккан. Күрөш, эр эңиш сыяктуу мөөрөйгө, эл-журт намысына чыккандар анын мөөрөйүнө алган мүлккө кубаттанбай, чур этип алакан жайган ак батаны денесине шай көргөн. Эл башчысына болгон ишенимин, мактоосун кандайдыр бир «шайлоо белети» менен эмес, көөндөн чыгарып, чогулуп берген ак баталары менен белгилешкен. Кыскартып айтканда, ак баталардын кыргыз турмушундагы, дилиндеги орду өтө омоктуу болуп келген. Себеби, кыргыз тилинин сөз кубаты дилине жетип, ак баталарга болгон өзүнчө ишеним калыптанган.

Ак баталарга мындай ишеним байлоодо кыргыздардын диндик түшүнүгү, табият карашы башат болуп берген. Кыргыздар ааламдын жаратуучусу эмес, ал тургай табияттын ар бир мүчөсүнүн эмес, пири болот деп түшүнгөн. Адамдардын жаратуучусу эмес бүт ааламды жаратат, ааламдын башкы бийлиги анын колунда деп түшүнгөн. Ошого кыргыздар кылымдан бери ар кайсы доордогу ишенимине жараша адамдардын ээси «жараткан, теңир, көкө теңир, ээ, эге, алла, кудай» деген аталыштар менен атап келген. Кыргыз ак баталарында мына ушул ээлерден «бер, бере көр, жалга оңдой көр» деген сөздөр менен суранып, тилек айтылган. Кыргыздардын түшүнүгүндө адамдын ушул

ээлери гана адамга өмүрдү, ден соолукту, ырыскыны, бакытты, таалайды, тынчтыкты берет, ушулардын бийлигинин бардыгы адам ээсинин колунда деп түшүнүлгөн. Ошого ушуларды суранган. Ал эми өлүмдү, кырсыкты, оорчулукту, таалайсыздыкты да ээлер буйрат деп билип, мына ушулардан сактоону тилеп жалбарган.

Ал эми кыргыздын дагы бир түшүнүгүндө табияттагы бардык эле заттардын ээси, пири болот. Алар өздөрүнүн мүчөлөрүн коргоп, калкалоо менен бирге, жараткандын убайы боюнча алар адамдарга «колдоочу, жөлөөчү, жолдош» болуп, табиятта коркунучсуз жашоого көмөкчү болот, тилегенди берүүгө, балаа-казаадан сактоого «колдоочу болот деген түшүнүктүн тамырынын тереңге кеткенин кыргыз ак баталарынан көрөбүз.

Кыргыз ак баталарында табияттын, кубулуштардын ээлеринен, пирлеринен: Кыдыр (Кызыр), пир, Баба (Баба дыйкан), аскар тоо, мазар, Умай эне, Кырк чилтен, Камбар ата, Чолпон ата, Чычаң ата, Заңги баба, Ойсул ата, Үркөр ата, Кайберендин ээси, Шаймардан, Колдоочу, Дөөтү, Үр, Буудайык, Кумайык, Сырттан, Алп кара куш, Он сегиз миң аалам сыяктуулар айтылып (кыргызда табияттын пирлеринен мындан да көп аты бар. Бул жерде аталганы тек ушул китептеги баталарда кезиккендери), булардан «колдо, даары, жылооло, жолдош бол, жар бол, жөлөк бол» деген сыяктуу сөздөр менен көмок, колдоо сураган өтүнүчү айтылат.

Кыргыз түшүнүгүндө бул табияттын мүчөлөрүнүн пирлери өз мүчөлөрүнө гана ээ. Аларда бардыгын жарата турган, жайгаштыра турган, бере турган башкы бийлик жок, тек «колдоого алуу, жолдош-жоро» болууга асыгатат деп билген. Кадыресе, табияттын ар бир мүчөсүнүн пирлери адам менен олут, орду чамалаш катары көргөн.

Кыргыз баталарында «колдоочу» катары пайгамбарлардан Мукамбет, Илияс, Сулайман, Азирет, Батма-Зуура, Нух, Улукман сыяктуулар айтылып, алар да ар бир нерсенин пири катары айтылат (мисалы, суу башы — Сулайман, эмчиликтин пири — Улукман).

Кыргыз ак баталарында байыркы ата-бабанын арбагына табынуу түшүнүгү боюнча «ата-баба арбагы,

Манас арбагы, арбак» сыяктуулар айтылып, буларга да «колдоочу» катарында «колдо, жөлө, көтөр, дем бер» деген өтүнүч, тилек айтылат. Майнаптай айтканда, кыргыз ак баталарындагы түшүнүктө адамдын ээлери «берүүчү, жалгоочу» болуп, бүткүл бийлик анын ээлеринде деп, андан жалбарып, жашооруп сураныптиленилсе, ал эми табияттын, кубулуштардын пирлери «колдоочу» катары болуп, алардан «көмөк» тиленген. Бата тилөөчүгө (бата алуучуга) бата берүүчү жак мына ушуларды сурап, тилеп берген сөздөр ак баталар болгон. Ошого ак батаны берүүдө алакаң жайган адам канча көп болсо, аруу-агдар, кадыр-баркы, чоң адамдар берсе бата өтүмдүү болот дегени аны сурап, тиленгендердин тилек, каалоосун берет дегени эле.

Кыргыз ак баталарында төмөнкүлөрдү суранып, мындай сөздөрдү колдонгон.

1. **Өмүр, ден соолук суранган сөздөр** — узак өмүр бер, көп жашат, башын таштан кыл, саламаттык бер, эсен-соолук болсун, жанын аман кыл.

2. **Акыл, өмүр суранган сөздөр** — акыл бер, кыраандык бер, эс бер, эстүү кыл, муратка жеткир, өнөрлүү кыл, илим бер, уз кыл, көөдөн бер, тос бер, көсөм кыл.

3. **Күч-кубат суранган сөздөр** — эрдик бер, эр кыл, эр бол, билектүү кыл, күчтүү кыл, дем бер, кубат бер.

4. **Дөөлөт-ырыскы суранган сөздөр** — кенч бер, өрүштү кенен кыл, олжолуу кыл, кетпес дөөлөт бер, ырыс бер, ырыскылуу кыл, берекет бер, кешик бер, шыбага бер, доор сүргүз, дүнүйөлүү кыл, даам бер, аштуу кыл.

5. **Мартаба, акылак суранган сөздөр** — намыстуу кыл, абийир бер, адеп бер, айлалуу кыл, арлуу кыл, дил бер, дил таза болсун, тилектүү кыл, уят бер, уяттуу кыл, мейирмандуу кыл, күйүмдүү кыл, ырайым бер, кайрымдуу кыл, адилдик бер, так бер, сый бер, бак, бакыт бер, кубаныч бер, урмат бер, адамгерчилик бер, мартаба бер, таалай бер, аброй бер, атак бер, кең бейил бер, бешене бер, маңдайлуу кыл, жоомарт кыл, даңк бер, зыйнат бер, нарк бер, канаат бер, шаттык бер, даражасын көтөр, өркөнүн өстүр, бийлик бер.

6. **Ак жолтойлук суранган сөздөр** — куттуу кыл, ак жол бер, оң жолго сал, перзенттүү кыл, уул бер, жолду шыдыр кыл, баш бер, бирлик бер, ынтымактык бер, бейкуттук бер, тынчтык бер, өмүрлүк шерик бер, жубайлуу кыл, дос бер, жоро бер, жолдош бер.

**7. Көрк-келбет суранган сөздөр** — сулуу кыл, сулуулук бер, көрк бер, көрүктүү кыл, келбет бер, ажар ач, айбарлуу кыл, сүрдүү кыл, сымбат бер.

**8. Диндик тилек сөздөр** — бейиш бер, ыйман бер, акырет бер, аркы дүйнө бер, топурагын торколуу кыл.

**9. «Манастан» тилек кылган сөздөр** — Манастын эрлигин бер, Кошойдун жашын бер, Каныкейдин уздугун бер, Айчүрөктүн сулуулугун бер, Алмамбеттин акылын бер.

Жогоркулар кыргыз ойчулдугунда, киши жашоосунда болууга тийиштүү нерселер жана сапаттар болгон да, «аны бер, ушулар болсун» деген. Батадагы каалоо-тилектердин мазмундары да ушул сөздөргө түйүнүшүп айтылган.

Ал эми кыргыз ак баталарында «болбосун, сактасын» деген тилек айтылып, мындай сөздөр колдонулган:

**1. Ооруу-сыркоодон сактасын деген сөздөр** — дарттан, катуулуктан, чочуган желинден, кезиктен, мээнеттен, сынанаамдан, жабыркоодон, оорудан, онтогон оорудан сакта.

**2. Өлүм-кырсыктан сактасын деген сөздөр** — балаадан, бакпай балаадан, ар балаадан, мезгилсиз өлүмдөн, өлүмдөн, капылеттен, казадан, өрттөн, жалындаган өрттөн, агыны катуу суудан, капсалаң жуттан, көчкүдөн, жаман ашуудан, жаза тайып жолдон, татаал жолдон: тайгак кыядан, шайтандын азгырыгынан, бүлүк салгандан, карандай капсаптан, адашуудан, мүдүрүлүүдөн, сүрдүгүүдөн кесепеттен, ордон, уруштан, алдамчыдан, уудан, капкандан, тузактан, кылтактан, жазадан, заардан сакта.

**3. Өкүм, кордуктан сакта деген сөздөр** — каардан, кандын каарынан, жалаадан, жаппай жалаадан, жажууланган жалаадан, калбаадан, доочудан, доодон, кара өзгөйдөн, бүтпөс доодон, дооматтан, өктөгөн өкүмдөн, уяттан, уятсыздыктан, кадамы катуудан, өйдө-ылдыйдан, кектен, коогадан, жазыктан, бүгүлүүдөн, аярдан, чуудан сактай көр.

**4. Жоо жана жаман жоруктан сактай көр деген сөздөр** — наадандан, көзү сууктан, чууттан, бөрүдөн, уурудан (аңдыган ууру, жашырынган уурудан), кастан, ач көздөн, дили карадан, ушакчыдан, көрө албастан, кара ниеттен, нээти жамандан, жоодон, чапкан жоодон, жалаңдаган жоодон, тилсиз жоодон, тийген

жоодон, кулкуну бузуктан, душмандан, ичи жамандан, жаман ойдон, жаман тукумдан, жакырдан, жезиттен, кунучүлдөн (сакта, ошондой кылба, жолотпо).

**5. Тил-сөздөн сакта деген сөздөр** — тилден (жаман тилден), дилинде мөөрү бардан, кайбат сөздөн, ушак сөздөн, сасык сөздөн, табадан, кер оздон, каргыштан, ала оздон, күңгүрөнгөндөн, күлүп сүйлөгөндөн, тетир батадан (сакта).

**6. Диндик түшүнүк боюнча сакта деген сөздөр** — арамдан, арам дүйнөдөн, арамдыктан, ымансыздыктан, тозоктон, тозоктун отунан (сакта).

Кыргыздын ак баталары жогоруда атап айткан «бер, болсун» деген жана «болбосун, сакта» деген тилек сөздөрдөн куралган болот. Бул сөздөрдү карасак, кыргыздардын жашоо турмушунда кандай сааттардын, нарктардын керектигин, эмнелерди асыл нарктуу баалай турганын, ал эми кандай жоруктардын, кылыктардын жаман экенин, эмнелердин «болбостугун» каалай турганын билип алабыз. Кыргызда ак-каранын ажырымы өтө айкын бир жашоо карашын биле алабыз. Баталардын бизге берген берекеси да мына ошондо болуп чыгар. Болуп да, кыргыздын ак баталарынан кандай адам болуунун өлчөм, ченемдери айкын көрүнгөн күзгү сыңары турат. Анданы «бер, берсин, болсун, жалгасын» деген сапаттар адамдардын дилин тазартууга алып барып, ошол сапаттар өзүндө болууну (мисалы: ар-намыстуу кыл) көксөшүп, ошондой киши болууга далалат жасашат. Ал эми «сактасын, жолобосун, келбесин» деген нерселерден оолак болууну, андай жоруктарды жоюну (мисалы, чууттан, ушакчыдан сакта) күсөгөндөрү батадан билинип турат. Ошондуктан, ак баталардын наркы анын адам тарбиялоо жагынан бадырайып көрүнөт дээр элек. Болуп да, бүт эле кыргыздын жөрөлгөлүү турмушуна жуурулуп алган ак баталар, алып айтсак, баланын ымыркайынан тартып эр жеткенге чейин болгон салттарында берилүүчү баталар баланын зээнине сиңип, эл берген батадагы адамдык сапаттарга (жигит болсоң элчил бол, ата-энени сыйла), андагы нускаларга (жесирлерге жөлөк бол, жетимдерге көмөк бол) өздөрүн тезге матагандай матап, бата менен тарбия көрүп чоңоюшат. Ошого ак баталардын наркы анын тарбиялуулугунда деп айтууга болот.

Ак баталардын дагы бир наркы ал адамдарды му-

раттуулукка, тилектүү, үмүттүү жашоого алып бара турган мааниге ээ. Ак баталардын деми рухундагы көңдөй жерлерди толтуруп, топук алып, өз мурат-максатына жетүүгө чымыркантууга шык болуп берет. Ошого баталар кыргыз рухунда кылымдардан бери бек уялап келет. Баталарга болгон ишеними бекип, «жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт», «бата — сөздүн атасы», «ботонун куну — бир жут, батанын куну — миң кут», «баталуу эр арыбас, батасыз эр жарыбас», «атаңдан бото калбасын, бата калсын» деген сыяктуу турмушту корутундулаган макалдарды чыгарышкан.

Ак баталардын наркын көтөргөн дагы бир нерсе, ал кыргыздын сөз маданиятын алып жүргөн. Ак баталардагы сөздөр, ак тилектер адамдардын көөнүн жибитип, адамдар арасында мээр төгүүгө, сылык сыпайы сүйлөшүү маданийлигине пайдасын тийгизип келген. Кыргыздар качан да бири-бири менен көрүшкөндө жылуу сөз, ак тилек сөздөрдү айтып саламдашкан. Көрүшкөндөгү салам сөздөр аябай ыйбалуу болуп, атсалоом алейком десе, тигил алейкума салам деп алик алган. Саламды алик алуу өтө чоң адамгерчилик катары каралган. Андан бөлөк (аман-эсен турасыңарбы? Эли-журт эсенби? Куш келипсиз, сиз менен таанышканга кубанам. Балдарыңар чоңоюп жатабы? Үй ичи тынчпы? Мал-жан аманбы? Демдүү — тетик жүрдүңөрбү?» деген сыяктуу мамиле жылыта турган сөздөрдү колдонгон. Ал тургай, кыргыздар бирөөнүн сөзүн бөлүп, «сөз жырып» кетмейди айып катары билип, эгер сөз кошууга туура келсе: «кечириңиз, сөзүңүз оозуңузда, алтын шилекейиңиз оозуңузда, оозуңузга сөз салып койгонума кечириңиз, сөзүңүзгө аралжы, кечириңиз, сөзүңүздү бөлүп койдум» деген сыяктуу маданий сөздөрдү колдоно билген. Бул сөздөр ак баталардын каражаты катары урунулуп, бата, ак тилек сөздөр, жылуу сөздөрдүн наркын көтөрүп, кыргыздардын сөз маданиятын калыпташтыра алган.

Кыргыздардын ак баталарынын тарыхы эң узун. Тээ Эне-Сайдагы таштын бетине чегилген эстеликтердин ичинде баталардын өрнөктөрү калган. «Манас» баштаган эл ооз адабиятында баталар жыш кезигет. Ак баталарды кыргыздын көсөмдөрү, акылмандары, ырчылары, төкмөлөрү, «оозунда алтын шилекейи бар» нарк-салтты тутунуп жүргөн адамдар чыгарышкан.

Биздин бул жыйнакка те кыргыз ак баталарынын үлгүлөрүн гана киргизе алдык. Эгерим сарамжалдуу эмгектенип, ата-бабанын баталарын илгертен толук чогулткан болсок, нече жүздөгөн томдор түзүлмөк. Бирок азыр айтпай болбойт, кыргыздарда бата берүү кандайдыр жөнөкөйлөшүп, эки ооз сөздү куюлуштуруп, жүрөккө жылуу тие турган сөздөр менен бата берүү жок эсе болуп кетип бараткандa, бул жыйнакка бата чогултуу жумушу туш келип калды. Бардык эле көз көргөн, кулак уккан баталарды чогултууга аракеттенип, ак баталар кыргыздын орток түлкү деген түшүнүк боюнча, мындан мурда басма сөздөрдө жарыяланган баталардын бардыгын бул жыйнакка киргиздик. Болуп да, Кыргызстандан 2002-жылы жарык көргөн Кеңеш Жусупов менен Чоюн Өмүралиев түзгөн «Ак бата» деген китепчедеги баталар ичинен бизде жокторун толук алдык. Ооба, алар да биз жарыялаган баталарды ал китепчеге киргизгендерин китепченин алгы сөзүндө айкын жазышып: «кайсыл бата кимге тиешелүү деп таандыктап отурбай жалпы бердик» деген ойлоруна биз да кошулуп, бул жыйнакты түзүп чыктык. Кээ бир баталардын авторлоруна элден чогултуп басма сөздөрдө жарыялагандардын бул жыйнакка кирген баталары үчүн чоң рахмат айтамын.

Бул жыйнакка киргизилген баталар жыйнакты түзүүчү жагынан түрлөргө бөлүнүп чыгылды. Ар бир түргө өзүнчө түшүнүк макалалар жазылып, ак батадан пайдалануу берекетин ашырууга аракет жасалды.

Соңунда, ушул китепти окугандарга ушул ак баталарда айтылган жакшылыктардын бардыгы келсин, ушул ак баталар тийсин деген каалоо айтам!

*Кармыштегин Макелен Өмүрбай.*

# ЗАЛКАР БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

«Залкар баталар» кыргыз ак баталарынын ичинде эң улуусу, өтө касиеттүүсү болуп, бул баталарды эл туу туткан, ишенген касиеттүү кишилер, пир болуп тутунгандар берген. Ал адамдарга эл назары түшкен, бүткүл калк ынанган болот. Алардын оозунда чын эле «алтын шилекейи» бар, айтканы «эм» болот деген ишеним бекип алган. Бул залкар батаны берүүчү кишилер да оңой эле, көрүнгөн жерде бата бере койбогон. Алар демейдеги дасторконго, же аш-тойлорго бата берип жүрбөй, кандайдыр бир олуттуу окуяларга, эли-журттун көксөөсүнө атайылап бата беришкен. Залкар баталардын берген ээси (автору) болот да, алардын дүйнөгө, табиятка болгон түшүнүгү терең, инсанат турмушунун тажрыйбасына тотуккан, эл акылмандары, көсөмдөрү, залкар адамдардын айткан сөздөрү курч, тилеги төп, болжолу анык болгондуктан, алар берген ак тилек — «залкар баталардын көбү эм болгон. Алар айткан акылман ак тилектер адам рухуна кыт болуп куюла калганда, дароо «боло калгандай» туюнууга жетишкен. Ошого жөнөкөй адамдардын берген баталарына бакканда, залкар, улуу касиеттүү (таза, жөндөмдүү) адамдардан «алтын шилекей» алып калууга ынтызар болуу пайда болгон. Ал тургай дили таза, элге кадырман адамдар «бөбөктүн оозуна түкүрүп» алтын шилекей чачып, ак батасын берген. Ошого «алтын шилекейиңизди чачык коюңуз» деген сөз калыпташкан түрү бар.

Чын эле, «залкар баталарды» эл рухун аздектеген, калк ишенимин канык билген, зили чечен, акылмандар чыгарганы, ал тургай «бата» деген мал ак

тилек менен айтылган бул көркөм адабий тектин улун койгондор да залкар адамдар болгон деп айтууга болот.

Биз бул алгачкы «ак баталар» жыйнагыбызга төмөндөгүлөрдү залкар баталардын өрнөгү кылып көргөзүүнү ылайык көрдүк.

**«Умай эненин батасы».** «Умай» кыргыздардын сыйынуучу пирлеринин бирөө болуп, ымыркайдын өнүп-өсүүсүнүн ээси деген түшүнүк боюнча Умай энени улуу тутунуп келген. Умай эненин колу ымыркайга эм-дом болот, бөбөктү колдойт деген бекем ишеним болгон. Умай энелердин өтө бийиктеги элеси сүрөттөлүп, адамдардын дилиндеги ыйык ургаачы элестетилип, ургаачы заттарды, энелерди «Умай» деген сапаттын улуу талабына жетүүгө умтултуп салган.

«Умай» деген сөз «баланын шериги, жолдошу, ээси, тону» болот, «Умайга табынса, уул табат» деген макал бар дейт, «түркү тилдер сөздүгүн» түзгөн Махмут Кашкарий (караңыз, уйгурча басылмасы, I-том, 167-бет). Умай эненин кыргыз аңыздарындагы баланы калкалоо, өнүп-өсүүнүн ээси деген түшүнүк боюнча, кыргыз залкар баталарынын башы Умай эненин алтын шилекейи менен чачылган. Бул батада Умай эне өсүмдүктөрдүн, эгинчиликтин, малчылыктын жана башка табият мүчөлөрүнүн ээлерине (пирлерине) кайрылып, бардыгы табияттын бардык мүчөсү, бир топ киндиктеш катары туруп, өсүп-өнүгүүгө тилектеш болууну, табиятты бурчалтпай, тепетеңдикте өнүп-өсүүгө ак тилек айткан. Биз Умай эненин батасын залкар баталардын башы тутунуп, көпчүлүктүн өндүрүш, жаңы иш башында ийгиликтер каалаганда эл аксакалдарынын оозу менен айтып жүрүүбүзгө тийиш экен. Умай эненин батасы ушул бирөө гана эмес экени белгилүү, мындан аркы баталарды жыйноо жүрүшүндө көптөп чогултууларына ишенебиз.

**«Баба дыйкан батасы».** Баба дыйкан кыргыздын аңыздык түшүнүгү боюнча эгинчиликтин ээси. Ал үрөөндөн баштап, чечтеген кызылдын, жалпы эле дандын пири болуп, данды коргоочу, калкалап өстүрүүчү деп каралган.

Кыргыздын аңыздык элесинде Баба дыйкан «боз кептер» болот имиш. Ал эгинди, кызылды калкалап, эгинчиликке берекет алып келет деген аңыз айтылат.

Жуңго кыргыздарында (кээ бир жерлерде) ушул

күндө кыргыздын кызылын сузарда эки ырым жасашат: анын бирөө, «Аккуланын акы үчүн» элден мурда бир күрөк сузуп, кырмандын төрүнө коюп коёт. Бул «Манас» эпосундагы Манастын буудай эгип, ал буудайга Аккула тайды алмаштырып келген окуясы менен кандайдыр бир тектик байланышы ырымдык жорук менен сакталып калганбы? Ал эми дагы бир ырым, кызыл сузганда «кепсен» бермей бар. Жардыжалчыга дандан кепсен бөлөт. Ушунун бардыгы Баба дыйканга байланыштуу түшүндүрүлөт.

«Баба дыйкан батасы» кыргыздын залкар батасынын бирөө болуп, бул айдоо жерге үрөөн себерде колу берекеттүү, дили таза киши үрөөн себүүнүн эң алгачкы башталышында, бир ууч үрөөндү сепкенче айтылат. Батанын негизги мазмуну бул үрөөндөн өнүп чыккан дан жалгыз эле эгүүчүнүн өзү үчүн өнбөй, дагы табияттагы жан-жаныбарлардын акысы, алардын ырыскысы үчүн өнүү керектигин айтат. Ырыскы ала турган жан көп болсо, дан да ошончо мол чыксын дегени. Дагы бир жагынан, кыргыздын табияттагы жанжаныбарлар менен ырыскылаш бирге жашоо таанымын ушул батадан байкатып турат.

**«Манастагы» баталар.** «Манас» эпосу кыргыздын билим китеби. Андагы бардык маданияттын ичинде кыргыздын ак сөз — бата маданияты, өтө жогору ченде камтылып бизге жетти. Жалпы кыргыз журтчулугуна белгилүү «Кошойдун батасы» деп аталган залкар бата баш болгон көптөгөн баталар «Манаста» айтылат. Батанын өрнөгү боюнча «Манастагы» баталар олуттуу окуяларга карата айтылган. Андагы бата берген адамдар кыргыздардын рухуна да кыт болуп куюлгандар болуп, бул жыйнакка «Манастагы» залкар баталардан Жусуп Мамай айтымындагы Кененимге берген Бакайдын батасы, Бекбачага берилген баталар, Каныкейдин батасы жана Сагымбай Орозбак уулунун айтымындагы «Кошойдун батасы» үлгү катары алынды.

**«Бакайдын батасы».** «Манас» эпосунда Семетей, Бакай, Каныкей, Күлчоро сыяктуулар Кызыл алп дөөнүн дүмөгү менен Шамырымдын тоосуна камалып кыйын кезеңде калганда, Манастын төртүнчү урпагы Кененим ат көтөргүс алп болуп жетилип, эч кандай ата-бабасынын каруу-жарагы менен жабдынбай эле дөөнү түптүү теректи жулуп алып ошону менен чапкылап, таш менен койгулап өлтүрөт. Ошондо Бакай

бата берген. Андан кийин да пери кыз, эл-журт көп жолу бата бергени айтылат.

«Манас» жомогунда Манастын бешинчи урпагы Бекбача баатырга эл-журт көп жолу бата бергени бар.

**«Кошойдун батасы».** Кыргыз баталарынын эң нарктуусу катары каралат. Бул Манас баатырдын тукумун улоого, Манастын жолун жолдоочу тарыхый адамдын дүйнөгө келишине төтө байланыштырып айтылып келет. Бул батанын берилүү ыңгайы Каныкейдин уздук өнөрүнө, атап айтканда, Кошой баатыр жер бетинде адам калбай келген «Көкөтөйдүн ашындагы» өтө чоң күрөш майданында күрөшкө чыгууда ылайыктуу шым табылбай, айласы түгөнүп турганда, Каныкей жасаган кандагай шым Кошой дөөнү ыраазы кылат. Мына ошол уздукка ыраазы болгон Кошой алакан жайып, бала көрбөй жүргөн Каныкейге бата берет. Анда ар улуттан, ар динден болгон майдандагы элдин баары бирге «оомийин» деп батага кошулушат.

Ошол батадан улам Каныкей Манаска Семетей уулду төрөп берет. «Манастагы» бул Кошойдун батасы кыргыздардын батага болгон ишенимин ого бетер бекемдеп турат.

«Манастагы» залкар баталарга Каныкейдин уулу Семетейди Каракандын элинен өз жергесине аттантар кезде берген батасы да кирет. Ал бата Манас баатырдын улуу ишин улоочу данакер катары көрүнөт. Майнаптаганда «Манас» жомогундагы баталар өзүнчө бир топ көлөмдү түзөт. Аны жыйнактап, залкар баталардын түрүнө коюу мындан аркынын милдети болмок.

**«Эне-Сайлык Кыргыз атанын батасы».** Бул залкар баталардын ичинен эң эски баталардын бирөө болууга тийиш. Бул бата көрүнүктүү тарыхчы Бутанаев жазган «Эне-Сай кыргыздары» деген китептен алынды. Ал китепке ошол жердеги эл оозунан жазып чогулткан «уламыштар» аркылуу кирген экен.

Батанын берилүү ыңгайы мындай болгон: ошол кездин жоосу кыргыздарды өз жергесинен сүрүп бөлөк жерге алып жөнөгөндө, жер менен киндиктеш болуп калган Кыргыз ата балдарын чогултуп туруп бата берип, «өз тоолорубузду унутпагыла, кайра келгиле» деген мааниде терең батасын берген (Бутанаев «Эне-Сай кыргыздары» деген китептин 42-бети). Бул бата чыгуу доору жагынан байыркы баталардын үлгүсү, байыркы тил боюнча сакталып калган түрү болуп эсеп-

телет. Байыркы батанын ташка чегилген бир кертимин да бул залкар баталардын ичинде көргөздүк. Максатыбыз биздин бата маданиятыбыздын башаты тээ баштапкы кезден келе жатат дегендей табыштоо болду.

**«Угуз наамадагы» бата».** Бул бата «Угуз наама» чыгармасынан алынды. Жазма түрүндө бизге жеткен «Угуз наамадагы» бата биздин залкар баталарыбыз катары саналат. «Угуз наама» чыгармасы XIII — XIV кылымда кагаз бетине түшкөн. Азыр бир нече кол жазма нускасы сакталып калган.

Бул батаны берүү ыңгайы: Угуз хакандык такка олтурганда элдин берген батасы жана Угуз хакан өзү баатырларына, иш билгилерине берген ыраазычылык баталары болуп эсептелет. «Угуз наамадагы» бата биздин бата салтыбыздын тээ байыртан эле жүргөнүн, батанын берилиши өз кезинде бийликти жалпы колдоого алып тургандыгынын бир далили катары көрүнүп турат. Кадыресе батанын курамын, түзүлүшүн изилдөөдө бул байыркы жазмага түшкөн батанын мааниси зор.

**«Кут алчу билимдеги бата».** Бул залкар батанын үлгүсү Жусуп Баласагындын улуу чыгармасынан алынды. «Кут алчу билим» аттуу бул улуу чыгарма 1069-жылы жазылган болуп, мындай батанын үлгүсү жазма түрүндө бизге жеткен.

**«Махмут Кашкарийдин батасы».** Бул залкар бата «Түркү тилдер сөздүгү» («Дивани лугатит түрк» 1075 — 1094-жылдары жарык көргөн) аттуу улуу чыгармадан алынды. Батаны ушул чыгарманы жазган Махмут Кашкарий китептин кириш сөзүндө жазып, Халифа Мухаммет уулу Абылкасым Абдылла Муктеди Бийемирилла улукка арнап берген. Батанын салттык түзүлүшү, сөзүнүн баяндоо күчү, чын эле Махмут өзү айткандай «түркү элдеринин сөзгө чеберимин...» дегенин ырастап турат. Махмут Кашкарийдин жазган батасынын бизге келип жетиши, ак баталарыбыздын кайнар булагынын калыпташкан «оргумасын» элестетип, бата айтуу көркөм сөз өнөрүбүздүн тарыхын ого бетер таасын көргөзө алат.

**«Токтогул ырчынын батасы».** Токтогул ырчы (1320 — ?) кыргыздардын XIV кылымдагы уламыштан бизге жеткен улуу ырчысы болгон. Бул улуу ырчынын бизге жеткен чыгармалары көп эмес, бирок нече кылым өткөнүнө карабай, эл ичинде бир нече ыры сакталып

калганы шүгүрчүлүк. Ал эми Токтогул ырчынын батасы да ошол чыгармаларынын ичинде берилген болуп, XIV кылымда кыргыздын Бердибек хаканы такка олтурганда куттуктап берген батасын бул залкар баталарыбызга алтындын күкүмүндөй кылып алдык. Элибиз ичинде «Токтогулдай ырчы, Толубайдай сынчы бол» деген ылакап сөз Токтогулдун чоң ырчылыгын күбөлөй алат.

Токтогул ырчынын батасы кыргыздардын бата берүү салты, батаны чыгаруучулар ырчылардан, чечендерден боло тургандыгынын баш жагын көрсөтүп берет.

**«Арстанбектин батасы».** Арстанбек Буйлаш уулу (1824-жылы туулган) кыргыздардын «булбулу» аталган чоң ырчы болгон. Бул ырчынын бизге жеткен батасы акындык чыгармачылыгында, атап айтканда, Жеңижок (Өтө) ырчы канат күүлөп, эл ичине ырчылык улуу жумушун баштаган кезде берген батасы болуп эсептелет. Арстанбек ырчы кыргыз ак баталарын кандайдыр күчтүү баян деңгээлине жеткиргенин берген батасынан байкоого болот.

Арстанбектин батасы кыргыз ырчысы кандай болсо боло тургандыгы жөнүндө талап коюп, «ырчы болсоң сынчы бол» деген сыяктуу ырчылыктын бийик жерлерин көргөзүп, «ошондой бол» деген баталык баян ыкымын колдонгон. Андан көркөм өнөрдүн пирлери «Камбаркан» сыяктуулар «колдосун» деген батанын жөрөлгөлүү курамасы боюнча курч сөздөр менен батанын бийик бир чокусун көрсөтүп турган. Ошого Арстанбектин батасы залкар баталарыбыздын ичинде туруута тийиш.

**«Токтогул Сатылган уулунун батасы».** (1864 — 1933) Токтогулдун батасы ушул замандын ырчылары чыгарган бата нускасынын өрнөгү катары каралат. «Тоо булбулу Токтогул» өмүрүндө жүздөгөн баталарды айтса керек, бирок бизге жеткени аз болду. Эң жакшы жери Токтогулдун батасы биздин бата маданиятыбыздын дагы бир түрүн, атап айтканда, айтыш ырларында берилген батанын өрнөгүн көрсөтө алат. Бул залкар баталар бөлүмүнө кирген Токтогулдун батасы 1922-жылы Кетмен-Төбөнүн Итагар жайлоосунда өткөн чоң тойдо Калык ырчы экөө алым сабак ырдашып жаткан ыңгайда берилген.

**«Чыңгыз Айтматовдун батасы».** Чыңгыз Айтма-

тов (1928-жылы туулган) заманыбыздын дүйнөгө таанылган жазуучусу, бул улуу жазуучуда кыргыздын жөрөлгөлүү ак баталарын жогору бийиктикте, элдин руху катары тутунуп келген. Чыңгыз Айтматовдун баталары өзүнүн чыгармаларында жазма адабияттын көркөм бүктөмү аркылуу берилген. Алып айтсак, «Ак кеме» повестинде кыргыздын залкар батасын «Бугу эненин» оозу менен берген. Бул бата кыргыз ак баталарынын өтө көркөмдүктө, too көтөргүс күчтүү баян менен жалпы кыргыз укум-тукумуна берген бата болуп, кыргыздын кыргыз болуп жер бетинде жүрүшү, эне тилин оозунан түшүрбөй келгени ушул батага бекем байланып калгандай туюлат кишиге. Ошого Чыңгыз Айтматовдун батасы кыргыз залкар баталарынын эң бийик шаңын көрсөтүп тура бермек.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында накай ак тилек сөздөр, ак баталардын алтынынын күкүмдөрү көрүнүп, эл ичин жылытып келет. Бул залкар баталар бөлүмүбүзгө өзүбүз жыйнаган гана үзүмдөрүн киргиздик. Чыңгыз Төрөкул уулунун ак тилек сөз кубатын, ак баталарын толук жыйнак кылып коюу мындан аркынын зарылдыгы болуп турат.

**«Жусуп Мамайдын батасы».** Залкар манасчы Жусуп Мамай «Манас» жомогун сегиз урпакка жеткирип айткан заманыбыздын эң чоң манасчысы. Ал айткан «Манастан» кыргыздын тил кенчин, маданият башатын, тарых издерин, кол өнөрчүлүгүн таамай таап ала алабыз. Ошого Жусуп Мамай кыргыз элинин улуу инсаны, байыркы рухунун туу чокусун бизге көргөзгөн адам болуп олтурат.

Жусуп Мамай мына ушул биздин эле таңда көптөгөн баталарды чыгарган киши, бирок биздин сарамжалсыздыгыбыздан аны эмгиче толук жыйнай элек жүрөбүз.

Жусуп Мамай айткан «Манас» жомогунда көптөгөн ак баталар айтылат. Аны «Манастагы» баталар» дегенде үлгү көрсөттүк. Бул жерде айтылып жаткан «Жусуп Мамай батасы» биздин эле тушубузда айткан кыргыздын ак баталарынын үлгүсү катары берилип олтурат. Жусуп Мамай берген бул жыйнакка киргизген батанын берилүү ыңгайы да бөтөнчө болгон. 1984-жылы Улуу-Чат ооданында чоң жер титиреп, мурдагы шаарчасы уранды болуп калган. Кийин оодан шаарчасын които салган. 1987-жылы 7-айдын 29-күнү

Жусуп Мамай Үч-Таш жайлоосунда ачылган «акындар айтыш жыйынына катышып, кайра келе жатып, жаңы салынган шаарчанын (толук курулуп бүтө элек) жол боюндагы капкасына келип, чогулган эл-журт менен көрүшкөн кезде, жаңы шаарчага арнаган тарыхый мүнөздүү батасын берген.

Мында дагы бир батасы 2000-жылы Үрүмчүдө өткөн Нооруз майрамында элге берген.

Төмөндө жогорку биз тааныштырган залкар баталардын өзүн окуйлу.

## УМАЙ ЭНЕНИН БАТАСЫ

Теңирим берген көк майса,
Жаралган атам заманда.
Күтүшөт көктөм майрамын,
Асманда жылдыз, ай, күн да.
Көктөм, көктөм, көктөм,
Күттүк биз сени салайга.
Теңирим берген көк майса,
Көк менен жердик көркү бул.
Көйкөлгөн тоого көрк берген,
Кызгалдак, каакым көп болгон.
Көктөм, көктөм, көктөм,
Теңир көк берген көк байса,
Келе көр бизге тезирээк.
Жер айрылып көк чыксын,
Желин айрылып сүт чыксын.
Угулсун көктөн күлдүрөк,
Көктөм, көктөм, көктөм,
Келе көр бизге жел, көктөн.
Теңирим берген көк байса,
Көп күттүрбөй бизге кел.
Кош өгүзүн шаймандайт,
Баба дыйкан үрөөн сээп,
Көктөм, көктөм, көктөм,
Келе көр бизге жел, көктөн.
Теңир көк берген көк байса,
Дыйкандарга эгин бер,
Малчыларга төлүн бер,
Кампа толо дан болсун,
Короо толо мал болсун.
Мал кармаган бай болсун,
Арбын айран, мол болсун.

Кымыран кымыз көп болсун,
Мал атасы Малабай,
Элге майлуу сүт берсин.
Ойсул ата, ой Камбар,
Элге шыбат, күч берсин.
Камбар ата балдары,
Кара курттай жайнасын.
Чычаң ата, ай мүйүз,
Чолпон ата, кумпа баян,
Солто мерген, черте баян,
Жамаатына жар болсун.
Адам ата балдары,
Акыл менен иш кылсын.
Үрөөн сээп, мал багып,
Эмгек менен күн көрсүн.
Кайыптарды сыйласын,
Чер токойду кыйратып,
Кайың, талды кыйбасын.
Ой-тоодогу кайберен,
Ойрондолуп ийбесин,
Көк теңир жар болсун,
Бейилдери оңолуп,
Касташкандар токтолсун.
Согушкандар жоголсун,
Ымандары оңолуп,
Каниет кылса баарына,
Кайыр берсин көбүрөөк,
Жетим, жесир, карыпка.
Өкүмчүлүк кылбасын,
Карыларын урматтап,
Кичүүлөрүн сыйласын.
Узун болсун өмүрү,
Оорубасын, оңолсун,
Учуктары узарып.
Бала күтсүн, бар болсун.
Кылган ишин жактырып,
Көкө теңир колдосун.
Оомийин!

## БАБА ДЫЙКАНДЫН БАТАСЫ

Коңур салкын жел келет,
Жер жылымдап, кар эрип.
Кош эмчеги тырсыят,

Кыз толукшуп бой керип.
Жерден келет жел кабар,
Тал, теректер көгөрүп,
Уйкуда жандар ойгонот.
Өлбөстүккө күн көрүп,
«Мезгил келди чачкын» — дейт,
Чечте үрөөн үн салып.
Күңгүрөнөт чыгыш жак,
Жеңгенсийт жаз кыш айды.
Амач карма дегенсийт,
Албан талаа дыйканды.
Көктү бузат көк бука,
Амал айкын кабарлап.
Жер кулагы жети кат,
Жер иштеткен адамзат.
Жерден кабар алышар,
Жер эмгекти кадырлайт.
Жер куураса алаамат,
Жер кулагы жети кат,
Жер иштеткен адамзат.
Калайыкка дан керек,
Аппак күндөй нан керек,
Амач карма, жер айда,
Ай талааны чиймелеп.
Арпа, буудай дан айда,
Сулуу, нокот, таруу айда.
Конок, зыгыр кошо айда,
Ак жүгөрү, май айда,
Дарбыз, коон дагы айда,
Кан, калемпир, кара мурч,
Сарымсак, сабиз калтырба.
Дагы айтарым дагы бар,
Албан дыйкан угуп ал.
Эгин экпей арык чап,
Ашуун болсун эгиниң,
Тоонун тунук суусун бак,
Жер кулагы жети кат,
Жер иштеткен адамзат.
Өрттөй болсун өгүзүң,
Өткүр болсун амачың,
Алас болсун аштыгың,
Уста пири Дөөтү,
Амачыңды оңдосун.
Уйдун пири Ай мүйүз,

Амач тарткан күч кирсин.
Күн күркүрөп, жамгыр жаап,
Күлдүр ата колдосун.
Үн атасы Камбаркан,
Ай талаага күч чачсын.
Өнүп чыксын үрөөнүң,
Өсүп чыксын жүрөгүң.
Суу атасы Сулайман,
Көктөн, жерден колдосун.
Жердин пири жел эле,
Кабыл алсын дилиңди.
Жел атасы Желкайып,
Булут айдап буулуксун.
Дыйкан терин чуурутуп,
Ободон жамгыр куюлтуп.
Күндүн пири Күн теңир,
Суу менен бирге нур берсин.
Жарык берсин, жан берсин,
Чычкан пири Чие ата,
Жамаатына жар кылсын.
Ийин казып, жер көөлөп,
Жер кыртышын жумшартсын.
Жерге түшкөн үрөөнүң,
Жети күндө жарылсын.
Майсалары узарсын,
Умай эне ак чачсын.
Үркөр ата тогошуп,
Алас болсун эгиниң,
Көкө теңир жар болсун,
Кызыр ата даарысын.
Умай эне дем берсин,
Күч өгүзүң кош болсун,
Күткөн көктөм куш болсун.
Оомийин!

## МАНАСТЫН БАТАСЫ

«Энеси суу кыргыздын,
Атасы тоо кыргыздын»,
Көрдүңбү сөздүн уңгусун.
Ала-Тоо бойлоп көчкөн эл,
Аркайган тоодо өскөн эл,
Кирин карда жууган эл,
Киндигин музда кескен эл,

Заңкайган нечен тоо менен,
Салгылашып келген эл.
Ак элечек арсак тоо,
Жалтырак муз, аппак кар,
Жамбаштап жатып көнгөн эл,
Малын карга жайган эл,
Кыргыз деген неткен эл,
Мөңгү суусун ичкен эл.
Күркүлдөгөн, жыттанып,
Күүлөнүп аккан сууларды
Күн эмес, түндө кечкен эл,
Таш жазданып көнгөн эл.
Талашып салкын шамалды,
Булут менен келген эл.
Булуттуу тоонун ичинде,
Тоодо өнүп өскөн элге
Ойдогудай иш болсун,
Оодарылгыс тоо болсун,
Оморулгус бел болсун!

*(Алынды Жусуп Мамай айтымы «Кененимден» ).*

## КОШОЙДУН БАТАСЫ

Абакеңиз эр Кошой,
Дастарын (селде баш кийим) кыйгап чалынып,
Жаратканга жалынып,
Алакан жазды буркурап,
Атпай журттун баарысы,
Бата кылды чуркурап,
Көп жыйылган өз ушул,
Көпчүлүктүн көзүнчө,
Кошойдун айткан сөзү ушул:
Тилекти берсе бир алда,
Туулса мындан бир бала,
Ургаачы болбой, эр болсун,
Аюу болбой, шер болсун!
Атышканын алсын деп,
Күрөшкөнүн чалсын деп,
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Өзүнөн пенде өтпөгөн.
Туландуу жерди тутантып,
Туугандын баарын кубантып,
Кара сууга кан куюп,
Кайратын калк, эл туюп,

Суу ордуна кан төгүп,
Катылышкан душманын,
Өгөөлөсүн темирдей,
Акыры тууса эркеги,
Аты болсун Семетей.
Арууке келин баласы,
Акылдашы ар качан,
Ага болсун чын жоро,
Аты болсун Күлчоро.
Кыдыра кырчын тал болсун,
Кырга чыга бергенде,
Семетейге кылуучу кудай жар болсун.
Ак болотун майласын,
Ачуусуна келгенде,
Абыке, Көбөш, кан Жакып,
Ошолорду жайласын.
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорoңду жайласын.
Кара болот кайрасын,
Каарына келгенде,
Кан Коңурду жайласын!

*(Сагымбай Орозбак уулу, 3-китеп, 215-бет).*

## БАКАЙ АТА БАТАСЫ

Айтулуу шумкар көздүү бол,
Адам таппас сөздүү бол.
Байсалдуу артык үзүлбөс,
Бак баштаган күчтүү бол.
Балага балтыр бешик бол,
Бакытка ачык эшик бол.
Улууну сыйлап жетик бол,
Кичүүгө өмүр кешик бол.
Аккан суунун шары бол,
Балбандардын алы бол.
Оорулууга дары бол,
Опол тоодой кары бол.
Кыдыр болсун жолдошуң,
Кыйың күн башта болбосун.
Ыйык тут Манас ордосун,
Оомийин кудай колдосун!

*(«Кыргыз маданияты» гезитинен алынды).*

## БАКАЙДЫН БАТАСЫ

*(Кененимге берген бата)*

Баргын, балам, бар деди,
Бабаң Манас арбагы,
Болсун сага жар деди.
Агызып кетчү кыяндай,
Сел болгунуң, Кененим.
Оморулбас залкар тоо,
Сен болгунуң, Кененим.
Аккуулар ашып уча албас,
Бел болгунуң, Кененим.
Ак каздар учуп өтө албас,
Көл болгунуң, Кененим.
Казып адам түгөткүс,
Кен болгунуң, Кененим.
Алтымыш уруу алашка,
Жалгыз сен, болгунуң Кененим.

## КАНЫКЕЙДИН СЕМЕТЕЙГЕ БАТАСЫ

Баргының, балам, жол болсун,
Кудайым сени колдосун.
Атаң башта кол берген,
Кожо Асан болсун жолдошуң.
Бастыргын, балам, жол болсун,
Басташкан душман кор болсун.
Арбагы колдоп атаңдын,
Айбатың журттан зор болсун!

* * *

Жетимиш пирге кол берген,
Жетир ирет Кызыр жол берген,
Атакең Манас колдосун.
Алтымыш пирге кол берген,
Алты ирет кызыр жол берген,
А дүйнө кеткен атаңдын
Арбагы сени колдосун!
Баргының, баатыр, жол болсун,
Жол болгондо мол болсун.
Кас санаган кишиң,
Таманында кор болсун.

Арбагың өсүп жол болуп,
Оорагың журттан зор болсун!

*(«Семетей», 133-бет).*

## ПЕРИ КЫЗДЫН КЕНЕНИМГЕ БАТАСЫ

Кубатыңдан айрылбай,
Көп жашка чыгып карыңыз,
Ишиңиз кетсе оңунан
Эркек бала табыңыз.
Өзүңдөн ашкан эр болсун,
Ошол тапкан балаңыз.

## БЕКБАЧАГА ЭЛДИН БЕРГЕН БАТАСЫ

Бата берип калың эл:
«Ачык болсун жолуң шар,
Жолдошуң болсун Кызырлар,
Аттандың баатыр, жол болсун,
Жолуңда жолборс жолдосун!
Кастарын тиккен алашка,
Таманыңда кор болсун!
Эл үчүн кылган эмгегиң,
Эселден дениң соо болсун!
Ишиңди кудай оңдосун,
Кас санаган душмандын,
Каны агып сен болсун!»
Бата берип баркырап,
Баары журт калды чуркурап.
Жолуң ачык жолборсум,
Кырк чилтен болсун жолдошуң.
Айкөл төрө Манастын,
Ай Хаканым, өмүрүң болсун кол узун!
Төрөлүк болсун кол түзүн,
Теңирим түштө көргөнүм өңгө келтирсин,
Тең дүйнө жериң уругуңа бердирсин!

## ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН БАТАЛАРЫ

*(«Кут алчу билим» китебинен)*

О, Кудай, ак пейлиңди арттыра көр,
Жамы журт момундарга теңчилик бер!

Кутман элиң, өмүрүң узун болсун,
Эл тизгиниң кармаган бекем колсуң.

Куттуу эрге кутман атак туш болсун,
Түбөлүккө ушул аттан кут конот.

## МАХМУТ КАШКАРИЙДИН БАТАСЫ

Теңири анын мартабасын ар дайым,
жогору кылсын;
Өмүрүн ыраат — дөөлөт ичинде
узак кылсын;
Анын улуктугунда теңдеши жок
Ооразтуу негиздерин былк этпес
кылып бекемдесин;
Анын буйрук, жоболорун кеңейтсин жана
күч алтсын;
Адам балдары анын кайрымдуулугунан
жылдыздардай жетик бакыт тапсын,
Анын тилеги орундалып,
ар бир ийгилиги ак жүрөк досторун кубантып жүрсүн;
Теңири анын каар-казабына калган жоосун ого бетер
кар кылсын,
Анын көлөкөсүн, көркүн, кудуретин,
адамдык сапатын жана жетиктигин мусулмандардын
үстүнөн алыстатпасын.

## ТОКТОГУЛ ЫРЧЫНЫН БАТАСЫ

Берендигин карматып,
Бердибек болду каныбыз.
Берек түркүн балдары,
Тынчыды эми жаныбыз.
Куттуу болсун каныбыз,
Кумардан чыктык баарыбыз.
Аман болсун жаныбыз!

## АРСТАНБЕКТИН БАТАСЫ

*(Жеңижокко берген бата)*

Ырчы балам, Жеңижок,
Сенде ырчылыктын кеми жок.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Шаймерден сени колдосун,
Барбардигер кудурет,
Бааналап ишиң оңдосун.
Улардай таңшыр убагың,
Баяда минтип айткан деп,
Камбаркан баба колдосун.
Кыдыр даарып жол болсун.

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

Ырчы болсоң сынчы бол,
Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол,
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Аргымак минген баатыр бол,
Алсыздарга жакын бол.
Күлүк минген күчтүү бол,
Күйдүргүгө миздүү бол.
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол.
Ууруларга айгак бол,
Ушакчыга сайгак бол.
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол.
Ашта, тойдо мырза бол,
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол.
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол.
Усталарга балка бол,
Баатырларга калка бол.
Коркокторго уруш бол,
Кош сөздүүгө буруш бол.
Карыяга кайрым бол,
Алы жокко айбар бол.
Ашы жокко айран бол,
Эрегиш чыкса элчи бол,
Эл-журтуңдун кенчи бол.
Аш менен тойдо көркү бол,
Тону жокко бөркү бол,
Желек кармар жетик бол,
Жардыларга кешик бол.
Жармачтарга эшик бол,

Жери жокко конуш бол.
Эти жокко союш бол,
Бейилдүүгө бейпил бол.
Ысаптууга байыр бол,
Мүлдө журтка шайыр бол.
Таразанын ташы бол,
Ырчылардын башы бол.
Калктын зарын зардап өт,
Качанкы ырын ырдап өт.
Калк көңүлүн чалкытып,
Каниет алып жыргап өт.
Элдин зарын зардап өт,
Эзелки ырын ырдап өт.
Эл көңүлүн чалкытып,
Эргүү алып, жыргап өт.
Уламаны улагын,
Улардай таңшыр убагың.
Баяда минтип айткан деп,
Кек сактап, сөздү куубагын.
Санат сөздү сабагын,
Сабап айтар убагың.
Санаа тартпай жыргап өт,
Сакадай болгон чырагым.
Күлүк минип гүлдөп өт,
Күмүрөй журтка сүйлөп өт.
Жорго минип жолдо өт,
Жамы журтка ырдап өт.
Ырың журттун ынагы,
Өзүң болгуң чырагы.
Балам, нуска сөзүң кап болсун,
Санат ырың сан болсун.
Санжыра сөзүңүз болсун,
Калың кыргыз элине,
Кадырың артып, бак консун!

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАН УУЛУНУН БАТАСЫ

*(Айтыш)*

**Токтогул:**

Баштай бер, Калык батаны,
Бата берип кайталы.
Кыскартып айтып, Калыгым,
Аттын башын тарталы.

**Калык:**

Ак тоюң ыракмат,
Аман болсун балдарың.
Акыл-эсин үйрөтсүн,
Айылдагы чалдарың.

**Токтогул:**

Тойпоңдогон балдарың,
Токтунун майын ашасын.
Таалайлуу болуп балдарың,
Токсонго чыга жашасын.

**Калык:**

Сербеңдеген балдарың,
Серкенин майын ашасын.
Саламат болуп балдарың,
Сексенге чыга жашасын.

**Токтогул:**

Каргадай болгон балдарың,
Кабзул Аазам колдосун.
Илбериңки жаш келин,
Ишиңди кудай оңдосун.

**Калык:**

Кадырлашың карабай,
Аман болсун жолдошуң.
Чар тарабың кеңейип,
Чоң ырыскы орносун.

**Токтогул:**

Акындар бата берди деп,
Ар убак эске ала жүр.
Алтымыш ашып, келиним,
Алганың менен доорон сүр!
Оомийин, балам батага,
Ыракмат эне-атаңа.
Ыраазы бол, келиним,
Ырчыдан кеткен катага.

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУ БАТАСЫ

1

**Бугу эне:** Жер тилип эгин эккиле,
Мал багып, балык улагыла.
Ошентип бейпил теңчилик,
Бейкут тынчтыкта миң-миң жыл
өмүр сүргүлө.
Учуңар узарып, Урук-тукумуңар көбөйсүн.
Алдыңарды бала басып, Арканарга мал толсун.
Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам,
алыстан ала келген эне тилиңерди,
укум-тукумуңар унутпасын.
Эне тилинде эли, жерин даңазалап ырдап жүрсүн.
Кишиден кем болбогула,
Башка элге тең болгула.
Мен эми силерге,
силердин укум-тукумуңарга Умай энемин,
силер менен түбөлүккө бирге жүрөм.

2

Силерге киттин махабаты, иттин адалдыгын каалаймын!

3

Кызың Манастын келини Айчүрөктөй сулуу болсун, жараткан эгем экөөңө жана биздин да перзентибиз атыккан кичинекей периште Айчүрөккө урабас урук, кууса кетпес бак берсин!

*(Мухтар Шахановдун кызына берген батасы. «Аскада калган аңчынын зары». 391-бет).*

4

Артыбызда өз кемелерин өмүр деңизинин азуу толкундарына каршы салып мүлдө жаңы, азоо, канаттуу урпак келатат. Ылайым бизге бийик көрүнгөн чокулар аларга жапыс болсун, Тумандуу, күмөндүү, мунарык кездерде биз согулган жар таштардан алардын кемеси аман өтсүн. Биз жете албаган арманга ошолор жетсин...!

5

Ооба, тагдыр биздин колубузду
руханий байлыктан боюн оолак
кылган башчылар менен кабыштырбасын!

*(Ч. Айтматов «Аскада калган*
*аңчынын зарынан» алынды).*

## ЖУСУП МАМАЙДЫН БАТАСЫ

1

Оомийин Улуу-Чаттын жаңы шаарына:
Жер чөйчөгү Кызыл-Ой,
Айлым кылымдар бою үзүлбөсүн той!
Алтын капкасынан ырыс-кешик
Чубуруп кире берсин жылып ой.
Ушул жердин соккон жели менен
Бакыт-дөөлөт жапырып кирсин.
Таштарына таруу өнсүн,
Кумдарына күрүч өссүн.
Ак кармаса алтын болсун,
Гүл кармаса күмүш болсун.
Төрт райондун чогулган элге
ушул жаңы шаарча кут болсун.
Ынтымак, ырыс, береке
түбөлүккө жаңы шаарга жуп болсун!
Оомийин!

**Нооруз майрамга:** Улус-ноорус оң болсун,
Төрт түлүк тең мол болсун.
Кайда жүрсө жол болсун,
Улус жылы бак консун.
Улус мураттуу болсун,
Мекен турактуу болсун.
Малга куралтуу болсун,
Өзөн сугаттуу болсун.
Элге чубактуу болсун,
Өңүр малга,
Өрөөн данга толсун,
Эл берекелүү болсун.
Күндөрү маарекелүү болсун,
Ырыс-дөөлөт мол болсун.

Жылда ушундай той болсун.
Нооруз майрам кут болсун,
Оомийин!

3

Көч көрктүү болсун,
Жаңы конуш куттуу болсун.
Барган жериңизде,
Гүл кармасаңыз күмүш болсун,
Ак кармасаңыз алтын болсун.
Турган жериңизге ток пейил,
Береке, бирдик берсин.
Сиз, күнүгө токтунун этин ашай бериңиз,
Токсондон ашуун жашай бериңиз.
Бул жерден аттанганда,
Манас, Бакай жолдошуңуз болсун,
Кызыр Алейисалам колдошуңуз болсун.
Оомийин!

*(Жусуп Мамай Үрүмчүдөн Ак-Чийге көчкөндө Сулайман Нээткабылга берген бата).*

4

**Жусуп Мамайга:** Залкар манасчы Жусуп Мамайга ак тилек каалайбыз!

Калеми колунан, Манас оозунан түшпөсүн,
Элибиздин акылман карыясы Жусуп ата бар болсун!
Бабалардын арбагы колдосун.
Ала-Тоолук элиңиз ысык, сагынычтуу салам жиберет.
Маарекеңиз кут болсун!

*(Жусуп Мамайдын 80 жашына арнаган макаладагы Кеңеш Жусуповдун батасы. «Ала-Тоо» журналы 1997-жыл.)*

# ИШ, ЭМГЕК БАТАЛАРЫ

*(Түшүнүктөр)*

«Иш илгери болсун» деген ак тилек сөздөн улам кыргыздарда ишти, эмгекти илгери сүрүүнүн көксөөсү, өнүгүүнүн кычыган кыялы ар дайым бар экенин алды менен айтууга болот.

Кыргыздар тарыхында мал чарбаны негиз кылган тиричилик менен эмгектенген. Бирок кыргыз тарыхынын желе боосуна серепчелей карасак, кыргыз эл чарбасында дыйканчылык эмгегинин тарыхы да кыска эмес, Ханзу тарыхы жазмалары жана Эне-Сай өрөөнүн таануучулук изилдөөлөрдө кыргыздарда тээ эртеде эле дыйканчылык чарбасын тутунган, дыйканчылыкка уруна турган шаймандарды жасагандыгы жөнүндө тарыхта айкын жазылганы бар. Алып айтсак, «Жаңы тандааманын» кыргыздар баянында «кыргыз жергесинде сулу, таруу, кара буудай, арпа сыяктуу эгиндер болот. Алар аякоонада түшүм алышат, данды жаргылчак менен тартып майдалашат» деп жазган. Эне-Сай өрөөнүн таануучу тарыхчы Бутанаев «Эне-Сай кыргыздары» деген эмгегинде кыргыздар эртеде эле эгин менен кесиптенгенин, Эне-Сай өрөөнүндөгү эл оозунда бүгүнкү күндө да «хыргыз таргалары» (кыргыз айдоолору), «хыргыз кооби» (кыргыз арыктары) деген сөздүн жергиликтүү элдин оозунда айтылып, алынып келгендиги менен ырастайт. Дегинкиси, кыргыздар малчылык жана дыйканчылык кесибин байыркы замандан бери тутунуп келет.

Кыргызда мал чарбачылыкка эле байланыштуу сөздөр, атоолор көп болуп калбай, арийне эгинчиликке байланыштуу сөздөр да бир чама көп (мөмө, жашылча кесибине караганда). Ошого жараша эгинчи-

ликке ак тилек сөздөр, эгинчиликтин пирлерине тилек айтуу сыяктуу ак баталардын түрлөрү калыптанган.

Кыргыздарда иш үстүнөн чыкканда анын «илгери» болуусун тилеп салам айткан ак тилек сөздөр абдан көп. Андан бөлөк төмөнкү жагдайлар да бата айтуу салты калыптанган.

**«Үрөөн сепкендеги бата».** Кыргыз жерлерин эккенде кол менен үрөөн себет. Үрөөн себүүнү эң эле ыйык жумуш катары караган да, үрөөн себүүчүгө анын текши себүү өнөрүнө талап койгондон бөлөк, үрөөн себүүчү өзү агарып-көгөргөн, көлдөй пейили бар, дили таза адамдарды тандап, эң алгачкы бир ууч үрөөндү амач, буурсун ж. б. менен жумшатып койгон «жер эненин» кучагына сепкен. Ушул эң мурдагы бир ууч үрөндү себе баштаганда кыргыздар үрөөнгө келечектеги мол түшүмдү каалап айтып сепкен. Бул каалоо сөздөр кыргыздардын табиятка болгон «адамчалоо» ишеними аркылуу алып барылып, табияттын ээси, пирлери ал «жылуу сөз» ак баталарды угат деген аңыздык түшүнүк боюнча, табият менен сүйлөшкөн таризде ак батасын, тилегин, кудум алакан жайып алдында бата тилеп турган кишиге окшош мамиледе бата берип, үрөөн сепкен. Жылуу сөздөрү аркылуу үрөөнүн табияттын мүчөлөрүнө ырыскы чачып жаткансып, бир уучун — «жетим-жесирге», дагы бир уучун — «карымискинге», андан кийинкисине — «ач-арыкка», андан соң — «курт-кумурскага» ж. б. сыяктууларга ырыскы бөлсүн деп себет. Дагы бир мазмуну үрөөндү «Умай эненин» колу менен сээп жаткан таризде, ак бата «Умай эненин» оозунан чыгып жаткан ыңгайда айтылып, «Умай эне» табияттын башка мүчөлөрүнүн пирлерине табыштап, аларды үрөөндүн мол түшүмдүү болушуна кол кабыш этүүсүн тапшырып айтылат. Мында айтылат табияттын ар кайсы заттарынын пирлеринин аталышы кыргыздардын эң байыркы ой жүгүртүү, табиятты таануудагы наристе ойчулдугун көрсөтүп турат.

**«Кырманга» «Оп майда» айтымындагы бата».** Кырман алуу, кызыл сузуу кыргыздарда улуу иш болуп, түшүм алуу, түшүмдү чогултуу, аңыздык түшүнүк боюнча чачкан ырыскыны чогултуп алуу болуп эсептелет. Ушул улуу иште эки түрдүү жагдайда ак бата берилип, мол түшүмгө ак тилек айтылат. Анын бирөө

кырман тепсетүү, темин айдоо деп аталган «дан айруу» жумушунда, илгерки «Оп майда» айтымынын тутумунда ак бата берилип айтылып турган. «Оп майда» деген сөз айкашындагы «оп» сөзү кырман тепсетип жаткан унаалардын ортоңкусу «кырман тепсете турган өгүздөрдүн ортосундагы өгүз «оп» деп айтат дейт. Махмут Кашкарий «Түркү тилдер сөздүгүндө» (карыңыз: уйгурча нускасы, I том, 48-бет) чечмелеген. Ал эми «майда» сөзү болсо эгинди майдалап, данды бөлүү деген сөз. «Оп майда» айтымы да кыргыздардын тилсиз жаныбарлар менен адамча сүйлөшүп, эмгек ыргагын күүлөп, жанга сеп алдыруу түшүнүгү боюнча чыккан байыркы көркөм сөз өнөрүбүздүн бирөө болуп, эмгек айтымдары деген адабий текте өзүнчө келе жатат. Ал эми ушул адабий текте ак бата, ак тилек сөздөр анын мазмунун байытып, сөз кубатын ашырып келген. Бул жыйнакка «Оп майданын» ичиндеги батанын өрнөгү киргизилди.

Иш, эмгек жөнүндөгү баталардын дагы бир чоң айрыгын малчылык ишине берилген баталар түзөт. Малчылык кыргыздардын ата кесиби, малды кыргыздар өздөрүнө киндиктеш катары «мал киндиктүү» элбиз дейт. Аңыздык түшүнүгү боюнча мал менен ээн-эркин сүйлөшүп, мал жаныбары сүйлөй албаса да «угат, билет» деген бек ишенимде мамиле жасаган. Малчылыктагы эмгекти жеңилдетүүчү айтымдар ыргактуу көркөм чыгарылган. Аңыздарында, жомокторунда кереметтүү аттарга, кайберендерге адамча сүйлөй берген. Мал телүү айтымында «кой телүү» так эле кой менен сүйлөшүп, ага зор акыл айтып жаткандай айтылган. Бул кыргыз көркөм чыгармачылыгындагы «адамчалоо» адабияттык ыкымдын өтө омоктуу калыптанганын билдирип турат. Төрт түлүк малдын пирлерин: төөнүн пири — Ойсул ата, жылкыныкы — Камбар ата, койдуку — Чолпон ата, эчкиники — Чычаң ата, уйдуку — Заңги баба деп атап, ушул пирлер малдын ээси деген ишенимде болгон.

Малчылык эмгегинде «Шырылдаң» жана «Бекбекей» деген чоң көркөм чыгармалар чыгарылган. «Шырылдаң» жылкычылык кесибинин майрамында чыгарылган жорго сөз, уйкаштуу эпкин менен айтылган чыгарма. Айтарлуусу ушул күнгө чейин бул эң байыркы чыгарманын темасы болгон. «Шырылдаң» деген сөздүн азыркы тилдеги чечмеси табылбай келет.

Биздин изилдөөбүзчө «шырылдаң» деген сөз «шыр, шырымсааш, саан» жана «даң, дүң — салтанаттоо» деген эки сөздөн куралганын таптык. Бул эки сөз азыркы күндө байыркы алтай тил системасынын туңгус, манжу тил тайпасына таандык болгон шибе тилинде сакталып айтылат. Шиберлер «сааш, саан» дегенди «шырыл, шырым» деп айтат. Ошого эң байыркы тилибизде «шырыл» сөзүн эми «шыркырап саалды, шыркырап агып турат» деген элестүү үн тууранды менен сактап жүргөн болсок да, түпкү мааниси унутта калып бара жаткан экен. Ошондо «шырыл + даң» эки сөздүн бирикме мааниси «саандагы, саал салтанаты + саан майрамы» деген түпкү маанисин жандырмактап алсак жылкычылык эмгек айтымы «Шырылдаң» биринчи кымыз (бээ саалган) ачытылган күнкү майрам «даңы» экен дегенге келебиз.

Жылкычылыктын майрамында айтылуучу шырылдаң кыргыздын кошок түрүнүн бирөө болуп, ал шырылдаң айтканда, бир жылдын бир мезгилинде (көбүнчө кыш шыргалаң кымыз ачытканда, же жаз бээ тууган кезде) бир маал айтылат. Ал ар кайсы түтүн сайын кыдырып айтылат. Аны шырылдаң айтты дейбиз (шырылдаң ырдады деп айтылбаган). Негизги мааниси жылкы четинен келгенин, жылкылары аман экенин кабарлап келип, «тээ ташка таруу бүткөндөн» келе жаткан жылкычылар салты боюнча шырылдаң айтып жүрүшкөнүн баяндайт. Андан соң үй ээсин мактап кошо баштап, алардан өз мүчөлөрүнө белек алуу жагына сөз нугун бурат. Шырылдаңчылар ар уйдан алган белегине ар бир жолу ыракмат айтып кыргыздын бата салтын «Шырылдаң» кошогунун ичине кошуп бата берет. Ал баталарды «шырылдаңдагы баталар» тобуна калыпташтырган.

Кыргыз малчылыгындагы эмгек айтымын дагы бир чоңу «Бекбекей» болгон. «Бекбекей» көпчүлүк эмгегин коштогон «табыш чыгаруу» кошогу болуп, мында бата айтылбайт. Анда ууру, бөрүгө каргыш айтылат. Бирок түпкү маанисинде бул айтымдын катмарында «Бекбекейге» ак тилек сөздөр айтылып: «... кара макмал тонуңа, жең болоюн бекбекей, мине турган атыңа жал болоюн бекбекей, иче турган ашыңа бал болоюн бекбекей...» деген сыяктуу жалбартуу, тилөө сөздөрү абдан көп айтылат.

«Бекбекей» кыргыздардын эң байыркы койчулук

эмгек айтымы (кошогу) экенинде эч кимдин талашы жок. Бирок «Бекбекей» деген сөздүн чечмеси жөнүндө азырга чейин бирдиктүү пикирге келине элек. Кээ бирөөлөр «табыш чыгаруу», «бек бол, сак бол» деген сөз десе, кээ бирөөлөр «бекбекей короонун пири, ээсинин аты, же мифтик түшүнүк» ж. б. айтып келе жатышат. Мен да көптөн бери «бекбекей» сөзү жөнүндө изденип келем. Билген материалдарга караганда «бекбекей» сөзү байыркы кыргыз элинде «бек — беки» деген эки сөз болуп, мындагы «бек» байыркы кыргыз тилиндеги мансапты туюнткан өз маанисинде бизге жеткен. Ал эми «беки» сөзүн ханзуча «Куан тарыхынын чечмеси» деген китепте (Мингонун 1956-жылы жарык көргөн) «тектүүлөрдүн уул-кыздарынын урмат аты, ак сөөктүн кыз-уландарынын, болуп да уулунун урмат аты» деп чечмелегенин окудук. Ушул чечме «Бекбекейде» айтылган. «Бекбекейге» кайрылып: «Көлөкөлөп олтурсаң, таң болоюн Бекбекей, ай чырайлуу бетиңе кал болоюн Бекбекей, Бекбекейим бел ашты, белине белбоо жарашты...» деген мазмунга төп келет да, «урматтуу бекзаадага-бекиге» короо кайтарган күзөтчү «сак + сакылар» жалбарып, ички оюн айтып жаткансыйт. Ушул мааниден караганда, койдун ээси болгон «беки» деген түнкү күзөттө кой кайтарган «сакы-сак болуучулардын» эмгек коштогон кошоктору сыяктуу көрүнөт. Эгерим, муну аңыздык белестен карап айтсак, «беки» деген койдун пири — «Чолпон атанын» уулу болот. Ага «сак-сактап» короо кайтарган «саксакайлар» (кыз-келиндер) короонун амандыгын, бейпилдигин тилеп айтышкан баяндар болуп табылат. Корутуп айтканда «Бекбекей» эркек образында болууга тийиш да, короо кайтаруучулар кыз-келин экенинде талаш жок. Себеби, «Бекбекей» кыз-келиндердин түнкү күзөт эмгегинин кошогу деген аныктамага эч ким каршы эмес. Ким билет, «Бекбекей» «беки» менен «сакылардын» эмгекке коштоп туйгузган сүйүү кошогу экенин.

**«Желеге баталар».** Бул да малчылык эмгегиндеги баталардын бир түрү болуп, ар жылы туңгуч желе тартып, кулун байларда желе башына берилчү бата болуп эсептелет. Кыргыздарда бээ байлаган желени ыйык көрөт, желени аттабайт, желени кабак жакка таштабайт, желенин, желе боонун тазалыгын сактап, даарат кылууга тыйым салынат. Ак бата менен тартыл-

ган желе актуу-суттуу болуп, кымыз адам денесине сиңимдүү, үй ээси аман-эсен болот, Камбар ата колдойт деген тилекте болушат. Желеге берилген батада мал-баш аман болуп, Камбар ата колдоосуна алып, кулундар жорго, күлүк чыксын деген ак тилек айтылат. Желеге батанын ичинде, алгачкы кымыз ооз тийген күнкү бата да дайым берилет. Ал үй ээсине, жаңы кымыз ачыткан үйгө берилет.

Койчулук эмгегинде ар жылы эң алгач кой кошоктоп саардын алдында бата берилген. Кой кошок батасынын негизги мазмуну «кой сүтү коргошун» деген актын берекеттүү болуусун, кой чарбасын анын пири болгон «Чолпон ата» колдосун деген тилек сөздөр айтылган. Эмгек баталарынын ичинде кой кошок баталары да арбын, бирок биз андан өрнөк гана көрсөтө алдык.

Кыргыздарда иштин, эмгектин үстүнөн чыкканда ак тилек, кыска бата сөз айтып салам бермей адаты бар. Салам берген кишинин ак тилегине жараша саламды алик алган (кабыл алган) киши да жандырмагын жылуу сөздөр менен айткан. Төмөндө баталарды баштоодон мурда ошол иш, эмгек үстүндө айтылган кыска салам баталарынан үлгүлөрдү көргөнчө өтөлү.

## ИШ, ЭМГЕК ҮСТҮНӨН ЧЫККАНДА КЫСКА АЙТЫЛУУЧУ АК ТИЛЕК САЛАМДАР:

**Кырманга:** кырманыңар толсун (жандырмагы: жолуңуз болсун). Иш илгери болсун (жандырмагы: илгери болмок өзүңүздөн).

**Орумга:** орогуңар мокосун (жандырмагы: айтканың келсин).

**Уста узанганга:** көөрүк долу болсун, кен темирге толсун (жандырмагы: айтканыңдай болсун).

**Кербенге:** жүгүң байсалдуу болсун, соодаң жолдуу болсун (жандырмагы: тилегиңизди берсин).

**Саанчылыкка:** саан көбөйсүн, мал байыбасын (жандырмагы: оозуңузга ак).

**Кыркымга:** багаар, кыркаар көбөйсүн, шуушаң мокосун (жандырмагы: оозуңузга береке берсин).

**Төл алганга:** төл башың акжолтой болсун (жандырмагы: акжолтойго бирге бололу).

Корооң коюлсун (жандырмагы: оозуңузга береке берсин). Өрүшүң малга толсун (жандырмагы: ак жолтой болсун).

**Союш үстүнө:** согумуңар чүйгүн болсун, сойгонуңар семиз чыксын, союшка береке берсин.

**Сайма, ийне ишине:** арыбагыла, ийне учу мокосун (жандырмагы: жолуңуз болсун).

## ҮРӨӨН СЕПКЕНДЕГИ БАТА

1

Мына септим уучтап,
Жылуу жерден конуш тап.
Бул — жетим, жесирге,
Муну — кары, мискинге.
Бу — ач-арыкка,
Мунусу — алсыз карыпка,
Булары — курт-кумурскага,
Мунусу — сурамчыга,
А бул — тилемчиге.
Булары — саламчыга,
Калгандары —
Сизге, бизге, мага.
Баба дыйкан жолдошум,
Бардык ишти оңдосун.
Бардык жерде колдосун,
Жар болуп, жылоолосун,
Эми быягын мен билемин.
Сугатың өксү болбосун,
Өнгөндө арам чөп койбосмун.
Арыгың тереӊ чабылат,
Корукчуң арбын табылат.
Тилегим жөн,
Өн, үрөнүм өн!
Береке бек байласын,
Бердик Баба дыйканга,
Бириң миңден чайнасын!
Оомийин!

2

Жер кулагы жети кат,
Жер иштеткен адамзат.
Алас болсун аштыгың,
Уста пири — Дөөтү,
Амачыңды колдосун.

Уйдун пири — Ай мүйүз,
Амач тарткан күч кирсин.
Күн күркүрөп, жамгыр жаап,
Күлдүр ата колдосун.
Үн атасы — Камбаркан,
Ай талаага күү чачсын.
Өнүп чыксын үрөөнүң,
Өсүп чыксын жүгөрүң.
Суу атасы — Сулайман,
Көктөн, жерден колдосун
Жердин пири — Жер эне,
Кабыл алсын дилиңди.
Жел атасы — Жел кайып,
Булут айдап буулуксун.
Дыйкан терин чуурутуп,
Ободон жамгыр куюлтуп.
Күндүн пири — Күн теңир,
Суу менен бирге нур берсин,
Жарык берсин, жан берсин.
Чычкан пири — Чийеата,
Жамаатына жар кылсын.
Ийин казып, жер көөлөп,
Жер кыртышын жумшартсын.
Жерге түшкөн үрөөнүң,
Жети күндө жарылсын.
Майсалары узарып,
Умай эне ак чачсын.
Үркөр ата тогошуп,
Алас болсун эгиниң.
Көкө теңир жар болсун,
Кызыр ата даарысын.
Күч өгүзүң кош болсун,
Күткөн көктөм куш болсун.
Оомийин!

3

Күчкө кирсин билегиң,
Кабыл болуп жайында,
Оңго тартсын тилегим.
Үрөөн алдым колума,
Тилек кылып жерге себем.
Дыйкан баба, аты салам,
Тепсесе экен,

Дыйкандардын дүрбөнү,
Ак буудайдын үрөөнү,
Жараткандын наркы үчүн,
Жан-жаныбарлар акы үчүн,
Үрөөн септим жериме,
Дем кошулсун демиме.
Шамыянын шайлатып,
Кош өгүзүн айдатып,
Ала жерди аңтарып,
Буурсунду буктуруп,
Буурул жерге суктуруп,
Жердин бетин ачалы,
Жерге үрөөн чачалы.
Жараткандын наркы үчүн,
Арыйна-чачынанын акы үчүн,
Үрөөн чачтым жериме,
Дем кошулсун демиме!
Оомийин!

## КЫРМАНГА «ОП МАЙДА» БАТАСЫ

1

Олуялар колдосун,
Орой, орой, Оп майда,
Оор-жеңил басса да,
Ороо толсун, Оп майда,
Кырча, кырча басканда,
Кырман толсун, Оп майда.
Кызыр колдоп сыйласа,
Кырк таар болсун, Оп майда.
Оп, оп майда, оп майда,
Тилек кылдың кудайга,
Мөндүр урду арпаны,
Береке берсин буудайга.
Арып-ачтык бул жайда,
Баба дыйкан бар болсо,
Пир карашар ал-жайга.

2

Оп майда, оп майда,
Майдалай бассаң жаның пайда.
Орой, орой басканың,

Ороо толсун, Оп майда.
Орокчунун балдары
Нанга тойсун, Оп майда.
Кырча-кырча басканың,
Кырман толсун, Оп майда.
Кырманчынын балдары
Нанга тойсун, Оп майда.
Майда, майда, мапмайда,
Кулактарың калкандай майда,
Туяктарың талкандай майда,
Майдаласаң жаның пайда.
Оп, оп, оп майда!

## ЖЕЛЕГЕ БАТА

1

Барчыл, барчыл, барчыл бол,
Кер канат барчын бол.
Болчул, болчул, болчул бол,
Боз торгойдой төлчүл бол.
Адам таппас сөздүү бол,
Ор коендой көздүү бол.
Курама темир, сом алтын,
Сууга салса кетпесин.
Теңир берген насибин,
Тепкилесе кетпесин.
Желеңдин ал четинен бул чети.
Жебе сызып жетпесин.
Кастык кылган адамың,
Муратына жетпесин.
Айтса — каргыш, тийсе — көз,
Даарыбасын, өтпөсүн.
Оомийин!

2

Теңир жолу ыйык деп,
Биз берели ак бата.
Жаш кошулсун жашыңа,
Баш кошулсун башыңа.
Ата жолун ардакта,
Энени мазарыңдай сакта.

Атанын эмгегин,
Эненин мээнетин акта.
Сабааң толсун кымызга,
Чараң толсун уузга.
Ырысың ташып турсун,
Аброюң ашып турсун.
Агыны катуу дайрадан кеч,
Элиң түшкөн түйшүктү чеч.
Жортсоң жолуң болсун,
Жолдошуң Кыдыр болсун.
Оомийин!

3

Желеңдин ал четинен бул четине,
Ат чаптырса жетпесин.
Теңирим берген насибиң,
Тепкилесе кетпесин.
Кудай берген ырыскың,
Кубаласа кетпесин.
Чөнөгүң жыйылбасын,
Сабааң кыйылбасын.
Сааганың бээ болсун,
Дасторконуң акка толсун.
Кечке келип чуулдаткан,
Козучактын атасы,
Кочкор бассын желеңди.
Бакайлары шыртылдап,
Мүйүздөрү жылтылдап,
Үй арасын бок кылган,
Ичсе айранга ток кылган,
Музоочуктун атасы;
Бука бассын желеңди.
Маң-маң-маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Өркөчтөрүн ком баскан,
Боточуктун атасы,
Буура бассын желеңди.
Шыңгыр-шыңгыр кишенешкен,
Чыңырып, чыңырып издешкен,
Кулунчактын атасы,
Айгыр бассын желеңди.
Оомийин!

4

Кулун, тай жөрөлгөлүү болсун,
Кымызды ичкенге буюрсун,
Желе боон кең болсун,
Көнөгүң сүт толсун.
Желе бооң Кызыр даарып,
Үй ичиңе кут консун.
Бүгүн кулук байладың,
Камбар ата колдосун!
Оомийин!

5

Балаң өзүңө шай болсун,
Ыңгыранган бай болсун.
Желеңдин сааны кетпесин,
Башыңдан кайгы өтпөсүн.
Аты кетип Алайга,
Даңкы кетсин далайга.
Кыргызга атын билгизип,
Кыйлага затын сүйгүзүп,
Үстүнө кымкап кийгизип,
Бакыт берсин башыңа.
Сексенге чыга жашаңыз,
Серкенин этин ашаңыз.
Токсонго чыга жашаңыз,
Топоздун майын ашаңыз.
Жүзгө чыга жашаңыз,
Жылкынын майын ашаңыз.
Жаш кошулсун жашыңа,
Кызыгын анын көрүңүз,
Кылым доорун сүрүңүз.
Күлүгүң минииштүү болсун,
Көңүлүң тынычтуу болсун.
Карылык ырыстуу болсун,
Пейилиң жугуштуу болсун.
Оомийин!

6

Кулун, тайың жөрөлгөлүү болсун,
Сабааң көрөңгөлүү болсун.
Ортого чыгып топ бузган,

Оздогу сөзүң өнөгөлүү болсун.
Желе бооң бек болсун,
Желдеген касың тек болсун.
Табагыңда сүт турсун,
Аягыңда кут турсун.
Жылкыңдын үйүрү башка болсун,
Кулундары кашка болсун.
Жоргосу болсо кызың минсин,
Күлүгү болсо уулуң минсин.
Кас санаган оңбосун,
Камбар ата колдосун!
Оомийин!

7

Жылкы атасы — Камбар,
Кымыздан башка эмне бар.
Жергелүү желин өссүн,
Керилип келип өссүн.
Үйү толгон сүт болсун,
Көнөк толо сүт болсун.
Алты төөсү ботолосун,
Алты келини жетелесин.
Кырк төөсү ботолосун,
Кырк келини жетелесин.
Үйүңөрдөн кут кетпесин,
Сабааңарга кудайым береке берсин,
Алыстагы тууган кымызга келсин.
Көп бер, көп бер,
Ой, тилекти мол бер!
Оомийин!

8

Бата башы даң-даң,
Малды берсин миң-миң.
Жылкы берсе ала бер,
От жакалай бала бер.
Жүктөрүнө төө бер,
Жүктөп алып жүрө бер.
Саарына бээ бер,
Сааган сайын ийе бер.
Желеңдин ал учу менен бул учуна,
Ат чуркаса жетпесин.

Кас санаган душманың,
Келерки ушул убакка жетпесин.
Оомийин!

9

Мингениң жорго тай болсун,
Ичкениң кызыл чай болсун.
Дүнүйөңүз шай болсун,
Карышкырдай көздүү бол,
Адам тапкыс сөздүү бол.
Аппак үйүң, ак үйүң ордо болсун,
Ушул үйдө бир уулуң баатыр болсун.
Аппак үйүң, ак үйүң өргөө болсун,
Ушул үйдө бир уулуң молдо болсун.
Бай көңүлү жай болсун.
Балдарыңын мингени,
Жорго кара тай болсун.
Ал желеңдин башына,
Ат жүгүрүп жетпесин.
Бул желеңдин башына
Бут жүгүрүп жетпесин.
Бөдөнөдөй төлчүл бол,
Адам таппас сөздүү бол!
Оомийин!

10

Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Желең узарсын,
Жергең көбөйсүн.
Өрүшүң жайык болсун,
Өмүрүң узак болсун.
Өңүң кызыл болсун,
Кудайым мал берсин.
Баш берсин,
Узун өмүр жаш берсин!
Оомийин!

11

Көлүгүң миништүү болсун,
Көңүлүң улустуу болсун.

Өмүрүң ырыстуу болсун,
Байлыгың жугуштуу болсун.
Кудай жолу кабыл болсун,
Ар бир нерсең азыр болсун.
Кеткениңди келтирсин,
Кемтигиңди толтурсун.
Бак-дөөлөттү кудайым,
Насип этип болтурсун.
Оомийин!

## КОШОККО БАТА

Кызыл кандан айрылган,
Аппак сүтүң бергиниң.
Чолпон ата баш болуп,
Кошокту колдоп келгиниң.
Бендеге чачкан ырыскы,
Берекеттен бергиниң.
Оомийин!

## ТУНГУЧ КЫМЫЗ ООЗ ТИЙГИЗГЕНГЕ БАТА

Көтөр жигит, билегиңди,
Кудайым берсин тилегиңди.
Көйнөгүң шайы болсун,
Таягың кайың болсун.
Калпагың ак болсун,
Төбөсүндө чок болсун.
Атың кашка болсун,
Алты асый жашта болсун,
Камчы сабың долоно болсун.
Шердей үндүү бол,
Жолборстой сүрдүү бол.
Ажыдаардай заардуу бол,
Карышкырдай каардуу бол.
Буудайдай бутакта,
Талдай шакта.
Карагайдай зуулда,
Арчадай көгөр.
Атаңдын ыйыктуусу бол,
Энеңдин сүйүктүүсү бол.
Калкыңа кадыры арткан,
Мартабасы бийик киши бол.
Оомийин!

## «ШЫРЫЛДАҢ» БАТАСЫ

1

Балдар, балдар, кайталык, эй,
Башка айылга айталык, эй,
Байга бата берелик, эй,
Бул үйдүн көөнү жай болсун, эй,
Чайкаганы бал болсун, эй,
Ичкени кымыз, май болсун, эй,
Жегени куйрук, жал болсун, эй,
Бул үйдүн мингени буудан болсун, эй.
Балдарынын мингени кунан болсун,
Короосуна кою толсун,
Желесинде бээси толсун.
Айры өркөчтүү төөсү болсун,
Төрт түлүгү тептегиз болсун.
Оомийин!

2

Балдар, балдар ай,
Байга бата берели, ай:
Байдын түнү жай болсун,
Балдарынын мингени,
Кара кашка тай болсун.
Жатканы арча болсун,
Жамынганы барча болсун,
Жумшаганы орок мурун калча болсун.
Өрөгөйдөн сөрөгөй,
Аялыбыз эркек төрөгөй.
Оомийин!

# КОЛГО СУУ КУЙГАНДА БЕРИЛГЕН БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

Кыргызда үйгө келген коноктун «колуна суу берүү, колуна суу куюу» парыз катары каралган. Колго суу куюунун тарбиясы да үйдө бекем иштелет. Баланы кичинесинен элге жумуш кылуунун башат тарбиясы катары башкалардын колуна суу куйдуруп көндүрөт. Колго суу куюунун да өзүнчө эрежелери бар. Бекем тартиби болот.

Өз үйүндөгүлөрдүн колуна суу куюп бата алуу болгон. Өз үй-бүлөсүндөгү бир бүлө кишилерден эң кичүү бала чөөгүн көтөрө алгандай болгондон баштап эле ал үйдүн колго суу куюу милдетин өзүнөн удаалаш улуусунун колунан алат. Үйдөгү чоңураак кишилер (чоң эжеси) чөөгүнгө (кумганга) чабыштырып даярдап койгон сууну чылапчын менен көтөрүп, сүлгүнү (суу жоолукту) моюнга арта салып, эң төрдө отурган үйдүн улуусунан (чоң ата, чоң энесинен же ата-энесинен) баштап колго суу куя баштайт. Ал эми колго суу куюучу элден мурда сууну өз колуна куюп көрүшү, өз колуна ылайык келсе, анан баштан баштап куюу керек. Куюп жаткан суу өтө калыптуу ченемде, үзүп-үзүп куюлушу керек. Колго суу куйган бала колго сууну өз эрежеси, аябай ыйбануулук менен куйса ата-эненин батасын күнүгө үч маал алып турган. Бир күндө колго суу куюу жумушу ошол үйдүн балдарынын талашкан жумушу болуп калуусунун себеби да үйдөгү улуу-кичүүнүн батасын көп алууну максат кылгандан болгон. Ошого бир үйдөгү ата-эненин, улуулардын колго суу куйган балдарга өтө астайдилдик менен баланын көөнүн көтөрүлүүсү үчүн, жакшы тилектүү сөздөр менен бата берип, тарбиялап туруусу илгертен аткарылып келет. Бул жөрөлгө балдардын

кичи пейил, башка бирөөгө (өзүнөн башка) кызмат кылуу көкүрөгүн ачып келген.

Ал эми келген коноктордун колуна суу куюу кыргыздарда бекем эреже менен аткарылган. Анын негизги эрежелери: 1. Суу куя турган чөөгүн таза, бүтүн (агып турбаган), капкагы бек жабылган болушу керек. 2. Суу куюла турган чылапчын түбү бүтүн, өзү таза жуулган болушу. 3. Чөөгүндөгү суу бейман кирген кезде куюлса, жылымык чабыштырылсын. 4. Дасторкон салына элек болушу керек. Мына ушул шарттар даяр болгонун колго суу куюучу бала көңүлүнө туюп болгон соң анан суу куюуну баштайт. Суу куйганда төмөнкү тартипти сактайт. Дасторкон салынуунун (тамак тартылуунун) алдында колго суу куйганда, төр жактан баштап куят. Суу куйганда чылапчын жерге коюлуп, же жерге тиер-тийбес көтөрүлүп (сол жак кол менен) турат. Оң колдо чөөгүн сабынан кармалып, бармак менен капкагы этиятта басылып турат. Сууну үзүп-үзүп колдун жарымынан көбүрөөк жайылгандай ченемде үч мертеме куюлат. Шар куюп коноктун кийим-аягына суу чачыратууга, же тамчылатып куюп, конокту зарыктырып, келбээртип туруп алууга болбойт. Суу куйган бала (же киши) сөзсүз бүгүлүп туруп, ыйбалуу куюусу, мүрүгө арта салган сүлгүнү (суу жоолукту) башкы кишиге кош колдоп сунушу керек. Дасторконго бата кылынып, дасторкон жыйылган кезде колго суу куюуда ушул эреже боюнча болот. Мында окшобой турганы суу этектен төргө карай куюлат, суу мурдагыдан жылуулатылат. Мына ушул талаптар менен колго суу куйса, ар бир конок суу куйган балага айрым-айрым бата берген, же кыска ак тилек айткан. Эгерим бул эреже боюнча куйбай калса, колго суу куйган бала коноктон бата алмак тургай «шапат алган» иштер көп болгон. Эл ичинде мындай эки нерсени айтып, бата албай «шапат жеген» жомокту айтышат: бирөө, бала чөөгүндөгү сууну өз колуна куюп көрбөй (мурда чабыштырып оттун боюна койгон чөөгүндү) барып суу куйганда, ал суу кайнап, өтө ысык болуп калган болот. Аны дароо коноктун колуна куюп кол күйгүзүп салган. Тиги улуу киши баланы жаакка бир шапат уруп, баланын колунан чөөгүндү ала коюп, кайра баланын колунун өзүнө куйганда жаагы тызылдап, колу күйгөн бала эстен кеткис тартипке жыгылган экен. Дагы бирөө, сууну эңкейип куйбай, отурган коноктун оозуна чөөгүндүн

чоргосу кезелип калган болот. Анда ал конок балага колун сунбай, оозун ачып берип, уят кылган экен. Теги колго суу куюу тартибинде тартиптен тайгандар бата алмак түгүл, как эле ошол майданда жазасын тартып, элге сабак болорлуу окуяны сүйлөшүп жүргөндөр көп болгон экен.

Колго суу куюу жумушу кыргыздарда эң эле «сооптук» жумуш катары каралган. Анын сообу бата аркылуу тиет деген түшүнүк болгон. Ошого, колго суу куйганга берген бата өтө ыкыластуу, берилгендик менен берилип, батанын мурат-тилегине жетүүсүн качан да болсо сөз кубаты менен шыктандырып туруууга тийиштүү болгон. Колго суу куйганда, шарт барабал астында, эр конокторго эркек балдар, ургаачыларга кыздар колго суу куюуну адат калыптанган көрүнөт. Андан бөлөк өзүнөн улуу жаштагы кишиге колго суу куйдурган. Сыйлуу коноктор да өзүнөн улуу киши колго суу куям десе, аянып, ыйбаа меен ынабайт. Ошого колго суу куйгузган кишини эстүүлүк менен кичүү кишилерден койгон жөн.

Кыргызда үй ээсинин эстүүлүгүн колго суу куйдуруу тартибинен эле конок ичинен акырын баалай турган. Кадыресе мына ошентип, үй ээсинин тарбия көрүү деңгээлин бир гана колго суу куюу өтмөлүгү менен сынап ташташкан. Мына ушул өтмөлүктөн өз тартиби боюнча өткөн колго суу куюучуга берген кыска тилектер жана баталардын үлгүлөрүн төмөндөн окуйлу.

## КОЛГО СУУ КУЙГАНГА БЕРИЛҮҮЧҮ КЫСКА АК ТИЛЕКТЕР

Көп жаша, тилегиңди берсин, бактылуу бол, бак берсин, чоң киши бол, өмүрүң узун болсун. Кудай жалгасын, эч нерседен кем болбо, өмүрүңдү берсин, тилегиң ишке ашсын. Тилегиңе жет. Жылдызың төбөңдө болсун, жылдызың оободун. Чоң жигит бол.

## КОЛГО СУУ КУЙГАНДА БАТА

Атаң — Манас,
Айылың — алаш.
Балдарың баатыр чыксын,
Топту жарып чыксын.
Оомийин!

## КОЛГО СУУ КУЙГАН ЖИГИТКЕ БАТА

Жорткондо жолуң болсун,
Калтаңа дилде толсун.
Бир эмес жылда толсун,
Өмүр жашың узак болсун.
Катардан озгон эрен бол,
Көп түбүндөй терең бол.
Сынай калса, кулак сал,
Мактай калса, кереӊ бол.
Оомийин!

## КОЛГО СУУ КУЙГАН КЫЗГА БАТА

Колума суу куйган кызым,
Жүзүң суудай тунук болсун.
Нээтиң суудай таза болсун.
Өмүрүң суудай узун болсун.
Олоңдой кара чачыңа,
Оролсун дөөлөт башыңа.
Чылбырдай кара чачыңа,
Чырмалсын дөөлөт башыңа.
Максатыңа жетип,
Бактылуу бол, айланайын.
Жигиттин сымбатына ээ бол,
Карылардын урматына ээ бол.
Узун өмүр жаштуу бол.
Оомийин!

Алла таала ден соолукту,
Тынчтыкты, кетпес дөөлөттү,
Кең пейилди берсин.
Оомийин аллахуакпар.

Улуунун жашын берсин,
Жакшынын башын берсин.
Кичүүнүн алын берсин.
Малдуунун малын берсин.
Манастай билектүү бол,
Каныкейдей тилектүү бол.
Алмамбеттей улуу бол,
Айчүрөктөй сулуу бол.
Оомийин!

# КӨЧКӨ БАТАЛАР
*(Түшүнүктөр)*

«Көчмөн эл деп тарыхтан атак алып келе жаткан кыргыз эли өзүнүн көчүү маданиятын калыпташтырган. Көчүү кыргыздарда малчылык түйшүктүн ажатынан улам болгон. Дагы бир жагынан алганда, кыргыздар табияттын сырын эрте өздөштүрүп, күндүн узаруу, кыскаруусу (күн кайтты, узарды деген ат менен) төрт мезгилдин алмашуусун кудум куштар сыяктуу туюп, ошого жараша чарбасын жайгаштыруу сарамжалынан улам көчүү турмуш ыңгайын тураттандырып алган. Жайлоо маданиятын жаратууда кыргыздардын үзүктөй болгон салымы бар десек боло берет.

Кыргызда көчүүнүн өзүнчө салтанаты бар. Көбүнчө уруулар, айылдар чогуу көчүү салты, жардыларды журтка таштабоо асыл жөрөлгөсү калыптанган. Кыргыздардын Эне-Сайдан көчүүсү тарыхый жазмаларда, эл оозеки чыгармаларда өтө кеңири баяндалат.

Уруулардын баш кишиси жыл эсептегич «айды аркандап, күндү күрмөп» жүргөн акылман адамдардын кеңеши боюнча качан көчүүнү чечим чыгарган. Көбүнчө чоң көчүү жылдын төрт мезгилине карай: жаздоого көчүү (төл алуу); жайлоого көчүү (жайыт жеш); күздөөгө көчүү (малдын этин чыңоо); кыштоого көчүү сыяктуу көчүү жөрөлгөсү калыптанган. Андан бөлөк айылдан айылга көчүү, өтөктөн өтөккө көчүү сыяктуу бирин-серин көчүүлөр да дайыма болуп турат. Көчүүнүн шаан-шөкөтү анын көчүп баруу аралыгына карай, айчылык жерге көчүү, күнчүлүк жерге көчүү, же конуш которуу сыяктуулар белгиленген.

Ар бир уруунун көчү башталганда, илгерки жоокерчилик заманда «көч кайтаруу» болуп, көчтүн алды-артына баатырлар жигиттери менен көч коргоп басыш-

кан. Көчкөндөр кыз-келиндер атчан ар кимиси өзүнө ылайык жорголорду минип чайпалып алдында жүргөн. Андан соң байбичелер көчкө улай өз көрку менен жүргөн. Андан соң көчтүн ээси ар бир үй боюнча чиркелип, жеке сан байлаган атан төөнү көч башы кылып, арналуу төө жетелөөчүлөр көч жетелеп өткөн. Көчтө кыздын жүгүн жүктөгөн төөлөрдөгү жүктүн үстүнө калың килемдерди жабышкан. Байбиченин таңылчак, сандыктарын жүктөгөн төөлөрдөгү жүктүн үстүнө да белгилүү жабуулар жабылып айырмалуу турган. Айтор көч салты, анын каадалары өтө бекем болгон. Атап айтканда, эрешен эркектер көчтү коргоо, көч көчүрүү милдетин алса, улан, кыздар көч алдынын көркү болуп көчтүн шөкөтүн ат үстүндөгү оюн-шооктор менен көтөрүп, өзүнчө көркөм салтанатты түзүшкөн. Ак элечек байбичелер «алача буйла, жез буйла» тагылган жибек аркан менен жүк тарткан атан төөлөрдүн көч башы алдында жүргөн. Кыргыздар көчүн жүктөгөн төөлөрү, жүккө жабылган жарашыктарына карап кандай көч экенин, ал көчтүн мал-мүлкүнүн канчалык экенин сурабай билген. Кыргыздардын ар бир мерчемдүү көчүүсү бир жолку чоң жармеңке сыяктуу көрүнүштө өткөн.

**«Көчкө бата».** Көбүнчө жүк жүктөлүп болуп, көч башы төөнү жолго тартканда берилген. Мында батадагы көчтүн көрктүү болушун каалаган сөздөргө караганда, көчтүн көркүнө абдан маани берилгени байкалып турат. Көч жүктөгөндө эр азаматтар аябай мыктуу жүктөшкөн. Кимдин жүгү ооп, жүгү жолдо чубалса, аны өтө айыптуу, намыстуу иш көрүшүп, көчүүнүн сарамжалдуулугуна байкас кылышкан.

**«Конушка бата».** Көчүп барган жерди конуш деп атап, жаңы конушту кудум жаңы салган имаратты куттуктагандай куттукташып, казанга май кайнатып, жаңы конуш майлуу-сүттүү болсун деп ырымдашкан. Жаңы конуштун дасторконуна маанилүү баталар берилген. Ал баталар «конушка баталар» деген топту түзгөн.

Кыргыз баталарында көчкө, конушка кыска ак тилек айткан сөздөр да бар. Төмөндө кыска тилек жана көчкө берилген баталардын үлгүлөрүн окуйлу.

**Конушка:** түндүгүң бийик, керегең бек болсун (жандырмагы: айтканың келсин, жолуң болсун).

Конушуңар олжолуу болсун (жандырмагы: олжосуна орток болуңуз).

Чамгарагың бийик болсун, коломтоң сапырылбасын (жандырмагы: айткандай болсун).

Конушуңар куттуу болсун.

**Көчкө:** көч көрктүү болсун.

Конушуңарга аман-эсен жеткиле.

## КӨЧКӨ БАТАЛАР

1

Көч көрктүү болсун,
Журт жуктуу болсун.
Унаа кабыл болсун,
Айлана адил болсун.
Кызың кылыктуу болсун,
Уулуң урматтуу болсун.
Келиниң келбеттүү болсун,
Жер-суу, тоо-таш,
Азирети арбак, кызыр алейсалам колдосун!
Оомийин!

2

Көчүң көлүктүү болсун,
Жолуң көрктүү болсун.
Конушуң куттуу болсун,
Коңшуң мыктуу болсун.
Босогоң бек болсун,
Түндүгүң эп болсун.
Жан жагың жайыл журт болсун,
Жамандыктан сырт болсун.
Башыңарга кетпес бак консун.
Мээримдүү бир Алла,
Силердик жак болсун.
Оомийин!

3

Көчүң көрктүү болсун,
Журтуң жуктуу болсун.
Унааң кабыл болсун,
Айланаң адыр болсун.
Кызың кылыктуу болсун,
Уулуң урматтуу болсун.

Келиниң келбеттүү болсун,
Торко элгектүү болсун.
Ичкениң тунук суу болсун,
Өмүрүң түгөл дуу болсун.
Калдайып турган жер сүйсүн,
Калың кыргыз эл сүйсүн.
Оомийин!

## КОНУШКА БАТА

Короoң кыктуу болсун,
Конушуң ыктуу болсун.
Жайлооң чөптүү болсун,
Жан-жаның көрктүү болсун.
Жаш балаңдын ойногону,
Жашыл сырдуу кайык болсун.
Оомийин!

## САПАРГА БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

Кыргыздарда «сапар» — жаан кезүү, жер кезүү, жер кыдыруу, жол тартуу, жүргүн жүрүү, жол үстүндө болуу, айылчылоо, тууганчылоо, жоого аттануу, ууга жөнөө, кербен тартуу, жолоочулоо, мал издөө сыяктуулар болгон. Кыска айтканда, аттанып үйдөн чыккан иштердин бардыгы сапар эсептелген. Сапардын узак, жакындык ченемин айлап-жылдап жүрө турган жол, айчылык жол, күнчүлүк жол, түшкөлүк жол, эми эле кайра келчү жол деп бөлгөн. «Жолдун, сапардын пири — Кыдыр» делип, жолго чыккандын бардыгын «Кыдыр жылоолосун, Кыдыр жолдошуң болсун» деген ак тилек сөздөр чыккан. Кыргыздарда сапарды өтө аялуу билген. Жолу шыдыр болушу үчүн жолоочу, жүргүн, сапардагылар өзүн, дилин таза кармап, жол үстүндө күнөө иштерден сак болушкан. Өзүнө Кыдыр жолдош болуп жүргөндөй ишенимдүү да, аруу сезинген. Жол үстүндө бейажал кумурскага да зыян салбаган.

Сапарга жүрүүчүгө туугандары, жакындары, айылдаштары «жоолук да болсо жолуңа жакшы» деп ырымдык белектерин беришип, сапарына ак жол тилеп бата беришкен. Батадагы кубаттуу сөздөр аттанып чыгып жаткан адамдын көөнүн көтөрүп, үйдөн жеңил жөнөөгө аралжы боло алган. Болуп да айчылык сапарга аттангандарды салтанаттуу аттандырган.

Кыргызда жоо менен беттешкенде туу түбүндө турган кол башчыдан жооп сурап, жоого беттешүүгө түшкөндөн бөлөк, анын батасын алып, өзүнө сөздүн кубатын «шай» (күч) кылып, кубаттуу кирген. Сапарга аттанганда ата-эненин батасын алып жүрүү эң эле маанилүү болгон. Ошондуктан, кыргызда «сапар баталарынын» өзүнчө бир тобу калыптанган.

Сапарга аттанарда кыска «кош айтышуу» каалоо, тилек сүйлөмдөр да калыптанган. Төмөндө кыска каалоо, тилектерден баштап, сапарга аттанганда берчү баталардын үлгүлөрүн окуйлу.

## САПАРГА КЫСКА АК ТИЛЕК СҮЙЛӨМДӨР

Жакшы бар, көрүшкөнчө аман бол.
Ак жолуң ачылсын, жолуң болсун.
Сапар байсалдуу болсун.
Жолуң шыдыр, жолдошуң Кызыр болсун.
Жолуң олжолуу болсун.
Тынч-аман барып, эсен-соо кайтып кел.
Жолуңду Кызыр жылоолосун.
Жеңил барып, оор кел, жегениңен ала кел.
Жандырмагы: Жакшы калгыла, аман-эсен тургула.
Көрүшкөнчө саламатта болгула.
Кудайым кайра көрүшүүгө насип кылсын.
Кай көрүшүүгө буюрсун.
Кош болуңуздар.

## САПАРГА БАТАЛАР

1

Сапарың оң болсун,
Кайтарың тез болсун.
Кашка жолдун боюнан,
Кызыр бабам кез болсун.
Кетилбесин тулпарыңдын туягы,
Кайрылбасын шумкарыңдын кыягы,
Барган жерде кучак жайып тосуп алсын,
Жакшы адамдар, жайсаң жандар, зыялы,
Жайдары элге, жакшы жерге таанышкан.
Алла жебеп учкан кушка жарышкын,
Көңүлүң шат, ат көлүгүң арыбай,
Аман-эсен очогуңа табышкын.
Оомийин!

2

Төрт тарабың шайлуу болсун,
Жорткон жолуң жайлуу болсун.
Күнүң чыгып жаркырап,
Түнүң тынч айлуу болсун.

Ичкениң замдын суусу болсун,
Ууртуң толо майлуу болсун.
Бир Алла өзү жебесин,
Арбактарың демесин.
Кайып эрен, кырк чилтен,
Жан жагыңдан жөлөсүн.
Нух пайгамбар алдыңдан,
Деңизде тоссун кемесин.
Алты күндө алты айлык,
Арыбай-талбай жол алгын.
Аман-эсен кайрылып,
Азыркыдай кол алгын.
Оомийин!

3

Балам, сапарың олжолуу болсун,
Жорткон колуң оң болсун.
Башыңа булут ойнобосун,
Кара ниеттин тилеги оңбосун.
Атың тулпар болсун,
Кушуң шумкар болсун.
Жалгыз башың жетөө болсун,
Жети башың жетимиш болсун.
Бабаларыңдын арбагы жолдош болсун,
Теңирим өзү колдосун.
Оомийин!

4

Жолуңду теңирим колдосун,
Жаманчылык болбосун.
Шартынан тайбай бек турган,
Ишенимдүү болсун жолдошуң.
Жолуңду кесем дегендер,
Эгерим иши оңбосун.
Жарыя болсун ишиңер,
Жакшы болсун түшүңөр.
Жортуп-жортуп кеткенде,
Жоомарт болсун төшөгүң.
Жугумдуу болсун ичкениң,
Көрбөгөн жерди көрүп кайт,
Көсөмгө салам берип кайт.
Ырыскың сыртта чачылсын,

Баарын түгөл терип кайт.
Көкүлүңдөн жел сылап,
Желип барып, желип кайт.
Бак кошулсун багыңа,
Так түшпөсүн арыңа.
Сак-саламат кайтып кел,
Кездешелик дагы да.
Оомийин!

5

Береке дуба ашыңдан кетпесин,
Бакыт-дөөлөт башыңдан кетпесин.
Кыдыр аке кашыңдан кетпесин,
Жорткондо жолуң шыдыр болсун,
Жолдошуң Кыдыр болсун,
Жигит пири — Шаймардан колдосун.
Оомийин!

6

Жорткондо жолуң болсун,
Жолдошуң Кыдыр болсун.
Кайберен, Кыдыр, Чилтен,
Катарлашып колдосун.
Жолуңа кедерги болбосун,
Беш каруун шайлуу болсун.
Жолуң жайлуу болсун,
Түнүң тынч, айлуу болсун.
Кана эмесе, жөнөгүн,
Атаңан калган жөрөлгөң,
Кайрылып эсен оролгун.
Көп болуп сый жоролгуң.
Оомийин!

7

Оң болсун, балам, сапарың,
Жол болсун даамың, татаарың,
Тууган элиң тапшырса,
Парызың өтө катардын.
Барып-келип жүрбөйбү,
Өзүңдөй жаштар катарың.
Калктын сүйгөн тилеги,

Коргоочум сен деп тиледи.
Энеңдин сүтүн актай бил,
Аброюңду сактай бил.
Ордунан чыксын тилеги,
Оомийин!

8

Саламат барып сак кел,
Сагындырбай бат кел.
Эсен барып соо кел,
Эзелкиден оор кел.
Алдың ачылсын,
Жолуңа булаа чачылсын.
Жолуңда өңгөн тал көргүн,
Жоболоңсуз жан көргүн.
Жылан болсо өлтүргүн.
Жыдыгыңа көндүргүн.
Бөрү болсо эргигин,
Тоомо-топук келтиргин,
Оомийин!

9

Арчадай өмүрлүү бол,
Ысык-Көлдөй терең бол.
Арстандай кубаттуу бол,
Бакайдай акылман бол.
Элиңе тумар бол,
Журтуңдун асабасы бол.
Бактылуу бол, малдуу бол,
Жаман жолдон,
Касабалуу жоодон сак бол.
Байтеректей бой берсин,
Кошойдун шердигин берсин,
Асан кайгынын ыйманын берсин,
Дөөтүнүн күчүн берсин,
Улукмандын жашын берсин.
Жаш берсе, бак берсин,
Калкка үлгү нарк берсин.
Теңирим сага батасын берсин,
Алдамчыга алданба,
Тайгак музга кабылба.
Жоонун тузагына чалынба,

Жорткондо жолуң болсун.
Уучуң кутка толсун,
Жолуң шыдыр болсун,
Жолдошуң Кыдыр болсун.
Оомийин!

10

Сыртыңдан душман жүрбөсүн,
Көңүлүңө коркуу кирбесин.
Көрө албаган күнүчүл,
Күчүктөй чуулап жүрбөсүн.
Сыйлуу этип Алла башыңды,
Өмүрлүү кылсын жашыңды.
Арбак колдоп ар убак,
Өргө өрлөтсүн ташыңды.
Арааның жүрүп арылдап,
Аппак атсын таңдарың.
Максатыңа жете бер,
Кут болуп баскан сапарың.
Оомийин!

11

Жолуң шыдыр болсун,
Жолдошуң Кыдыр болсун.
Эр Манас менен эр Кошой,
Жолдошуң болсун!
Барган жериңде,
Күл кармасаң күмүш болсун,
Топо кармасаң алтын болсун.
Турган жериңе,
Кетпес дөөлөт, кең пейил берсин!
Оомийин!

# ТОЙГО БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

Тойду кыргыздар жакшылыктуу иш, ак ниэт иш деп билип, аны ар ким өз алына ылайык эл алдында шаңдуу да, даңдуу өткөрүү, болуп да «жакшылык» ишке журтчулуктан бата алууну максат этишкен.

«Той өткөрөбүз» деген сөз демейчиликте, «элден бата алалы» деген сөзгө барабар жүрө бергенине караганда, тойдун максаты бата алуу: үйлөнгөн эки жашка бата алып берүү; жаңы тигилген өргөөгө, жаңы салынган тамга элден бата алуу, сүннөткө баланы отургузуп (колун адалдантып) бата алып берүү; туулган күндү куттуктап, ак тилек, бата алуу сыяктуулардын бар дегинде «той бата менен» бүтөр иш сени билинип, максаты бадырайып турат.

Тойдо канчаланган малдар союлуп, акча жумшалса да, «бата алсак болду» деген көксөөдө болот. Адам көп келсе ошончо бата көп алынат, элди ыраазы кылып, конокту жайлуу күткөндө чын дилинен бата берет деген ишеним күчөй берген. Ошого тойдогу бата абдан маанилүү, өтө курч сөз менен айтылышы керек болгон. Той чынында бир улут салтынын көргөзмөсү. Анын башынан аягына чейин ошол улуттун турмуш маданият салты бир сыйра көргөзүлүп өтөт. Ошонун ичинде бата салты да ар кайсы баскычтарында, атап айтканда, колго суу куйгандан баштап, тойдун оюн ойнотоор, күрөш, мелдеш иштеринин бардыгында санжабы менен бата жүрүп турат.- Бирок биз «тойго баталар» деген бул бөлүмүбүздө төмөнкү баталарга гана түшүнүк беребиз.

«Үйлөнүү тойго баталар». Үйлөнүү тою кыз-жигит эки баштын кошулушуп турмуш куруу тоюн көрсөтөт.

Бул тойдун эл чогулткан максатынын чоң жери дале «бата алуу» болуп эсептелет. Үйлөнүү тоюнун салттык алкактары көп. Бирок эл чоң бата бере турган жери «той мууздаардагы» бата. Бул тойдун негизги батасы болуп, тойго союуга атаган малды эл алдына туура тартат да, анын башын той ээси кармап турат. Ошондо жалпы эл алакан жайып «оомийин» деп турганда эң салттуу ак тилек батаны ошол тойго келген адамдардын аксакалы, кадырман кишиси берет. Мында берилген бата кыска, жөнөкөй «бет сыйпап коймо» бата болбостон, бүткүл тойго элдин ак тилегин баяндап туруучу бата, атап айтканда, батанын башы болушу керек. Ал эми той жеген тойдун дасторконуна берилүүчү баталар да жөнөкөй болбойт, дегинкиси тойдун дасторконуна отурганда, ар бир дасторкон сайын бергендиктен, «той мууздардагы» опшу батага жетпейт.

Той жеген дасторконго бата берүүдө сөзсүз «бата алуучу» — той ээси, ар бир дасторкон башында болушу, тике туруп бүткөн бою менен батаны кабыл алуу талап этилет. Сөз касиети менен күчтүү берилген бата той ээсинин көөнүн көтөрүп, жумшаган мал-пулуна денеси көлкүп ыраазы болот.

«Үйлөнүү тойго баталардын» дагы бир берилүү кезеги «кыз ойнотоор» оюн-шоок соорунунда берилет. Бул соорунда той башкаргандар, тойдун төрагалары «эки баштын» (эки жаштын) тоюна куттуктоо ак тилек бата берет. Уулдун атасы, кыздын атасы жана башка туугандары бата берет. Үйлөнүү тоюнда, кийинки кездерде «күмүш той, алтын той» маарекелерин өткөрчү болгон. Ошолорго жараша да баталар чыгып, той куттуктамай болду.

**«Жаңы өргөө, жаңы там салган тойго баталар».** Үйлөнгөн соң жаңы өргөө тигилип, жаңы там үйлөр салынып «бөлүнөт». Мындай үй болгон кезде да той берип, «түбөлүк чамгарак көтөрүп, үйүнүн түтүн булатканга» бата алып берет. Чамгарактан, морудан «баш ыргытып» ырым жасайт. Ошондо ушул тойго сойгон мал туура тартылып туруп, бата суралат. Эл «тойдун малына» бата берет. Негизги мааниси үйү, өргөөсү ак жолтой болуп, анын ичиндегилер аман-эсен жүрүп, үйү өзүнө буюрсун, агарып-көгөрсүн деген ак тилектер болот. Ушул тойдун той жеген дасторкондорунун ар бирине бата берилет. Бата алуучу алакан жайып, дасторкон башында турат.

**«Сүннөт тойго баталар».** Кыргыздарда качанкы бир доордон баштап сүннөткө отургузуп, «колун адалдоо» салты пайда болду. Бул да балага бата алып берүүнү максат кылат. Мындай бата ушул тойго арнаган малды мууздоо кезинде жалпы элге (же эл өкүлдөрүнө) туура тартылып бата тиленет. Мында бериле турган бата да олуттуу берилет. Сүннөткө отургузарда да балага кыска баталар арналган. Ал сүннөт жасоочулар жагынан аткарылган.

**«Туулган күнгө баталар».** Кыргызда байыртан баланы «туулган журтуна оонатуу» салты аркылуу туулган күнүн же кашык, аяк сындыртып, мүчөлөрүн белгилеп, жаңы кийим, жакшы оокат менен куттуктап келген. Азыр илгерки «туулган журтуна оонатуу» маарекеси кеңейип, түрдүү ыңгайларда «туулган күн» өткөрүү салты болуп кетти. Анда да бата берүү, бата аркылуу ак тилек айтуу салты калыптанды. Бул батаны туулган күнүн өткөрүп жаткан соорундун төрагасы, же ата-энеси берген. Негизги мазмуну узун өмүр, бакыт-дөөлөт каалоо, түрдүү кырсыктардан сактоо болгон. Жашы улуулар болсо, анын бала-бакырасы, досжарлары аларга бекем ден соолук, узак өмүр каалашып, бала-бакырасынын күнүн, убайын көрсүн деген ак тилек баталар менен куттукташкан. Мындан бөлөк, тойго келгендер той ээси менен көрүшкөндө ак тилек, кыска баталар менен салам айтышып көрүшкөн. Алардын саламына той ээси кызуу алик алып, саламдын жандырмагын айтып: «айтканыңыз келсин; оозуңузга сала бергендей болсун; кубанычта жакшылыкта бирге болуңуз; ак тилегиңиздерге ыракмат ж. б.» дешип турган.

Төмөндө тойго берилүүчү баталардын үлгүлөрүн окуйлу.

## ТОЙГО КЫСКА САЛАМ БАТАЛАРЫ

Тоюңар куттуу болсун (жандырмагы: айтканыңыз келсин).

Жакшылыкка жакшылык боло берсин

Тоюңар торколуу болсун, тоюңар тойго улансын, оомийин!

Тоюңар шаттуу болсун, көңүлдүү баштуу болсун.

**Үйлөнгөн жигитке:** куш бооң бек болсун, тоюң куттуу болсун, алганың жарашсын.

Алганың менен тең арып, тең карыгыла (жандырмагы: ыракмат, айтканыңыз келсин).

**Кулдук урганга:** кулдук, кудам, жакшы тилек кут болсун, кудалык байланышыбыз ысык байлансын (жандырмагы: кулдугуңузга куттугум бар, айтканыңыздай болсун!).

## ҮЙЛӨНҮҮ ТОЙГО БАТАЛАР

1

***(Кыз ойнотоор соорунда)***

Кол кармашып өткүлө,
Муратыңа жеткиле.
Саябалуу дарактай,
Сан жылдарга өткүлө.
Болдуңар ак никелүү,
Бөлүнбөгүн эки эли.
Аппак келин уул тапсын,
Айдай жарык чекелүү.
Жүзгө чыксын жашыңар,
Аппак болсун чачыңар.
Чөбүрөңөрдү көргөндө,
Калтылдасын башыңар!
Оомийин!

2

***(Келин алган тойго бата)***

Келген келин кут болсун,
Алтындан казан көмөрсүн.
Эмики ушу убакта,
Айдай бешик өңөрсүн.
Айдай бешик ичинде,
Эгиз балдар бөлөнсүн.
Ынтылып алган келини,
Ынтымактуу жашасын.
Тандап алган келини,
Таттуу гана жашасын.
Сыйыры каймактык болсун,
Келини салмактуу болсун.
Сыйыры коңур болсун,
Келини оор болсун,
Сүргөнү доор болсун.
Казаны чызы-пызы болсун,

Кайын журту менен сизи-бизи болсун.
Суу кайнаган казанга,
Май кайнасын,
Төрт периште төрүндө тайраңдасын.
Кудай берген уул, кызың май чайнасын.
Заманыңар тынч болсун,
Тынчтык жакшы күн болсун.
Уруш деген чыкпасын,
Урушту кулак укпасын!
Оомийин!

3

Ат берсе, ала берсин,
Томолок баш бала берсин.
Эчки берсе, теке берсин,
Эшиги ачык Меке берсин.
Пайгамбар назарын берсин,
Кызырың баарын берсин.
Дасторконуң жабылбасын,
Кайгы сага кабылбасын.
Сыймыктуу дөөлөт жашынбасын,
Кара ниеттер асылбасын.
Казынаң чачылбасын,
Каймагың бузулбасын.
Кайнаган казаның токтобосун,
Калгандар сага окшобосун.
Уулуң Урум болсун,
Кызың Кырым болсун.
Кызматкериң Кыдыр болсун,
Бир күн эмес, сызыл болсун,
Колуң узун болсун.
Оомийин!

4

*(Кыз-жигитке атанын батасы)*

Пайгамбарым батасын берсин,
Душман алдыңарга өтпөсүн.
Батма, Зуура
Улукман, пирлер колдосун.
Жети атасы жетимиш,
Мага окшоп көпкө чыксын.
Томпойгон чал-кемпир болсун,

Балдарын жетелеп жүрсүн.
Ак жолу шыдыр, жолдошу
Кыдыр болсун.
Тапканы насип болсун,
Казандары кайнасын,
Оттору жайнасын.
Канаттары карыш,
Куйругу кулач болсун.
Суудан тунук, адамдан улук болсун.
Айдан жарык,
Күндөн ысык болсун.
Пахтадан ак болсун,
Көөндөрү ток болсун.
Көөндөрү ток болсун.
Кардылары ачпасын,
Кайгы тартпасын.
Короо толгон кой болсун,
Койну толгон бала болсун.
Алтындары төргө чачылсын.
Бакталары ачылсын,
Күмүшү жерге чачылсын,
Күндөй бакылары ачылсын.
Кетпес дөөлөт,
Кең пейил берсин.
Оомийин!

5

Алладан бер, актап бер,
Балаа-жалаадан сактап бер.
Батпас күндөй шат көңүл,
Жаңы жубай жашка бер.
Зор махабат,
Өмүрлүк шерик болсун.
Бакыттары баяндуу,
Жаңы өмүрдө,
Жолдору байсалдуу болсун.
Бир-бирине күйүмдүү,
Эл-журтуна сүйүмдүү болсун.
Өбөрү чөбөрөлүү болсун,
Мөрөйлөрү үстөм,
Мартабасы зор.
Адамгерчилиги мол болсун.
Кармашкан колдору ажырабай,
Ар дайым алла колдосун.
Оомийин!

6

Кош аккуудай көлдөгү,
Кызгалдактай белдеги,
Жаш жубайлар экенсиң,
Колуң жайгын канакей,
Бата берем мынакей:
Дөөлөттүү, малдуу болгула,
Кыл өтпөсүн таттуу болгула.
Эл-журтуң үлгү тутарлык,
Жаштардын асты болгула.
Тутанттыңар чырагыңарды,
Коштуңар курагыңарды.
Теңирим колдоп ар дайым,
Ширелсин ынагыңар бу.
Үйүңөр ордо болсун,
Мингениңер жорго болсун.
Кушуң боосу ар дайым,
Колдо болсун.
Оомийин!

7

Оомийин деп колуңу жай,
Мен да бата берейин.
Бергенде бата не дейин,
Оболу кудай колдосун,
Олуялар колдосун.
Малың менен башыңа,
Эч жамандык болбосун.
Берекелүү бак конуп,
Бирдей өссүн мал-башың.
Насибиң артып күн сайын,
Өзөгүң эч бир талбасын.
Жараткан өзү жар болуп,
Пендеге күнүң салбасын.
Жаратуучу кудурет,
Жалгагандын камын эт.
Кайрылуу өмүр кечерди,
Урпактарга насип эт.
Кошулган эки жаштарды,
Зулайка менен Жусуптай,
Бир бирине ашык эт.
Кайып эрен, кырк чилтен,
Назарыңды салып өт.
Бакыт, дөөлөт перзентте,
Эч болбосун касырет.

Ыклас тилек тилеген,
Тилекти кудай кабыл эт.
Оомийин!

8

Ыя, эки жаш, эки жаш,
Силерге тилек ыкылас.
Бакыт консун башыңа,
Жаш кошулсун жашыңа.
Өлөр өлгөнчө арылбас,
Мүнөз берсин тарылбас.
Өпкө берсин кагынбас,
Жүрөк берсин жарылбас.
Өргөө куруп, бала күтүп,
Кол кармашып чогуу бас.
Каргашадан ары бас.
Ынтымакка бери бас.
Бейкут жашоо күн берсин,
Ата-энедей сагынбас.
Оомийин!

9

*(Келин алган тойго бата)*

Келиниң зыйнаттуу болсун,
Улууну сыйлаган уяттуу болсун.
Сулуу жүздүү болсун,
Жылуу сөздүү болсун.
Келиниң эстүү болсун,
Эл кыдырса эптүү жүрсүн.
Күлсө сыпайы болсун,
Ачмын деп жалаңдабасын,
Каш кайырып алаңдабасын.
Алды менен эрине жаксын,
Ушул акылымды укпагандар,
Бир теңирден тапсын.
Оомийин!

10

Жараткан аллам жар болсун,
Жакуттан үйүң бар болсун.
Алтындан болсун түркүгүң,
Асылынан кийип түлкүнүн,
Тактысына минип ал,
Тамаша менен күлкүнүн,

Узун кылсын жашыңды,
Урматтуу кылсын башыңды.
Колуңдан дөөлөт кетпесин,
Ишиңди кудай эптесин.
Алганың алтын чеп болсун,
Айткан кебиң эп болсун.
Жалган башың жыргасын,
Жайласын жердин жылгасын.
Кыздарың кымкап жамынып,
Кыйшайып колун сунбасын.
Балдарың тогуз беш болсун,
Сага бак-таалай, ырыс тез консун.
Орошолуу жай болсун,
Ортончу балаң бай болсун.
Канатташ айлын жыргаткан,
Кабыргасы май болсун.
Ак жалгасын,
Кудайым колдосун.
Оомийин!

11

Жакшылык тойго жайылган,
Дасторконуң мол болсун.
Чыгданың майга толсун,
Аброюң зор болсун.
Кабагың жарык болсун,
Келиниң кичи пейил болсун.
Балаң абийирдүү болсун,
Короого малың толсун.
Үйүңө бала толсун,
Чубурган урпактарың,
Тегиз аман болсун.
Бейкутчулук заман болсун,
Айткан батам кабыл болсун,
Бабалардын арбагы колдосун.
Оомийин!

12

Жаш келиндин келген жери,
Куттуу конуш, турак болсун.
Бирөө чал, бирөө кемпир,
Өмүр өткүч ынак болсун.
Кумар артып, ышкы канбай,
Кыска түнгө шыбыр толсун.
Балапан менен, балакан менен,

Бешигиң ичи үбүр болсун.
Кулун, тайдын кызыгы менен,
Үй ичине дүбүр толсун.
Кары күтүп, бала багып,
Мол кызыкта чарчап жүрсүн.
Карыларга мээримдүү,
Келиндерде адеп болсун.
Ата тутуп, эне күткөн,
Баба жолу адат болсун.
Оомийин!

13

Уулуңуз баяндуу болсун,
Улууну сыйлар аялуу болсун.
Жүзү жарык болсун,
Сөзү каньк болсун.
Келиниң бактылуу болсун,
Жол жүрсө сыпайы жүрсүн,
Күлсө адептүү күлсүн.
Ач болсо жалаңдабасын,
Ток болсо тороңдобосун.
Алды менен эрине жаксын,
Эринен артылып,
Элине, жерине жаксын.
Босогого бак болуп конуп,
Барган жеринен алкышын алсын.
Оомийин!

14

Келиниң кут болсун,
Үйүңө ырыскы толсун.
Башыңа бак консун,
Башыңа баш кошулуп,
Келин ак жолтой болсун.
Келген жери жайлуу болсун,
Алдын бала бассын,
Аркасын мал бассын!

15

Бал алган буудайдай ыргалгыла,
Кошулган талдай чырмалгыла.
Ырысыңарга эр бала сүйгүлө,
Суктанарга кыз бала сүйгүлө.
Кайгыланбай каткырып,

Кол кармашып жүргүлө.
Оомийин!

16

*(Айдар Акаев менен Сайкал Чукубаеванын тоюна «Бишкек таймс» гезити минтип бата берген)*

Куш бооң бек болсун, Айдар,
Көшөгөң көгөрсүн, Сайкал!

* * *

Сапарыңар байсалдуу болсун, баш кошкон эки жаш!
Алдыңарды бала, артыңарды мал бассын.
Кармашкан колуңар түбөлүк ажырабай,
Бириңе-бириң өйдөдө өбөк,
Ылдыйда жөлөк болгула, түгөйлөр.
Көрүнбөй өрттөгөн көздөн,
Көмүскө жойлогон сөздөн,
Буйтап качкан жолдон,
Бөлүп-жарган колдон кудайым сактасын.
Атпай кыргыз журтунун абыройлуу,
Ак жолтой, уул-кыздарынан,
Уюткулуу үй-бүлөсүнөн болгула.

*(2003-жыл 2-май, «Бишкек таймс» гезити)*

17

Акылың ашсын,
Ыкыласың ташсын.
Балаң неберелүү болсун,
Кызың чөбөрөлүү болсун.
Жакының көп болсун,
Душманың жок болсун.
Жакшы келсин кашыңа,
Нур жаасын башыңа.
Айлыңар малдуу болсун,
Жылкыңар жалдуу болсун.
Жигиттериң эмгек этип,
Агайындын алды болсун.
Катуулуктан оолак бол,
Таттуулукка ынак бол.
Күйөө — жүз жылдык,
Куда — миң жылдык.
Кудай кошкон куда болот,

Пайгамбар кошкон дос болот.
Көңүл тотөгөлүү,
Өмүр өтөгөлүү болсун.
Таңың азалдуу болсун,
Очогуң казандуу болсун.
Түндүгүңөн кут куюлсун,
Дасторконуңа бүт жыйылсын.
Оомийин!

18

*(Алтын тойго бата)*

Алтын той куттуу болсун,
Алтындан баалуу болгула.
Жылдыздан наарлуу болгула,
Кундуздан жакалуу болгула,
Күмүштөн такалуу болгула,
Өркүндөп өскөн урпагыңдын,
Үзүлбөс сабагы болгула.
Жүрөктүү туулган уулдарыңдын,
Акылчы жарагы болгула.
Айжүздүү аппак кыздардын,
Алтын сом тарагы болгула.
Кайда жүрсөңөр жолуңар болсун,
Үйүңөргө Кызыр келип консун.
Дөөлөтүңөргө дөөлөт кошулсун,
Көңүлүңөр көкөлөп толсун.
Жүдөбөй жүзгө жеткиле,
Өмүрдөн армансыз өткүлө.
Оомийин!

19

*(Күмүш тойго бата)*

Куттуу болсун күмүш той,
Той дегениң ырыс го,
Алтын, жамбы берсем да,
Экөөңө тең дурус го.
Күмүш тойдун аягы,
Алтын тойго жалгашсын.
Жаркырасын жаныңар,
Жүзүндөй ак албарстын.
Күркүрөсүн демиңер,
Мизиндей көк албарстын.
Ташый берсин дөөлөтүң,

Жарашып сан дөөлөтүң.
Кара курттай кыжылдап,
Өсүп-өнсүн урпагың.
Өрлөп дайым ташыңар,
Жээктен ашып-ташыңар.
Ажырабай жубуңар,
Жүзгө жетсин жашыңар.
Калт-калт этип жаңгактай,
Ошондо кагышып турсун башыңар.
Оомийин!

## ЖАҢЫ ӨРГӨӨ, ЖАҢЫ ҮЙГӨ БАТАЛАР

### 1

***(Атанын баласынын жаңы өргөөсүнө батасы)***

Оо, карагым, жарыгым,
Колдосун теңир өзү.
Мартабаң өссүн,
Пейилиң жамандыкка барбасын.
Очогуңдун оту өчпөсүн,
Арың менен жаның,
Арамдыкка көчпөсүн,
Босогоң бектүү,
Керегең эптүү,
Түндүгүң күчтүү болсун.
Көңүлүң ачык,
Өмүрүң насип болсун.
Жакшынын кадырын бил,
Карынын адилин бил.
Өнөрүңдү казык кыл,
Акылыңды азык кыл.
Шагың сынбасын,
Чырпыгың чынарласын.
Түндүгүң мунарласын,
Күнүң кыяласын.
Күкүгүң уяласын,
Оюң көсөм болсун.
Сөзүң чечен болсун,
Ушунун баары сөзүмдүн наары.
Кудайымдын кулагына чалынсын,
Тилегим кабыл болсун.
Оомийин!

2

*(Кыздын жаңы өргөөсүнө бата)*

Пайгамбар батасын берсин,
Бай дөөлөтүн берсин.
Кызыр берекесин берсин,
Казаның толгон аш болсун,
Үйүң толо баш болсун.
Уулдун урматын көр,
Келиндин кызматын көр.
Керегеден баш чыгар,
Келин алып, кыз чыгар.
Астыңды бала бассын,
Аркаңды мал бассын.
Кармаганың чырак болсун,
Мингениң бурак болсун.
Кийгениң торко болсун,
Мингениң жорго болсун.
Кайнатканың май болсун,
Ичкениң кызыл чай болсун.
Жакканың арча болсун,
Жамынганың парча болсун.
Бешенең ачык болсун,
Бериштең улук болсун.
Өмүрүң узак болсун,
Ата-энең менен,
Ага-тууганың менен,
Узун өмүрдө ынтымактуу жаша.
Оомийин!

3

*(Жаңы өргөөгө атанын батасы)*

Ак батаны беребиз,
Эки жашты бир алкап.
Бак карасын,
Кожо Кыдыр жалт карасын.
Кетпес дөөлөт берсин,
Кең пейил берсин.
Пир колдосун,
Дөөлөт орносун.
Бай кылсын,
Мамыр кылсын,
Ата пири жалгасын,
Жигит пири колдосун.

Умай эне, Батма, Зуура,
Бүбү Кадыйча энелерибиз колдосун.
Эки жаштын жаңы өргөөсү майлуу болсун.
Кайрылыштан суу алсын,
Кара чачы чубалсын.
Бурулуштан суу алсын,
Узун чачы буралсын.
Кайненеден дуба алсын,
Кара чачы чубалсын,
Кайын журттан уялсын.
Көзөрдөгү кайнаган чайдай болсун,
Дүйүм элге тең тийген айдай болсун.
Алдын бала бассын,
Аркасын мал бассын.
Дөөлөткө бети кызарсын,
Перзентке колу узарсын.
Конушу жайлуу болсун,
Казан, табагы майлуу болсун.
Жегени жүзүм болсун,
Өмүр жашы узун болсун.
Алып жүрсүн, алдырбасын,
Жулуп жүрсүн, жулдурбасын.
Долонодой бүрлөсүн,
Тобунан уул үйлөсүн,
Уул, кызын өстүрүп,
Ата менен энеси,
Сарпайы кийип дууласын,
Жете албай душман куурасын.
Оомийин!

4

Чамгарагыңар бийик болсун,
Босогоңор бек болсун.
Боо бакчаларың,
Алма менен өрүк болсун.
Башыңда дайым,
Кубулган кундуз бөрк болсун.
Ак жүзүңө жарыңдын,
Ак элечек көрк болсун.
Кудай кааласа,
Көп узабай шерик болсун.
Томпок чекелүү уул тап,
Ал өзүң шерик болсун.
Оомийин!

5

Кереген эптүү болсун,
Келиниң септүү болсун.
Айгырың үндүү болсун,
Кочкоруң жүндүү болсун.
Отуз уулуң болсун,
Кырк кызың болсун.
Жайлоонун оту жошулсун,
Жайылып малың кошулсун.
Келиниң кулун байласын,
Кемпириң куйрук чайнасын.
Тоодой ырыс берсин,
Кең пейил берсин.
Оомийин!

6

Алганың алтын болсун,
Мартабаң улук болсун.
Жүзүң жарык болсун,
Өмүрүң узун болсун.
Ден соолугуң сак болсун,
Алганың менен тең карып, тең арып,
Ак чачтуу, сары тиштүү болгула.
Дасторконуң узарсын,
Дөөлөткө бетиң кызарсын.
Ат көтөргүс бай болгун,
Пайгамбар батасын берсин.
Бак, дөөлөтүн берсин,
Кең пейил берсин.
Өмүр, ырыскы берсин.
Оомийин!

7

Чамгарак чалкый берсин,
Кереген кеңий берсин.
Ушул үйгө кут келсин,
Душманың кемий берсин.
Күндө береке,
Күндө той болсун.
Кубаныч, шаттык толсун.
Оомийин!

8

Жаңы өргөөнүн,
Жакканы арча болсун,

Жайылып короосу малга толсун.
Түндүгүң түнөрбөсүн,
Кемегең кемибесин.
Уугуң учтуу болсун,
Керегең күчтүү болсун,
Келиниң эптүү болсун,
Оомийин!

9

*(Жаңы салган үйгө бата)*

Жабылып үйгө бата берели:
Кудайым сага бак берсин,
Түбөлүктүү баш берсин.
Талабыңа канат берсин,
Жанбаган бакыт берсин.
Кетпеген ырыс берсин,
Улукмандын жашын берсин.
Үйүңө береке келсин,
Аброюң арта берсин.
Келиниң бала берсин,
Баш артынан баш келсин.
Кызыңа бак берсин,
Тилегениң кабыл кылсын,
Үйүң толо перзент келсин.
Кыдыр болсун жолдошуң,
Журт батасы кабыл келсин.
Оомийин!

10

Күнүң чубактуу болсун,
Көңүлүң куунактуу болсун.
Конушуң өрүштүү болсун,
Эккениң жемиштүү болсун.
Эмгегиң келиштүү болсун,
Жылдызың төбөңдө болсун.
Кундуз жакаңда болсун,
Жарың чүрөктөй болсун.
Арың түлөктөй болсун,
Өнөрүң өрлөй берсин.
Өмүрүң төрлөй берсин.
Оомийин!

11

Кол кармашкан эки жаш,
Конушуңар жайлуу болсун.

Нээтиңер аппак болсун,
Пейилиңер тунук болсун.
Эшигиңер ачык болсун,
Капа-кайгы жок болсун.
Үйүңөрдө дарт болбосун,
Көбөйсүн дос, жолдошуң.
Жегениңер кешик болсун,
Терметкениңер бешик болсун.
Кол кармашып жашагыла,
Өмүрүңөр узак болсун.
Оомийин!

12

Башыңарга бак берсин,
Нэ берсе да нак берсин,
Кырда жүргөн кызырды,
Төрүңөргө апкелсин.
Карыныңар ток болсун,
Кайгы-капа жок болсун.
Базар түшүп чуулдап,
Бала-чакаң көп болсун.
Оомийин!

13

*(Атанын уулдун жаңы үйүнө батасы)*

Уулум, бери карачы,
Атанын уккун батасын:
Кудурет берсе билекти,
Өмүрдүн жолун басасың.
Караңгыда жол жүрсөң,
Өчпөй турган чырак бол.
Суусаганга булак бол,
Жолоочуга жылдыз бол.
Улук болсоң кичик бол,
Суудай таза, сүттөй аппак бол.
Акыл, ойдун кени бол,
Түндүгүңдөн кут түшүп,
Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Оомийин!

## СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ БАТАСЫ

1

Бысымылла рахман райым,
Мусулман болдуң карагын,
Кана бери карагын:
Чырагын жагар уулсуң,
Ата менен апаңын.
Тоодой болсун талабың,
Алтын менен күмүштөн,
Жасалсын мүлдө жарагың.
Көркүң чыкты мынаке:
Барбы дагы каалаearың?
Кой сурасаң кой берем,
Тай сурасаң тай берем.
Зат сурасаң зат берем,
Баатырлыгың байкалса,
Зоот берем акберен.
Эртең эле туруп кет,
Ошол салтты апкелем.
Муратыңа жете бер,
Күндөн күнгө өсө бер.
Узак болуп өмүрүң,
Өмүрүңдүн түйүнүн,
Өзүң билип чече бер.
Оомийин!

2

Ушул уул Манастай эр болсун,
Элине майтарылбас бел болсун.
Каз каркылдап өткүс,
Чалкыган көл болсун.
Куу куркулдап өткүс зоо болсун.
Эр жеткенде кул кармаса,
Күмүш болсун.
Ак кармаса алтын болсун.
Тою андан ары тойго уланып,
Башы жашы жүзгө толсун.
Оомийин!

## ТУУЛГАН КҮНГӨ БАТА

1

О, касиеттүү теңирим,
Куттуу болсун бүгүнкү,
Жаш наристе туулган күн.
Дидарын ачкан күн,
Ымыркайды жууган күн.
Эне сүтүн эмген күн,
Ак сарбашыл чалган күн,
Карындан май жарылган күн,
Бөбөккө узак өмүр бер,
Берсең кошо эрдик бер.
Эне сүтүн актасын,
Мекенин жаттан сактасын.
Туулган күнгө бата айталы,
Эми үйгө кайталы.
Оомийин!

2

Куттуу болсун туулган күн,
Киндигиңди шыр кесип,
Жибек менен бууган күн.
Киндик энең суу менен,
Алгач ирет жууган күн.
Ороп алып ороого,
Белден байлап бууган күн.
Ак сүтүн асыл эненин,
Эмерине эмген күн.
Атаң келип төбөңдөн,
Теберине төнгөн күн.
Кубангандан эл-журтуң,
Көрүндүгүн берген күн.
Кимге окшоду экен деп,
Бетиңди ачып көргөн күн.
Туулган күнүң жыл сайын,
Жүз жыл бою тойлонсун.
Өсүп урум бутагың,
Көздөгөнгө жете бер.
Өмүр чексиз көк деңиз,
Токтобостон кече бер.
Оомийин!

## КЫЗ УЗАТУУ, КЕЛИН КИРГИЗҮҮ БАТАЛАРЫ

*(Түшүнүктөр)*

Кыргыз салтында кыз берүү, келин алуу «ак нээт иш, жакшылыктуу иш» деп айтылып, тиричилик турмуштун олуттуу окуясы эсептелет. Бул ак нээт иштер эл менен, элдин ак нээти, ак батасы менен бүтүп келген. Бүткүл той өзүнүн өтүү жүрүшүндө ак баталарды ала жүргөн чоң соорун болуп, анын ичинде кыз узатканда, келин киргизгенде берүүчү баталардын өзүнчө орду болгон.

**«Кыз узаткандагы баталар».** Бул мындай учурларда берилген: той болгон кызга тойлук кийим кийгизгенде кыздын ата-энеси эң алдында көрүп, жарашымына көз чаптырып болгон соң баталарын берип, той кийимин куттукташкан; андан соң кызды көчүрөрдө кыздын атасы өзү жетелеп чыгып, аттантарда кызга төркүнү жакка баштантып улуу бата беришип аттанткан.

Кыз көчүрүүдө дагы бир бата берчү жайыт, «кыз кыңшылатмай» деп аталган «кыз менен көрүшүү кошогунда» кызга ак тилек, ак баталар кошокко жуурулуп айтылган. Бул баталарда өзүнчө «кошоктогу баталар» деген топту түзүп, бата жөрөлгөсүн улантып келет. Мында энеси, эжеси, жеңесинин кошокторунда бүт эле баталар айтылган.

**«Келин киргизгендеги баталар».** Келин көчүрүлүп келген соң кайнатасыныкына «отко кирет». Алоодон аттап өтүп, кайнатасынын босогосун аттаганда келин жүгүнөт, ошондо кайната, кайнене жактан бата берилип, келиндин оозуна май салып, алкап үйгө киргизет. Андан соң жаңы келин кайын журтуна жакын тууган болгон улууларга алгач көрүшкөндө жүгүнүп

салам берет. Инсандын ыйбалуулук бул тартиби эң жогору кадырланууга арзыйт. Ошондуктан келин жүгүнгөндө ал улуулар өтө астейдилик менен бата беришет. Бул кыргыздан адамдар ортосундагы «урмат-ызат» маданийлиги, урпактардын адамгерчиликтүү өсүүсүнүн, «тайбас» болуп калбоонун түпкү шарттары болуп келген.

Ал эми келин жүгүнгөн кезде бата берүүчүнүн батасынын күчтүү айтылышы ушул адамдын кадыр, наркын белгилеп турган көрүнүштөй элге туюлат. Аны жөнөкөй гана «кудай жалгасын» деген сөзгө жыйынтыктап коюу бата берүүчүнү жөнөкөйлөштүрүп коет.

Мындан бөлөк кыз-күйөө кыздын төркүнүнө отко кирүү салты да бар. Ошондо кыздын ата-энеси кыз-күйөөгө бата берет.

Төмөндө «кыз узатуу, келин киргизүү баталарынын «үлгүлөрүн» окуйлу.

## КЫЗ УЗАТКАНДАГЫ БАТАЛАР

### 1

*(Кызга той кийимин кийгизгендеги атасынын батасы)*

Кийимиң эптүү болсун,
Элечегиң кептүү болсун.
Сымбатың көрктүү болсун,
Жүрөгүң өрттүү болсун.
Өмүрүң узун болсун,
Өрүшүң жайык болсун.
Тукумуң журттан ашып,
Тууганың канат болсун.
Ак куунун мойнун берсин,
Ак гүлдүн жытын берсин.
Каныкейдин акылын берсин,
Айчүрөктүн сулуулугун берсин,
Зулайканын дидарын берсин.
Талдай бой берсин,
Шамдай ой берсин.
Жаздай жыпар берсин,
Кардай жамал берсин.
Үйүңө кишиң келсин,
Кешикке кошо шыбага келсин.
Шыбага келсе ырыс келсин,
Энеге күйүмдүү бол,

Атага сүйүмдүү бол.
Эжеге чубак бол,
Агага кубат бол.
Назик жан бол,
Элиңе ар бол.
Башыңа өнөрдүн багы консун,
Шагына түйгөйлүү жары болсун.
Оомийин!

2

*(Кызды көчүрөрдө атанын батасы)*

О, кызым, барган жериңден,
Бак берсин.
Көл боюнда талың болсун,
Көлөкөлөр чарбагың болсун.
Үйүңдүн үстү жагында,
Үп тартылган кайык болсун.
Короо толгон коюң болсун,
Козголбос тоодой оюң болсун.
Аттанып үйдөн чыкканда,
Айчүрөктөй жолуң болсун.
Алла ыраазы болсун,
Оңуңдан күнүң туусун.
Солуңдан айың туусун.
Маңдайыңдан чолпонуң балбылдап,
Жолуңду жылдыз жуусун.
Бактылуу бол, багың жансын,
Таттуу кыз бол, балың тамсын.
Таалайың мол болсун,
Баскан изиңе гүл өнсүн.
Куу жыгачты кармасаң,
Жашыл ток бут болсун.
Куу куурайды кармасаң,
Кулпуруп турган гүл болсун.
Оомийин!

3

Алаканың жай, чырагым:
Калкыңа калалуу бол,
Элиңе элелүү бол.
Тоодой тоолор бергенче,
Бармактай бак берсин.
«Атаң, энең» дегизбе,

Ата, энеңди эгизде.
Алдыңан ай туусун,
Аркаңан күн туусун.
Улуунун жолун кеспе,
Ата-энеңди муңдурба,
Сөөктү сындырба, берекем.
Оомийин!

4

Ээ, берекем,
Элиңе элелүү бол,
Калкыңа калалуу бол.
Ата-энеңе жагымдуу бол.
Кайыныңа кайрымдуу бол.
Айылыңа абройлуу бол,
Алганыңа жайдары бол.
Берерге белен ашың болсун,
Көрөөргө көсөм жашың болсун.
Бешигиң алдыңдан түшпөсүн,
Башыңдан жакшылык кетпесин.
Оомийин!

5

Көшөгөң көгөрсүн,
Багың ачылсын.
Бакыттуу бол,
Көзүң ачылсын.
Кайырлуу болсун,
Сапарың оң болсун,
Жолуң шыдыр, жолдошуң Кызыр болсун,
Эл-журтуң аман болсун,
Кырманга кызыл толсун.
Көч байсалдуу болсун,
Тилегиңди берсин,
Тилегиң кабыл болсун.
Оң толгоо берсин,
Кудай оңдоп, теңир жалгасын.
Жылдызың жансын,
Ак мол болсун.
Мал-жаның аман болсун,
Таалайың оң болсун.
Башыңа бак консун,
Кадамың куттуу болсун,
Конушуң оттуу болсун.
Оомийин!

6

Алтындан болсун жакаңар,
Күмүштөн болсун такаңар.
Ташка таруу өнгөнчө,
Тарчылык көрбөй өткүлө.
Музга буудай өнгөнчө,
Муңчулук көрбөй өткүлө.
Жүзүңөр жайнап,
Келишимдүү болгула.
Толгон айдай,
Өрүштүү болгула.
Катарыңардан озгула,
Козгогон чоктой козгула.
Эң алды берекечил болгула,
Көпкө ырайымдуу көлөкөчүл болгула.
Ден соолук, амандык болуп,
Узак өмүр жаш берсин.
Башыңарга кошуп баш берсин.
Оомийин!

7

*(Кыз кыңшылатмай кошогундагы баталар)*

**Энеси:**

Жаккан отуң өчпөсүн,
Ынтымак, бирдик сакталып,
Конушуңан көчпөгүн.
Карыбагын, жашаргын,
Кадимкидей жашагын.
Алтындан башың ыргап өт,
Алганың менен тең карып,
Ай тийгендей жыргап өт.
Күмүштөн башың ыргап өт,
Күйөөң менен тең карып,
Күн тийгендей жыргап өт.

* * *

Аман бол, багың ачылсын,
Алдыңдан көөхар чачылсын.
Картайганда энекең,
Көп какшабай басылсын.
Аттанып үйдөн чыкканча,
Алтындан сери чачылсын.
Аттанып үйдөн чыкканда,

Айдай бактың ачылсын.
Кулуп үйдөн чыкканча,
Күмүштөн сери чачылсын.
Кулуп үйдөн чыкканда,
Күндөй бактың ачылсын.

* * *

**Жеңеси:**

Байпай бир маасы кийип өт,
Ынагым, байбичелик сүрүп өт.
Кепич, маасы кийип өт,
Ынагым, келинчилик сүрүп өт.

* * *

Аттанып үйдөн чыкканча,
Алтындын зери чачылсын.
Аттанып үйдөн чыккан соң,
Айдай бир багың ачылсын.

* * *

Күрмөлүп үйдөн чыкканча,
Күмүштөн зери чачылсын.
Күрмөлүп үйдөн чыккан соң,
Күмүштөй багың ачылсын.

* * *

**Эжеси:**

Ортон колдой кашыңа,
Оролсун дөөлөт башыңа.
Чыпалактай кашыңа,
Чырмалсын дөөлөт башыңа.
Арча бешик ыргап өт,
Алганың менен жыргап өт.
Кайың бешик ыргап өт,
Күйөөң менен жыргап өт.

* * *

Буйгага бугунун жүнү чачылсын,
Букардай бактың ачылсын.
Керүүгө кекилик жүнү чачылсын,
Керидей бактың ачылсын.

* * *

Жылгадан жылкынын жүнү чачылсын,
Жылмышпай бактың ачылсын.
Коктудан коендун жүнү чачылсын,
Кокондой бактың ачылсын.

* * *

Ак кайың жаагы ий болсун,
Алганың дурус бий болсун.
Көк кайың жаагы ий болсун,
Күйөөң дурус бий болсун.

* * *

Алдыңдан көхар чачылсын,
Аман бол бактың ачылсын.
Күмүштөн зер чачылсын,
Күндөй бактың ачылсын.

* * *

**Жеңеси:**

Шаркырап аккан булагым,
Шарактап ойнор ынагым.
Барганда багың ачылып,
Кутмандуу болсун турагың.

* * *

Көл боюнда талың болсун,
Көлөкөлөөр чагың болсун.
Үйүңдүн үстү жагында,
Үп тартылган кайың болсун.
Короо толгон коюң болсун,
Козголбос тоодой уюң болсун.
Аттанып үйдөн чыкканда,
Айчүрөктөй жолуң болсун!

* * *

Күйөөң жакшы болгон соң,
Күмүштөн чачпак сүйрөтөт,
Күндө бир акыл үйрөтөт.
Алганың жакшы болгон соң,
Алтындан чачпак сүйрөтөт,
Айда бир акыл үйрөтөт.
Алтындан бешик өңөргүн,
Алганың менен көгөргүн.

Күмүштөн бешик өңөргүн,
Күйөөң менен көгөргүн.

## КЕЛИН ЖҮГҮНГӨНДӨ БЕРЧҮ БАТА

1

Кудай жалгасын,
Алдыңды бала бассын,
Артыңды мал бассын.
Ак элечегиң башыңдан ообосун.
Алганың менен тең кары,
Көчтө минер жоргоң болсун,
Тойдо киер торчоң болсун.
Өзүңдөй күйөөң болсун.
Жетелерге төөң болсун.
Үнүң угумдуу болсун.
Колуң жугумдуу болсун.
Оомийин!

2

Кудай жалгасын,
Ак жолуң ачылсын,
Өмүрүң узун болсун.
Жегениң жүзүм болсун.
Жар-жааматың көп болсун.
Отурган жериң төп болсун.
Көшөгөң көгөрсүн.
Айдай бала төрөп ал,
Ак бешикке бөлөп ал.
Ак алмадай мөмөлөп жүр,
Ак тооктой жөжөлөп жүр.
Көк алмадай мөмөлөп жүр,
Көп тооктой жөжөлөп жүр.
Ата-энеңди сыйлагын.
Керилген келин бол.
Чоюлган жубан бол.
Балпайган байбиче бол.
Келген жериңен бак айтсын.
Эмки ата-энеңдин акыбети кайтсын.
Оомийин!

3

Кудай жалгасын,
Бак карасын.

Кыдыр даарысын,
Айдан аман,
Жылдан эсен кылсын.
Үйдөгү, тыштагы,
Мал, башты өсөөр кылсын.
Оомийин!

4

Кудай жалгасын!
Тилегиңди берсин!
Алдыңды бала бассын.
Аркаңды мал, дүнүйө бассын.
Кудай ынтымак — ыраа берсин.
Ызаттуу жаштан кылсын,
Башыңарды таштан кылсын.
Бата бердик жаш-кары,
Алганың менен тең кары.
Кош болгондо ыйлагын,
Кайын журтту сыйлагын,
Ак жолтой, майлуу-сүттүү бол.
Аллоо акбар!

5

Алдыңды бала бассын,
Артыңды мал бассын.
Ак жоолугуң башыңдан ообосун.
Алганың менен тең кары.

6

Жалбырттаган оттой бол,
Жайнап жаткан чоктой бол.
Күнүң кыяласын,
Күкүгүң уяласын.
Жетегиң боодо болсун,
Арканың чууда болсун.
Берерге ашың болсун,
Көрөргө жашың болсун.
Сүйөргө жарың болсун,
Намысың, арың болуп,
Бешигиң алдыңан түшпөсүн.
Башыңан жакшылык кетпесин.
Жамандык кууп жетпесин.
Оомийин!

8

Кудай жалгасын,
Тилегиңди берсин.
Кол кармашып өткүлө,
Максатыңарга жеткиле.
Мөмөлөгөн дарактай,
Түшүмүң болсун береке.
Аппак келин уул тапсын,
Айдай торсок чекелүү.
Жүзгө жетип жашыңар,
Куудай болсун чачыңар.
Оомийин!

9

Кудай жалгасын.
Ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн.
Көшөгөң көгөрсүн.
Ак элечегиң ообосун.
Эриңе адал бол,
Сарамжалдуу, сабырлуу бол.
Дайыма жайдары бол.
Кайын журтка кайрымдуу бол.
Алдыңан күн туусун,
Артыңан ай туусун.
Өмүр сүргүн бир басып,
Алганың менен тең карып,
Терметкениң бешик болсун.
Бакыт, таалай үйүңө толсун.
Оомийин!

10

Жаккан отуң өчпөсүн.
Ынтымак, бирлик сакталып,
Конушуңан көчпөгүн.
Карыбагын, жашаргын.
Кадимкидей жашагын.
Кызырың кыяласын,
Ырысың уяласын.
Кыздарың сулуу чыксын,
Кыр-кырынан улуу чыксын.
Уулдарың өрт туулсун.
Убайын эли көрүп турсун.
Башыңан бак тайбасын.
Элиңен ынтымак качпасын.

Кетпес кеңештүү бол,
Кеңири дөөлөттүү бол.
Оомийин!

## 11

Кудай жалгасын, кудай жалгасын.
Баш алган буудайдай ыргалгыла,
Кошулган талдай чырмалгыла.
Ырысыңарга эр бала сүйгүлө.
Кызыгыңарга кыз бала сүйгүлө.
Кайгыланбай, каткырып,
Кол кармашып жүргүлө.
Оомийин!

## ЖАШ БАЛАГА АРНАЛГАН БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

Өмүрдүн уландысын, укум-тукумдун жалгоочусу болгон баланы чоңойтууда, багууда кыргыздар өзүнчө бир улуттук түстөгү бала багуу маданиятын калыптандырган. Балага бүт эле бардыгын арноого даяр турган ата-эненин оозунан балага эң бийиктиктеги ак тилек сөздөр куюлушуп чыккандан бөлөк, бала туулгандан баштап эле түрдүү ыңгайда маараке өткөрүп, элден бата алып берүү, бата менен баланы узак өмүрлүү, бак-дөөлөттүү кылуунун аракетин жасаган. Балага арналган баталар баланын дили, дени, адамкерчилиги таза болуусун тилеп, ал ак тилек сөздөрдү бала «ыңа» деп жерге түшкөндөн баштап эле кулагына айта баштаган. Бул бата сөздөр балага тилеген курулай эле тилек болбой, баланы тарбиялоодо, кандай адам болуусу жөнүндөгү эң күчтүү сабак боло берген. Алып айтсак, балага арналган батада дайыма: «акыл-эстүү, элине керек уул болсун! Кедейге кайрымдуу, туугацга сүйкүмдүү бол!» деп оозантса, «бала эне сүтүн акта, киндик каның тамган жерди сыйла» дегенге окшош Мекен сүйөр, эл сүйөрлүк таалим сөздөр бата менен перзенттин кулагына кирип турган. Батадагы нускалуу сөздөр аркылуу перзенттер өзүнүн акыл, эсин түзөп, жүрүм-турумун жөнгө сала баштаган. Жаш балага арналган баталар дегенде биз бөбөк туулгандан баштап тушамышын кыйганга чейинки болгон убакыттагы бөбөктөргө арнап өткөргөн каада менен кошо берилген олуттуу баталарды шарттуу түрдө атадык. Анын негизгилери төмөнкүлөр.

**«Киндик кесүү батасы».** Кыргызда «жетемди эмес, жерден алганымды тартам» деген сөздөн улам, бала төрөлгөндө киндик кесип, ороп алганды өтө кастарлуу иш катары билгенин көрөбүз. Киндик эне биринчилерден болуп «сүйүнчүлөөчү» болот. Ата-энесинен сүйүнчү алат. Ким киндигин кессе, ал ошол бөбөктүн «киндик энеси» аталат да, баланын дагы бир айта жүрөр, өмүр бою урматтар энеси болуп жүрөт.

Киндикти кесүү баланын кийинки кайрат мүнөзүнүн кандай болушун белгилейт деген түшүнүк боюнча, кыргыздар киндик кесүүчү адамды ичи ак, сырты кайраттуулардан тандаган. Киндик кесе турган аспап да катуу, сүрлүү болгон. Илгерки кыргыз балдарынын киндигин муз менен кесип, муздай тунук, анын суугундай кайраттуу болуусун ырымдаган. «Муз менен киндигин кескен кыргыз эли тууштуу элбиз» деп жүрөт. Ошого кыргыз киндик кескенде жөн эле кеспей, ак бата айтып кескен. Сөз касиети баланын киндик каны менен бирге денесине кирип, батада айтылган ак сөздөрдөгүдөй адам болуусун көксөгөн.

Киндик кескенде айтылуучу батанын негизги мазмунун ээлерден, пирлерден бөбөккө узак өмүр тилөө, бөбөккө ак дил, элине жарамдуу адам болушту каалоо сөздөрү болгон. Киндик кескенде батаны киндик кесүүчү, же жанындагы төрөтүүчү киндик кесип жаткан кездин алдында айтып, анан киндик кескен.

**«Оозантуу батасы».** Мейли жылдын кайсыл мезгили болбосун, бойкат аял бар үйдөн эң кур дегенде туула турган балага арнап каткан чөйчөк карын сары май болбой койбойт. «Сары майдай сактоо» деген ушундан калгандыр. Бала төрөлөрү менен биртике убакыт өткөндөн соң баланы оозантат. Баланы оозантуу оңой жумуш болбойт. Баланы оозантчу ургаачы сөзсүз ошол айылдын кадырманы, агарып-көгөргөн, бак-дөөлөтү көрүнүп турган, баланын келечегине өтө ак жолтойлук көрсөтө турган болушу талап этилет. Көзү суук, ач көздөр бала оозанткан жерге жолотулбайт. Бала сары май менен оозантылат. Сары май кыргызда «дары» сыяктуу улуу. Келечеги майлуу-сүттүү болсун, жумуруна жук болуп, түбөлүккө топуктуу болсун дегени экен. Сары май баланын ичин тазартып, май туңгактаса балага жакканы, ичегиси майланганы, ичи катпаганы экен. Андан ары эмчек ээмп кете берет.

Баланы оозантууда Умай энедей болгон, уз аялдардын бирөө балага оозантуу батасын айтканча, баланы какатып, чачатуудан абайлай сары май менен оозантат. Бул оозантуу май менен эле эмес, кыргыздын ыйык сөздөрү, ак дилден чыккан тилек менен оозантканы эле. Кыргызда оозунан жаман сөз чыккандарды «бок менен оозантканы, сөгүү менен оозантканы» деп адамдын оозунан чыккан сөздүн сапатын тээ баланы оозантканддан көрөт. Ошого баланы оозантууда берген батага ак сөз, жылуу сөз, жакшы жышаналуу сөздөрдү талдап колдонгон.

Оозантуу баланын негизги мазмуну, балага узак өмүр берүүсүн, дайыма кубанычта, ата-энеси, ырысы менен жашоону тилек кылган.

Кыргызда жакшы тилек, ак баталарды киндик каны менен, эми эле оозун ачкан ымыркайдын оозуна сары май менен бирге салып отурган. Ошого кыргыз «ыр менен туулуп, ыр менен өлөт» деген улуу тыянак айтылып жүргөндүр.

**«Ат коюу батасы».** Бала жерге түшүшү менен азан айтып, ат коюу салты калыпташкан. Азан айтканы ислам дини киргенден кийин «Алланын атын улук» (Алло акпар) деп чакырып, бул дүйнөгө инсан баласы келгенин кабарлоо салты эле. Ал эми илгерки кыргыздарда бала төрөлгөндө жар чакырып, сүйүнчүлөө болгон. Азыркы «ат коюу батасы» ошол жар чакырып сүйүнчүлөөнү мазмун кылган.

Кыргызда балага атты эң негизгиси чоң ата, чоң энеси, же үйдүн улуу адамдары койгон. Көбүнчө өз ата-энеси алды менен ойлоп «туюкбайга» энчилүү атты белендеп жүргөн болот. Бала төрөлөрү менен азан чакырып берген кишиге баланын атын айтып беришет. Ал азан чакырып ат койгон киши кыргыздын салттык баталары менен коштоп айтып коет. Ат коюу батасы мына ушул ыңгайда айтылат.

**«Жентекке баталар».** Бала төрөлгөндөн кийин ата-эне дароо эле жентек берет. Жентек негизинен сактап жүргөн карындагы сары майды бузуп, тойчук иретинде айлындагылардан бата алууну максат кылган. Баланын жентегин жеш бир маанилүү иш болуп, «Жентегиңди жегемин, жентегимди жедиң беле» дегенге окшош сөз айкаштары калыптанган.

«Жентекке баталар» мына ушул жентек жеген дасторконго берилет. Негизги мазмуну, балага өмүр, ырыс жакшылыктар каалоо болуп келет.

**«Бешикке салуу батасы».** Баланы бешикке салуу кыргыздардын байыркы тарыхынан бери келе жаткан салты. Бешиктүү үйдү кыргыздар олуттуу баалашкан. Жыгаччы усталар бешиктин түрдүүчө нускаларын жасашкан. Ал тургай качанкы бир байкерчилик доордо «алтын бешик, күмүш бешиктер» болгон көрүнөт. Бул оозеки элдик тилде айтылып келет. Бешик көчмөн турмушка ылайык болуп, баланы бөлөп алып, бешикти өңөрүп кете беришкен.

Баланы бешикке салуу аялдарга берген той катары көрүнөт да, ошол бешикке салуу тоюнун дасторконуна жана баланы бешикке салып жатканда бата берилет.

Баланы бөлөөгө белендеп коюлган бешикке ошол айылдын кадырман ак байбичеси баланы колуна алып, бешикке бөлөгөнчө балага бата берет. Батанын негизги мазмуну, балага узак өмүр, ата-энесине амандык каалоо, баланын болочогуна ак тилек сөздөр айтылат. Андан соң бешик той желип жаткан ар бир дасторконго баталар берилет.

**«Кыркын чыгарып, киринтүү батасы».** Бала төрөлүп, кыркы тогошкондо «баланы киринтүү» салты иштелген. Баланы табияттын тунук суусуна беделин жууп, «суудай таза, нурдай сулуу бол» деген мазмундагы ак тилектерди айтып, ымыркайды табият энесинин кучагына салат.

**«Тушамышын кесүү батасы».** Бала жыл маалына жеткенде «каз-каз туруп», бут шилтеп, жөлөнүп басып калат. Мына ошол кезде ата-эне перзентинин тушамышын кыйып койсо, бат басып кетет деген түшүнүк болгон.

Тушамыш кыюуда ата-эне баланын эки бутун кызыл шоона жип менен тушайт да, белгилүү аянтка жаш балдарды чогултуп, аларды жарышка салат. Ким мурда чуркап келсе, ошол бала бөбөктүн тушамышын кыят. Ага сыйлык берет, калган балдар да куру кол калбайт. Бул басайын деп тушамышын кыйып жаткан бала да кийин озуп келген баланы тартып тууштуу болуусун максат кылышат. Мына ошол тушамышын (тушоосун) кыюуда бата айтылып кыйылат. Тушамыш кыюуда берген бата баланын чыйрак, тууштуу болушун каалаган сөздөр, ылдам басып кетүүсүн тилеген ак тилектер болуп эсептелет.

**«Тайга мингизүү батасы».** Жаш балага берген баталардын ичинде баланы эң алгач тай токуп минги-

зип ырымдаган кезде берген бата кирет. «Ат эрдин канаты» деп билген кыргыз ар кандай кезде батасын «аттантуу, тайга мингизүү, ээрге отургузуу» жөрөлгөсүн үзбөй келген. Ошол тайга мингизер кезде бата айтып, ак тилек менен тизгин карматкан. Бул жөрөлгөнү уланткан нерсе да ак тилек, ак баталар болгон.

Майнаптаганда, кыргыздардын жаш балага берген баталары бала өстүрүүнүн бөтөнчө ыкмасы болгон. Түрдүүчө той, жөрөлгө салттарын кармануу аркылуу ымыркайына элден бата алып берип, ал балага эл өстүрүп, алаканында бөпөлөгөнүн, эл алаканы менен ага өмүр, бакыт алып бергенин ар бир перзенттин көзүнө көргөзүп, эл көөдөнүндө кыт болуп жүрүшүн башкы максат кылган.

Кыргызда жаш балага арналган кыска ак тилек сөздөр да болгон. Анда төмөндө ал кыска ак тилек сөздөрдү бата башы кылып, андан соң балага берген баталардын үлгүлөрүн окуйлу.

## ЖАШ БАЛАГА КЫСКА АК ТИЛЕКТЕР

**Көз жарган аялга:** бешик боо бек болсун,
Эсен-аман көз жарып алдыңызбы?
(Жандырмагы: кудайга шүгүр)
Тын-аман жеңилип алдыңызбы?
(Жандырмагы: аман-эсен)
**Перзенттин атасына:** бешик бооң бек болсун.
Чүрпөңдүн жанын таштан кылсын,
Ата-энеси менен ырысын берсин.
Ырыс-кешиктүү болсун!
(Жандырмагы: айтканыңыз келсин)
**Бешикке саларда:** ыйман-ынсабыңы берсин.
Эл сүйгөн эрен бол.
Менин колум эмес,
Теңир ата, Батма, Зууралардын колу,
Ыйлаба, жоош бол.
**Кийим кийгизгенде:** өмүрүң узун болсун,
Ылайым киймиң бат жыртылсын.
Кийиминдин жаны морт болсун,
Өзүңдүн жаның бек болсун.
Эртеңден калбай жыртылып калсын.
**Сүннөткө отургузганда:** Колуң адал болсун,
Атанын алтын казык изи бол,

Ак шамшардын курч мизи бол.
Азамат бол, эр бол,
Ааламдагы шер бол.

**Жалынганда:** өпкө-бооруму чабайын, айланайын, айланып кетейин, садагаң кетейин, садага болоюн, кагылайын, алдыңа кетейин, кубатым, кубары-заадам.

**Өз мүчөсүнө бирге көрүү:** жаным, кара жаным, өпкөм, боорум, жүрөгүм, карегим, кара чечекейим, медерим, ырысым, кешигим, туягым, кудайым бергеним.

**Жакшы көргөн жаныбарларга:** кулунум.

**Асыл таштан:** алтыным, күмүшүм, дарым, көөхарым.

**Даам:** таттуум, набатым, балым, токочум.

**Асман заттарына:** айым, жылдызым, жөлөнгөн тоом.

## КИНДИГИН КЕСКЕНДЕГИ БАТА

Бысмылда, менин колум эмес,
Батма, Зууранын колу.
Улуунун жашын берсин,
Жакшынын башын берсин.
Күчүнүн малын берсин.
Бакайдын өмүрүн берсин.
Эр Агыштын көңүлүн берсин.
Манастай билектүү бол.
Каныкейдей тилектүү бол.
Алмамбеттей улуу бол.
Аруукедей сулуу бол.
Билектүүдөн күчтүү бол,
Жалтырактан түстүү бол.
Аталуудан улуу бол,
Акылдуудан кундуу бол.
Энелүүдөн эрке бол,
Эл алдында серке бол.
Кызыл тилден таңдайлуу бол,
Ырыскыдан маңдайлуу бол.
Оомийин!

## ООЗАНТУУ БАТАЛАРЫ

1

Бисимилда уракман урайым,
Оозуңа май салып турган Умайым.
Алты куйрук ашагын,
Алтымыш аша жашагын.
Жети куйрук ашагын,
Жетимиш аша жашагын.
Кызыл тилден таңдайлуу бол,
Ырыскыдан маңдайлуу бол!
Оомийин!

2

Аркардын этин ашагын,
Алты мүчөл жашагын.
Жейрендин этин ашагын,
Жети мүчөл жашагын.
Токтунун куйругун ашагын,
Токсонго чыга жашагын.
Бактылуу бол, карагым,
Кара көзүм, баралым.
Алтындан болсун тарагың,
Күмүштөн болсун жарагың.
Кубаныч, күлкүң тыйылбай,
Ачык болсун кабагың.
Мактанчы боло бер,
Ата менен апаңын.
Оңунан согуп шамалың,
Орооң болсун оң,
Жолдошуң Кыдыр болсун зор.
Оомийин!

## АТ КОЮУ БАТАСЫ

Аллоо акпар, Аллоо акпар,
Алпейил дайым сактаар.
Теңирим адам берди,
Ааламга адам келди.
Айыл, калаа сүйүнчү!
Арыштаар кадам келди.
Кең пейилге перзент берди,
Касиети бассын жерди.

Берекени баксын элди,
Көлөкөсү тапсын шерди.
Азан айтып, атын коем,
Теңир берген затын коем.
Уул болсо жоодон сактаар,
Эне эмизген сүтүн актаар.
Атаандашпай малын багаар,
Жерин айдап, нанын табаар.
Атасынын мээнети кайтаар,
Алдына дулдул тартаар.
Кыз болсо кырк жылкы,
Кийин жасап, үйүн жабаар.
Энесинин ишин алаар,
Гүлдөй гүлдөп сайма саяар.
Уул бекен, кыз бекен,
Ким болду экен?
Уул экен, уул экен!
Ааламга адам келди,
Айыл, калаа сүйүнчү!
Арыштаар кадам келди,
Ким дейбиз атын?
Көрүнчү бачым,
Анекей отун келди!
Эмесе атын коем:
Отун алып баксын элди.
Жарыя айтам Отунчу,
Айыл, калаа сүйүнчү!
Оо, Отунчу, Отунчу!
Аты болду Отунчу!
Калк сабына кошулчу!
Оомийин!

## ЖЕНТЕК ТОЙГО БАТАЛАР

### 1

Ага тууган чогулуп келдиң,
Наристе бөбөккө бата бердиң:
Алтын башы аман болсун,
Ар балаадан алыс болсун.
Бак дөөлөтү тоодой болсун,
Алтын сандыкка жык толсун.
Байтеректей бийик болсун,
Жоолошконго коргон болсун.

Жол баштаган көсөм болсун,
Үшүгөнгө күн болсун.
Душманына кылыч болсун.
Туушунун тушун сактап,
Чыккан күндөй жарык болсун.
Доско жумшак, касына катуу болсун,
Баскан жери аян болсун,
Арстандай аяр болсун,
Жолуна куту даяр болсун.
Кыдыр ата колдосун.
Оомийин!

2

О, жаратканым,
Бөбөк жанга ыйман берген,
Ылдыйда жөлөк, өөдөдө өбөк болсун.
Ымыркай ырыстуу болсун.
Кесепеттүүнүн сөзүнөн,
Ичи тардын көзүнөн сакта.
Жакшыга жанаштыр.
Жамандан адаштыр.
Ата-энеге кайрымдуу,
Эл ичинде кепке алымдуу.
Өмүрү узун болсун,
Өрүшү кенен болсун.
Кудайым тилекти берсин.
Оомийин!

3

О, Умай эне,
Наристеге күлкү бер.
Күндүн жарыгын бер.
Эненин тилегин бер.
Акылмандын батасын бер.
Суунун тазалыгын бер.
Булбулдун үнүн бер.
Гүлдүн назигин бер.
Эрдин тилегин бер.
Элинин тилегин бер.
Жолборстун жүрөгүн бер.
Тоонун бийигин бер.
Узак өмүр бер.
Өмүрүн узак колдой көр.
Оомийин!

4

О, Кудурет Теңирим,
Дүнүйөгө келген береги жаш бөбөктүн,
Өмүрүн узак, бактылуу кыл,
Ата-энесин, эл-журтун эсен кыл.
Акыл-эстүү, элине керек уул кыл.
Кең пейил, акылман кыл,
Кедейге кайрымдуу, тууганга сүйкүмдүү кыл.
Бак-дөөлөт, ырыскысын бекем кыл,
Даражасын бийик, мингенин тулпар кыл.
Колунда кондурган шумкар кыл.
Колдогонун кырк чилтен кыл.
Келген Кыдырды кетпес кыл.
Оомийин!

5

Наристенин боосу бек болсун,
Ата-энесине шерик болсун.
Азамат болуп эр жетсин,
Аксакал болуп төргө өтсүн.
Азамат болсун көрктүү,
Өмүрү болсун бөрктүү,
Кана-бутагы жайылып,
Арты болсун шериктүү.
Азамат болсун ардактуу,
Мүнөзү болсун салмактуу.
Өмүрү болсун жанжактуу,
Ушул айткандын баары келип,
Теңирим берсин зор бакты.
Оомийин!

6

Ушул бала,
Төрөлөр менен тең болсун,
Пейли кенен, кең болсун.
Чөбү чүйгүн бал болсун,
Соолбогон көл болсун.
Элине аскар бел болсун,
Белдин белин майыштырып,
Өрүшүнө мал толсун.
Өзүнөн туулган балдары,
Жеке-жеке эл болсун.
Оомийин!

## БЕШИККЕ САЛУУ БАТАЛАРЫ

1

Бешик бооң бек болсун,
Ата-энең аман болсун.
Жаман көздөн сактасын,
Балам, эне сүтүн актасын.
Менин колум эмес,
Умай энеңдин колу, оң, оң,
Киндик кескен энеңди сыйла,
Каның тамган жериңди сыйла,
Ак сүтүн берген энеңди сыйла.
Менин колум эмес,
Умай энеңдин колу, оң, оң,
Өмүрүң узун болсун.
Көкө теңир колдосун,
Жаның бек болсун,
Жардыгым кеп болсун.
Теңир атаң колдосун,
Менин колум эмес,
Умай энеңдин колу!

2

Өөмай, өөмай, ак бала,
Ак бешикке жат бала.
Бешигиң кептүү болсун,
Ата-энең эптүү болсун.
Энелүүдөн эрке бол,
Өмүрүң узун болсун.
Тукумуң журттан ашып,
Тууганың канат болсун.
Жети мүчөл жашагын,
Тартпа жоктун азабын.
Билектүүдөн күчтүү бол,
Баатыр болсоң жөлөк бол,
Баарыбызга өбөк бол.
Өөмай, өөмай, ак бала,
Ак бешикке жат бала.

3

Алдей, алдей, бөбөгүм,
Алдей, алдей, бөбөгүм.
Бабаң айкөл Манастай,
Баатыр болгун, эр болгун.

Кабылан болгун, шер болгун.
Ата салтын уланткан,
Ардактап элин кубанткан,
Семетей, Сейтек бабаңдай,
Кызыл жалын чок болгун.
Атылып турган ок болгун.
Кызга: Алдей, алдей, бөбөгүм,
Алдей, алдей, бөбөгүм.
Каныкейдей уз болгун,
Калкың сүйгөн кыз болгун.
Энең сенин уз болгон,
Элиң сүйгөн кыз болгун.

4

Өөмай, өөмай, ак бала,
Ак бешикке жат бала.
Бешигиң кептүү болсун,
Ата-энең эптүү болсун.
Энелүүдөн эрке бол,
Аталуудан артык бол.
Өмүрүң узак болсун,
Өрүшүң жайык болсун.
Тукумуң журттан ашып,
Тууганың канат болсун.
Жети мүчөл жашагын.
Тартпа жоктун азабын.
Билектүүдөн күчтүү бол,
Баатыр болсоң жөлөк бол.
Баарыбызга өбөк бол,
Өөмай, өөмай, ак бала,
Ак бешикке жат бала!

5

Билектүүдөн күчтүү бол,
Жалтырактан түстүү бол.
Аталуудан улуу бол,
Акылдуудан кундуу бол.
Энелүүдөн эрке бол,
Эл алдында серке бол.
Кызыл тилден таңдайлуу бол,
Ырыскыдан маңдайлуу бол.
Жети мүчөл жашагын,
Тартпа журттун азабын.
Билектүүдөн күчтүү бол,

Баатыр болсоң жөлөк бол,
Баарыбызга өбөк бол.
Өөмай, өөмай, ак бала,
Ак бешикке жат бала.

6

Көкө Теңир жар болсун,
Күлдүр ата колдосун.
Камбар ата ун чачсын,
Күндүн пири Күн теңир,
Жарык менен нур берсин.
Умай эне ак чачсын,
Үркөр ата тогошсун,
Кызыр ата даарысын.
Жалпы пирлер колдосун,
Оомийин,
Олдооакпар!

## КЫРКЫН ЧЫГАРУУ БАТАСЫ

«Кырк» атаңдын жөрөлгөсү,
Ата-энеңдин өбөлгөсү.
Кырк уруу кыргыз ичкен суу,
Кырк атабыз кечкен суу.
Кырк ашууну ашкан суу,
Кырк томолонуп келген суу.
Кыр таштарды кырккан суу,
Кызыр атам таткан суу.
Суудай таза бол,
Нурдай сулуу бол.
Оомийин!

## ТУШАМЫШ КЕСКЕНДЕГИ БАТАЛАР

1

Бисмилла рахман ырайым,
Тушамышың кесилди, жыгылба,
Тизеңди айрып ыйлаба.
Кулундай туйлап жүгүрчү,
Канекей өзүңдү сына да,
Жүгүрсөң түздөн сүрүнбө,
Бийикке чыксаң бүгүлбө,
Кабыргаң катып болоттой,

От ойносун түгүндө.
Шаттыктан ташып көңүлүң,
Жаркырап өскүн күн санап.
Жаркылдап шамшар тебингиң,
Жар болсун көктө Теңирим!
Оомийин!

2

Тушооңду кестик, балам,
Эми кара жерге жыгылба,
Балдардан калбай чуркап жүр.
Кулундай оюн салып жүгүр.
Элим — эр,
Досум — шер деп,
Бүгүлбөй өмүр сүр.
Өзүңдү эрдиктен сына,
Жамандан жардам суранба,
Ичиңе кек сактаба.
Билегиңди талдырба,
Жүрөгүңдү алдырба.
Нээтиңди жандырба,
Багыңды сындырба.
Жигит, керге жетип эрте,
Намысты колдон кетирбе.
Жаман тукум дедирбе.
Дайыма алдыга озун,
Үмүтүң узак болсун.
Досуңду сүйүнт,
Касыңды күйүнт.
Теңирим сага тилекти берсин,
Тилеген бата кабыл келсин.
Оомийин!

3

Кесилди балам, тушооң,
Жалтактабай аяк бас.
Бийик болуп учарың,
Аскарларга канатташ.
Душманың казган оруна,
Түшүп кетпей анык бас.
Оомийин!

4

Каз-каз, каз-каз, карагым,
Куттуу болсун кадамың.

Өмүргө аяк баса бер,
Өркөчү бийик ашуудан,
Тайгылбастан аша бер.
Оомийин!

5

Тай-тай балам, тай балам,
Талпына гой, баса гой,
Шилте дагы бир кадам,
Бир кадамды аша гой.
Тай-тай балам, тай балам,
Тартынбагын жүрө бер.
Бешигиң калды коштошуп,
Чырпыктан атты мине бер.
Көтөрүп улам бутуңду,
Татынакай баскының,
Баскан жолуң оң болсун.
Жараткан сени колдосун.
Оомийин!

6

Тай-тай-тай балам,
Жыгылбастан тур, балам.
Тай, тай, тай балам,
Таятаңа бар, балам.
Тору атыңды мин, балам.
Тай, тай, тай балам,
Чоң атаңа бар, балам,
Аргымагын мин, балам.
Чочубастан бек туруп,
Чуркап кеткин, тай, балам.

7

Тай-тай бөбөк, тай бөбөк,
Алды-артыңа май бөбөк.
Каз-каз бөбөк, каз бөбөк,
Жалкоолонбой бас, бөбөк.

Оомат бизде бек болсо,
Оң бутуңду көтөргүн.
Олорго оосо ак сүйлөп,
Сол бутуңду көтөргүн.

Оомат бизде турбайбы,
Оң жак бутун көтөрду.

8

Жакшы жүрүм болсун,
Жанга жеткирбес,
Күлүк болсун.
Жаактууга айттырбас,
Чечен болсун.
Жүз жаш жаша,
Күлүк ат мин.
Жакшы жүрүм-туруму болсун,
Алдууга алдырбас күчтүү болсун.
Жаактууга жеңдирбес чечен болсун.
Жүз жаш жаша,
Арыбас күлүк ат мин!

9

Тай-тай, тай балам,
Тайыба катуу жер бассаң.
Мүдүрүлбө таш бассаң,
Жыгылба күлүк ат чапсаң.
Жигиттин пири колдосун,
Ууру-бөрү тоспосун.
Умай энең колдосун,
Баскан кадам шыр болсун.

10

Атка минерман бол,
Эрөөлдө билерман бол.
Касыңа ок бол,
Досуңа от бол.
Үйүңө көл бол,
Жериңе сөз бол.
Душманга жут бол,
Элиңе кут бол!
Кийимиң кептүү болсун,
Элиң эптүү болсун.
Өмүрүң узун болсун,
Өрүшүң жайык болсун.
Тукумуң журттан ашып,
Тууганың канат болсун!

## БАЛАНЫ ТАЙГА МИНГИЗГЕНДЕГИ БАТА

Мобул ээр бабалардыкы,
Нечен доор, заман баскан.
Бек отур, балам.
Элиңе бул караан.
Сапарың узак болсун,
Бабалардын касиети колдосун.
Атагың Мисирге жетсин
Атың алыстан кетпесин.
Чылбырың уулуң жетелесин,
Зыйнатың элге жетсин.
Кабарың Кырымга жетсин,
Даңкың Урумду жарсын,
Даңканың кылымга калсын.
Ата наркы өчпөсүн,
Өмүрлүү бол, уулум.
Бекем болсун туруң,
Теңир болсун улугуң.
Оомийин!

## ЧҮЧКҮРҮККӨ ЫРЫМ

Ак чүч,
Айран ич.
Кырга чык,
Кымыз ич.

# СОЮШКА ЖАНА ДАСТОРКОНГО БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

Дасторконун кенен жайып, «ээсин сыйласаң, итине сөөк сал» деп, конок эмес итине чейин сый өткөрүп жүргөн кыргыз эли «меймандос» деген даңкты алганына маашырканып келет. Сый адам эмес, жөн эле жолоочуга аш-оокатын берип, «анын батасы тийсин» деп коет да, акчасын сурабайт. Коноктоп алса гана байыгандай туюнган. Батаны мал-пулдан жогору санаган. Кыргыздар конокту бир канча түрдүү атап, ага ошол даражасы боюнча күткөн. Кыргызда: сый конок, уяттуу мейман, азиз мейман, улук мейман, кудайы конок, милдеттүү конок, ач калып, кеч калган конок, жолоочу, аш үстүнөн чыгуучу ж. б. сөздөр менен атап, ал коноктордун күтүлүү жайын белгилеген.

Сый конок, улуу конок дегендер атайын чакырган коноктор болуп, алардын барым-келим байланышына карай союшка бата кылдырган. Мында өтө сыйлуу конокко тай союшуна бата кылдырган. Андан соң өз жарак, жагдайына карай кой жана башка жандыктарга бата кылдырган.

Кудайы конок дегенде, кудайдын буйругу менен келип калган коноктorго каратылган. Мындай коноктордун санына, кадыр-баркына карай күтүп, союшуна бата кылдырышкан.

Милдеттүү конок дегенде, той, ашка келген конокту ошол айыл, же анын туугандары милдеттүү конок алып күтүнүшкөн. Мында үч кишиге бир козу, беш киши болсо токту, жети кишиден көп болсо (он эки кишиден ашырбайт), чоң кой союшка бата кылдырган.

Союшка бата берүү эки мерчемде өтөт: анын бирөө, үй ээси союшту туура тартып, бата тилегенде коноктордун ичинен барктуу, оозунда сөздүү бирөө бата берет. Болуп да тайга бата бергенде, өтө ооарактуу бата тандап берилет. Бул союшка бата бергендик. Бата берилген союш эч качан союлбай калбаган. Дагы бир мерчеми, союшту жеп болгондон кийин дасторконго бата берилет. Бул эки бата тең коноктор жагынан, өтө маанилүү, үй ээсин ыраазы кыларлык деңгээлде жакшылап берилет. Бата сөзү канча күчтүү болсо, коноктордун кадыр-баркы ошончо жогору экенин белгилеп келген.

Ал эми союш мууздарда үй ээси бата менен мууздаган. Батасыз бычак сүрткөн малдан коноктор шекшийт.

**«Дасторконго баталар»** дегенде, союштан бөлөк да көптөгөн дасторкон жайып конок күтүү, мейман кылуу учурлары болот. Кадыресе күнүмдүк эл үч маалкы оокат ичүүдө дасторконго бата берилет. Мындайча айтканда, кыргыздын дасторкону бата менен молугуп, дасторконго карай бата берилип келген. Албетте, «кургак дасторконго бата жүрбөгөн». Ал эми дасторкондо отурган коноктордун өз наркына карай батанын сөз кубаты чыгып, үй ээсин ыраазы кылган. Болуп да ата-эненин уул-кыздарынын дасторконуна берген батасы ошол үйдүн куту катары каралып, ата-эне перзенттеринин дасторконуна улуу тилек, ак сөздөрдү чын дилдери менен беришкен. Андан бөлөк ата-энеге күйүмдүү уул-кыздарга ата-эне бөтөнчө, өмүр боюнча бир эле жолу бүткүл ыраазычылыгын билдирип берген баталары да болгон. Андай бата ар кандай дасторконго берген баталардан маани-маңызы жагынан өйдө турган да, уул-кыздын ата-энеге болгон кызматынын зор сыйлыгы ата-энесининин бөтөнчө берген батасын алуу гана болгон. Ата-энеден мурас алууну ойлогондон көрө, алардан бата алууну ойлогон перзенттери көп.

Дасторконго берген баталардын ата-эненин перзенттерине берген батасы, коноктордун батасы жана өздөрүнүн күнүмдүк дасторконго батасы сыяктуулар болгон. Алардын мазмуну негизинен кыргыздын башка баталарынын негизинде болгон да, өзгөчөлүгү ошол дасторкон ээлерине ден соолук, эсендик, ынтымак-ырыс каалоо тилектери айтылган. Ал эми дасторконго

берген баталардын мазмунуна карай улуулардын кичүүлөргө берип жаткан батасын жана кичүүлөрдүн улуулардын дасторконуна берген батасын айырмалап билүү зарылчылыгы бар.

Дасторконго коноктордун, же дасторкон үстүнөн чыкканда, кыска ак тилек айтып салам бере турган атайын сылык сөздөрү бар.

Төмөндө ошол кыска сыпайы сөздөрдү бет ачар кылып, союшка жана дасторконго бере турган баталардын үлгүлөрүн окуйлу.

## ТАМАК ҮСТҮНДӨ САЛАМ АЙТКАНДА:

Тамагыңар таттуу болсун (жандырмагы: ыракмат)

Жай олтуруп, жакшы тамактангыла.

Тамагыңар аш болсун (жандырмагы: айтканыңыздай болсун)

Ашыңарга берекет болсун. (Жандырмагы: берекетине орток болуңуз)

Тартынбай жеп-ичиңиздер.

Өз үйүңүздөрдөй тамактаныңыздар.

Канакей, дасторконго караңыздар.

Ылайым өз колуңуздардан өз оозуңуздарга аш тийсин.

## ДАСТОРКОНГО КЫСКА БАТАЛАР

Оомийин, ашка береке, башка дөөлөт берсин.
Бала-бакыраңардын күнү-күчүн көргүлө.
Эч нерседен кем болбогула, оомийин!
Оомийин, сыйыңар сый менен кайтсын!
Дасторконуңарга береке берсин,
Мал-жаныңар аман болсун, оомийин!
Дасторконуңар толсун,
Уулуңардын урматын көргүлө,
Кызыңардын кызматын көргүлө, оомийин!
Учуңар узарсын, кулачыңар жайылсын,
Уулуңар урум болсун, кызыңар кырым болсун, оомийин!
Алтын башыңар аман болсун.
Тилегиңер кабыл болсун, оомийин!

## МАЛ МУУЗДАГАНДАГЫ БАТА

1

Сообуң мага, жатың кудай жолунда,
Ай мүйүздүү,
Ача туяктуу арналуу малым,
Сенде кеп жок,
Менде эт жок,
Адамзатмын анчалык эмес алым,
Эрте айтып, кеч калдым,
Кудайым өзүң жалгагын.
Оомийин!

2

Айры мүйүз, ача туяк,
Эрте бактык, кеч кайттык.
Жалынмак бизден,
Жалгамак сизден.
Менде азык жок,
Сенде жазык жок.
Жаның кудайга,
Сообуң бакканга.
Оомийин!

## СОЮШКА БАТАЛАР

1

Ойдо коюң жайылсын,
Омуртка менен куйрук же,
Кырда жылкың жайылсын,
Казы менен карта же.
Байтал бээң кулундап,
Кең жайлоодо туйласын.
Кунажының музоолоп,
Кең талаага сыйбасын.
Оомийин!

2

Телегейиң тегиз болсун,
Өрүшүң семиз болсун.
Тубар малың эгиз болсун,
Сойгон коюң семиз болсун.
Айдан, жылдан аман чыккын,

Элге-журтка жаккын.
Дасторкон менен бейилиңден,
Шыбага, ырыс тапкын.
Оомийин!

3

Оомийин десең мына бата,
Даарысын Кыдыр ата.
Кыдыр кыяласын,
Периште уяласын.
Бак берсин, баш берсин,
Өмүрүңө узак жаш берсин.
Кетпес ырыс,
Кең пейил берсин.
Коргогонго колдош кылсын,
Жалгаганга жалгаш кылсын.
Каргаганга каргыш кылсын,
Мээнетиң ак кылсын.
Муратын так кылсын,
Каба жааган кардан сактасын,
Чаба жааган жаандан сактасын.
Каптай чапкан жоодон сактасын,
Оозу кандуу бөрүдөн сактасын,
Колу кандуу уурудан сактасын.
Ушул үйгө жамандык ойлогон,
Эгерим эки дүйнөдө берекет таппасын.
Оомийин!

4

Айгырыңар үндүү болсун,
Кочкоруңар жүндүү болсун.
Короонор кыктуу болсун,
Коңшуңар ыктуу болсун.
Өгүзүңөр күчтүү болсун,
Инегиңер сүттүү болсун.
Куру сайыңардан суу аксын,
Кылган ишиңер элге жаксын.

5

Бизге берген ашыңыз,
Ачык болсун кашыңыз.
Бизге тарткан башыңыз,
Узак болсун жашыңыз.
Бизге тарткан жамбашың,

Аман болсун мал-башың.
Бизге тарткан омурткаң,
Аман болсун колуктуң.
Бизге тарткан жилигиң,
Өсө берсин тулугуң.
Бизге тарткан кабыргаң,
Айырбасын жакындан.
Бизге тарткан куйругуң,
Туурда шаңшып туйгунуң.
Керменде ат туйлап,
Кемибесин бийлигиң.
Оомийин!

6

*(Согумга бата)*

Согумуң чүйгүн болсун,
Көңүлүң туйгун болсун.
Казаның ток болсун,
Убайымың жок болсун.
Кут конгон төр болсун,
Коногуңун көңүлү өр болсун.
Дасторконуң кең болсун,
Бала-чакаң эр болсун.
Теңирим кеселеп берсин,
Кеселеп берсе, эселеп берсин.
Оомийин!

7

Береке берсин ашыңа,
Бак келип консун башыңа.
Балын татып өмүрдүн,
Бабаңдын жет жашына.
Кубаныч менен досторуң,
Жыйнала берсин кашыңа.
Коюң козулап эгизден,
Эчкиң тууп сегизден.
Майдан колуң кетпесин,
Согумуң болсун семизден.
Айтып турсун коногуң,
Этин ай деп жегизген.
Чалкып жатсын дөөлөтүң,
Ташкан сел, деңиздей.
Башыңа Алла бак берсин,

Адалын берсин, ак берсин.
Атагың кетип алашка,
Астыңа алтын так берсин.
Оомийин!

8

*(Тайга бата)*

Оомийин, тайга бата,
Колдосун Кыдыр ата.
Кызың кыяласын,
Уулуң уяласын.
Эл чети жоосуз болсун,
Эл ичи доосуз болсун.
Өрүшүң оттуу болсун,
Конушуң куттуу болсун.
Колуң берекелүү болсун,
Жолуң маарaкелүү болсун.
Артканың төө болсун,
Сааганың бээ болсун.
Колуңда көгөн болсун,
Оозуңда өлөң болсун.
Кийгениң кымкап болсун,
Мингениң тулпар болсун.
Ырысың ашып турсун,
Аброюң ташып турсун.
Досторуң басып жүрсүн,
Душманың качып жүрсүн.
Өркөнүңөр өсүп,
Өмүрлүү болгула,
Өмүр бою ушундай,
Көңүлдүү болгула.
Оомийин!

9

Бул бейилиңдин барында,
Бир жакшылык көрөсүң.
Келерки ушул маалда,
Келиниң эркек төрөсүн.
Бактыңды Кыдыр колдоп,
Карааның сүрдүү болсун.
Кызың мончоктуу болсун,
Уулуң он чакты болсун.
Короого батпай койлоруң,

Корумда козуң ойносун.
Жылкыларың күтүрөп,
Жылганы бербей жойлосун.
Демиңиз бийик тоо болсун,
Дениңиз дайым соо болсун.
Оомийин!

10

Өрүшүңдө мал жайнасын,
Казаныңда май кайнасын.
Үйүңө бакыт кошо конуп,
Талааңда тайларың тайраңдасын.

11

Сөзүң аталуу,
Дасторконуң баталуу,
Атың жотолуу болсун.
Бээң кулундуу,
Козуң туумдуу,
Төөң ботолуу болсун.
Коюң эгизден,
Эчкиң сегизден туусун.
Келиниң аягы менен,
Койчуң таягы менен жаксын.
Көңүлүң дилдүү,
Башың сыйлуу болсун.
Кызың ыйбалуу,
Келиниң ымандуу,
Уулуң уяттуу болсун.
Өзүң сары тиштүү карыя,
Дөөлөтүң дарыя болсун.
Атың тулпар,
Кушуң шумкар болсун.
Желең бээлүү,
Көчүң төөлүү болсун.
Ишиң жүйөлүү,
Башың киелүү болсун.
Кызың кыйырга,
Уулуң уяга консун.
Сапарың байсал,
Жегениң майсал болсун.
Баяндуу болуп,
Бак-дөөлөт конуп,
Көңүлүң толсун.
Оомийин!

12

Ие, кудурет,
Ушул үйдүн ээсине,
Мол кылып баш бер.
Көбөйтүп баш бер,
Узак өмүр жаш бер.
Аттансын келген коногуң,
Ичпей тоюп,
Ыраазычылыгы түгөнбөгөн,
Ыкылас бер.
Оомийин!

13

Бейилиңе талаанын кеңдигин берсин,
Көөдөнүңө тоонун өрлүгүн берсин.
Бабалардын байрагын берсин,
Баатырлардын айбарын берсин.
Бакай бабамдын акылын берсин,
Кошой бабамдын батасын берсин.
Сыргак эрдин билегин берсин,
Чубак шердин жүрөгүн берсин.
Алмамбет зардын тилегин берсин,
Асман, жер арасын буй кылган,
Айкөл Манастын бир илебин берсин.
Оомийин!

## ДАСТОРКОНГО БАТАЛАР

1

Ашың, ашың, ашыңа,
Бакыт консун башыңа.
Таң мезгили болгондо,
Бөдөнөдөй ойдолоп,
Кыргоолдой жорголоп,
Кызыр келсин кашыңа.
Ден соолугуң зор болсун,
Дасторконуң мол болсун.
Кайда барсаң алдыңда,
Жаркыраган жол болсун.
Умтулганың учурап,
Убадалуу кол болсун.
Басып кеткен жериңе,
Базарлуу калаа орносун.

Теңирим ишиң оңдосун,
Тегерете колдосун.
Оомийин!

2

Ашың, ашың, ашыңа,
Береке берсин башыңа.
Бөдөнөдөй жорголоп,
Кыргоолдой койкоңдоп,
Кыдыр келсин кашыңа.
Сенден байлык өтпөсүн,
Теңирим берген насибиң,
Тебелесе кетпесин.
Чуулдашып маарашкан,
Козучактын энеси,
Соолук бассын үйүңдү.
Эки-экиден сүзүшкөн,
Музоочактын энеси,
Сыйыр бассын үйүңдү.
Кишенешип тебишкен,
Кулунчактын энеси.
Бээ бассын үйүңдү.
Эки өркөчү салпылдап,
Боточактын энеси,
Төө бассын үйүңдү.
От жакалай чыт курсак,
Бала бассын үйүңдү.
Төр жакалай отурган,
Конок бассын үйүңдү.
Шыңкылдашып күлүшкөн,
Келин бассын үйүңдү.
Эртели-кеч сейилдеп,
Элиң бассын үйүңдү.
Сенден байлык өтпөсүн,
Теңирим берген насибиң,
Тебелесе кетпесин.

3

## БАТА ТИЛЕГЕНДЕ

Оомийин деп көтөргүн билегиңди,
Он манжа, сегиз мүчө сын сөөгүңү,
Он сегиз миң ааламдын падышасындай,
Кудай кабыл кылсын тилегиңди.

Каз каркылдап кечкисиз көл бол,
Куш куркулдап өткүсүз бел бол.
Тукумуң журтка таанылсын,
Илимиң башка толуп,
Илебиң ташты жарсын.
Ак батаң так келип,
Жайыл дасторконго жансын.
Казаның кайнап турсун,
Башыңан бакыт кетпесин,
Оомийин, оллоо акпар!

4

Оомийин десең мына бата,
Төрүңдө жорголосун Кыдыр ата.
Кайда болсо жолуң шыдыр болсун,
Жолдошуң Кыдыр болсун.
Кайырлуу кылып дөөлөт берсин,
Өмүрлүү кылып перзент берсин.
Ошол көргөн перзентиңе,
Улукман акимдин жашын берсин.
Кыдыр бабамдын башын берсин,
Көрө албаган пендең болсо,
Коргоочуң бир Теңири болсун.
Тилеген тилегиңди кабыл алсын,
Оомийин!

5

Дасторконуң жайылып турсун,
Казаның майлуу-сүттүү болсун.
Төрт тарабың бай болсун,
Көңүлүң толуп жай болсун.
Уулуң конуп уяга,
Кызың чыгып кыйырга,
Келиниң бүбү атанып,
Уулуң болсун бий, ага.
Бергенден Теңирим танбасын,
Көбөйө берсин мал-башың.
Тилегиң өргө чамдасын,
Досуңдан көңүлүң калбасын.
Жолуң болуп жорткондо,
Жолуңду Кызыр жалгасын.
Дасторконуңдан даам кетпесин,
Өмүрүңдөн маани кетпесин.
Урук-урпак аман болуп,

Көңүлүңө санаа жетпесин.
Оомийин!

6

Дасторконуң жыйылбасын,
Кайгы сага кабылбасын.
Сыймыктуу дөөлөт жашынбасын,
Кара нээттер асылбасын.
Казаның чачылбасын,
Каймагың бузулбасын.
Кайнаган казаның токтобосун,
Калгандар сага окшобосун.
Уулуң урум болсун,
Кызың кырым болсун.
Кызматкериң Кыдыр болсун,
Бир күн эмес сызыл болсун.
Колуң узун болсун!
Оомийин!

7

Дасторконуңарга береке берсин,
Дөөлөтүңөр колуңардан кетпесин.
Тилекти кудай кабыл этсин,
Колуңар асманга жетсин.
Атагыңар ааламга кетсин,
Илээшкен жаман кырсыктар,
Аккан суу га агып кетсин.
Жамандык кууса жетпесин,
Башыңардан бакыт кетпесин.
Катуулукта кайышпагыла,
Кыйындыкта кыйышпагыла.
Досуңарды жатка саптагыла,
Абийириңерди бекем сактагыла.
Элиңерди жолго баштагыла,
Өркөнүңөр өссүн,
Өрүшүңөр кеңейсин.
Теңирим силерге,
Узак, узак өмүр берсин.
Оомийин!

8

Бата башы дың-дың,
Малды берсин миң-миң.
Жылкы берсе ала бер,

От жакалай бата бер,
Адал жүргүн, арам болбо,
Сак болгун, бакыл болбо.
Бузук ишти биле туруп,
Түшпөгүлө жаман жолго.
Оомийин!

9

Байгамбар батасын берсин.
Бай дөөлөтүн берсин.
Теңир ата жан берсин.
Умай эне бак берсин.
Казаныңа аш берсин,
Периштелүү баш берсин.
Берекелүү аш берсин.
Оомийин!

10

Олуя колдо,
Кызыр жолдо.
Пайгамбарым батасын берсин.
Өтпөс өмүр берсин.
Шыбагалуу баш берсин,
Берекелүү аш берсин.
Маңдайыңа жаркыраган бак берсин.
Уучуң узарсын,
Жаның жайылсын.
Өмүрүң узун болсун,
Өрүшүң жайык болсун.
Ырыскың журттан ашсын,
Илебиң таш жарсын.
Эч нерседен кем болбо.
Оомийин!

11

Башыңан бакыт кетпесин,
Башканын каргышы жетпесин.
Балдарың чечен болсун,
Бир тууганың эсен болсун.
Кыдыр сага даарысын,
Кылымга атың таанылсын.
Тилиң кызыл болсун,
Тилегиң узун болсун.
Оомийин!

12

Жети мүчөл жашагын,
Тартпа жоктун азабын.
Баарыбызга өбөк бол.
Ак саамайлуу байбиче бол.
Оомийин!

13

Атам Манас,
Айылың алаш.
Балдарың акын чыксын,
Ар санаага жакын чыксын.
Кыздарың сулуу чыксын,
Кыр-кырынан улуу чыксын.
Оомийин!

14

Тилиң кызыл болсун,
Тилегиң узун болсун.
Бак карасын башыңа,
Кыдыр даарысын ашыңа.
Куру сайга суу аксын,
Элиңе ишиң жаксын.
Берекет берсин ашыңа,
Кызыр келсин кашыңа.
Узун өмүр жаш берсин,
Бала-чака баарыңа (башыңа).
Шыбагалуу баш берсин,
Берекелүү аш берсин.
Маңдайыңа баркыраган баш берсин,
Уучуң узарсын,
Жаның жайылсын.
Өмүрүң узун болсун,
Өрүшүң жайык болсун.
Ырысың журттан ашсын,
Көөнүң толуп жатсын.
Эч нерседен кем болбо.
Оомийин!

15

Ак барчын, кызыл барчын,
Тилиң кызыл болсун,
Тилегиң узун болсун.
Бак карасын башыңа,

Кызыр даарысын ашыңа.
Куру сайга суу аксын,
Кудага ишиң жаксын.
Улуксатың, супатың,
Кипирада акың.
. . . . . . . . . . . . . . . .
Береке берсин ашыңа,
Кызыр келсин ашыңа,
Кыдыр келсин кашыңа.
Узун өмүр жаш берсин,
Бала-чака башыңа.
Оомийин!

16

Гүл алсаң күмүш болсун,
Казынаңа алтын толсун.
Казаның кайнап турсун,
Балдарың ойноп турсун.
Башыңан сыймык кетпесин,
Кас санаган душманың,
Мурадына жетпесин.
Аш бергенге баш берсин,
Узун өмүр жаш берсин.
Оомийин!

17

Оомат келип, кезек айлансын,
Мамыңа эки күлүк ат байлансын.
Жергеге бакыт кезеги келип,
Байчечекей гүл ачып жайнасын.
Жер багыңа оомат кезеги жетип,
Багыңдын башында булбул куштар сайрасын.

18

Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Кудай жалгасын,
Мал-башыңды,
Аман кылсын баарысын.
Кудай бак берсин,
Бак берсе бат берсин
Ырыс берсин,
Ырыс берсе,
Алдан түзүлгөн дурус берсин.

Бактылуу бол,
Баштуу бол,
Узун өмүр жаштуу бол.
Тегелейиң тептегиз,
Малынып турсун майга кол.
Бактылуу болсун балдарың,
Ачылсын багы ар дайым.
Түндүктөн ырыскы куюлуп,
Жолу болсун күн сайын.
Оңолуу киши ар качан,
Колдосун Кызыр ар дайым.
Кудайым балдарыңа бакыт ак берсин,
Бакыт берсе теңдеши жок артык берсин.
Даражасы көтөрүлүп, нур чачырап,
Ырыскысын көөхардан чачып берсин.
Бак карап, Кызыр даарып, ырыс жетип,
Дөөлөтү суудай агып, өсүп-өнсүн.
Оомийин!

19

Баш болсун,
Мал болсун,
Узун өмүр жаш болсун.
Берекелүү аш болсун,
«Ох» деген оору жок болсун,
«Келе» деген доочу болбосун.
Баккан балаа болбосун.
Калк ордунда болсун.
Хан тактысында болсун.
Хандын калабасынан сактасын.
Жаттын дооматынан сактасын.
Айкырып тийген жоодон сактасын.
Агыны катуу суудан сактасын.
Адам өлгөн чуудан сактасын.
Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Эл ичи тынч болсун,
Эмгек кайнап турсун.
Карыларыбыз нускалуу болсун,
Байбичелерибиз берекелүү болсун.
Кыз-келиндерибиз уяттуу болсун,
Уулдарыбыз ыймандуу болсун.
Оомийин!

20

Көңүлүң толо берсин,
Бак-таалайың чынарлап,
Башыңа бакыт коно берсин.
Узак өмүрлүү болгун,
Арстандай айбаттуу,
Ач жолборстой кайраттуу,
Бото тирсек сеңирлүү болгун,
Өнөрүң өрлүү болсун,
Бакчаң мөмөлүү болсун.
Сөзүң жүйөлүү болсун,
Жолуң жөнөлүү болсун.
Оомийин!

21

Көңүлүңө зак кетпесин,
Оору-сыркоо түк жетпесин.
Дили кара душманыңы,
Бир жараткан өзү эптесин.
Дөөлөтүң колуңан кетпесин,
Арчанын жашын берсин,
Жолборстун жүрөгүн берсин.
Акылмандын оюн берсин,
Өмүрүңө береке берсин.
Башыңан багың тайбасын,
Булбулдай үнүң сайрасын.
Жакшылыгың элге тие берсин,
Айткан батам кабыл келсин.
Оомийин!

22

Бактың, дөөлөтүң менен таша берсин,
Душманың кырдан үркүп кача берсин.
Бата ушул — бизден сизге ыракмат жаап,
Кудайым маңдайыңды ача берсин.
Оомийин!

23

Эр жигиттин сыйынтар ар убак, турагы болсун,
Канат берип туйлатар аргымак туягы болсун.
От айлана баш берсин,
Өрүш толо мал берсин.
Оомийин!

24

Улактай тунук бол,
Кичүүгө өрнөк бол.
Жакшыга өнөк бол,
Жаман көздөн алыс бол.
Энеге жөлөк бол,
Улуу журттун башы бол.
Акыл, ойдун кени бол,
Адам таппас сөздүү бол.
Арстандай айбаттуу бол,
Көңүлүң көлдөй бол,
Узак өмүрлүү бол.
Оомийин!

25

Өрүшүңдө мал жайнасын,
Казаныңда май кайнасын.
Үйүңө бакыт кошо конуп,
Пайгамбарым төрүңдө сайрандасын.
Оомийин олло акпар!

26

Эчкиң тууса улагы эгиз болсун,
Эки жылда бир эчки сегиз болсун.
Күзүндөсү көтөрүп сойгонуңда,
Ичинен чара-чара май чыгып,
Семиз болсун.
Оомийин олло акпар!

27

Ээ, байбиче (келинчек) көргөн балаң эркек болсун.
Энекелеп жүгүрүп элпек болсун.
Эр жеткенде эл аралап журт башкарып,
Башыңа бак-таалайдын кушу консун.
Оомийин Олло акпар!

28

Кудай берген дөөлөтүң,
Кубаласа кетпесин.
Теңир берген дөөлөтүң,
Тебелесе кетпесин.
Кас санаган душманың,
Келер күзгө жетпесин.
Серкенин майын ашагын,

Сексенден ашуун жашагын.
Токтунун этин ашагын,
Токсондон ашуун жашагын.
Оомийин!

29

Телегейиң тегиз болсун,
Өрүшүң сегиз болсун.
Тубар малың эгиз болсун,
Сойгон коюң семиз болсун.
Айдан, жылдан аман чыккын,
Элге-журтка жаккын.
Дасторкон менен бейилиңден,
Шыбага, ырыс тапкын.
Оомийин!

30

## АТАСЫНЫН УУЛУНУН ДАСТОРКОНУНА БАТАСЫ

Бирлик берсин башыңа,
Береке берсин ашыңа.
Жакшылык жар болуп,
Жаш кошулсун жашыңа.
Оңго басса талабың,
Көөп кетип ташыба.
Тайып кетсе таманың,
Чүнчүп бекер жашыба.
Арам ойлуу арсызга,
Боло көрбө кошуна.
Алды-артыңды ойлобой,
Иш кылбагын ашыга.
Жолдош болгун эр барктаар,
Жакшы адамдын кашына.
Ошондо жаның жай табып,
Аш кошулсун ашыңа,
Жаш кошулсун жашыңа.
Оомийин!

31

## АЛЫСТАН КЕЛГЕН КОНОК СЫЙ ДАСТОРКОНГО БЕРГЕН БАТА

Абалы Кудай оңдосун,
Арбактарың колдосун.
Бакыт, дөөлөт, мал, башың,
Башыңа кетпес орносун.
Төрт тарабың шай болсун,
Төрт кыбылаң бар болсун.
Элиңе кут, ырыс орносун.
Жериңе тынчтык орносун.
Өсөк, айыңдын чырмагы болбо,
Озбурлардын курманы болбо.
Алыс жолдорду,
Жыш ормондо,
Баткалда, муздарда,
Чаткалда, ызгаарда,
Жазыксыз түшөр жазадан,
Капыстан келер карадан,
Ата-баба арбагы сактасын.
Акылдуу бол, ардуу бол.
Бактылуу бол, малдуу бол.
Катарыңдан алдуу бол.
Курдашыңа кубаныч бол.
Сырдашыңа сынагыч бол.
Ыйлаганга жубаныч бол.
Турмушуңа тунук бол.
Таттуулукка улук бол.
Ыкыласка ыйык бол.
Ата-эне алдында аласа бол.
Ар алдында бийик бол.
Оомийин!

32

## КОНОК АЛГАН ҮЙДҮН ДАСТОРКОНУНА БАТА

Шыбагалуу баш берсин,
Берекелүү аш берсин.
Маңдайыңа баркыраган бак берсин,
Уучуң узарсын,
Жаның жашарсын,

Өмүрүң узун болсун.
Өрүшүң жайык болсун,
Ырысың журттан ашсын,
Көңүлүң толкуп ташсын.
Эч нерседен кем болбо.
Башыңдан бакыт кетпесин,
Башканын каргышы жетпесин.
Балдарың чечен болсун.
Бир тууганың эсен болсун.
Сага жамандык издеген,
Ара жолдо кесел болсун.
Кыдыр ата даарысын,
Кылымга атың таанылсын.
Тилиң кызыл болсун,
Тилегиң узун болсун.
Оомийин!

33

## ЖАШ ЖУБАЙЛАРДЫН ДАСТОРКОНУНА БАТА

Казаныңар ашка толсун,
Үйүңөр башка толсун.
Корооңор койго толсун,
Челегиңер сүткө толсун.
Дасторконуңар майлуу болсун,
Жегениңер жуктуу болсун.
Ак үйүңөр ордо болсун,
Уул үйлөп, кыз узаткыла.
Балдарыңардын багы ачылсын.
Ылайым эле арып-тозбой,
Ойлогон оюңар орундалсын.
Ата-энеңерди ыйык сезгиле,
Тилеген тилегиңерге жеткиле.
Ынтымак менен кол кармашып,
Бактылуу өмүр сүрүп өткүлө.
Ата конушун ээлеп өткүлө,
Эл конушун сактап өткүлө.
Оомийин!

34

## УУЛУНУН ДАСТОРКОНУНА БАТА

Бактылуу бол, багың ачылсын,
Бар күнүң шаттыкка чачылсын.
Төрүңөн жакшылык кетпесин,
Босогоңо жамандык жетпесин.
Кызың мончоктуу болсун,
Уулуң он чакты болсун.
Башыңарга бак консун,
Жараткан ээм жак болсун.
Ынтымак шерик болсун,
Чамгарагың бийик болсун.
Насип ээси ийип келсин,
Берекесин ийип берсин.
Дасторконуңар кең болсун,
Кызыкчылыгыңар тең болсун.
Айлыңар маарекелүү болсун,
Өмүрүңөр берекелүү болсун.
Мал-башыңар ашсын,
Дөөлөтүңөр ташсын.
Оомийин!

35

## ЖАШТАРДЫН ДАСТОРКОНУНА БЕРГЕН БАТА

Көтөр бала, билегиңди,
Кудайым берсин тилегиңди.
Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Айыкпас балаадан,
Жок жалаадан сактасын.
Ата-бабаңдын арбагы колдосун,
Эч жамандык болбосун.
Оомийин!

# АЗА-АШКА БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

Кыргыз маданиятынын үзүктөй бир парчасы өлүм узатуу маданияты болуп эсептелет. Кыргыздын кыргыз болуп аталып келишин сактап келе жаткан өзгөчөлүктүн дагы бирөө как ушул өлүм узатуу маданиятынын өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүгү болгонбу деген ой келет. Дегинкиси, кыргыздарда өлүм узатуу, сөөк чыгаруу салты өзгөчө алкактар боюнча өнүгүп, кандайдыр бир адамдын улуулугун өлүм зыйнаты менен көрсөтүп кое турган бийиктикке алып барып жеткирген.

Кыргыз тарыхындагы дин ишенимдери, доордун салттарына жараша киши өлгөндө аны жерлигине коюу адаты да ар түрдүү болгон. Эң эртеде, кыргыздар өлүктү бийик тоолорго алып чыгып, сеpечеленген жыгачтардын үстүнө коюп, эт менен сөөгү ажыраган соң анан сөөктү жерликке койгондугу жөнүндө баяндар айтылат. Дагы бир баянда «сөөктү этинен ажыратып, кырдырып, кымыз менен жуудуруп» («Манаста») сөөк коюу салты болгон. Азыpга чейин кыргызда «өлүк» чыгарды дебей «сөөк чыгарды, сөөгү менен коштошту, сөөгүн койду» деген сөздөрдү иштеткенине караганда, кыргыз түшүнүгүндө адамдын түбөлүктүү нерсеси «сөөгү» болот экен. Кыз берип, кыз алганда да «сөөк бердик, сөөк алдык» дешет. Майнаптай караганда, кыргызда «жан чыгып кетет, эт чирип калат, бирок сөөк түбөлүк болот» деген түшүнүктөн улам, адамдын сөөгүн кастарлоо адаты калыптанып калган түрү бар.

Ал эми сөөк узатканда, эч качан «жөнөкөй көөмп коюу» болбогон. Тээ, атам замандан келе жаткан бир

сыйра «өлүмдүн зыйнаты» өткөрүлүп, «ыйы жана сыйы» менен даң-дүңү боюнча өткөн. Ыйы — күйүт. Жакындары күйүтүнө кошок кошуп какшанып отурса, ошонун дагы бир жагында сый — ашы өтө берген. Кыргыздын ушул ыйы-сыйын бирге ала жүргөн салтынан өтө кең пейил, чыдамкай инсандар экенине ынанып калат. Ушул ый-сый каадасында бүт эле бата айтуу, ак тилек менен көңүл айтуу салты кыргызда аябай бекем калыптанган. Өлгөндөргө «бата кылып коелу, бата кылып келдик» деген сөздөр «жубатар тилек айттык, ыраматылыктын боюна ак бата айттык» деген маанилерди берип келген. Ошого өлүмдүн каадасы да бата, тилек сөздөр менен, келген дээр элек.

**«Ашын бергенге бата».** Аш берүү кыргызда кара ашын берүү жана жыл ашын берүү деп эки чоң аш берүү болгон. Кара аш дегенде өлүктүн сөөгү жерлигине коюлгандан кийин, анын өлүм зыйнатына берилген маараке (тамак), анын рухуна арналган «бата алып берүү, бата кылдыруу» болгон. Болуп да жашанган адамдардын кара ашы, жыл ашы «той катары» салтанаттуу берилген. Кыргыздардын тоюнда өткөрүлүүчү элдик маараке шөкөттөрү менен коштолгон. Бодо, жандык союлган. Ошол союштарга, дасторкондорго бата берилген. Берген аш кабыл болуп, калган перзент, урук-тууган, күйгөндөрү аман-эсен болуусун тилеп, эл-журт бата берген. Ошону менен берген аштын корутундусу чыккан. «Аш бергенге бата» деген баталар мына ошол аштын союшуна кылган баталар жана ал ашта салган дасторконго берген баталарга карата айтылат. Аш берүүчү ар кайсы баталарды тике туруп кабыл алган.

**«Бейит бекиткенге бата».** Жерлигине койгондон кийин, көбүнчө жыл ашында «бейит бекитүү» салты калыптанган. Мында сөөк коюлган бейитти «көркоо түлкү» ачып койбостугу, жаан, суу кирип кетпестиги үчүн бейиттин чөйрөсүн таш жана кил ботолор менен катырып, коруктап, анан ага эстелик таштарды коборгон. Мына ошол кезде жасалган жумуштарга, ага кызматы өткөн бала-бакырасына бата берилген.

**«Бейит башына бата».** Өлгөн адамдын перзенттери, күйөрмөндөрү дайыма бейит башына барып «бата кылып турган». Ислам дини киргенден кийин «жай башына куран окуу» дегенге алмашылган. Жай башына, бейит башына бата кылганда, көбүнчө өлгөндүн

рухуна арналган тилек, жубатар сөздөр, «жаткан жериң жайлуу болсун» деген каалоолор болуп эсептелет.

**«Карасын түшүргөндөгү бата».** Жыл ашы берилип болгон соң «карасын түшүрүү» каадасы өтөт. Ошондо жакындары «каралуулардын» мурдагы аза күтүп кийип жүргөн киймдерин чечтирип (көбүнчө аялды төркүндөрү) жаңы кийим кийгизет. Болуп да кыргызда илгери «тул салуу» салты болуп тулу алынганда анан карасы түшүрүлгөн.

Аза күтүүдө «тул салуу» салты мындай болгон: кыргыздарда үй ээси болгон эр киши өлүп кетсе, анын кебетесин чопо, таш, жыгач сыяктуу нерселерден сомдотуп жасатып, тирүү кезиндеги кийим-кечесин кийгизип, өргөөсүнүн төрүнө отургузуп койгон да, ал эр кишинин катыны ошол «тул» кебетенин алдында бет карай отуруп ый зынатын бүтөп кошок кошуп отурган. Ал ошол «тулдун катыны» болду деген түшүнүк боюнча, «тул катын» болуп аталган. Ошол тул салган үйгө өлгөн кишинин тапкан дүнүйөсү көрсөтмөгө жайылып коюлган. Ал буюмдар «тул дүнүйө» деп аталган. Өлгөн кишинин аты жал, куйругу кыркылып, ээр токулуп, ал кишинин тирүүсүндөгү тутунган ат жабдыктары бүт эле ээрге бөктөрүлгөн. Мындай ат да «тулдун аты», «тул ат» деп аталган да, көчкөндө жетеленип, эч ким минбеген.

«Тул» өлгөн адамдын жыл ашына чейин турган. Жыл ашынан кийин, «тул алынды» болуп, катындын карасы түшүрүлүп, тулга коюлган буюмдар жыйыштырылган (бала-бакырасы бөлүп кеткен). Тул алынгандан кийин, катын «жесир» деп аталган.

Айтмакчы, кыргыздарда «тул салуу» салты тээ эртеден башталган түрү бар. Андай дештеги себеп, кыргыздардын ата-бабалары эртеде жашаган Эне-Сай өрөөнүндөгү кыргыз көрүстөндөрүндө «моло таш» деп аталып келген таштар адам кебетеси түрүндө сомдолуп, бетине кишинин түспөл сүрөтү, эстелиги чегилген. Бул көр башына коюлган «моло таштар» («эстелик таштар» деп да аталат). Үйгө коюлган «тулдун» көр башына коюлган «тул» түрү окшойт. Ал көрүстөндөрдүн үстүнө коюлган эстелик таштарды «тул таш» эле десек болчудай деген ой келет.

«Тул салуу салты» кыргыздардын билим кампасы болгон «Манаста» да кеңири баяндалат. Демек, аза күтүү маданиятыбыз «Манас» ичинде бизге жеткен.

«Манас» эпосунда эки чоң аш айтылат. Бирөө —

«Көкөтөйдүн ашы». Дагы бирөө — «Манас» эпосунун 6-бөлүмү «Асылбача-Бекбачадагы» Бекбача баатырдын Манас бабасы баштаган кырк төрт баатырдын арбагына арнап берген ашы болуп эсептелет. Мына ушул эки чоң ашта кыргыздардын үйгө «тул салуу» салты баяндалган.

Алып айтсак, «Көкөтөйдүн ашында» Көкөтөй бай өлөрүндө керээз айтып, ал өлгөндөн кийин, өзүнө «тул салбоону, ашты чоң берип, эл-журтту жапага салып, мал-дүнүйөнү чачпоону, тул салып элге дүнүйөсүн көргөзмө кылбоону» тапшырып мындай айтат:

Капкайдагы асылды,
Калдайтып тулга салбасын.
Калкынын көзү түшпөсүн,
Ар түрдүү сонун булума,
Алган жарым Гүлканыш,
Олтурбасын тулума.

«Манас» (Сагымбай Орозбак айтымы. 3-том, 16-бет) ушул баяндан караганда, «тул салуу» абдан чоң маараке болуп, тул салганда, өлгөн адамдын тапкан дүнүйөсү чачылып, кармаган-тутканы көргөзмөгө коюла турганын баамдайбыз.

«Тул салуу» салты, Бекбача баатыр берген «кырк төрттүн ашында» да айтылат. Ашка камылга көрүүгө камданганда Бекбача «тул салууну» ар уруу аксакалдарына мындай орундаштырат:

... Ар уруудан бирден үй,
Он эки канат ордодон,
Бирден камдап алып баргын.
Бар дүнүйөңдү жыйнагын,
Үй ичине тул салгын.
Мен алып барам төрт ордо,
Тул толтуруп, туу сайган,
Кырк төрткө болот үй шондо...
Эшигиңдин алдында,
Бирден атың шай болсун,
Кырк төрт үйгө тул салган,
Кырк төрт катын шай болсун.

Оозунан чыккан сөздөрү (кошогу), шекер менен бал болсун.

*(«Асылбача-Бекбача». Жусуп Мамай айтымы. Бул жазма нускасы 2417—2438-беттер).*

Биз жогоруда айткан кыргыздардын «тул салуу» салты мына ушул жерде анык баяндалган болуп, тул салганда, ошол өргөөнүн ичинде мал-дүнүйө жайылып көргөзмө болорун, тул төргө коюлуп, «тул катын» алдында кошок тартып отурарын, эшик алдында «тул ат» байлануу турарын «Манас» эпосунун өзүнөн көрүп олтурабыз.

Чоң аштарга жоо, душман, өз дебей чакырылчу экен. Кээ бир жоолор ашка эмес, ошол ашта «тулга салынган дүнүйөгө» кызыгып келип, «тул талоо» жоруктары чоң аштарда болуп турган. Бул баян «Манас» эпосунда мындай баяндалат:

Талап алган таңгуттар,
Алтын, күмүш, булумду,
Канча жылдык пулумду.

*(«Асылбача-Бекбача». Жусуп Мамай айтымы. Кол жазма нускасы 1200-бет).*

Аза күтүүдө «тул салуу» салты кыргыздардын «Эне-Сай доорунда» же «Манас доорунда» эле болуп калбай, ушул эле биздин кылымдын башкы ченине чейин келгендиги жөнүндө маалыматтар бар. Алып айтсак, 1912-жылы Кыргызстандын Кичи Кеминдин оозунда өткөрүлгөн «Шабдан баатырдын» чоң ашында Шабдандын тулу салынганын Бөрүбай Кененсарын аттуу киши «Аш-тойлор» деген макаласында минтип эскерет: «Шабдандын ашын башынан аягына көрдүм. Мен 16 жашта элем. Акем Жантайдын башчылыгы астында, Күн Чыгыш сокулук элинен 81 киши бардык.

Тул салган үйгө өкүрүп барышты... Баса, тул салган үйдү тегирич, жабык башы жана туш кийиздер менен коолдогон экен. Шабдандын чен тонун, ийниндеги чачыктуу ченин, дагы башка алтын, күмүш медалдарын тагып, келгендерге көрсөтүп коюптур».

*(«Кыргыздар» аттуу китеп. Кыргызстан басмасы. 2-том. 566-бет).*

«Тул салуу» аны жыл ашынан кийин алуу адаты мына ушундай болгон. Мында тулду алганда, карасын түшүргөндөгү жумуштар баталар менен айтылган.

**«Назырга бата».** Аш берүү кийинки заманда кошумчаларга тушукту. Диндик көз караштардан улам арбактын рухуна «назыр берүү» кирди. Назырга союш союлуп, элге дасторкон жайылды. Мына ошол назыр-

да «куран окугандан» бөлөк, жөрөлгөлүү баталар менен каалоо айтуу, амандык тилөө болгон.

Ал эми оору-сыркоо болгондордун алы-жайын суроо, өлүмгө көңүл айтуунун нускалуу кыска сөздөрү да такай айтылып келет. Төмөндө кыска нуска сөздөрдү жана «аза-ашка баталардын» үлгүлөрүн окуйлу.

## КӨҢҮЛ АЙТУУ АК СӨЗДӨР

Оорудан аман-эсен айыгып кетиңиз.

Кирген оору камырдан кыл сууругандай чыгып кетсин.

Оорунун жаратканы сүйгөн пендесине берет, эчтеке эмес, айыгып кетесиң.

Ооруп жаттым, ойноп турдум дегендей болот.

Ак нээтиңиз ооруңузду жеңилдетет.

**Азага** — кайгырбагыла, ыйлабагыла, ыйлаган менен табылбайт, кайрат кылгыла, бала-чаканын өмүрүн тилегиле.

Маркумдун жаткан жери жайлуу болсун.

Арты жарашсын, бала-чакасын колдой жатсын.

Маркумдун топурагы торколуу болсун.

Маркумдун бейиши болсун.

Бала-чакасын арбагы менен колдой жатсын.

Ыйлабагыла, кыска тарткыла, тообо деп балдардын, артында калгандардын өмүрүн тилегиле (үн тартып жаткандарга көңүл айтуу).

## АШ БЕРГЕНГЕ БАТА

1

Чарыяр болсун достошуң,
Мухаммед болсун коштоочуң.
Кыдыр болсун жолдошуң,
Улукман болсун курдашың.
Мүдүрүлгөн жериңде,
Жети олуя, жети пир,
Керемети менен колдосун.
Көңүлүңө алган талабыңды,
Бир жасаган кудайым,
Кудурети менен оңдосун.
Улууларды сыйласаң,

Боло берсин болбосун,
Толо берсин толбосун.
Таңда макшаар күнүндө,
Бурак болсун мингениң,
Жибек болсун кийгениң.
Үрлөр болсун сүйгөнүң,
Ошол убакта билесиң,
Бул күндө берген ишиңдин,
Батасынын тийгенин.
Малыңдын көр пайдасын,
Башыңдан багың тайбасын.
Оомийин!

2

Намысың колдон кетпесин,
Касташканың талабына жетпесин.
Кеткениңдин топурагы торко болсун.
Караңгы көрү жарык болсун.
Мингени дулдул бурак болсун,
Жүргөнү бейиш-жумак болсун.
Арбак ыраазы болуп,
Кемигениңди бир Алла толуктап,
Азан-казан ортоң толсун.
Оомийин!

## БЕЙИТ БЕКИТКЕНДЕГИ БАТА

Арты кайырлуу болсун,
Калган өмүрүн балдарына берсин.
Арты майлуу-сүттүү болсун.
Жаткан жери жайлуу болсун.
Оор топурагы жеңил болсун.
Жакканы чырак болсун,
Бакканы бурак болсун.
Караңгы көрү чырак болсун,
Кудай өз дарегинде күнөөсүн кечсин.
Жаннаттан орун берсин.
Оомийин!

## БЕЙИТ БАШЫНА БАТА

Теңирим өзү колдосун,
Олуялар оңдосун.

Дүйнөдөгү изгилик,
Алдыңдан чыгып колдосун.
Тар кабырың кең болсун,
Күндүзгүдөй күн күлсүн.
Шам чырагын жаккандай,
Таш кабырдын ичинде,
Ыраатка бата көр.
Күн чыгып таң аткандай,
Жаннаттан жаның жай алсын.
Жараткан эгем кудурет,
Көп батасын кабыл эт,
Күнөөдөн таза жандардын.

## КАРАСЫН ТҮШҮРГӨНДӨГҮ БАТА

Ыраматылыктын топурагы торко,
Жаткан жери жайлуу,
Арты-кийни майлуу болсун.
Мындан кийин ак элечек
Башыңан түшпөсүн.
Оомийин!

## НАЗЫРГА БЕРГЕН БАТА

Медиянда Мухаммед,
Түркстанда Кожохмет,
Мына бу үммөтүңө жар медет.
Бул дүйнөдө жыйганды айт,
Акыретте ыйманды айт.
Эки дүйнө аброюн берсин,
Төрт түлүк малга жарысын,
Алганың менен тең карысын
Төрт түлүгүң өсө берсин,
Журтуңа арнаган ниетиң
Ата-бабаңа тие берсин,
Ата арбагы ие берсин.
Оомийин!

## МАЙРАМДЫК БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

Кыргыздарда жөрөлгөлүү майрамдар болгон. Эң башкысы жаңы жылды тосуу, жыл ажыратуу салты калыптанган. Тээ эртедеги ханзу жазмаларындагы кыргыздар жөнүндөгү баянда, атап айтканда, «Жаңы таңнааманын» кыргыздар баянында: «Кыргыздар жылдын башкы айын Айбашы дейт. Он эки айбандын аты менен аталган мүчөлөр эсебин урунушат, ар бир үч ай бир мезгил деп аталат» ж. б. деп кыргыздардын жыл эсеби, мүчөл эсеби сыяктуу астрономиялык эсепчилигинин өтө төп экенин жазып койгон. Ал эми жыл ажыратуу (нооруз) майрамы болсо, эски жыл кетип, жаңы жыл жаңырганды «Жыл ажыратуу майрамы» деп белгилешкен. Бул «Жыл ажыратуу» майрамы кийин ислам дини кабыл кылынып, арап-парсы сөздөрү киргенде «Нооруз» — но (жаңы) + руз (ай) деген сөз менен алмашылып, кыргыздарда «Нооруз майрамы» деген салт калыптанган. «Нооруз көчө» жасап майрамдаган. Бирок дале «Жыл ажыратуу майрамы» деген сөз кыргыз айылдарынын кээ бирөөндө сакталып айтылууда. «Жыл ажыратуу», «Нооруз майрамы» кыргыздардын улуттук жөрөлгөлүү майрамы болуп, бул эски жылды узатып, жаңы жылды тосуп алуу мазмун кылынган майрам болгон. Кыргыздар «Жыл ажыратууну» чын куран айында өткөргөн. «Чын куранда чыңыртып кулун байлайт» деп жаздын башы, «жер айрылып көк чыккан, желин айрылып сүт чыккан» жана жаныбарлардын ойгонгон (чээндекилери) мезгилине туура келген. Ошого «Жыл ажыратууну» бүткүл табияттын мыйзам ченемине өлчөп эсептешкен.

Жана келип, чын курандын 22-күнү жазгы күн-түн теңелүү маалынын как «ажыроо» сызыгына туура келген. Кыргыздардын мындай календарлык жыл эсептөөсү азыркы замандын календарчылык эсептөөсүнө төп келип жүргөнүн айтсак болот.

«Жыл ажыратуу» (Нооруз) майрамында, үй-үйгө көжө салышып, эт-аш менен «Нооруз берүү» айт майрамы болгон. Көжө буудай, арпа, жүгөрү сыяктуу дандарды түктөп, кайнатып, «көжө, көжө, көлкүлдөк көжөнүн суусу мөлтүлдөк» кылып жасаган. Ага курут, айран катыктап, «жакшы көжө калганча, жаман курсак айрылсын» дешип, көжөгө курсак керип, көжөдөн канча аяк иче алышкандарын өздөрүнүн кубаттуу-күчтүүлүгү менен теңешип ичишкен. Көжөгө жети түрдүү даам салышкан. Ал даамдар жаңы жылда даам мол болсун деген ырым болгону менен, көжөнүн кубаттуу тамак болушуна алып келген.

Көжө ичип айттап жүргөндө ар бир дасторконго «Жыл ажыратуу майрамынын» ак баталарын берип турушкан. Андан бөлөк «Жыл ажыратууда» (Ноорузда) «аластоо» салты болуп, короо четине алоо жагып, балдар эски чийди өрттөп (эски чийди жаздын алды менен өрттөп койсо, жаңы чий жакшы өсөт) аластаткан. Аластаганда «Жыл ажыратуу» (Нооруз) батасын айтышып аласташкан. Өрт ар кандай нерсени тазартат. Эскини күйгүзүп салып, жаңыга алоодой жол ачат, «өрттөй» тууштуу болот деген «отко сыйынуу» ишенимин кыргыздар кылымдардан бери алып келе жатышат.

Кыргыздар «Жыл ажыратууда» «аластоо», арча менен ысырыкташып «Нооруз айтымын» айтып, андагы ак тилек-каалоолорду «арча ысырык» менен бирге үй башына жайышкан. «Нооруз батасы» мына ушундай шарт астында айтылган майрамдык ак баталардын башы болгон.

**«Ырамазан батасы».** Кыргыздар ислам динин кабыл алгандан кийин орозо кармоо адатына көнгөн. «Ырамазан» деген сөз арапча бир канча маанилүү тыбыштардан куралган сөз болуп, башкы тыбышы «ра» рахмат деген мааниден, «м» мехчирет (кечирим), «за» замин (жалчуу), «н» нусрет (кепил) деген маанилерде болуп, «куран түшкөн ыйык ай» деген жалпы маанини берет. Ал эми «жарамазан» деген ырамазанды «жар салуу, жар чакыруу» деген мааниде. Кыргыздарда орозо

айында «ырамазан, жарамазан» айтып, орозо кармагандарга ак тилек, жакшы каалоо тилешип, баягы эле кадимки шырылдаң айткан салтка окшош үй сайын кыдырып «соогат, питир» үмүт кылышкан. Ар бир үйдөгүлөр өз жагдайларына жараша «ырамазан» айткандарга нерсе беришип, ыраазы кылган. Ырамазанчылар өздөрүнүн жакшы каалоолорун алик алгандарына ак баталарын беришип кайткан. Ырамазан батасы мына ушундай шарт алдында берилип, майрамдык салт баталардын катарынан орун алган. Орозо айт майрамы калыптанган.

**«Жаңы жыл майрам батасы».** Кийинки замандарда кыргыздар жаңы календарлык жыл эсептөө маданиятын кабыл алышып, жаңы жылды 1-айда тосуу салтын кабыл кылган. Ошол жаңы жыл тосуу майрамында жаңы жылга жаңы тилек, ак баталар арналган.

Төмөндө майрамдык баталардын үлгүлөрүн окуйлу.

**Майрамдарды кыскача куттуктоо:** Майрамыңар куттуу болсун (жандырмагы: өзүңүздүн майрамыңыз менен бирге болсун).

## ЖЫЛ АЖЫРАТУУ (НООРУЗ) БАТАСЫ

1

Алас, алас, алас,
Ар балаадан калас.
Нооруздун ушул күнүндө,
Арча түтөп ар үйдө,
Шаттык күлкү жаңырып,
Шаң жаңырсын көктөмдө.
Урматына Нооруздун,
Сезиминен кой сойдук,
Дасторконго нан койдук,
Каймак менен май койдук,
Кызыл салган чай койдук,
Ар түрдүү гүлдөн чогулткан,
Аары жыйган бал койдук.
Мал-башыбыз көбөйүп,
Тоо, талаага шаң толсун.
Ак тилектер айтылып,
Арзанчылык мол болсун.
Тынчтыкта жашап элибиз,
Байлыкка толсун жерибиз.

Ынтымак орноп ар үйгө,
Ак таңдай болсун бейлибиз.
Теңирге тообо дейли биз,
Аман болсун дилибиз.
Оомийин!

Алас, алас, алас,
Ар балаадан калас.
Жаңы жылым жалгап,
Жакшылыкка жанаш.
Эски жыл кетти,
Жаңы жыл жетти.
Айдан аман,
Жылдан эсен бололу.
Жер жарылып көк чыксын,
Желин жарып сүт чыксын.
Эгин-тегин бул жылы,
Эски жылдан көп чыксын.

3

*(Нооруз көжөгө берген бата)*

Бакыттуу баш берсин,
Узун өмүр жаш берсин.
Улустун улуу күнүндө,
Уулуң консун уяга,
Кызың консун кыяга,
Дөөлөтүңдү ашырсын,
Душманың сынып басынсын,
Жөөлөгөн бели басылсын.
Менин берген бул батам,
Улуу күнгө сактап жүргөн сүр батам.
Оомийин!

## ЫРАМАЗАН БАТАСЫ

*(Битирге берген бата)*

1

Он эки айда бир келген орозо жан,
Орозоң кабыл болсун туткан адам.
Жарамазан айтып келдик жапсарыңа,
Орносун кут береке баштарыңа,
Жарамазан айткан менен ким тойгон бар,

Нускасын байыркынын ким койгон бар?
Нускасын байыркынын коюп кетип,
Акыретке барганда ким оңгон бар?
Жар Мухаммет айтып өткөн жарамазан,
Аппак үйүң, ак үйүң чатыр болсун.
Ушул үйдө бир балаң баатыр болсун,
Баатырдыктын пайдасы кайра болсун,
Кыл көпүрө кыямат жайда болсун.
Оомийин!

2

Бай-байбиче мал менен,
Карындагы май менен.
Койчусу коюнунан чыксын,
Жалчысы жанынан чыксын.
Уул, кызы көп болсун,
Убайымы жок болсун.
Жакканы арча болсун,
Жамынганы барча болсун.
Жегени жүзүм болсун,
Өмүрү узун болсун.
Айдаганы кой болсун,
Чайнаганы май болсун,
Ичкени инди чай болсун.
Короосуна кой толсун,
Өрүшүнө жылкы толсун.
Казаны толо аш болсун,
Үйү толо баш болсун.
Этеги толо берзент болсун,
Алганың менен кошо карып, бактылуу болгула.
Оомийин аллаху акпар!

3

Ырамазан жар болсун,
Жакшылыгың шар болсун.
Алганыңдын кийгени,
Кымкап, жибек, шай болсун.
Балдарыңдын мингени,
Кара кашка тай болсун.
Тоодак этин ашагын,
Токсонго чыга жашагын.
Улар этин ашагын,
Узак өмүр жашагын.
Оомийин!

4

Атсалоому алейкум жаткан байлар,
Алтын менен күмүшкө баткан байлар.
Ырамазан айтып келдик эшигиңе,
Ак кочкордой бала берсин бешигиңе.

* * *

Жашыл болсун үйүңдүн төтөгөсү,
Зерден болсун кызыңдын көшөгөсү.
Кызыл болсун үйүңдүн төтөгөсү,
Кымкап болсун кызыңдын көшөгөсү

* * *

Балдар бата бериңер,
Байдын көөнү жай болсун.
Балдарынын миңгени,
Мала кашка тай болсун.

Болчу, болчу, болчу бол,
Бөдөнөдөн толчо бол.
Сагызгандан сакчы бол,
Куйрук менен боор же,
Аркаңда жылкың жайылсын,
Кабыргасын, карта же,
Казы, карта тарта же.

## ЖАҢЫ ЖЫЛГА БАТА

Жаңы жыл бакыт жыл болсун,
Кийгениң кызыл болсун.
Өмүрүң узун болсун,
Малың ток,
Убайым, кайгың жок болсун.
Көгөн толо козу,
Желе толо кулун болсун.
Малың базарлуу,
Уулуң назарлуу,
Кызың ажарлуу,
Элиң кызырлуу болсун.
Насибиң таша берсин,
Душманың кача берсин,
Кудайым узак өмүр жаза берсин.
Оомийин!

## АРНАЛУУ БАТАЛАР

*(Түшүнүктөр)*

Кыргыз баталарынын бир тобун «Арналуу баталар» түзөт. Бул баталар кандайдыр бир салтанаттуу маараке өткөрүлгөндө улутка, жерге, көпчүлүк элге арналган баталар болот. Андан бөлөк, кээ бир жерлерге, эл үмүтүн актаган башчы кишилерге, картайган кишилерге берген баталар. Эл алдына чыккан чыгаан акын, баатыр, балбандарга арнап берген баталар кирет.

Арналуу баталардын бир өзгөчөлүгү, ал ошол эле жерден чыгарылып арналгандыгы, ал эми жөрөлгөлүү бата ыкымы менен айтылгандыгы менен башка дайыма айтылып, туруктуу болуп кеткен баталардан айырмаланып турат. Арналуу баталардын эл ичиндеги оозунда куту бар аксакалдар, акындар, төкмөлөр чыгарышып, калк каалоосу боюнча беришкен. Арналуу баталардын төмөнкү түрлөрүнө түшүнүк беребиз.

**«Көпчүлүккө берилүүчү баталар»**. Мындай баталар көбүнчө элдик чогулуштарда, маарекелерде жалпы элге арналган баталар болуп эсептелет. Аны эл алдына сөзгө чыкканда, же атайын бата берүүгө сунуш кылынгандар берет. Алып айтсак, 2000-жылы 12-айдын 31-күнү жуңгонун эң батыш чеби сымаканада «кылым шооласын узатуу маарекеси» болуп өткөн, ошол маарекеде Лийу Шаңчын деген ханзу киши кыргыздарга жазмача бата берген. Мына ушул сыңары элге — журтка башка улут адамдары, же бөтөн жерден келген коноктор бата беришип, ак тилек каалоолорун айтышып (басма сөздө), эл көөнүн жылытышкан. Айткан каалоолору ошол элге жакшылык келишин эл кабылдаган.

**«Карыларга берилүүчү баталар»**. Тегинде улуу кишилер кичүүлөргө батасын берүү жөрөлгө болуп кеткен көрүнүш калыптанган. Бирок карылардын да арналуу маарекелери, куттуктоого тийиштүү ак нээт иштери болгон. Ошондо алардын балдары, жакын тууган-туушкандары куттуктап, ак баталарын арнаган. Карыларга берилүүчү ак тилек сөздөр, ак баталардын айтымдары жаштарга айткан сөздөрдөн айырмаланып айтылган. Көбүнчө «бала-чакаларынын күнүн, убайын, ыраатын көр» деген арноо бата сөздөр көп колдонулган. Карыларга арналган каалоолордун кыска айтыла турган түрлөрү да болот.

**«Эл башчысына берилүүчү баталар»**. Кыргызда өзүнүн коомун жарытып-жалчытууга элин баштаган адамдарды эл башы, баш киши, баш билги киши деп атаган. Ошол баш билги дегенден барып, кыргызда мансап аттары калыптана баштаган. Тарыхый маалыматтарга негиз сүйлөгөндө кыргыздар тээ эртеде баш билги кишилерине «эр» деген мансап атын айткан. (Ханзу тарыхында «Жаңы таңнаамада» кыргыздар баш кишисин «эр» деп атайт деп жазган). Андан «эрен, ноен, берен, таркан, алп» деген башчылык, баатырлык мансаптар айтылган. Андан соң кыргыздар баш кишилерин «ажо, кожо, хакан, хан, идал, иш билги, ишпара» деген сыяктуу сөздөр менен атаганы тарыхта жазылып калган. Ал эми кыргызда «бек, бий» деген башчылык мансап аттары тээ илгертен эле бар экени «Эне-Сай таш эстеликтерине» жазылып чегилген.

Кыргызда бийлик башына, такка олтурганда салтанаттуу маараке өткөрүлүп, эл аксакалы «отурган тагы омоктуу болсун» деген мазмунда бата беришкен. Кан көтөрүү каадасы дайыма бата менен бүткөн. Ал тургай кимдир бирөөнүн мартабасы, зоболосу, даражасы көтөрүлсө, аны жактоо белгиси эл берген бата болгон. Чын эле, эл сүйгөн башчысына күчтүү сөздөр менен бата берип, анын башчылыгын колдоого алган. Элчил башчы да эл батасын актоону көкүрөгүнөн чыгарбаган. Мына ушундай адаттардан улам «эл башчысына берилүүчү баталар» тобу калыптанып келген.

«Арналуу баталар» бөлүгүнө жогоруда биз түшүнүк бергендерден бөлөк, жалпы эле журт үчүн кызматы өткөн, элдин маданиятынын бир шагын көтөрүп жүргөн баатырларга, комузчуларга, ырчыларга, элдин чечендерине, акылмандарына, акын-жазуучуларына ар-

нап атайын баталар берилген. Мына ошолордун бардыгын «Арналуу баталар» деген бөлүмгө киргизип таанууга тийиш болот. Төмөндө «Арналуу баталардын» үлгүлөрүн окуйлу.

## КӨПЧҮЛҮККӨ БЕРИЛҮҮЧҮ БАТАЛАР

***(Кыргыз элине бата)***

Кыргыз элим соо болсун,
Кылымга ишиң оң болсун.
Торолуп уул, кыздарың,
Толкуган көлдөй ой болсун.
Ала-Тоодой козголбос,
Маңдайга багы орносун.
Азап чекпей кары-жаш,
Айлыңда дайым той болсун.
Жеңишиңди көрө албай,
Жезиттер түбү кор болсун.
Айкөл Манас атабыз,
Арбагы менен колдосун!
Оомийин!

***(Көпчүлүккө бата)***

Көпчүлүк — көл,
Көл кургаса — чөл.
Чөл элге келбесин,
Ал күндү кудай
Адамзатка бербесин.
Көл бөксөрбөй толкусун,
Бүгүнкү ишиң көпчүлүк,
Толкуган көлгө окшосун.

1

***(Эл-журтка бата)***

Оо, адамадар,
Өмүр сапар,
Жол жүрөсүңөр.
Жолуңар шыдыр,
Жолдошуңар Кыдыр болсун!
Тилек ак, ниет таза,
Ишиңерди кудай оңдосун.

Өрүшүңөр малга,
Кырманыңар данга,
Дасторконуңар нанга,
Оозуңар майга толсун!

2

Жакшы адамдарды
Теңир жаман көзүңдөн,
Жалган сөздөн сактасын.
Эл намысын коргогон,
Эр азаматтардын,
Башынан сыймык кетпесин.
Карылар дөөлөттүү,
Балдар сөөлөттүү,
Келиндер келбеттүү,
Жигиттер албеттүү болсун!
Барчылык болуп,
Токчулук келип,
Бардык үйдүн түндүгүнөн түтүн булап,
Очок жанып, ордо толсун!
Эл тынч, журт аман болсун,
Ата-баба арбагы колдосун!
Оомийин!

## КӨПЧҮЛҮКТҮН ДАСТОРКОНУНА БАТА

Оомийин десең мына бата,
Даарысын Кыдыр ата.
Периштең уяласын,
Душманың кыйрасын.
Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Эмесе тилекти бер,
Каргагандан калас кыл,
Жалгаганга жанаш кыл.
Ата-энесин ыйлатпа,
Агайынын сыздатпа,
Бала-чакасын аздырба.
Баары журтун тоздурба.
Ыя, көк Теңирим сен колдо,
Ыя, Умай энем, сен жалга.
Көптүн тилегин көлдөй кыл,
Душман тилегин чөлдөй кыл.

Жарык күндү кеңири бер,
Тар көрдүн кеңин бер.
Миң бир түрлүү салаадан сакта,
Жүз бир түрлүү жалаадан сакта.
Көзгө көрүнөр,
Көрүнбөс бардык балаадан сакта.
Оомийин!

## ЭЛГЕ БАТА

1

Ар үйдө аппак сакал кары болсо,
Балпайган байбичеси дагы болсун.
Баласы баары тараптан эмгектенип,
Бактылуу ак мончоктой,
Жар болсун.
Чоң агасы баарына калыс болсун,
Чоң эне суук сөздөн алыс болсун.
Келини кербезденип бой көтөрбөй,
Уулунда урмат менен намыс болсун.
Жакшылык эсебинин чеги жок болсун.
Коогасыз өмүр сүрүп,
Бейкуттук ырыс түнөп,
Ар бир үйдө, ылайым ынтымагы бекем босун.
Оомийин!

2

О, ак жалгасын, ак жалгасын,
Төбөсү ачык көгүм, төшү түктүү жерим,
Ааламды нурга балкыткан күнүм,
Жаңы кылым инсанатка бейпилчилик жалгасын.
Эл бейили чалкар көл болуп чалкысын,
Мекен зоболосу залкар тоо кайкысын.
Ушул жерге, ушул элге,
Жаңы кылым куту түшүп,
Дүйнө көзүн жалт каратып жаркысын.
Жаңы кылымдын асманы ачык болсун,
Жалпы улут ынтымак, ырыска толсун.
Оомийин!

3

Ак кармасаңар алтын болсун,
Гүл кармасаңар күмүш болсун.

Үй-бүлөңөргө бакыт куту конуп,
Эл-журт ынтымак, ырыска толсун.

4

Тоо — ата, суу — энебиз,
Тоодой бийик, суудай тунук өмүр берсин,
Ааламга кутун чачсын,
Бакытка кучак ачсын!
Оо, кыргызым!
Төбөдө күн жаркысын,
Өзөндө суу мүрөк чачсын.
Ак мөңгүдөй, карлуу тоодой калдайган,
Ак калпактуу ушул элге кут айтсын!
Оо, кыргызым,
Миң жылдык күндү арыбас,
Миң жылдык түндү карыбас,
Миң тулпар алып жөнөсүн,
Миң шумкар минип калкылдап,
Миң жылдык жаңы күн келип,
Айлымда бир күн түнөсүн.
Ааламды нурга бөлөсүн!
Оо, кыргызым!
Тулпарың туу көздөй чабылганда,
Шуңкарларың тууруңда шаңшыганда,
Улуу сөздүн устаты «Манас» айтат,
Оо, калайык, кулак түр, эми тыңша,
«Манас» менен кирели жаңы жылга.
Оо, кыргызым!
Улуу Манас атынан бата берем,
Тоолоруңда миң жылдап мөңгү жатсын,
Дайраларың миң жылдап мөңкүп аксын.
Ата журтуң миң жылдап өнүп-өссүн,
Босогосу аламдын майлуу болсуп,
Адамзат бакыбат жашап өтсүн!
Оо, кыргызым!

*(«Кызыл-Туу гезитинен» алынды)*

5

Түтүнүңөр тыч болсун,
Үйүңөргө ырыс толсун.
Келиндериң эстүү болсун,
Уулдарың сестүү болсун.
Балдарың кубаныч алып келсин,
Неберелериң жубаныч алып келсин.

Ай, жылда эмес, күн алыс апкелсин.
Орунуңар төр болсун,
Дасторконуңар мол болсун.
Катарыңар суюлбасын,
Кырчын талыңар кыйылбасын.
Жаштардын казасын көрбөгүлө,
Душмандын жазасын көрбөгүлө,
Элиңдин азасын көрбөгүлө,
Калкыңда бирлик болсун,
Жарашкан тирлик болсун.
Оомийин!

6

Оомийин деп кол жайсаң,
Мен батамды берейин.
Мобу турган көпчүлүк,
Баарыңа бакыт тилейин.
Эч бириңдин башыңа,
Жамандыктар болбосун.
Сапар чыксаң бирөөң,
Кыдыр болсун жолдошуң.
Не тилесең тилегиң,
Кабыл болуп орносун.
Жалгыз Теңири жар болуп,
Арбактарың колдосун.
Оомийин!

7

Ылайым ырыскы төгүлүп,
Ташыган дасторконуңар,
Ушинтип жайнаган бойдон,
Жыйылбай турсун.
Силерге сугу арткандын,
Көзү соолсун.
Эл катары бакыт шактап,
(Жүрө) жашай бергиле.
Оомийин!

8

Асманыңар күндүү болсун,
Адырыңар гүлдүү болсун.
Түнүңөр айлуу болсун,
Турмушуңар жайлуу болсун.
Жайлоолор малдуу болсун,

Жайытыңар дандуу болсун.
Жериңер күрдүү болсун,
Жемишиңер гүлдүү болсун.
Кечүүңөр жайыктуу болсун,
Керилген тооңор кайыптуу болсун.
Эмгегиңер табыштуу болсун,
Элдериңер намыстуу болсун.
Тамагыңар таттуу болсун,
Көңүлүңөр шаттуу болсун.
Көк төрүңөр сулуу болсун,
Көлдөрүңөр куулуу болсун.
Өмүрүңөр ырыстуу болсун,
Өргөөңөр кымыздуу болсун,
Калкыңар түптүү болсун.
Кайратыңар күчтүү болсун,
Кемпир, чалыңар сыйлуу болсун.
Келин-кыздар нурлуу болсун,
Балдарыңар ымандуу болсун.
Бактыңар уландуу болсун,
Башчыңар пир болсун.
Баатырыңар миң болсун,
Бирдигиңер чың болсун,
Бир сөзүңөр чын болсун.
Казыгыңар чынар болсун.
Карганар улар болсун,
Сабоо сайсаңар бак болсун,
Заарда ичериңер ак болсун.
Урматыңар ашып, дениңер сак болсун,
Уугуңар күмүш болсун,
Үйүңөрдө үлүш болсун.
Керегеңер жез болсун,
Келиниңерде эс болсун.
Коргоол сепсеңер конок болсун,
Колу ийрилер чолок болсун.
Таш сепсеңер таруу болсун.
Такыр нээтиңер аруу болсун.
Айгырыңар үндүү болсун,
Ак кочкоруңар жүндүү болсун.
Ботоңор атан болсун,
Боолаган чөбүңөр жашаң болсун.
Торпогуңар бука болсун,
Тойдо жегениңер уча болсун.
Жолуңар шыдыр болсун,
Жолдошуңар Кыдыр болсун.

Кардыңар ток болсун,
Кайгыңар жок болсун.
Телиген козуңар семиз болсун,
Телегейиңер тегиз болсун.
Ааламдай кеңдик болсун,
Айылда теңдик болсун.
Берекелүү жериң болсун,
Бейпил элиң болсун.
Көктө жылдыз болсун,
Көңүлдө кыргыз болсун.
Арчадай шактап өсөлү,
Айдан аман, жылдан эсен өтөлү.
Оомийин!

*(«Кызыл-Суу гезитинен» алынды)*

9

Баш болсун,
Мал болсун.
Узун өмүр жаш болсун,
Берекелүү аш болсун.
Ихи деген ooру болбосун,
Келе деген доо болбосун,
Баккан балаа болбосун,
Калк ордунда болсун.
Хан тактында болсун,
Хандын касабынан сактасын,
Карачанын дооматынан сактасын.
Ашуусу бийик тоодон сактасын,
Айкырып тийген жоодон сактасын.
Агыны катуу суудан сактасын,
Адам өлгөн чуудан сактасын.
Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Эл ичи тынч болсун,
Эмгек кайнап турсун,
Береке жайнап турсун.
Карыяларыбыз нускалуу болсун,
Байбичелерибиз берекелүү болсун.
Келин-кыздарыбыз уяттуу болсун,
Уулдарыбыз ыймандуу болсун.

## КАРЫЛАРГА БЕРИЛҮҮЧҮ БАТА

1

*(Жашап калгандарга кыска ак тилек айтымдар)*

Бала-бакыраңардын күнү-күчүн көргүлө.
Балдарыңардын убайын көргүлө.
Арчанын жашындай өмүр берсин.
Кылым карыта көп жашаңыздар.
Эч качан картайбай жүрүңүздөр.
Сиздер бар болсоңуздар биздин дүнүйөбүз кеңири болот.
Балдарыңардын сыйын көргүлө.
Бала-чакаңардын ыраатын көргүлө.

3

Өмүрүңөр узак болсун.
Оозуңда отуз эки тиш калбасын.
Башыңа бакыт конуп, кемшеңдеп жеген казыдан,
Сакал-мурутуң майлансын.
Небире-чөбүрө жаныңарда
Базар түшүп айлансын.
Сенден тараган урпактын
Эч кайгысы болбосун.
Ушу айтканым кабыл болуп,
Арбактарың колдосун.
Оомийин!

*(Ата-эненин батасы)*

Абалы теңир колдосун,
Ак жолуна жолдосун.
Сыртыңдан кайбат айткан жан,
Акыры жүрүп оңбосун.
Дөөлөтүң баштан кетпесин,
Душманың kууп жетпесин.
Кайрылуу кылып дөөлөт берсин.
Душманың түтөгөн сөөлөт берсин.
Өмүрлүү кылып перзент берсин.
Атам деп жадында жүргөн жанды,
Аркы дүйнөдө Теңирим колдосун.
Энем деп эсинде түйгөн жанды,
Эки дүйнөдө Эгем колдосун.
Оомийин!

*(Баласына берген батасы)*

Башыңан бакыт кетпесин,
Башканын каргышы жетпесин.
Балдарың чечен болсун,
Баары тууганың эсен болсун.
Короон кыктуу болсун,
Коңшуң ыктуу болсун.
Кочкоруң жүндүү болсун,
Айгырың үндүү болсун.
Өгүзүң күчтүү болсун,
Инегиң сүттүү болсун.
Куру сайга суу аксын,
Кылган ишиң элге жаксын.
Кылымга атың таанылсын,
Кызыр сага даарысын,
Тилиң кызыл болсун.
Тилегиң узун болсун,
Эч нерседен кем болбо.
Оомийин!

*(Атанын уулуна берген ыраазылык батасы)*

Мингениң тулпар болсун,
Салганың шумкар болсун.
Көңүлүң жамандык көрбөсүн,
Малың экиден төлдөсүн.
Жайлооң жашыл болсун,
Алганың асыл болсун.
Салганың куш болсун,
Төрүңө кут консун,
Өмүрүңдө жамандык көрбөй,
Көңүлүң толкусун көлдөй.
Жараткан узак берсин өмүрүңдү,
Болбосун жашооң бүлүндү.
Алганың ак уул, кызыл кыз төрөп,
Тебелеп турсун төрүңдү.
Суу кайнаган казаныңда май кайнасын,
Төрт периште төбөңдө тайраңдасын.
Бешенең эгиз болсун,
Ырысың тегиз болсун.
Маңдайың жарык болсун,
Эшигиңден май аксын,
Чайнегиңден чай аксын.
Өмүрүң суудай болсун,

Сакалың куудай болсун.
Ишиң илгери болсун,
Жолуң шыдыр болсун,
Жолдошуң Кыдыр болсун.
Оомийин!

*(Бата тилегенге берчү бата)*

Көтөр, бала, билегиңди,
Кудайым берсин тилегиңди.
Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Айыкпас балаа,
Жок жалаадан сактасын.
Ата-бабаңдын арбагы колдосун.
Эч жамандык болбосун.
Он сегиз миң ааламдын падышасындай,
Кудайым кабыл кылсын тилегиңди.
Каз каркылдап өткүс көл бол.
Куш куркулдап ашкыс бел бол.
Кумайык жортуп өткүс чөл бол.
Тукумуң журтка таанылсын.
Илимиң башка толуп,
Илебиң ташты жарсын.
Казаның кайнап турсун,
Отуң жайнап турсун.
Башыңан бакыт кетпесин,
Жооңо бийлик жетпесин.
Оомийин!

*(Теңтуштарга бата)*

Балдарыңа бакыт берсин.
Бакыт берсе,
Ар дайым артык берсин.
Даражасы көтөрүлүп нур чачып,
Ырыскысын көөхардан чачып берсин.
Бак карап, Кызыр даарып, ырыс жетип,
Дөөлөтү суудай агып, өсүп өнсүн.
Оомийин!

Угумсуз тыңдоочуң болбосун,
Сыңар өтүк сыноочуң болбосун.
Орунсуз мактоочуң болбосун,
Отсуз кактоочуң болбосун.

Отуруп алып чыкпай турганга кез болбо,
Кол кабыш кези келсе,
Үйүңө башын сукпай турганга кез болбо.
Арак берсең алдыңа кетип,
Бербеген күнү боктой турганга кез болбо.
Уятсыз келиниң болбосун.
Ушакчы катының болбосун.
Тамактан кийин кекире көрбөсүн.
Тамак үстүндө чүчкүрө көрбөсүн.
Уулуң какырып үйрөнбөсүн.
Кызың чимкирип үйрөнбөсүн.
Атың арам болбосун.
Конгон үйүң бакыл болбосун.
Оомийин!

***(Курдаштын дасторконуна бата)***

Акылчы бол, даана бол,
Адашканга маана бол.
Жакшыны макта,
Жаманды датта,
Арсызды жакта,
Артыңды сакта,
Арыңды сатпа.
Оомийин!

Берекең тайып качпасын,
Элиңди душман баспасын.
Адал жан болсун анттaшың.
Арыңды күлдөй чачпасын.
Бакыт болсун башташың,
Мейманың бекер шашпасын.
Тириликте тапсаң түз жолуң,
Теңирим берер башкасын.
Оомийин!

## БААТЫРГА БАТА

1

Билектүүдөн күчтүү бол,
Жалтырактан түстүү бол.
Аталуудан улуу бол,
Акылдуудан кундуу бол.
Энелүүдөн эрке бол,

Эл алдында серке бол.
Кызыл тилден таңдайлуу бол,
Ырыскыдан маңдайлуу бол.
Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Кудай бак берсин, ырыс берсин.
Жүз жыл жашап,
Алтын аяктан суу ич.
Оомийин!

2

*(Балбанга бата)*

Байтеректен бүрдүү бол,
Байгамбардан сүрдүү бол.
Чапса кылыч өтпөгөн,
Сайса найза жетпеген,
Этиң болсун темирдей,
Күчүң болсун сеңирдей.
Кырк берише колдосун,
Кыдыр болсун жолдошуң.
Оомийин!

3

*(Мөөрөйгө чыккан баатырга бата)*

Шердей үндүү бол,
Жолборстой сүрдүү бол,
Ажыдаардай заардуу бол,
Карышкырдай каардуу бол.
Буудайдай бутакта,
Талдай шакта,
Карагайдай көтөр.

4

Жолборстун жүрөгүн берсин,
Жорткон эрдин билегин берсин.
Кудаанын кулагына чалынып,
Ушул айткан тилегим келсин.
Байдын дөөлөтүн берсин,
Байлыгын элге жумшап,
Кызыгын урпагы көрсүн.
Дубасы тийсин бакшынын,

Дабасы тийсин жакшынын.
Жаттын жалаасынан сакта,
Жакындын табасынан сакта.
Кер ооз катындын өсөгүнөн сакта,
Капыс келер оорудан сакта.
Карыядан каргыш алба,
Каракчыдан алкыш алба.
Бооруң бүтүн болсун,
Соолугун кутуң болсун
Мөөрөйүң үстөм болсун,
Өсүп-өнүп толуңуз,
Ылайым өкүнбөстөй болуңуз.
Оомийин!

*(Акынга бата)*

Балдарыңар Жээренчедей чечен болсун,
Токтогулдай ырчы болсун,
Толубайдай сынчы болсун.
Буркурап чыккан булутту,
Буруп алган жайчы болсун.
Бурама темир, сом балта,
Буралбай соккон уста болсун.
Оомийин!

## ЭЛ БАШЧЫСЫНА БЕРИЛҮҮЧҮ БАТАЛАР

1

Ээ, Кудайым, бала берсин,
Мал менен башты жана берсин.
Сага кастык кылганды,
Таман астыңа сала берсин.
Аллага жагып азандуу бол,
Агайынга жагып карандуу бол,
Калкыңа жагып адил бол.
Суудай таза,
Жердей балбан,
Аймагын жашыл, сугат болсун,
Сөзүң элиңе кубат болсун.
Өмүрүң узак болсун.
Оомийин!

2

Талпынган талап берсин,
Чалгынга канат берсин.
Баяндуу бакыт берсин,
Карыбас убакыт берсин.
Акылчы бол, даана бол,
Калкыңа камкор маана бол.
Жакшыга жанашып жүр,
Жардыга карашып жүр,
Жамандан адашып жүр,
Жоого тың марашып жүр.
Чалкыгандын чамасын бил,
Ак-каранын арасын бил.
Кубанычтын турагы бол,
Улан иштин булагы бол.
Жакшылардын ынагы бол.
Мээримдүүнүн чырагы бол.
Сабырлуунун сыңары бол.
Бек үлгүнүн чынары бол.
Тууралыктын тумары бол.
Көпчүлүктүн ынаары бол.
Оомийин!

3

А Кудайым, бере көр,
Элиме көлөкөң бер,
Жериме берекең бер.
Баяндуу адамдык бер,
Ашка адалдык бер.
Ырыскың ичтен,
Аброюң тыштан болсун.
Өмүрүң узак,
Эмгегиң өнүмдүү болсун.
Эмине тилесең кабыл болуп,
Кудай тилегиңди берсин.
Оомийин!

4

Күлүк минип күлдөп өт,
Күлдү журтка сүйлөп өт.
Көк жорго минип жолдо өт,
Жалпы журтту бийлеп өт.
Өзүң журттун туягы,
Болгун элдин чырагы.

Нуска сөзүң эп болсун,
Санжыра сөзүң сап болсун.
Калың кыргыз элиңе
Кадырың артып бак консун.
Оомийин!

5

Жакшы адамдарды,
Теңирим жаман көздөн,
Жалган сөздөн сактасын.
Эл намысын коргогон,
Эр азаматтардын,
Башынан сыймык кетпесин.
Карыңар дөөлөттүү,
Балдар сөөлөттүү,
Келиндер келбеттүү,
Жигиттер албеттүү болсун.
Барчылык болуп,
Токчулук келип,
Бардык үйдүн түндүгүнөн түтүн булап,
Очок жанып,
Ордо толсун.
Эл тынч, журт аман болсун,
Ата-баба арбагы колдосун.
Оомийин!

6

Жүзүң нурлуу болсун,
Жүрөгүң сырлуу болсун.
Тилиң ырлуу болсун.
Жигиттин сырттаны атанып,
Өнөрүң сегиз кырлуу болсун.
Бир үйдүн баласы болбо,
Миң үйдүн салаасы бол.
Бир элдин атасы болбо,
Миң элдин даанасы бол.
Бир тонго жака болбо,
Көп колдун агасы бол.
Акты ак деп баала,
Караны кара деп сана.
Өзөгүң талса, өзөн боюн жакала,
Башыңа иш түшсө, көпчүлүккө сагала.
Белге катуу кемер бол,
Өзүңө өзүң кемел бол.

Досуңа адил бол,
Калкыңа адал бол,
Жооңо катаал бол.
Оомийин!

7

Бата бер десеңиз бизге,
Бата бердик сизге.
Качан да болсо бизди,
Той-тамашадан изде.
Кудайым кубат берип сизге,
Урундурбай кыш-күзгө,
Учуратпай суук көзгө,
Жашыңызды жеткирсин жүзгө.
Кудайым көктөн берсин,
Көктөн берсе көптөн берсин.
Кудайым жаздай берсин,
Жаздай берсе жазбай берсин.
Кудайым күздөй берсин,
Күздөй берсе үзбөй берсин.
Кудайым кышай берсин,
Кыштай берсе кыспай берсин.
Кудайым көңүлүңдү жаш кылсын,
Жаш кылса жаздай наз кылсын.
Кастык ойлогон адам болсо,
Кадемин катырып шаштырсын.
Көңүлүн анын пас кылсын,
Кастарын тиккен жооңду,
Кара таш менен бастырсын,
Аброюңду анан ачтырсын.
Аскар тоодой бийиктетип,
Берекеңди көлдөй таштырсын.
Оомийин!

# ТИЛЕК

*(Түшүнүктөр)*

Кыргызда баталар менен тилектин айырмасы бар. Ал баталар кандайдыр бирөөгө арналып, ал үчүн адамдын ээлеринен,табияттын пирлеринен өмүр, бакыт, дөөлөт, ден соолук берсин деген каалоону негизги мазмун кылып, башка бирөөгө сурануу таризде, тиги тилек өзү адамдын ээлеринен (Теңирден, Жараткандан, Кудайдан) «бер, бере көр, сакта ж.б.» деп сураган, табияттын пирлеринен «колдо, жалга, даары» деп өтүнгөн тилектерди негизги мазмун кылат. Атап айтканда, берүүлөргө берилсе, тилек өзүнө кылынат.

Тилек адам муратына жетүүнү көксөөнүн белгиси. Адамдын бүткүл нээти тууралнып, ошол нээтине жетүүдө бүткүл өзүндөгү мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып шыкалып турганда, дагы да кандайдыр бир улуу күч ал тилегине жеткирүүгө колдошун тилеген. Тилектин негизги максаты муратын чыңоо болуп эсептелген да, «тилегиңе жет, тилегиңди берсин, тилектүү жаш» деген бата сөздөр тилекти коштоп берген. Тилек турмушка, жашоого көңүлдүү экенин билгизип, кайратка келүү, белсенүүнүн бүдөөсү катары кызмат кылып турган. Тилектүү жашоо адамзаттын келечекте умтулуусун көрсөтүп тургансыйт.

Тилектин чыгышына себепчи болгон дагы бир нерсе, баштапкы коомдо дүйнө адамзатка сырлуу болуп, түрдүү коркунучтар үкүс кылып турган. Ал коркунучтарга чамасы келбеген, техника өнөрү жетишпеген адамзат кандайдыр бир ээге, жаратканга жалбарып, андан «сакта, колдо» деп тиленген. Азыр ушул күндө да кандайдыр бир оорчулукка, өзү мажирөөлүк кылган ишке кабылганда, кээ бир сырды чече алба-

ган тилек тилешет. Кыргыздар жөрөлгөлүү тилектерден төмөндөгүлөргө түшүнүк бере келет.

**«Ээден тилек».** Бул тилекти жекелер өздөрү ээн отурганда, кандайдыр бир нээтке келгенде, оорчулукка кабылганда адамзаттын ээлеринен суранган тилектер болуп, жакшылыкты, дөөлөттү, өмүрдү ж. б. ларды бер» деп тиленип, өзүнүн оюндагы бөксөлүктү толтуруп, өзүнө топук пайда кылып жашаган. Өзүнүн айткан бул ак сөзүн ээлер угат, билет деген наристе тааным боюнча айтылган. Ээден тилек тилегенде байыркы кыргыздар мойнуна бото байланып, таш оодарып, шаңдуу дөңгө чыгып, агыны катуу суунун боюна барып, эч кимге көрүнбөй тилектерин айткан. Кээ бирөөлөр жайынча отуруп, адам жок кезде үн чыгарып айтып тилек кылган. Кээ бирөө ичинен тилек айткан. Тилеген тилек өзүндө эмне жок болсо, эмне керек болсо, ошону эмнеден корксо, ошондон сакта деп тилеген. Ал эми кыргыздар ислам динине киргенден кийин да, намазды арапча окуганы менен тилекти кыргызча айтып, намаз тилекти аткарып турушкан. Кээ бир тилектер бата катары элге айтылып, кырсыктан, кокустуктан эл- журтту сакта деген тилек тиленген. Ошого кээ бир тилектер бата катары айтылып кете берет.

**«Мерген тилек».** Мергендер аңга чыкканда, капкан койгондо кайберен ээсинен «колдо, жолума жолдуу кыл, жолум болсун, жолум ач» деген тилекти айтып аң уулашкан. Кайберендин ээси болот деген түшүнүк кыргыз аңчыларына кайберенди опсуз кырбоонун чектеме күчү катары көрүнүп келген да, опсуз кырса, кайберен ээси жазалап Кожожаш сыяктуу аскада калат дегенден коркушкан. Ошого аң уулаганда, алды менен кайберен ээсинен тилек тилеген.

**«Байгеге тилек».** Байге кыргыздардын тууштуулугун, ат таптоо саяпкерлик өнөрү менен мөөрөйгө жетүүнүн эң чоң сыноосу болуп баш байгени алуу олжонун молдугуна жетүү гана эмес, кадыресе, баш байге алган киши, уруу, эл, айыл өзүнүн күч, кубатын, (бир айбанды канат жасабаса да башка өнөр менен эң алдыңкы катарга чыгара алган) акылмандыгын көрсөтүүгө жетишкен. Кыргыздар табияттын башка бир мүчөсүн өзүнө үйрөтүп алуу жагынан мактанарлуу өнөрү бар экенин мындай эки нерсени мисалга тартып мактанып жүрөт. Анын бирөө, аргымакты эң эле жүдөп

жүрбөгөн тайдан чыгарганын, ал тайдын өзүн көрбөй туруп, тезегинен эле аргымак болор жылкы экенин таанып, аны таптап аргымак кылып алганы бул өнөрдүн эң чокусуна жеткен экен. Дагы бирөө, алгыр куштан эмес, адам эң жаман көргөн канаттуунун чабалы «жоорду айра чокуган» сагызганды таптап ага кийик алдырган өнөрү чын эле мактанууга татыйт. Мында айтып кетели, сагызгандын биринчиден, суктугунан, экинчиден, тумшугунун курчунан пайдаланып керексиз нерсени тактап, керекке жараткан. Сагызганды кармаган соң, кийик кеп жасап, кийиктин эки көзүнө жакшы этти байлап, күндө чокутууга көндүргөн. Өз табына жетип колго көнгөндө , кадимки эле куштай аны кийикке салганда, закымдап учкан сагызган тиги кийиктин эки мүйүзүнүн ортосуна конуп алып (кийик сагызгандан үркмөк тургай тоотуп да койбойт), анын көзүн олуй чокуп, эки көздөн ажыраганда, мерген барып кийикти кармап алганга жетишкен. Бул өнөр чын эле мүлүшкөрдүк жактан мактанууга татыйт. Ал эми алгыр кушту таптоо ар кимдин эле колунан келбес, сагызганды колго көндүрүп, аны керекке жаратуу, табияттын, болуп да канаттуулардын сырын билген алымкандардын колунан келген.

Айтарлуусу байге кыргыз турмушунда түрдүү жактардан караганда өтө маанилүү чоң жарыш болуп, андан аты чыгууну ар ким тилек кылышкан. Мээнети менен тилеги жеткендердин аты байгеден чыккан. «Байге тилегин» атты кое берерде бата катары айтса, байгеден келгиче ар ким өз тилегин ичинен айтып көксөп турган.

**«Суу кечкендеги тилек».** Кыргыздын мифтик (аңыздык) түшүнүгүндө суунун ээси (пири) Сулайман деп тааныган. Улуу суу тили жок жоо, мындай жоого кабылган киши суудан аман-эсен өтүүнүн тилегин кылган, суунун пиринен, ата-баба арбагынан колдоо талап кылып айткан. Бул «суу кечкендеги тилек» болуп калыптанган.

**«Дамбыр таш» (жаан тилек).** Кыргызда алгачкы жаан жаап, күн күркүрөгөндө жаанга чыгып, челек калдыратып, «Дамбыр таш» деген тилекти айтышкан. Чагылгандын пири, күндүн пиринен жаан көп жаашын тилеген. Күндүн жаашы «жаан менен жер көгөрөт, бата менен эр көгөрөт» деген макал менен корутундуланган. «Дамбыр ташты» үйдөгү балдар челек

калдыратышып айткан. Андан бөлөк жаан жааганда балдар айта турган дагы жаан тилөө айтымы болгон.

**«Уктардагы тилек».** Түнкү бейпилдикти, амандыкты тилөө кыргызда илгертен калыптанган. Көбүнчө жашанган кишилер уктаардын алдында тилек тилеп, өздөрүнө дем берип уктаган. Кээ бир жалгыз уктагандар да уктаарда тилек сөздөрдү айтып өзүн толуктап, топук алып уктоо адатына айланган. Ошону менен «уктаардагы тилек» айтымы калыпташкан.

**«Жаңы айга тилек».** Кыргыздын байыркы ишениминде асмандагы заттарга сыйынуу болгон. Анын бир күбөсү азыргa чейин жаңы айды көргөндө ага жүгүнүп, «айга тилек» айтуу жөрөлгөсү келе жатат. Айдын жаңырган түсүн байкоо, ошого карай аба ырайын жоромолдоо кыргыздын ойчул кишилеринде болгон. Ошол жаңы туулган ай элге-журтка жакшылык алып келсин, кырсык болбосун деген тилектерди айтышкан.

**«Төлгө тилек».** Төлгө салуу, төлгөгө ишенүү тээ байыркы «сыйкырчылык өнөрүнө» ишенген доордон баштап кыргыздарда келе жатат. «Манас» эпосунда Манастын атайын төлгөчү адамдары болуп, жоо жактын төлгөчүлөрүнүн абалын, болор иштин жоромолун айтканы баяндалат. Төлгө салганда төлгөсүнө атайын тилек айтымы айтылып, «төп түш, оң түш, ооп түш» деген сыяктуу тилектерди айтат. Төлгө тилекти төлгөчүлөр гана айткан.

**«Жай таш тилеги».** Жай таш тилегин байыркы кыргыздардын «кам» деп аталган бакшылары айтышкан. «Кам» уйдун өтүнөн чыккан «жээк ташты» алып, аны суугa салып, булут пирлеринен тилек тилеп, жаан жаадырууну суранган. Бул да илгерки наристе түшүнүк боюнча жасалган аракет болуп, сыйкырчылык замандын адамдар мээсиндеги тагы эсептелет. «Жай таш», «жаан таш» дегенден буруп айтылганы болуп, жаан тилеги жайчылар жагынан айтылганы.

**«Бакшы тилек».** Кыргыздар качанкы бир доордо шаман динине ишенген. Шаман дини кезинде билимдүү, окумуштуу адамдарды бакшы деп атаган. Азыр да моңгулдар мугалимди «бакшы» деп айтышат. Түркияда түрктөр акынды «бакшы» дешет. Кыргыздар «жин кууй турган, илээшкен, жабышканды кууй турган жөндөмү бар» адамды «бакшы» деп атайт. Байыркы шамандык таасир боюнча ооруган адамга «бак-

шы ойнотуу» болуп келген. Ал бакшылар өзүнчө өзгөчө уйкаштуу айтым менен пир чакырып, «илдетти айдатуу» аракетин жасашкан. Мында да пирлерден тилек тилөө, сүрлүү пирлерди чакырып, андан күч тилөө айтымы айтылган.

Төмөндө тилектердин үлгүлөрүн окуйлу.

## ТИЛЕК

1

Ыя Теңири, эске ал,
Өзүңдөн башка пенденин,
Сүйүнө турган неси бар.
Ыя Теңири, абалы өз каарыңан сакта,
Шайтандын заарынан сакта,
Кадамы катуудан сакта.
Карарып-түнөргөндөн сакта,
Куюлган уудан сакта.
Жыйылган доодон сакта,
Каптаган чуудан сакта,
Ташыган суудан сакта.
Онтотуп жаткан дарттан сакта,
Өчпөс өрттөн сакта,
Кетпес кектен сакта.
Оомийин!

2

Ыя Теңири,
Арамды адал дегизбе,
Катынды базарчы кылба,
Нааданды азанчы кылба.
Жерим тозбосун,
Элим азбасын.
Оомийин!

3

Сакта Кудай.
Арбак колдо.
Жараткан жар бол.
Олуям демей көр,
Кыдыр ата жебей көр.
Касиетиңден айланайын,
Колдо пирим,

Колдо бабам.
Тил, көздөн сакта,
Медет бер баба.
Оомийин!

4

Балаадан сакта,
Жалаадан сакта.
Кооптон сакта, чууттан сакта,
Түн жатып тушуңа чыккандан сакта,
Озунган бөрүдөн сакта.
Оозу кан уурудан сакта,
Күлүп кирип, күңгүрөнүп чыккандан сакта,
Дос болуп, кас болгондон сакта.
Оомийин!

5

Ыя, Кудурет,
Суук көздөн сакта,
Кайбаат сөздөн сакта.
Мезгилсиз өлүмдөн сакта,
Көөдөнсүз келинден сакта.
Татымсыз туздан сакта,
Арсыз кыздан сакта.
Капылет ордон сакта,
Кайрымсыз зордон сакта.
Жамгырсыз жаздан сакта,
Тагдырсыз таздан сакта.
Бакты берсең, бактылуу кылып бер,
Дөөлөт берсең, кайырлуу кылып бер.
Аял берсең, сүйүктүү кылып бер,
Уул берсең, улуктуу кылып бер.
Келиндин келиштүүсүн бер,
Аттын желиштүүсүн бер.
Тирүүбүзгө тилек бер,
Өлүүбүзгө жумак бер.
Ушул тилегимди бөлүп-жарбай,
Үйүп-төгүп бир ак бер,
Оомийин!

6

Ыя, Жараткан, колдой көр,
Бак дөөлөттү өлбөс кыл,
Жалгаганга жалгаш кыл,

Ала оoздуудан алыс кыл,
Көрө албастан калыс кыл.
Ниеттери пак болсун,
Мээнеттери ак болсун.
Тилектерин асыл кыл,
Нээттерин кабыл кыл.
Өпкөсүн чаң өрдөбөс,
Жүргөн жерин жашыл кыл.
Оомийин!

7

Далактатар тоодон сакта,
Жалактатар жоодон сакта.
Ачыккан бөрүдөн сакта,
Кара жердин көрүнөн сакта.
Ашынган уурудан сакта,
Кулкуну курудан сакта.
Душмандын каарынан сакта,
Ичи жамандын заарынан сакта.
Аяк алдынан кезигээр,
Балаа-жалаанын баарынан сакта.
Оомийин!

8

О, Жараткан,
Өлүмдүн тезинен сакта,
Андан калса сегизинен сакта,
Андан калса эгизинен сакта.
Кандын каарынан сакта.
Карачанын дооматынан сакта,
Бакбай балаңдан сакта,
Жаппай жалааңдан сакта.
Капсалаң болгон жуттан сакта,
Кара өзгөй болгон доодон сакта.
Аңдыган уурудан сакта,
Абайсызда тийген жоодон сакта.
Оомийин!

9

О, Кудай,
Кандын каарынан сакта,
Төрөнүн заарынан сакта.
Өктөгөн өкүмдөн сакта,
Онтогон оорудан сакта,

Кежирлердин дооматынан сакта.
Качырганы шамалдай,
Кайсаганы камандай,
Кандын кабыланынан сакта.
Күрүлдөгөн көчкүдөй,
Төрөнүн дөлөңгүтүнөн сакта.
Жабуулаган жалаандан сакта,
Таңуулаган балаандан сакта.
Күлүп киргенден сакта,
Күңгүрөнүп чыккандан сакта.
Сасык арамзаанын ушагынан сакта,
Эшек арамзаанын тушагынан сакта.
Оомийин!

10

О, Кудай!
Айланайын, өзүң колдо,
Өйдө-ылдыйда, ашууда, татаал жолдо,
Шайтанга азгыртпа ач көз кылып,
Кулкумду буза көрбө, ниетимди оңдо.
Сагызганча шакылыктатып кичилетпе,
Чар каргача чырылдатып, кишенетпе.
Кай жерде, кайсы тойдо олжо бар деп,
Түлкүчө жойлоттуруп шимшилетпе.
Жон жоруча жонго коюп, тарп күттүрбө,
Кол жооругуча үксөйтүп баш мүлжүтпө.
Карышкырдан калгандын кардын жарып,
Кашкулакча капталдан сүйрөттүрбө.
Кузгунча таң заардан куркулдатпа,
Каргача кайдалатып тарпаңдатпа.
Кайда болсо напсим тыйып, ыйман берип,
Касиеттүү элиме уят кылба.
Оомийин!

11

Жалга Теңир, кабыл эт,
Жалгоонун камын эт.
Ызат, аброй, бак, дөөлөт,
Кызыр карап, бак конуп,
Эмне тилек тилесең,
Ошонун баарын кабыл эт.
Ыйманымды түгөл эт.
Достун көңүлүн ача көр,
Душман көңүлүн баса көр.

Тозоктогу оттон как,
Насип каккан жоктон как.
Адилтикти бургандан сакта,
Кайрымсыз туугандан сакта,
Нанды тепкен кесирден сакта,
Ырысты чанган келинден сакта,
Мезгилсиз келген өлүмдөн сакта,
Татымсыз туздан сакта,
Уятсыз кыздан сакта,
Жигиттин аңкоосунан сакта,
Жаштардын жалкоосунан сакта,
Агайындын бүтпөс доосунан сакта.
Оомийин!

12

Ыя, Жараткан кудурет,
Ниети кара, жегени арамдан сакта.
Күлө кирип, күңгүрөнө чыккандан сакта,
Өтпөс бычактан, баспас күлүктөн сакта.
Эл ичин ыдыраткан бүлүктөн сакта,
Жетим-жесирдин ырыскысын ашагандан сакта.
Аманатка кыянат жасагандан сакта,
Ыя, Алла, кооп, коогадан сакта,
Ооруу-сыркоо, балаа-жалаадан сакта.
Жетесиз уулдан сакта,
Никесиз кыздан сакта.
Оомийин!

13

Аброй бер, аман сакта,
Өрттөн, суудан сакта,
Тилсиз жоодон сакта.
Тилишкен чуудан сакта,
Күлө кирип, күңгүрөнө чыккандан сакта,
Жөндөн жөн келген балаадан сакта.
Балаадан жаман аялдан сакта,
Желиккен жеңеден сакта,
Балаа алып келер теңгеден сакта,
Чочуган желинден сакта.
Кетпес кезик келинден сакта,
Дос болуп, кас болгондон сакта,
Арам дүнүйөгө мас болгондон сакта,
Кыдыр колдосун,
Башыбызга бакыт консун.
Оомийин!

14

О, касиеттүү Кудурет,
Тилди билбегенден сакта,
Дилди сыйлабагандан сакта.
Кайрымсыз тууган дан сакта,
Коогалуу катындан сакта.
Ыймансыз баладан сакта,
Жамандын көзүнөн сакта,
Оозу кандуу бөрүдөн сакта.
Тескери батадан сакта,
Элди балаадан сакта.
Оомийин!

15

О, Кудурет, Жараткан,
Башыбызга эсендик бер,
Дөөлөт, бакыт, ынтымак бер.
Жерге жамгыр бер,
Бакырга байлык бер,
Азалуу үйгө шаттык бер.
Карыга сөөлөт бер,
Балага абийир бер.
Кемпирге келбет бер,
Келинге ыйман бер.
Жигитке эрдик бер,
Элге береке бер.
Ырыскы менен даарый кет,
Ушул тилегибизди кабыл эт.
Оомийин!

16

О, Жараткан,
Айдан аман сакта,
Жылдан эсен сакта,
Жаман ойдон сакта,
Жазакер азгырыктан сакта.
Жабыркаткан оорудан сакта,
Жалаңдаган жоодон сакта.
Жамандын жалаасынан сакта,
Жазатайым жолуңан сакта,
Жашырынган ууруңан сакта.
Жалындаган өртүңөн сакта,
Жанталашкан сууңан сакта.

Улуу жолдо туш келер,
Балаа капсабыңдан сакта.
Душмандын табасынан сакта,
Кол жайып бата бердик,
Колдосун Кыдыр ата.
Оомийин!

17

О, Кудай,
Олуя колдо,
Жалгамак сенден,
Жаңылмак бизден.
Кимди жалгасаң ошонун арасында,
Элди-жерди колдой көр,
Ашка береке, башка дөөлөт бер.
Кең пейил, ырыс бер,
Бала-чакага узак өмүр бер.
Жакшыны көп кыл,
Жаманды аз кыл.
Оомийин!

18

Оболу Кудай оңдой көр,
Оң жолуңа жолдой көр.
Адашса жолго сала көр,
Мүдүрүлсө колдоп ала көр,
Кездешсе шайтан кага көр.
Жакшыларга жанаштыр,
Жамандардан адаштыр,
Жылдыздарга жалгаштыр.
Оомийин!

19

Жамгырсыз жаздан сакта,
Жапа чеккен аздан сакта,
Касиетсиз кектен сакта,
Кегин кууган көптөн сакта.
Булуттун аласынан сакта,
Элдин балаасынан сакта.
Дос болуп, кас болгондон сакта,
Күлө кирип, күңгүрөнө чыккандан сакта.
Оомийин!

20

Ээ, Кудайым сакта,
Бакыт бер башка,
Соолук бер жашка.
Бармын деп ташба,
Жокмун деп арыба.
Береке бер,
Ичип-жеген ашка.
Оомийин!

21

Ыя, Жараткан кудурет,
Жамандыкка жазбасын,
Жакшылыкка баштасын.
Мал ээси Жер эне,
Жан ээси Көк ата.
Не тилесе Азирет,
Эткен нээтти кабыл эт,
Кабыл этсең, Азирет.
Оомийин!

22

Теңир, Теңир!
Тогуз жалбырактуу ыйык кайың сайдык, Теңир!
Тогуз козу биз сойдук, Теңир!
Жакшылыкты жерге, элге жалга, Теңир!
Жамандыкты жерден, элден качыр, Теңир!
Жашообузду оңдо, Теңир!

23

Оо, Кудай!
Кандын каарынан сакта,
Төрөнүн заарынан сакта.
Өктөгөн өлүмүңөн сакта,
Онтогон ооруңдан сакта.
Кежирлердин дооматынан сакта.

Оо, Кудай!
Канга жүгүнүп салам айтам,
Алик алар.
Качырганы шамалдай,
Кайсаганы камандай,
Кандын кабыланынан сакта.
Төрөгө кол куушуруп кулдук кылам,
Башын ийкер.

Күрүлдөгөн көчкүдөй,
Күүлөнгөн борошондой,
Төрөнүн дөлөңгүтүнөн сакта.
Өлүм болсо моюндагы милдет,
Оору болсо кезектеги илдет.
Жабуулаган жалаадан сакта,
Таңуулаган балаадан сакта.

Доомат болсо аягы тынат,
Доо болсо берип кутулат.
Күлүп киргенден сакта,
Күңгүрөнүп чыккандан сакта.
Сасык арамзаанын ушагынан сакта,
Эшек арамзаанын тушагынан сакта.

24

Атың жакшы Теңирим,
Мен бир тилек тилейин.
Ак мүйүзү чакмактай,
Тегерек куйрук кочкорду,
Малды берсең койду бер.
Уул берсең бойлуу бер,
Журтка акыл салгыдай,
Акылы артык ойлуу бер.

25

Кудай кулум дегейсиң,
Маметим үмөтүм дегейсиң.
Чалыяр досум дегейсиң,
Оозу кандуу бөрүдөн сакта.
Колу кандуу уурудан сакта,
Шайтандын шарынан сакта.
Каапырдын калабасынан сакта.
Күн күркүрөгөндөн сакта,
Түн түбүрөгөндөн сакта,
Кыйкырган жоодон сакта,
Келе деген доодон сакта.

26

Ат берсе ала берсин,
Томолок баш бала берсин.
Эчки берсе теке берсин,
Эшиги ачык Меке берсин.
Пайгамбар мазарын берсин,

Кызырым назарын берсин.
Оомийин!

27

Жаш баланын күлкүсүн бер,
Жан эненин уйкусун бер.
Жоомарттын колун бер,
Жолдоштун жолун бер.
Кыздын кылыгын бер,
Уздун учугун бер.
Суунун тунугун бер,
Азоонун арымын бер.
Айлуу түндүн жарыгын бер,
Эгиздүү улагын бер,
Эки айрык шыбагын бер,
Аскар тоонун салкынын бер,
Булбулдун таңкы үнүн бер,
Талаанын жарыктыгын бер,
Гүлдүн назиктигин бер.
Деңиздин тереңдигин бер,
Дүйнөнүн кереңдигин бер.
Кыраандын көрөгөндүгүн бер,
Эрдин билегин бер.
Шердин жүрөгүн бер,
Түбөлүккө ажырабас,
Чын ашыктын тилегин бер.
Оомийин!

## МЕРГЕН ТИЛЕК

Кайберен ата чеберим,
Сыйынамын мен сага.
Менин жолум кайыптан,
Алла Таала буюрган.
Күндөп-түндөп көп басам,
Буюрбассың айыпка.
Каргашалап жанымды,
Тоо-ташыңдан тайылтпа.
Куру кол бекер келбейин,
Кайберен аткан айыбыма.
Аркар-кулжа аралаш,
Алдыма тушташ аралаш,
Кайберен атам, чеберим,
Ырыскым колго бере көр.

## БАЙГЕГЕ ТИЛЕК

Аа, Кудайым, ак сары башылым,
Ай туягың, эр Баабедин колдо.
Арбак жар бол,
Кудай, жер казыгынан сактай көр.
Оомийин алло акпар!

## СУУ КЕЧКЕНДЕГИ ТИЛЕК

1

Агыны катуу дайрадан,
Жараткан өзү колдосун.
Суу ичинде жетелеп,
Илияс пирим жолдошум.
Шашылбай солгун кечиргин,
Шайтан наадан жоголсун.
Жаа пирлерим, шар суудан,
Чымын жанды колдогун.

2

Агымы катуу дайрадан,
Алла Таала колдосун.
Суу кечкенде жетелеп,
Сулайман болсун жолдошуң.
Шаштыра албай кыйналып,
Шайтан шашып оңбосун.
Сулаймандан кагажып,
Чөлгө качып жоголсун.
Оомийин!

## «ДАМБЫР ТАШ» (ЖААН) ТИЛЕК

1

Дамбыр, дамбыр, дамбыр таш,
Дамбыраткан кызыл таш,
Жамгыр жаады күркүрөп,
Челек, тулга калдыр таш.
Күн күркүрөп көп жаа,
Жер жарылып чөп чык,
Желин айрылып сүт чык.
Чебичегим челеңдеп,

Челек, челек сүт бер.
Тоо жарылып от чык,
Токтучагым торондоп,
Торочу, торочу сүт бер.
Байчечекей башбаксын,
Арык-торук кой, козу,
Көккө тоюп жан баксын.
Жыл жаадырап эртелеп,
Келишинен кайтпасын.

2

Күн жаа, күн жаа,
Күндөп-түндөп көп жаа,
Карагай башын кайра жаа,
Арча шагын айра жаа,
Чекенде башын черте жаа,
Чийдин башын ийип жаа,
Төө куйрукка уюп жаа,
Жер жаанга сийип жаа,
Төгүп-төгүп куюп жаа.
Ашкана толгон ак болсун,
Малга жыргап бак болсун.
Береке нуру чачылсын,
Пейили элдин ачылсын.
Малдын-жандын ырысы,
Жаап-жаап турушу.
Көксөп жүргөн элдердин,
Жамгыр болот ырысы.
Оомийин!

## УКТААРДАГЫ ТИЛЕК

1

Жаттым жараткан,
Тургузарсың эсен-аман.
Бейиштин түбүндө бир дарак,
Жалбырагы гүлдүү барак.
Аны жети жолу окуп жаттым,
Менден тозок оту ыраак.
Жаттым аманат,
Ойгото көр саламат.
Оомийин!

2

Жаттым тынч,
Жаздыгым кенч.
Тилим куран,
Тилегеним ыйман.
Ыя, Жараткан,
Уйкумду мамык кыл,
Тилегимди анык кыл.
Оомийин!

## ЖАҢЫ АЙГА ТИЛЕК

Ай көрдүм, аман көрдүм,
Айдын мунарасынан,
Жердин кучагынан,
Жегилик дан,
Бир кыштык саман көрдүм.
Жесирге жемиш,
Жөөгө улоо,
Жалкоого мээнет,
Жалгызга эркек.
Иштерменге кут,
Ушакчыга уу,
Ак ниетке туз,
Баарыга кайыл заман көрдүм.
Айдан аман,
Жылдан эсен бололу.
Келерки ушул күнгө,
Өсүп-өнүп тололу.
Бакылга тар,
Бакырга бар ай бол.
Оомийин!

## КЕЛИН АЛГАН КҮНКҮ ТИЛЕК

Ыя, Жараткан,
Өмүр берсең жайлуу кылып бергин,
Дөөлөт берсең сыйлуу кылып бергин.
Уул берсең от болсун,
Кыз берсең чок болсун.
Келин берсең келиштүү болсун,
Келечеги өрүштүү болсун.

Аял берсең адептүү болсун,
Алыс-жакындын көөнү толсун.
Куда берсең жолдошуңдай болсун,
Кудагый берсең сырдашыңдай болсун.
Ата-баба жолунан ким ашсын,
Кудалык сый миң жылга улашсын.
Эки жаштын бактысын бер,
Эки жак тең кызыгын көрүшсүн.
Оомийин!

## ТӨЛГӨ ТИЛЕК

Байгамбардын бал төлгө,
Таштанбектин таш төлгө,
Азирети алп төлгө,
Жолдо жолоочуну,
Баскан-турганды көрбөй түш,
Калп айтпа, жакшы түш,
Бешенеси беш түш,
Оң колума ооп түш,
Он эки таш айтып түш,
Оомийин!

## «ЖАЙ ТАШ» ТИЛЕК

Кара канын — султаны Аккуу,
Кануу менен туман абыраган ашкан,
Каранаттык боз булутту,
Теңирим денден тиледим.
Апкан булут, бери кел, тез кел,
Булутум жетип кел.
Аа, аа аракети арайын,
Сиздин макини бийнабайын,
Каннын журтуш.
Лийсаран, мисаран, тарамун.
Тарнашып, жалылен, шаман мосом, ыякут.
Алло акпар!

## «БАКШЫ» ТИЛЕК

Ой, тоодон бир тоого учкандар,
Ой, жылан бир камчы туткандар,
Ой, жандыра суу ичкендер,
Ой, Азирети Сулайман пирим.

Ой, дулдул, атам, дөө, пери мейман,
Ой, Сулайман аттуу суу чилтен мейман.
Ой, ошол суу башы Сулайман мейман,
Ой, Анжиянда ак жылан мейман,
Ой, Самарканда нар жылан мейман.
Ой, кабазыр, мудур, каяшар мейман,
Ой, султан бир мудур,
Ой, башыр мейман.
Ой, кара бир көздүү,
Ой, ширин бир сөздүү,
Ой, келте бир ойлуу,
Ой, шына бир тиштүү,
Ой, кочкор мүйүздүү,
Ой, дөө, пери мейман.
Ой, муз тоодо жатып семирген мейман,
Ой, муз тоонун музун кемирген мейман.
Ой, томоголуу сарала куштун,
Ой, томогосун алып кое кел мейман.
Ой, ак буура келди буркурап, мына ай,
Ой, бириңен бириң ыйба кылбагын мейман.
Ой, чоң олуя улук кум мазар,
Өзүңдөн медет тилеймин бүгүн,
Ой, Кең-Колду баскан ак буура атан,
Өзүңдөн медет тилеймин бүгүн.

# АК БАТА

Ак бата уйкаштык жагынан кудум эле ырдай түзүлөт. Бул жагынан алып айтканда кыргыз ырларынын бир түрү деп ыйгарсак да жаңылбайбыз. Бирок Ак бата кумдай чачылган турмуштун жакшылык жагын жактайт. Келберсиген адамзаттар кетилбей кемелине келүүсүн, ак тилеги кабыл болуусун кубаттайт. Эмесе Ак бата дегенибиз тыянактап айтканда алкоо. Кыргыз улуту алкоону эненин мээриндей тагдыр-таалайынын сүйгөнүндөй сезет.

Кыргыздар «жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт» деп билишет. Ошондуктан, кыргыздар алкоо алса кубанычы койнуна сыйбай кылындаган жаш баладай кубанат.

Этке эттей бата,
Эт бети менен кеткен бата.
Нанга нандай бата,
Мындан артык кандай бата.

Атадан калган Ак бата,
Ар адамга бап бата.
Арамзаада бузукту,
Арабыздан тап бата.

Кадимден калган Ак бата,
Калың журтка бап бата.
Кара ниет бузукту,
Казыктай жерге как бата.

*Жаңырбек Матили*

* * *

Эмесе кыргыздар көбүрөөк жаңы өспүрүм балдарга бата берет.

Көтөр бала билегиңди,
Кудайым берсин тилегиңди.

Бак карасын,
Кызыр даарысын.
Айыкпас балаа,
Жок жалаадан сактасын.
Ата-бабаңдын арбагы колдосун,
Эч жамандык болбосун.

*Дөөтбай Молдо*

* * *

Көтөр балам билегиңди,
Он сегиз миң ааламдын падышасындай,
Кудайым кабыл көрсүн тилегиңди.

Каз каркылдап кечкисиз көл бол,
Куш куркулдар өткүсүз бел бол.
Тукумуң журтка таанылсын,
Илимиң башка толуп,
Илебиң ташты жарсын.
Казаның кайнап турсун,
Отуң жайнап турсун.
Башыңан бакыт кетпесин,
Жооңо бийлик жетпесин.

*Матили Абдыкерим*

* * *

Шыбагалуу баш берсин,
Берекелүү аш берсин.
Маңдайыңа
Баркыраган баш берсин.
Уучуң узарсын,
Жаның жайрасын.
Өмүрүң узун болсун,
Өрүшүң жайык болсун.
Ырысың журттан ашсын,
Көңүлүң толкуп жатсын.
Эч нерседен кем болбо.

*Жусуп Мамай*

* * *

Башыңан бакыт кетпесин,
Башканын каргышы жетпесин.
Балдарың чечен болсун,
Бир тууганың эсен болсун.
Кыдыр сага даарысын,
Кылымга атың таанылсын.
Тилиң кызыл болсун,
Тилегиң узун болсун.

*Тайыр Мамбетаалы*

* * *

Бак карасын,
Кыдыр даарысын.
Кудай жалгасын,
Мал-башыңды
Аман кылсын баарысын.
Кудай бак берсин,
Бак берсе бат берсин.
Кудайым ырыс берсин,
Ырыс берсе дурус берсин.
Бактылуу бол, баштуу бол,

Узун өмүр жаштуу бол,
Телегейиң тептегиз,
Малынып турсун майга кол.
Бактылуу болуп балдары,
Ачылсын багы ар дайым.
Түндүктөн ырыскы куюлуп,
Жолу болсун күн сайын.

Балдарыңа бак берсин,
Бакыт берсе,
Ар дайыр артык берсин.
Даражасы көтөрүлүп, нур чачып,
Ырыскың көөхардан чачып берсин.
Бак карап, Кыдыр даарып, ырыс жетип,
Дөөлөтү суудай агып өсүп өтсүн.

*Кудайберген Ауган*

* * *

Манастай билектүү бол,
Каныкейдей тилектүү бол.

Алмамбеттей улуу бол,
Айчүрөктөй сулуу бол.

Бакайдын өмүрүн берсин,
Эр Агыштын көңүлүн берсин.

*Анкар*

* * *

Билектүүдөн күчтүү бол,
Жалтырактан түстүү бол.

Аталуудан улуу бол,
Акылдуудан кундуу бол.

Энелүүдөн эрке бол,
Эл алдында серке бол.

Кызыл тилден таңдайлуу бол,
Ырыскыдан маңдайлуу бол.

*Элдики*

* * *

Кийимиң кептүү болсун,
Элиң эптүү болсун.

Өмүрүң узун болсун,
Өрүшүң жайык болсун.
Тукумуң журттан ашып,
Тууганың канат болсун.

*Эспер*

* * *

Жети мүчөл жашагын,
Тартпагын жоктун азабын.

Баатыр болсоң жөлөк бол,
Баарыбызга өбөк бол.

Аксакалдуу абышка болгула,
Ак саамайлуу байбиче болгула.

*Кален Асан*

* * *

Жейрендин этин ашагын,
Жети мүчөл жашагын.

Аркардын этин ашагын,
Алты мүчөл жашагын.

*Калыйча Казыбай*

* * *

Шердей үндүү бол,
Жолборстой сүрдүү бол.

Ажыдаардай заардуу бол,
Карышкырдай каардуу бол.

Буудайдай бутакта,
Талдай шакта,
Карагайдай көгөр

*Жусуп Мамай*

* * *

Алдыңды бала бассын,
Артыңды мал бассын.
Ак жоолугуң башыңан ообасын,
Алганың менен тең кары.
Көчтө минер жоргоң болсун,
Койдой киер торкоң болсун.

Өзүңдөй күйөөң болсун,
Жетелерге төөң болсун.

Үнүң угумдуу болсун,
Колуң жугумдуу болсун.

*Жусуп Мамай*

Кыргыз элинде жаңыдан турмуш курган жаштарга берген батасы да аз эмес. **Ошолордун бирөө:**

Баш алган буудайдай ыргалгыла,
Кошулган талдай чырмалгыла.

Ырысыңарга эр бала сүйгүлө,
Суктанарга кыз бала сүйгүлө.

Кайгыланбай каткырып,
Кол кармашып жүргүлө.

*Жусуп Мамай*

Кыргыз өмүрүндө жайлоодон жайлоого, этектен төргө, ойдон тоого көчүүдө өз алдынча салтанаттуу урмат. Көч алдын тосуу, көч коюн байлатуу, ак ичирип, ак бата берүү салты бар. **Мисалы:**

Көчүң көрктүү болсун,
Журтуң жуктуу болсун.

Унааң кабыл болсун,
Айланаң адыр болсун.
Кызың кылыктуу болсун,
Уулуң урматтуу болсун.

Келиниң келбеттүү болсун,
Торко элгектүү болсун.

Калдайып турган жер сүйсүн,
Калың кыргыз эл сүйсүн.

Ичкениң тунук суу болсун,
Өмүрүң түгөл дуу болсун

*Матили Абдыкерим*

Көч конушуна түшкөндө да олуядай болгон аппак береке сакал абышка, же болбосо кызыл ээк балкыган кемпирлер көч ээсине, эмесе көзгө басар баласына карап ак батасын беришет. **Мисалы:**

Короoң мыкты болсун,
Конушуң ыктуу болсун.

Жайлооңуз чөптүү болсун,
Айланаңыз көрктүү болсун.

Жайытыңыз жайык болсун,
Жаш балаңдын ойногону,
Жашыл сырдуу кайык болсун.

*Айды Качкын*

деп бата берсе, дагы бирөө:

Кочкоруң жүндүү болсун,
Айгырың үндүү болсун.

Өгүзүң күчтүү болсун,
Инегиң сүттүү болсун.

Кур сайга суу аксын,
Кылган ишиң элге жаксын.

*Токтосун бий*

Кыргыз эли батакөйлүү керемет. Бата берүүгө шыктанат. Берген батанын кундуулугун аңгеме дууман кылышат. Атайы аңыз кылып айылдан айыл жайышат. Ошол көп батанын бирөө бээ байлаганда берген бата.

Кулун тайың жөрөлгөлүү болсун,
Сабааңыз көрөңгөлүү болсун.
Ортого чыгып сөз сүйлөсөң,
Сөзүңүз өбөлгөлүү болсун.

Желе бооң бек болсун,
Желдеген касың тек болсун.

Табагыңда сүт турсун,
Ашканаңда кут турсун.

Жылкыңдын үйүрү башка болсун,
Кулундары кашка болсун.

Жоргосу болсо кызың минсин,
Күлүгү болсо уулуң минсин.

Кас санаган оңбосун,
Камбар ата колдосун.

*Матили Абдыкерим*

Ал эми кыргыз улуту кой саагандарга ак батасын берип кайрылат.

Кызыл кандан айрылган,
Аппак сүтүң бергиниң.
Чолпон ата баш болуп,
Кошокту колдоп бергиниң.

Бендеге чачкан ырыскы,
Берекеттен тергиниң.

*Жусуп Мамай*

Кыргыз улуту суу кечерде да жөн өтпөйт. Сууга да арнаган атайын баталары болот.

Агымы катуу дайрадан,
Алла Таала колдорсуң.
Суу кечкенде жетелеп,
Илияс болсун жолдошуң.
Шаштыра албай кыйналып,
Шайтан ойго орносун.
Илиястан кагажып,
Эрмен чөлгө жоголсун.

*Кабыл Төлөгөн*

Суу кечкендеги бата али эле кокустан чыккан бата эмес. Ал эзелки кыргыз улуту сууну тутум кылган шаман дини бар заманда эле жаралган. Мына мындай баталар дарегине караганда кыргыз улутунун ак батасы кыргыз улутуна ыр бүткөндө эле кошо жаралганын далилдеп турат. Ошентип, ак бата «Манас» эпосуна да кирген.

Келин көчүрүү дагы жашоодогу шаттыктардын бириси. Кыргыздар жаңы өмүрдү жаңы ойлор менен тосуп алкап, ак батасын беришет. Мисалы:

Башыңарды таштан кылсын,
Урматтуу жаштан кылсын.

Бошоң эмес тың болгула,
Болоттой чың болгула.

Бата бердик жаш-кары,
Алганың менен тең кары.

*Токтосун бий*

Кыргыздар жаңыдан жашоо күткөндөрдүн турмушунун жакшы болушуна тилектеш. Алардын кайгысын өзүбүздүн кайгыбыз деп билишет. Ошого, тапка түшө элек балдарга ак бата арнап, эрекче кайрылышат.

Көл боюнда талың болсун,
Көлөкөлөр чагың болсун.
Үйүңдүн үсту жагында,
Үп тартылган кайың болсун.

Короо толгон коюң болсун,
Козголбос тоодой оюң болсун.
Аттанып үйдөн чыкканда,
Айчүрөктөй жолуң болсун.

*Казыбай Сойкун*

Теңирим берген бакытты,
Тепкилесе кетпесин.

Кудайым берген бакытты,
Кубаласа кетпесин.

*Мамет Жумаматы*

Эчкиң эгиз туусун,
Эки жылда сегиз туусун.

Казаныңда май кайнасын,
Пайгамбарым,
Төрүңөрдө тайраңдасын.

*Абылгазы Ызак*

* * *

Ат берсе ала берсин,
Томолок баш бала берсин.

Эчки берсе теке берсин,
Эшиги ачык Меке берсин.

Пайгамбар назарын берсин,
Кызырым баарын берсин.

*Кубаш Айса*

* * *

Дасторконуң жабылбасын,
Кайгы сага кабылбасын.
Сыймыктуу дөөлөт жашынбасын,
Кара ниеттер асылбасын.

Казынаң тартылбасын,
Каймагың бузулбасын.
Кайнаган казаның токтобосун,
Калгандар сага окшобосун.
Уулуң Урум болсун,
Кызың Кырым болсун.

Кызматкериң Кыдыр болсун,
Бир күн эмес сызыл болсун,
Колуңуз узун болсун.

*Төрөкан Үркүмбай*

* * *

Көпчүлүк көл,
Көл кургаса чөл.

Чөп элге келбесин,
Ал күндү Кудай
Адамзатка бербесин.
Көл бөксөрбөй толкусун,
Бүгүнкү ишиң көпчүлүк,
Толкуган көлгө окшосун.

*Төрөкан Үркүмбай*

Жыл ашындагы бата да көп. Ошол батанын бирөө:

Намызың колдон кетпесин,
Касташканың талабына жетпесин,
Кеткениңдин топурагы торко болсун.

*Төрөкан Үркүмбай*

Мал сойгондо да айта турган сөз, арналуу батасы болот.

Сообу мага, жаның Кудай жолунда,
Ай мүйүздүү, ача туяктуу арналуу малым.
Адамзатмын анча эмес алым,
Эрте айтып кеч калдым,
Кудайым өзүң жалгагын.

*Матили Абдыкерим*

* * *

Жалбырттанган оттой бол,
Жайнап жаткан чоктой бол, оомийин!

*Жылдыз Турпан*

* * *

Күнүң кыяласын,
Күкүгүң уяласын.

*Айыке Макеш*

* * *

Атам Манас
Айылың алаш.
Балдарың акын чыксын,
Ар санаага жакын чыксын.

*Поза Жаңыгул*

Кыздарың сулуу чыксын,
Кыр-кырынан улуу чыксын.

*Малике Абдылда*

* * *

Куу жыгачты кармасаң,
Жашылы ток бир болсун.
Куу куурайды кармасаң,
Кулпуруп турган бүр болсун.

*Айша ырчы*

* * *

Көйнөгүң мала болсун,
Таягың ала болсун.

Калпагың ак болсун,
Төбөсүндө чок болсун.

Атың кашка болсун,
Алты асый жашта болсун.

Камчы сабың кайың болсун,
Казыгында дайым болсун.

*Бурулкан Албан*

Сапар баталары да аз эмес. Сапарда саламат келүүнү тилөө максат кылынат.

Саламат барып сак кел,
Сагындырбай бат кел.

Эсен барып соо кел,
Эзелкиден оор кел.

Алдың ачылсын,
Жолуңа була чачылсын.

Жолуңда өнгөн тал көргүн,
Жоболоңсуз жан көргүн.

Жылан болсо өлтүргүн,
Жыдыгыңа көндүргүн.

Бөрү болсо эргигин,
Тобо томук келтиргин.

*Төрөкан Үркүмбай*

* * *

Жаккан отуң өчпөсүн,
Ынтымак бирлик сакталып,
Конушуңан көчпөгүн.

Карыбагын жашаргын,
Кадимкидей жашагын.

*Бай Моңол*

* * *

Кызырың кыяласын,
Ырысың уяласын.

Башыңан бак тайбасын,
Элиңен ынтымак качпасын.

Кетпес кешиктүү бол,
Кеңири дөөлөттүү бол.

*Өмүрзак*

Улуунун жашын берсин,
Жакшынын башын берсин.

Күчтүүнүн алын берсин,
Малдуунун малын берсин.

*Төлөк Төрөкан*

* * *

Алтындан бешик ыргап өт,
Алганың менен тең карып,
Ай тийгендей жыргап өт.

Күмүштөн бешик ыргап өт,
Күйөөң менен тең карып,
Күн тийгендей жыргап өт.

*Букай Айдаркан*

* * *

Ак бата бир калыбында тура бербейт, ал улам ой тереңдик жактан байып, улам жаңы туула берет.

Кыргыз элим соо болсун,
Кылымга иши оң болсун.
Торолуп сабий балдарың,
Толкуган көлдөй ой болсун.
Ала-Тоодой козголбос,
Маңдайга багы орносун.
Азап чекпей кары, жаш,
Айлыңда дайым той болсун.
Жеңишиңди көралбай,
Жезиттер түбү кор болсун.
Айкөл Манас сиздерди,
Арбагы менен колдосун

Ошентип, байыркы баталарды кулактан кулакка улап, жаңы баталарды жарыгы көктөй жабалактаталы.

*Жыйнаган Асанбай Матили*

## МАЗМУНУ

Кыргыз элинин каада-салттары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Каада-салттар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
Боюнда бар зайып . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Толгоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Бала төрөлгөндө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Айтымдар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23
Оозактуу айтымы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23
Тушоо той . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 24
Салбилек айтымы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 25
Тушоо кесиш айтымы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Кызды бешикке бөлөгөндө айтылуучу ырым ыр . . . . . . . . . 27
Каз-каз тургузуп төлгө салуу айтымы . . . . . . . . . . . 27
Азан чакырып ат коюу айтымы . . . . . . . . . . . . . . . 28
Бешик ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Кут куюу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Кут куйганда айтылган ырым . . . . . . . . . . . . . . . 31
Төлгө ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Учуктоо ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Алас-алас . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32
Күрдү ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 32
Белги ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33
Өткүн айтымы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Күн күркүрөгөндө айтым . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
Ай жаңыргандагы айтым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35
Үрөн сепкендеги айтым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 36
Кыз берген . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 37
Куда түшүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 37
Ат укмай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Кыз атасын чакыруу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 40
Кармап жечүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 41

Күйөөлөө (күйөөлөтүш) . . . . . . . . . . . . 41
Кудалашуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 45
Түндүк көтөрүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48
Куда болуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 53
Кыз берүүдөгү адаттар жөнүндө . . . . . . . . 57
Кыз оюн . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 58
Той . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 62
Ынагым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 63
Энесинин көрүшкөнү . . . . . . . . . . . . . . . . 64
Кыз ойнотуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 65
Токмок салуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 68
Кыз оюну . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 70
Көрүшүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 84
Кыз оюндагы ыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 87
Токмок чечкендеги ыр . . . . . . . . . . . . . . . 89
Кыз-күйөө жөнүндөгү ыр . . . . . . . . . . . . . 89
Кыз оюндагы ыр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 90
Кыз куумай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 91
Кызга көрүшүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 91
Энесинин айтканы . . . . . . . . . . . . . . . . . . 92
Кызга көрүшүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 93
Кыз узаткандагы көрүшүү . . . . . . . . . . . . 95
Жеңесинин көрүшкөнү . . . . . . . . . . . . . . . 96
Кыз менен көрүшүү . . . . . . . . . . . . . . . . . 97
Кызга акыл айтып көрүшүү . . . . . . . . . . . 97
Кыз менен жеңесинин көрүшкөнү . . . . . . . 97
Эжесинин көрүшкөнү . . . . . . . . . . . . . . . . 98
Энесинин көрүшкөнү . . . . . . . . . . . . . . . . 99
Кызды сооротуу ыры . . . . . . . . . . . . . . . . 100
Жеңесинин кошогу . . . . . . . . . . . . . . . . . 100
Кыз бергендеги кошоктор . . . . . . . . . . . . 101
Кыз узаткандагы кошок . . . . . . . . . . . . . . 102
Жеңенин кошогу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 102
Энесинин кошкону . . . . . . . . . . . . . . . . . . 103
Кызын узатып жаткан энесинин
коштошуусу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 104
Жеңесинин коштошкону . . . . . . . . . . . . . 105
Кыз узатардагы кошок . . . . . . . . . . . . . . . 106
Энесинин кошогу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 107
Кыздын жеңесинин кайнатасын
кордоп кошкон кошогу . . . . . . . . . . . . . 108
Жеңенин кошогу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 108
Көңүл жубатуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 109
Кызга көрүшүү кошогу . . . . . . . . . . . . . . 109

Эненин кошогу . . . . . . . . . . 110
Кыздын кайнатасынын сараңдыгына
карата айтым . . . . . . . . . . 111
Ырым тилек ырлары . . . . . . . . . . 112
Төлгө ыры . . . . . . . . . . 113
Ырым-жырым, каада-салттар . . . . . . . . . . 117
Мүчөлөрдүн ирет тартиби . . . . . . . . . . 119
Ата-эне балдарды өстүрүү жана үйлөндүрүп
энчилер берүү салты . . . . . . . . . . 124
Аксакалдарды улуктоо . . . . . . . . . . 126
Дос, тамыр адаты . . . . . . . . . . 127
Жыйын . . . . . . . . . . 127
Топ . . . . . . . . . . 128
Отуруп-туруудагы жана тамак
ичүүдөгү адаттар . . . . . . . . . . 131
Кымыз ичүүдөгү адаттар . . . . . . . . . . 132
Көч . . . . . . . . . . 132
Үп . . . . . . . . . . 133
Салык . . . . . . . . . . 133
Диний үрп-адаттар . . . . . . . . . . 134
Кун . . . . . . . . . . 141
Жарамазан . . . . . . . . . . 143
Бата ыры . . . . . . . . . . 145
Бадик . . . . . . . . . . 146
Каргыш ыры . . . . . . . . . . 147
Үлүш . . . . . . . . . . 147
Алкоолор (Алкыш) . . . . . . . . . . 148
Алас . . . . . . . . . . 150
Дамбыр таш . . . . . . . . . . 151
Бертик суроо . . . . . . . . . . 152
Учук, учук, учук . . . . . . . . . . 152
Шыралга . . . . . . . . . . 153
Ингендин зары . . . . . . . . . . 154
Мергенчинин зары . . . . . . . . . . 155
Абышканын зары . . . . . . . . . . 155
Мергенчилик . . . . . . . . . . 156
Чанчак . . . . . . . . . . 159
Кылоо . . . . . . . . . . 159
Далычы . . . . . . . . . . 161
Түш жоруу . . . . . . . . . . 161
Майда-чүйдө заңыттар . . . . . . . . . . 162
Малдардын пири (ээси) . . . . . . . . . . 164
Кыргыздарда кишиге коюлган
ырым атар . . . . . . . . . . 165

Өлүктөгү үрп-адаттар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 166
Аш жана аштын берүүдөгү салттары . . . . . . . . . . . . 168
Салт . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 171
Өлгөндөн калган мурас жөнүндө . . . . . . . . . . . . . . 171
Жесир доо, жетим акы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 172
Милдеттенүү, конок жана кошумча . . . . . . . . . . . . 173
Өлүк өлгөндөгү диндик адаттар
жана элдик салттар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 176
Арбак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 179
Анттан коркуу (жан берүүдөн) . . . . . . . . . . . . . . . 180
Көңүл айтуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 180
Угузуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 181
Көңүл айтуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 182
Жоктоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 182
Эжекем менен жездекем . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 184
Жоктоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 185
Бир кемпирдин абышкасын жоктогон кошогу . . . . . . 188
Жоктоо ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 189
Кайдасың ата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 190
Элдик казынадан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 190
Баласы өлгөндөгү жоктоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 190
Жоктоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 194
Эсенчилик . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 196
Ак баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 197
Сөз кубаты — ак бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 199
Залкар баталар (Түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . 207
Умай эненин батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 214
Баба дыйкандын батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 215
Манастын батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 217
Кошойдун батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 218
Бакай ата батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 219
Бакайдын батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 220
Каныкейдин Семетейге батасы . . . . . . . . . . . . . . . 220
Пери кыздын Кененимге батасы . . . . . . . . . . . . . . 221
Бекбачага элдин берген батасы . . . . . . . . . . . . . . . 221
Жусуп Баласагындын баталары . . . . . . . . . . . . . . . 221
Махмут Кашкарийдин баталары . . . . . . . . . . . . . . 222
Токтогул ырчынын батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . 222
Арстанбектин батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 222
Токтогул Сатылган уулунун батасы . . . . . . . . . . . . 224
Чыңгыз Айтматовдун батасы . . . . . . . . . . . . . . . . 226
Жусуп Мамайдын батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 227
Иш, эмгек баталары (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . 229
Иш, эмгек үстүнөн чыкканда кыска айтылуучу
ак тилек саламдар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 234

Үрөөн сепкендеги бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 235
Кырманга «Оп майда» батасы . . . . . . . . . . . . . . . . 237
Желеге бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 238
Кошокко бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 243
Туңгуч кымыз ооз тийгизгенге бата . . . . . . . . . . . 243
«Шырылдаң» батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 244
Колго суу куйганга берилген баталар (түшүнүктөр) . . . . . . . 245
Колго суу куйганга берилүүчү кыска ак тилектер . . . . . . . 247
Колго суу куйганда бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 247
Колго суу куйган житике бата . . . . . . . . . . . . . . . 248
Колго суу куйган кызга бата . . . . . . . . . . . . . . . . 248
Көчкө баталар (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . . 249
Көчкө баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 251
Конушка бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 252
Сапарга баталар (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . 253
Сапарга кыска ак тилек сүйлөмдөр . . . . . . . . . . . 254
Сапарга баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 254
Тойго баталар (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . . . 259
Тойго кыска салам баталары . . . . . . . . . . . . . . . . 261
Үйлөнүү тойго баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 262
Жаңы өргөө, жаңы үйгө баталар . . . . . . . . . . . . . 271
Сүннөткө отургузуу батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . 277
Туулган күнгө бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 278
Кыз узатуу, келин киргизүү
баталары (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . . . . 279
Кыз узаткандагы баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 280
Келин жүгүнгөндө берчү бата . . . . . . . . . . . . . . . 286
Жаш балага арналган баталар (түшүнүктөр) . . . . . . . 290
Жаш балага кыска ак тилектер . . . . . . . . . . . . . . 294
Киндигин кескендеги бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . 295
Оозантуу баталары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 296
Ат коюу батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 296
Жентек тойго баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 297
Бешикке салуу баталары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 300
Кыркын чыгаруу батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 302
Тушамыш кескендеги баталар . . . . . . . . . . . . . . . 302
Баланы тайга мингизгендеги бата . . . . . . . . . . . . 306
Союшка жана дасторконго баталар (түшүнүктөр) . . . . . . 307
Тамак үстүндө салам айтканда . . . . . . . . . . . . . . 309
Дасторконго кыска баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . 309
Мал мууздагандагы бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 310
Союшка баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 310
Дасторконго баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 315
Бата тилегенде . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 316

Атасынын уулунун дасторконуна батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . 325
Алыстан келген конок сый дасторконго берген бата . . . . . . . . 326
Конок алган үйдүн дасторконуна бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 326
Жаш жубайлардын дасторконуна бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 327
Уулунун дасторконуна бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 328
Жаштардын дасторконуна берген бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 328
Аза-ашка баталар (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 329
Көңүл айтуу ак сөздөр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 334
Аш бергенге бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 334
Бейит бекиткендеги бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 335
Бейит башына бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 335
Карасын түшүргөндөгү бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 336
Назырга берген бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 336
Майрамдык баталар (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 337
Жыл ажыратуу (Нооруз) батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 339
Ырамазан батасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 340
Жаңы жылга бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 342
Арналуу баталар (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 343
Көпчүлүккө берилүүчү баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 345
Көпчүлүктүн дасторконуна бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 346
Элге бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 347
Карыларга берилүүчү бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 352
Баатырга бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 355
Эл башчысына берилүүчү баталар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 357
Тилек (түшүнүктөр) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 361
Тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 365
Мерген тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 374
Байгеге тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 375
Суу кечкендеги тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 375
«Дамбыр таш» (жаан) тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 375
Уктаардагы тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 376
Жаңы айга тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 377
Келин алган күнкү тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 377
Төлгө тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 378
«Жай таш» тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 378
«Бакшы» тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 378
Ак бата . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 380

*Адабий-көркөм басылышы*

«Эл адабияты» сериясы

**КААДА-САЛТТАР**
**АК БАТАЛАР**

29-том

Түзгөн*дөр: А. Акматалиев, К. Кырбашев, М. Өмүрбай уулу, Ө. Шаршеналиев*

Басманын башкы редактору *К. Ишимканов*
Редактору *С. Карамолдоева*
Сүрөт редактору *Р. Исаков*
Тех. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *З. Дуплик*

Терүүгө 25.11.03. берилди. Басууга 20.12.03. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84х108 $^{1}/_{32}$. Көлөмү 25,0 физ. басма табак.
21,0 шарттуу басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 2185.

Т. Суванбердиев атындагы
«Кыргызполиграфкомбинат» акционердик коому

720005, Бишкек ш., Т. Суванбердиев атындагы көчө, 102.